Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

*Кол жазма укугунда*

**УДК: 947. 1/9 (575.2)**

**Курманалиев Кубатбек Аманович**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК ТҮЗҮЛҮШҮ

**07.00.02 – Ата мекен тарыхы**

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы

Wondershare PDFelement

**Илимий жетекчи:**
Усупова Назира Станбековна
тарых илимдеринин доктору, профессор

**БИШКЕК – 2024**

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ.......................................................................................................2**

**I-БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМЭСИ ЖАНА ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**
1.1.Изилденип жаткан проблеманын тарыхнаамэси........................................10
1.2.Изилдөөнүн объекти, предмети жана изилдөө ыкмалары............................24
1.3.Диссертациялык иштин булактык негизи..................................................31

**II-Бап. УЛУТТУК-МАЛЕКЕТТИК БӨЛҮШТҮРҮҮГӨ ЧЕЙИНКИ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АДМИНИСТРАТИВДИК ТҮЗҮЛҮШ ЖАНА БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ**
2.1. Падышачылык империя мезгилиндеги жана Түркстан АССРнин курамындагы Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшү.............42
2.3. Кыргызстандагы аймактык башкаруунун формалары жана ыкмалары (1918-1924-жж.)..........................................................................................54
2.4. Кыргызстандын аймагындагы жаңы уездер: түзүүнүн себептери, өбөлгөлөрү жана алардын ишмердүүлүгү.....................................................64

**III-Бап. ОРТО АЗИЯ ЭЛДЕРИН УЛУТТУК-МАМЛЕКЕТТИК БӨЛҮШТҮРҮҮ ЖАНА КАРА-КЫРГЫЗ АВОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЫН РАЙОНДОШТУРУУ**
3.1. Орто Азия элдерин улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүүгө даярдык көрүү иштери......................................................................................................75
3.2. Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшү.................................89
3.3. Кара-Кыргыз автономияуу областынын административдик-аймактык түзүлүшү...................................................................................................105

**IV-Бап. 1925-1926-ЖЫЛДАРДАГЫ РАЙОНДОШТУРУУ ЖАНА КАНТОНДУК-ВОЛОСТУК БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНА ӨТҮҮ**
4.1. Округдук-волостук бөлүштүрүүнү өзгөртүү.............................................121
4.2.Кыргызстандагы жаңы райондоштуруунун себептери жана өбөлгөлөрү................................................................................. .....131
4.3.Жаңы волосторду уюштуруу процесси жана административдик түзүлүштүн кантондук системасына өтүү.......................................................149

**КОРУТУНДУ...............................................................................................167**
**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР.........................................................................175**
**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН, БУЛАКТАРДЫН, АРХИВДИК МААЛЫМАТТАРДЫН ТИЗМЕСИ.....................................................................176**

**ТИРКЕМЕЛЕР..............................................................................................194**

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

# КИРИШҮҮ

**Диссертацияны темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстандын XX кылымдын баш ченindеги тарыхы ири окуяларга өтө бай мезгил болуп саналат. Ал адамзаттын тарыхын өзгөрткөн, азыркы цивлизациялык өнүгүүнүн негизин түзгөн глобалдуу масштабдагы окуялар менен байланышкан. Тарыхый процесстерди концептуалдуу түшүнүү, аны кыргыз коомунун өнүгүүсүнүн реалдуу жыйынтыктарын, азыркы мезгилдин маанилүү маселелери менен салыштыруу иликтөөнүн өзөгүн түзөт.

Коом, жеке адам үчүн прогресстин биринчи шарты – бул ириде өзүңдү өзүң аңдап билүү болуп саналат. Кыргызстандын калкы үчүн биринчи кезекте өз тарыхына кайрылуу менен байланыштуу. Кеңеш мезгилинде биз өзүбүздүн тарыхыбызга негизинен көңүлкош карап келдик. Кыргызстандын тарыхындагы көптөгөн маселелер, проблемалар изилденбей, изилденсе дагы ачыкка чыкпай, көз жаздымда калып келди.

Акыркы 30 жылдан бери, Кыргызстандын эгемендүү жылдарында өткөн тарыхыбызга адилеттүү көз караш түзүлө баштады.

Бүгүнкү күндө объективдүү талдоону талап кылган актуалдуу маселелердин бири – кыргыз элинин адегенде автономиялуу област, автономия, андан кийин союздук республика статусундагы мамлекеттүүлүгүнө ээ болуу маселеси жана мамлекеттүүлүк мезгилиндеги Кыргызстандын административдик түзүлүшү. Булар 1991-жылы мамлекеттик суверенитетти алуу үчүн укуктук негиз болуп калган ырааттуу кадамдар эле.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы ПЖ №435 жардыгынын “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн Улуттук программасында” [1] максаттар жана артыкчылыктуу багыттардын бири административдик – аймактык түзүлүштү реформалоо болуп саналат. Анда азыркы учурда региондорду өнүктүрүүдө чоң диспропорциялар, башкаруу деңгээлдеринин ортосунда башкаруучулук ажырым, региондор

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

аралык байланыштын начардыгы, ресурстардын борбордо топтолушу жана региондордун декапитализациясы белгиленген.

Административдик-аймактык түзүлүштү реформалоонун негизги багыты Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн жаңы модели эки курамдык бөлүктү: (1) бийликтин натыйжалуу вертикалын түзүүгө мүмкүндүк берүүчү мамлекеттик башкаруунун жаңыланган системасы, (2) башкаруу системасын реформалоону ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү жаңы административдик-аймактык бөлүүнү камтылгандыгы.

Тилекке каршы, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн кайра жаралуу жана андан аркы эволюция процесстерин, өзгөчө административдик-аймактык түзүлүштүн калыптанышын жана өнүгүшүн изилдөөнүн илимий-практикалык мааниси, али да болсо начар изилденип, көп учурда жүргүзүлүп жаткан идеалогиялык саясий себептерге ылайык бир жактуу, бурмаланган, бир жактуу, бурмаланган түрдө көрсөтүлүүдө. Мындан тышкары, белгилүү болгондой, эгемендүүлүктү алгандан бери 30 жылдан ашык убакыт өтсө да, бүгүнкү күнгө чейин Кыргызстанда улуттук-мамлекеттик түзүлүштүн өтө татаал процесстери аягына чыга элек, буга бир нече жолу киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор ачык далил болуп турат жана өлкөнүн  Негизги мыйзамына толуктоолордун киргизилиши, ошондой эле жергиликтүү бийлик органдарындагы өзгөрүүлөрдү айтпаганда дагы,  мамлекеттик башкаруу түзүмүндөгү кайра өзгөрүүлөр белгилүү. Мамлекеттик курулуштун өткөн жылдардагы тарыхый тажрыйбасын изилдөө азыркы реалдуулукту эске алуу менен аны бүгүнкү күндө пайдалануу жагынан оң роль ойношу мүмкүн. Чынында эле, бул эмгегибизде  аныкталган материалдарды талдоо көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик курулуштун актуалдуу көйгөйлөрү XX кылымдын 20-30-жылдарында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнүн жүрүшүндө келип чыккан жана чечилген көйгөйлөр менен көп жагынан шайкеш келет.

Диссертациялык иште ушул көгөйлөрдү эске алуу менен, административдик түзүлүштүн тарыхын изилдөө аракети кылынган. Учурдагы ушул маселелерди чечүүнүн бир жолу мамлекеттүүлүк түзүлүшүнүн алгачкы



Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

кадамдарын изилдөө менен бай тажрыйбасын аныктоо жана учурда колдонуу болуп эсептелет.

**Диссертациянын темасы ири илимий багыттар, программалар жана негизги илимий иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Изилдөөнүн максаты – Совет доорунун алгачкы жалдарындагы улуттук мамлекеттүүлүктүн калыптанышындагы административдик-аймактык түзүлүштүн тарыхын изилдөө.

Изилдөөнүн максатына жетүүдө төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Диссертациялык иште талдоого алган проблемага көңүл бурган, ата мекендик жана чет өлкөлүк авторлордун эмгектерин, тарыхый-архивдик булактарды аныктоо.
2. Изилдөөнүн булактык базасын жана методологиялык негиздерин талдоо.
3. Падышачылык империянын курамындагы Кыргызстандын аймактык түзүлүшүнүн өзгөчүлүктөрүн аныктоо.
4. 1918-1924-жылдардагы Кыргызстандагы аймактык башкаруунун формалары жана ыкмаларын талдоо.
5. Кыргызстандын аймагындагы жаңы уезддик түзүүнүн себептерин аныктоо жана алардын ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүү.
6. Орто Азия элдеринин улуттук мамлекеттик бөлүштүрүүнүн саясий өбөлгөлөрүн, Түрк Республикасын түзүү идеясынын ишке ашпай калышынын шарттарын аныктоо.
7. Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүүдөгү, административдик аймактык бөлуштүрүүдөгү саясий ишмерлердин ролун аныктоо.
8. Кыргызстандагы жаңы райондоштуруунун өбөлгөлөрүн, административдик аймактык түзүлүштүн кантондук системасына өтүүнүн натыйжаларын талдоо.

*Изилдөөнүн хронологиялык алкагы*, изилдөөнүн объектисине ылайык, XX кылымдын 20-30-жылдарындагы аралыкты камтыйт.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**:

– мурда жарыяланган эмгектердин, архивдик жаңы маалыматтардын негизинде Кыргызстандын Түркстан АССРнин курамындагы аймактык түзүлүшү такталды;

– Кара-Кыргыз автономияуу областынын административдик-аймактык түзүлүшү аныкталды;

– Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик аймактык түзүлүшүнө байланыштуу архивдик документтер алгачкылардан болуп илимий диссертациянын деңгээлинде изилденди жана илимий айлампага киргизилди;

– XX кылымдын административдик аймактык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү, багыттары, натыйжалары келечектеги модели үчүн төмөнкүдөй принциптүү жоболор белгиленди: 1) мамлекеттик башкарууну топтоону азайтуу; 2) экономикалык өнүгүүгө багыт алуу; 3) Башкарууну реформалоо жана жаңы администрациялык чек аралар экономиканы өнүктүрүү факторлоруна байланыштыруу; 4) социалдык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, анын аспекттерин жаңы чек араларда чечүү аныкталды;

– Изилденип жаткан мезгилдеги Кыргызстандын администртивдик-аймактык түзүлүшүнүн мындай тез-тез өзгөрүшүнүн себептери аныкталды.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий теориялык жана практикалык мааниси:** Илимий изилдөөнүн материалдары жана корутундулары Кыргызстандын коомдук-саясий тарыхын, административдик аймактык түзүлүшүнүн, башкаруу системасынын тарыхын толуктоодо жана илимий иштерди жазууда жардам берет. Окуу жайларда Кыргызстан тарыхы боюнча сабактарда да колдонсо болот.

Мындан тышкары, диссертациялык иштин маалыматтары учурдагы Кыргыз Республикасында административдик түзүлүштү реформалоо жолунда бир нече аспектилерди эске алына турган көрсөтмө катары колдонсо болот.

**Диссертациянын коргоо боюнча негизги жоболору:**

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

1. Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн тарыхы Орус империясынынын курамына кирген мезгилден башталат. Ошол мезгилде азыркы Талас областынын аймагы Сыр-Дарыя областынын Олуя-Ата уездинин бир бөлүгү болгон, Чүй өрөөнү Пишпек уезди, Ысык-Көл областы Пржевальск уезди деп аталган, Кыргызстандын түштүк-батыш аймагы Самарканд областынын Хожент уездине, түштүк аймагы Түркстан крайынын Фергана областынын курамына кирген. Ошентип, Кыргызстандын аймагы крайдын областарына жана уездерине бөлүнүп калган.

2. Административдик-аймактык түзүлүштү куруда, падышачылык кош максатты көздөгөн. Биринчиден, бул реформалар жергиликтүү манаптардын, бийлердин, байлардын абалын акырындык менен алсыратууга багытталган. Бул аларды мурастык бийликтен ажыратуу жана алардын аракеттерин катуу мыйзамдар менен чектөөнү билдирген. Экинчиден, бийлик "бөлүп ал да, бийле" принцибинин негизинде уруулук бирикмелерди бөлүп, жаңы волосторду, кыштактарды түзгөн.

Ошентип, Россия империясынын курамындагы Кыргызстандын аймагын административдик жактан бөлүштүрүү кыргыз элинин экономикалык, саясий жана улуттук кызыкчылыктарына туура келбеген.Падышачылык бийлик өз саясатын жүргүзүүдө биринчи кезекте Россия империясынын жана падышалык казынанын кызыкчылыгын көздөгөн.

Бирок бул реформалар менен калктын уруулук бийликке болгон көз карандылыгынын акырындык менен басаңдашына, бийликти мурастоо институту жана шайлануучу кызматтардын киргизилиши сыяктуу алгылыктуу өзгөрүүлөргө да алып келди.

3. 1918-жылы Совет бийлиги орногондон кийин азыркы Кыргызстандын аймагы Түркстан АССРнин курамына киргизилген. Түркстанда узак убакыт бою падышачылык тарабынан түзүлгөн аймактык бөлүнүү сакталып турган. Бирок бул административдик-аймактык түзүлүш социалдык-экономикалык кайра курууларды ишке ашырууну кыйындаткан, ага байланыштуу 1920-жылы эле Орто Азияны улуттук-аймактык бөлүштүрүү маселеси көтөрүлүп, Түркстан

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

АССРнин курамында кыргыздардын өз алдынча автономиясын түзүү маселеси 1921-жылдан бери талкууланып келген.

4. Кыргызстандын аймагынын XX кылымдын 20-30-жылдарында жүргүзүлгөн административдик-аймактык бөлүнүшү өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы эң маанилүү окуя болуп калды. Ал кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө, жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик бийликти уюштуруунун натыйжалуу формаларынын калыптанышына, мамлекеттик башкаруу системасын өркүндөтүүгө негиз салган.

5. ККАО түзүлгөн мезгилде административдик түзүлүш жөнүндөгү маселе округдук жана райондук-волосттук бөлүнүү пайдасына чечилген. Мунун себептери географиялык, климаттык шарттар, ошондой эле экономикалык абал, мисалы, көчмөн жана отурукташкан аймактардын ортосундагы соода мамилелеринин болушу. Ошону менен бирге округдук-райондук-волосттук жана уезддик-волосттук бийлик органдарын кармоого кеткен чыгымдар да каралган.

6. Волосттун автономиялуу республикага айланышы бийликке түпкүлүктүү жана жергиликтүү калкты мамлекеттик ишке тартуу боюнча жаңы милдеттерди койгон. Мындан тышкары жер маселеси, жайыттарды пайдалануу көйгөйлөрү курч болду. Ушуга байланыштуу кантондук бөлүнүү жөнүндө чечим кабыл алынган, анткени бул учурда этникалык азчылыктар өз алдынча башкаруу укугуна ээ болушу мүмкүн. Мындан тышкары, экономикалык түзүлүш, экономикалык байланыштар жана табигый-географиялык шарттар да эске алынган. Натыйжада 7 кантон түзүлүп, алар 52 волостко жана 455 айылдык кеңешке бөлүнгөн.

7. 1920-жылы Бүткүл союздук эл каттоо жүргүзүлүп, анда экономикалык маалыматтар менен катар улуттук-этникалык курамы жөнүндө кеңири түшүнүк алынган. Ар кандай себептерден улам айрым волосттордо (Фергана өрөөнүндөгү волосттордо жана бир катар башка волосттордо) эл каттоо жүргүзүлгөн эмес.

Эл каттоо крайдагы иштин чыныгы абалын көрсөткөн жок. Улуттун аныктамасын ар кандай чечмелөөгө жол берилген, айрым учурларда Түркстандын улуттук курамы жөнүндөгү маалыматтар атайылап бурмаланган.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Мисалы, Өзбекстанда эл каттоону жүргүзгөн санакчыларга “сарт” деген ысымды “өзбек” деп алмаштырууга буйрук берилген.

Көп учурларда кыргыздар менен казактар жаңылыш түрдө бир графага (казакча) киргизилип, кара-кыргыздардын санын бир топ кыскарткан. Мунун себептери, калктын сабатсыздыгы, эски уруулук калдыктардын сакталышы жана жаңыдан киргизилген улут түшүнүгүн билбегендик болгон. Кыргыздардын бир кыйла бөлүгү өздөрүн монгол, кыпчактар, ал эми түштүк кыргыздарынын көбү найман ж.б. деп аташкан. Албетте, бул факт 1920-жылдагы эл каттоодо чоң так эместиктерди киргизген.

8. Жаңы волосторду уюштуруу процесси жана административдик түзүлүштүн кантондук системасына өтүүдө райондоштуруу боюнча областтык комиссия кээде текшерилбеген, эскирген же айрым волосттор боюнча такыр маалыматы жок материалдарды пайдаланган Округдук чек аралардын чиймеси боюнча так маалымат болгон эмес. Каракол-Нарын округунун чек арасынын чиймеси жок болгон.

Ош округунда ар кандай себептерден (карталардын жана башка документтердин жоктугунан) райондоштуруу боюнча кызматкерлер кээ бир волосттордун болжолдуу административдик чектерин дагы белгилей алган эмес. Мамлекеттик түзүлүштүн кызыкдар тараптары менен алдын ала атайын келишим түзүлбөгөндүктөн Өзбекстан менен талаштуу аймактардын конкреттүү жайгашкан орду аныкталган алган эмес. Пайдалуу кендердин жайгашкан жерин аныктоодо жергиликтүү калк жардам көрсөтпөй, тескерисинче мындай маалыматтарды жашырып коюшкан.

Белгилей кетсек, жер-жерлерге иш сапарга жөнөтүлгөн кызматчыларга тапшырылган областын райондоштуруу долбоорун калк менен макулдашуу боюнча иш планында кыргыздардын санжырасын тактоо керек деген пункт бар болучу. Иштин жүрүшүндө иш сапарына жиберилген кызматчылардын сурамжыланган Ош округундагы кыргыздардын көпчүлүгүнүн келип чыгышы жөнүндө так маалыматы жок экени аныкталган. Округда 2-3 гана адам кыргыз

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

элинин биринчи ата-бабаларынан тирүү муундарына чейинки уруулук бутактарды терең билген.

9. 1928-жылы волосттук бөлүнүштөн райондук бөлүнүүгө өтүү башталган. 1929-жылга карата Кыргыз АССРинин аймагы 1 округ, 5 кантон, 13 район, 29 волостко жана 441 айылдык кеңешке бөлүнгөн.

Бирок 1930-жылы кантондук бөлүнүш жоюлуп, Кыргыз АССРинин аймагы райондорго, алар айылдык кеңештерге бөлүнгөн.

Биздин оюбузча, административдик-аймактык түзүлүштүн мындай тез-тез өзгөрүшү бийликтин Кыргызстандын аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн бардык өзгөчөлүктөрүн толук эсепке албастан, бул маселеге үстүртөн мамиле кылганынан улам келип чыккан. Бул тажрыйбаны, каталарды жана кемчиликтерди Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүн реформалоонун заманбап процесстеринде эске алуу өтө маанилүү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**: Диссертациянын темасы боюнча архивдик материалдар аныкталып, алардын айрымдары илимий чөйрөгө биринчи жолу киргизилди. Мындан тышкары, каралган мезгилдеги административдик-аймактык түзүмүнүн калыптануу процесстеринин этаптары аныкталып, алардын тез-тез өзгөрүшүнүн себептери аныкталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары, маанилүү сунуштары эл аралык жана республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда апробацияланды.

**Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу:** диссертациянын негизги жоболору жана корутундулары Ата мекендик жана чет элдик жыйнактарда 7 макала жарык көргөн.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү**. Диссертация киришүүдөн, төрт баптан жана он эки бөлүмдөн, алардан келип чыккан тыянактардан, жалпы корутундудан, адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 172 бет.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

# І-БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМЭСИ ЖАНА ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Изилденип жаткан проблеманын тарыхнаамэси

ХХ кылым - кыргыз элинин Россия империясынын жана СССРдин курамында болгон татаал, түйүндүү мезгил. Бул учурда падышалык Россиянын кыргызстандагы колониялык саясатынын натыйжасында коомдук турмушта көп өзгөрүүлөр болду, андан сырткары Кеңеш өкмөтүнүн социалдык-экономикалык, улуттук саясатын ишке ашырылышынын натыйжасында кыргыз элини алгачкы мамлекеттүүлүгү жана маданияты түптөлүп өнүгүүгө ээ болду.

ХХ кылымдын 20-30-жылдарындагы Кыргызстандын административдик аймактык түзүлүшү көп тараптуу изилдөөлөрдү талап кылган маселелердин катарына кирет. Аталган маселеге кайрылган макалаларды, монографиялык изилдөөлөрдү эки топко бөлүп кароого болот: 1) советтик мезгилдеги административдик аймактык түзүлүш маселелерине арналган эмгектер; 2) постсоветтик мезгилдеги админстративдик аймактык түзүлүшкө арналган эмгектер.

**Биринчи топко кирген** эмгектерде архивдик жана статистикалык маалыматтардын негизинде падышачылыктын колониялык саясатына көңүл бурулган. Бул эмгектерде совет бийлигинин орнотуудагы большевиктер партиясынын ишмердигине жогору баа берүү менен коштолгон. Кемчиликтерди талдоо да бир беткей жүргүзүлгөн. Изилдөөлөрдүн тутунган позициясы да мезгил талап кылган методологияга жана идеологияга негизделген. Ошондой болсо да, бул эмгектерде биз таяна турган маалыматтар арбын чагылдырылган.

Бул топтогу жакынкы чет өлкөлүк мамлекеттердин окумуштууларынын эмгектеринде ХХ кылымдын башындагы Орто Азиядагы улуттук мамлекетке бөлүштүрүү, административдик түзүлүш жана башкаруу апараттарынын ишмердүүлүктөрү берилген.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Д.Л. Златапольскаянын “Образование и развитие СССР как союзного государства” [170] аталыштагы эмгегинде Түркстан крайынын Жети-Суу, Сыр-Дырыя, Фергана областарындагы ар түрдүү улуттардын проценттик көрсөткүчү атайын таблицада берилген. Таблицадан көрүнүп тургандай, кыргыздар 3 аймакта жашагандыгы көрсөтүлөт. Бирок бул таблицада ушул аймактарда кирген уездердеги Талас жана Чүй өрөөндөрүндө, Ысык-Көл ойдуңунда, ошондой эле Фергана өрөөнүндө бир катар башка аймактарда кыргыздардын саны берилген эмес.

Изилденген тема боюнча маалыматтар “Декреты советской власти” [2] , “Образование СССР” ” [170] аталыштагы эмгектерде аныкталган. Совет бийлигин «Тынчтык жөнүндөгү» декретинде бөлүнүп чыгып, көз карандысыз мамлекет түзүлгөнгө чейин өз тагдырын өзү аныктоо укугу таанылып, 1917-жылдын 2 (15) ноябрында Эл Комиссарлар Совети Россиянын элдеринин уктарынын декларациясын улуттардын укугун тааныган: тең укуктуулук жана суверендүүлүк; улуттук азчылыктардын жана этникалык топтордун эркин өнүгүшүнө, бардык улуттук жана улуттук-диний артыкчылыктарды жана чектөөлөрдү жоюуга; жана эң башкысы бөлүнүп чыгууга чейин эркин өз тагдырын өзү чечүүгө укук берген. Бирок, большевиктер Түркстандын бөлүнүшүн каалаган эмес. Мунун себептери аталган эмгектерде көрсөтүлбөгөн.

Жергиликтүү калкты курулушка активдүү катышууга тартуу жана болосттук, кыштактык жана айылдык аткаруу комитеттерде иш кагаздарын жүргүзүүнүн бардык түрлөрүн жергиликтүү тилдерде жүргүзүү иши, жөнүндө токтомдун кабыл алынышы Ш.З.Уразаевдин “Туркестанская АССР: первое социалистическое государство в Средней Азии” [192] эмгегинде каралган. Автор бул токтомдун ишке ашырылышы жана анын натыйжаларына кайрылган эмес.

Автор ушул эле эмгегинде Түркстан иштери боюнча РКП (б) БК жана ЭКСтин убактылуу комиссиясынын максаттарынын бири Түркстанда улуттук саясатты иш жүзүндө ишке ашырууга көмөк көрсөтүүсү каралган. Ш.З.Уразаев Түркстан автономиясы жөнүндө маселе Советтердин крайлык IV курултайында

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

каралганын, бирок курултай Түркстан Республикасынын юридикалык жактан автономиялуу статусун расмий түрдө бекитбегенин, мунун себеби бир катар жетекчи чиновниктер теориялык жактан чабалдыгы, крайдын автономия маселесин Россиядан милдеттүү түрдө бөлүп алуу маселеси менен чаташтырышканына токтолот.

Биз бул жогоруда көрсөтүлгөн эмгектердеги маалыматтарды изилдеп келип «Алаш-Ордо», «Шуро-Исламия» жана башка партиялардын идеялары большевиктер тарабынан буржуазиялык-улутчулдук катары, эски, патриархалдык-феодалдык элитанын жана капиталисттик түзүлүштүн бийлигин калыбына келтирүүгө багытталган катары бааланганы такталды.

Э. Воскобойниковдун [117], Х. Турсуновдун [184] эмгектеринде 1920-жылдын 17-21-январында Түрккомиссиянын, ТКП(б) крайкомунун жана ТКП (б)нын бюросунун биргелешкен кеңешмесинде Т.Рыскулов баяндама жасап, анда ал «Түркстандын аймагында Түрк Республикасын түзүү» зарылчылыгы баса белгилеп, өзүнчө Мусулмандар бюросун, Областык комитетти, Чет элдик коммунистер комитетин «Түрк Коммунисттик партиясына» бириктирүү зарылдыгын айткандыгы тууралуу маалымат көрсөтүлөт. Изилдөөбүздө Түрк партиясынын түзүлүшүнүн себептерине: аймактын калкынын басымдуу бөлүгүн түрктөр түзгөнү; Түркстанды түрк республикасы (б.а. Түркстан АССРи) деп таануу; Мусулмандардын бюросунун жоюлушуна байланыштуу ар кандай ушак-айыңдардан качуу белгилүү болду. Автор эмгегинде М.В.Фрунзе менен В.В. Куйбышев бирдиктүү Түрк Республикасына кошулушуна каршы чыгышканын, алардын жергиликтүү жетекчилердин бардык пантүркисттик умтулууларын толугу менен басып өткөн деп жарыялашканын белгилеп кеткен.

“Материалы по районированию Узбекистана” [161] аталыштагы эмгекте Түркстан эл чарба Советинин Мамлекеттик пландоо комитетинин алдында райондоштуруу боюнча жергиликтүү комиссиялар түзүлүп алар жаңы административдик башкаруунун долбоорун түзүү боюнча иштер жүргүзүшкөн. Долбоордо ТүркАССРин административдик-чарбалык бөлүү иштелип чыккан: борбору (Ташкент) – округ – райондук волост. Бул бөлүштүрүүгө ылайык 12

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

округ, 150 райондук волост долбоорлонгон. Анда төмөнкү факторлор: демографиялык, жер менен камсыз болуу, жер шарты, тарыхы эске алынган.

Бирок райондоштуру боюнча комиссия: Түркстандын жаңы административдик түзүлүшү, чарбалык-административдик бөлүнүш менен катар негизги фактор болуп калышын; ал эми чарбалык эсеп үстөмдүк кылган кезде, жергиликтүү элдин кызыкчылыгы эске алынбоосу; этникалык топтор үчүн өзүнчө аймактык-административдик бирдиктер жөнүндө маселе алардын чарбалык ишмердүүлүгүнө жараша каралганы менен административдик бөлүнүштүн долбоорунда кароону эске албаганы изилдөөдө көрүндү.

Биринчи топко кирген Ата Мекендик окумуштуулардын эмгектерине токтолсок, А.Г.Зиманын "Победа Октябрьской революции в Киргизии" [129] аталыштагы эмгегинде эски административдик аппаратты алмаштыруу натыйжасында Самарканд облусунун Хожент уездинин Исфана волостунда башкаруунун эң төмөнкү деңгээлиндеги биринчи волосттук жана кыштактык кеңештер түзүлгөнүн бегилейт. Ал эми биз изилдеп жаткан административдик аймактык түзүлүш тууралуу кыска гана эски волостук башкаруунун сакталган тууралуу маалымат бар.

Wondershare PDFelement

А.Г.Зиманын "Октябрьская революция и создание Советов-политической основы киргизской социалистической государственности 1917-1918 гг", [131] жана "Великий Октябрь в Киргизии" [132] эмгектеринде Пишпек уездинде жашаган ар кыл улуттардын маселелерин чечүү үчүн, улуттук комиссариат түзүлүшү, анын курамына түрдүү улуттардын өкүлдөрү: кыргыздар, казактар, өзбектер, татарлар ж.б. киргени тууралуу маалыматты алдык. Аталган эмгекте улуу державалык шовинистик кызматкерлерден кутулуу, эл комиссарларынын кызматына көп көңүл бурулган.

Ошол жылдардагы шартка байланыштуу мурдагы падышачылык мезгилдеги байланыш жана финансы мекемелери менен катар волосттук башкаруучулар жана айылдык старчындар институтары иштерин улантып келгенин А.Г.Зима өзүнүн эмгегинде көрсөткөн [129]. Бирок автор

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

старчындык институтту Кыргызстандын түштүгүндө гана ишмердүүлүгүн улантканына токтолот.

Изилдөөчү О. Акылбековдун “Образование и деятельность уездно-городских организаций РКП (б) в Киргизии /1918-1924 гг./” [200] аттуу диссертациялык ишинде кыргыздардын чарбалык ишине дыйканчылыктын жаңы ыкмаларын, жаңы өндүрүш каражаттарын киргизилгени, кыргыздар бара-бара көчмөн чарбадан отурукташкан жашоого өтүшү менен жаңы отурукташкан кыргыз волосттору пайда болушу белгиленген. Бирок кыргыз волосторунун калкынын 80% ден ашууну мал чарбачылыгы менен алектенип, өнүгүүнүн өтө төмөн деңгээлинде болгон тууралуу маалыматтар бар. Демек, биздин изилдөөбүз бул маалыматтардын негизинде Пишпек уездинде жергиликтүү көчмөн да, жергиликтүү отурукташкан волосттор да, отурукташкан европалык волосттор да болгонун белгилейбиз. Ошондой эле бул иште административдик аймактык түзүлүш каралган эмес.

Волосттук башкаруу жана айылдык старчындар институтун жоюу максатында 1918-жылдын аягында Советтерге кайра шайлоолор өткөрүүнүн себебин Дж. Малабаев “Укрепление Советов Киргизии в период строительства социализма (1917-1937 гг.)” [158]. эмгегинде «алардын көбү бийлик органы катары өзүн толук көрсөтө алган эмес» деп белгилеген. Ошону менен бирге Дж. Малабаевдин “Революционные комитеты Киргизии (1918 - 1923 гг.)” [159]. аталыштагы эмгегинде өзгөчө кырдаалдагы башкаруу органдары – аскердик революциялык комитеттердин иштөө мөөнөтү басмачылар толук жоюлуп, тынчтык турмуш орногонго чейинки мезгилге аныкталганына гана токтолот.

Ал эми О. Акылбековдун “Образование и деятельность уездно-городских организаций РКП (б) Киргизии (1918-1924гг)” [110] аталыштагы эмгегинде бул маселе совет доорунда дагы көтөрүлүп 1918-жылдын 27-январында Түркстан крайынын Эл комиссарлар кеңеши Нарын уездин өз алдынча административдик бирдик катары уюштуруу жөнүндө декрет чыгаргандыгын белгилейт. Бул маселе тууралуу “ЦГА КР, ф.89, оп.1, д.43, л.35.” [54] архивдик материалдардан «Нарын участогунун эл депутаттарынын Советтеринин 1918-жылдын 25-

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

майындагы № 143 токтомун, алардын депутаттарынын кеңешинин 23-майдагы № 24 Ат-Башы участогун Нарын деп атоо жөнүндө чечимин бекитүү жөнүндөгү» маселени карагандыгы, «мурда Нарын участкасы Нарын уезди деп атын өзгөртүлсүн» деген маалыматты кездештиребиз. Мындан биз жаңы бийликтин Кытайдан келген качкындарды кабыл алуу маселесин чечүүдө прогрессивдүү кадамдарды жасагандыгын билебиз.

Окумуштуулардын маалыматтарына жана архивдик материалдарга таянып биз жаңы уездди түзүүнүн себептери - бул жердин Каракол шаарынын уезддик борборунан географиялык жактан алыстыгы, транспорттун жана жакшы жолдордун жоктугу, жергиликтүү кадрлардын даярдыгынын начардыгы, маданий жактан артта калуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көзөмөлдүн начардыгынан көрөбүз.

С.М. Кенжебаевдин “Советы Казахстана в период строительства социализма (1917-1937)” [208] тарых илиминин докторлук диссертациясында «Алаш-Ордо» партиясы II Бүткүл кыргыз курултайында «Алаш» аймактык-улуттук автономиясын түзүү жөнүндө декларациянын жарыяланышы, П.П. Никишовдун “Борьба с басмачеством и его разгром на юге Киргизии ( 1918-1920 гг.)” [209] тарых илиминин кандидаттык диссертациясында Түркстандын жумушчу, солдат, дыйкан жана мусулман депутаттарынын Советтеринин V курултайында Түркстан крайын Түркстан АССРине өзгөртүүнү сунушу тууралуу маалыматтарды алабыз. Авторлордун эмгектериндеги аймактык улуттук административдик түзүлүш идеясы буруазиялык улутчул катары бааланганына токтолушкан.

Бизди кызыктырган изилдөөлөрдүн бири К. Нурбековдун “Возникновение киргизской советской национальной государственности” [166] жана “Государственно-правовое строительство Советского Киргизстана” [167] эмгектери болуп саналат. Маселен, биринчи эмгегинде Самарканд аймагында кыргыздар Ходжент уездинин төмөнкү волостторунда тыгыз жашашкан: Бакса-Сибирген, Исфана, Чапкулук, эки жыныстагы жалпы калкынын саны 14063 жан, Сырдарыя облусунда – Баутерек, Жайлуу, Каракол, Кеңкол, Талканов, Ур-

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Марал, Александровка, Гродеков, Дмитриевка, Николайпольск жана Олуя-Ата уездинин Орловск волосту, Ташкент уездинин Кош-Коргон жана Тойтюбинск волосттору толугу менен кирип, жалпы эки жыныстагы калкы 57841 жанды түзгөн. Фергана областында Анжиян, Кокон, Наманган, Ош, Фергана (Скобелев) уезддеринде жана Памир областында жалпы эки жыныстагы 361163 жан болгону тууралуу маалыматты берет. Объективдүү себептерден (түштүктөгү басмачылар кыймылы) 1920-жылдагы эл каттоо чындыкты толук чагылдырган эмес жана так эмес болгон. К.Нурбеков белгилегендей, көп учурларда кыргыздар менен казактар жаңылыш түрдө бир графага (казакча) киргизилип, кара-кыргыздардын санын бир топ кыскарткан. Ал белгилегендей себептери, калктын сабатсыздыгы, эски уруулук калдыктардын сакталышы жана жаңыдан киргизилген улут түшүнүгүн билбегендик болгон.

Ушул эле маселелер Р.Тургунбековдун эмгектеринде каралган [188, 189]. Изилденген маселелер боюнча алардын позициялары бири-бирине жакын болгонун белгилей кетүү керек. Идеологиялык кысымдын шартында бул окумуштуулар союздук республикалардын чектелген укуктарын белгилебестен, аны иш жүзүндө тең укуктуулук деп жарыялоого, борбордун ишмердүүлүгүн союздук республикалардын ыйгарым укуктарын кеңейтүү боюнча максатка багытталган багыт катары мүнөздөөгө аргасыз болушкан. Алардын болжолдуу чыныгы абалды жарыкка чыгаруудагы тартынбас аракеттери мисалы, Тоолуу областы түзүү тарыхы куугунтукка жана басынтууга алып келген.

Түркстандын экономикалык кеңешмесинин мүчөлөрү “Тоолуу районду өз алдынча областка бөлүү идеясын кескин четке кагуу” деп белгилеген. Кийинчерээк К.Нурбеков [168] белгилегендей, Кыргыз улуттук аймагын бөлүп алуу аракети Кыргызстанда Советтик автономияны түзүүдөгү даярдык иштери болгон. З.Курмановдун [139] оюу боюнча “А.Сыдыков жана анын айланасындагылар (Ж.Абдрахманов, И.Арабаев ж.б.) бийликти багындыруулары старатегиялык мааниге ээ болгон, 1924-ж. Орто Азиядагы улуттук мамлекеттик бөлүштүрүүдөгү Кыргызстандын автономия болуу же

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

болбоо маселеси жок болучу. Анын түштүк-батыш чек аралары боюнча гана маселе талаш болгон”

А. Джунушев [124] 1924-жылдын 11-майында РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу «мурунку Ортоазиялык республикалардын улуттук-аймактык белгилери боюнча бөлүштүрүүнү жүргүзүү зарылчылыгын» тааныгандыгы Өзбек жана Түркмөн республикалары СССРге түздөн-түз кирүү менен өз алдынча укуктагы ССР катары; Өзбек Республикасынын курамындагы Тажик автономиялуу облусу; Кара-Кыргыз автономиялуу областы, ал кайсы республикага таандык деген маселени ачык калтырылганын белгилейт. Чындыгында З.Курманов [139] белгилегендей, “булар бөлүштүрүү шартында улуттук кызыкчылыкты коргоо боюнча топтор болгон”.

Окумуштуу Дж Малабаевдин “Становление государственности советского Киргизстана. Деятельность революционного комитета Киргизской автономной области” [160] эмгегинде Фергана, Сыр-Дарыя, Олуя-Ата областарынан ККАОго уездерден кайсыл кирген волостордун маанилүү таблицасын берген.

Топтук күрөштүн болушу Дж. Малабаевдин “Укрепление Советов Киргизии в период строительства социализма (1917-1937 гг.)” аталыштагы эмгегинде «Партиянын Жалал-Абад округунун президиуму Кетмен-Төбө районундагы айылдык советтерди шайлоо жөнүндөгү маселени талкуулап, бул жерде советтик кызматкерлердин арасында топ түзүлгөнүн белгилеп, ал жакка округдук ревкомдун төрагасы башында турган комиссия жөнөтөт» деп белгилейт.

Кыргызстандын административдик бөлүнүшүндөгү өзгөрүүлөрдүн сүрөттөмөсүнүн [39] таблицасы, Улуттук бөлүштүрүү боюнча жаңы административдик бөлүнүш (кантондор, волосттор жана селолук советтер) - И.А. Фатьяновдун “Хозяйственное и культурное строительство Киргизии” [194] аталыштагы эмгегинде көрсөтүлгөн.

Түркстандагы уездер жана участкалык приставдардын саны тууралуу, областардын административдик түзүмү жөнүндө кеңири маалыматтар, жаңы административдик бөлүштүрүүнү калктын туура эмес түшүнүү менен кабыл

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

алуусу, 1920-жылдагы Бүткүл союздук айыл чарба каттоосунун жүрүшүндө «калк айылдын санын гана эмес, волосттун атын да билбейт» деп айтылган маалыматтар “Материалы по районированию Туркестана: губернии и уезды РСФСР на 1 марта 1921 г.” аттуу эмгекте берилген [156].

Дагы бул эмгекте Пишпек уездинде волосттор жапырт кошулгандан кийин 1920-ж. төмөнкү Пишпек, Каракол, Нарын, Ош уездериндеги волосттордун борборлору, уезддердин борборлоруна чейинки шаарлардын аралыгы, волосттордун борборуна жакын почта, телеграф, кантора, станциялар таблицада берилген.

Бирок, бул маалыматтарга таянуу менен, 1920-жылы Кыргызстандын түндүгүндөгү волостторду бекемдөө учурунда уруктук фактор эске алынбай, бардык волосттор “механикалык” бириктирилгени, отурукташкан жана көчмөн волосттор бир административдик бирдикке биригиши, волосттордун так чек арасы болбогондугу, волосттук борборлордун калкты төлөөдө ыңгайсыз абалда жайгашуусу биздин изилдөөбүздө көрүндү.

Wondershare PDFelement

Ушул эле эмгекте Түркстандагы уездер жана участкалык приставдардын саны, областын административдик борбору, түзүлгөн жылы, 1920-жылы Түркстан крайынын облустарынын административдик түзүмү жөнүндө кеңири маалыматтар таблицада берилген [156].

Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушу менен өлкөнүн тарыхындагы көптөгөн көйгөйлөрдү, анын ичинде мамлекеттүүлүктүн өнүгүшүн кайра карап чыгуу жана баалоо этабы башталып, анын натыйжасында бир катар жамааттык эмгектер [142, 144, 176] жана монографиялар [121, 139, 159, 171, 196] жарык көргөн. Алар диссертациянын темасын тигил же бул даражада кароо менен изилдөөлөрдүн **экинчи тобуна** кирет.

Бул топтогу эмгектерде падышачылыктын административдик түзүлүштүн шарттары, волостук башкаруунун жүрүшү, административдик түзүлүштөгү кемчиликтер, улуттук курамды тактоодогу бурмаланууга, өзүм билемдикке жол берүүлөр жана жетишилген ийгиликтер тууралуу маалыматтарды алууга болот.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Жакынкы чет мамлекеттик окумуштуу Т. Рыскулов “Восстание туземцев Туркестана в 1916 г. //Восстание киргизов и казахов в 1916 г.” [173] аталыштагы эмгегинде Каракол уездинен жаңы Нарын уездди бөлүү идеясы падышалык чиновниктерге таандык болгону, алар кыргыздар үчүн өзгөчө уездди түзүү, ал жерге Пишпек жана Пржевальск уезддеринин бардык түпкү тургундарын сүргүн кылууну сунуш кылышканы, 1917-жылдын февраль революциясынан улам долбоорду иш жүзүндө ишке ашыруу мүмкүн болгону тууралуу маалымат берген.

Г. Бройдо "1916 ж. Кыргыз көтөрүлүшүнүн тарыхына материалдар” [113] аталган эмгекте падышачылык империянын көчмөндөрдү жок кылуу боюнча максаттуу пландары, "аскердик-элдик башкаруунун" маанилүү бөлүгү - волостук башкаруучу - "болуш" - жогорку кызмат адамы болгону, волосттук башкаруу кызматына формалдуу түрдө шайлоо жүргүзүлгөнү, чынында, ал округдун башчысы тарабынан дайындалганын көрсөтөт.

Окумуштуу А. Джуманалиевдин “ Политическая История Кыргызстана” [120] деп аталган эмгегинде Түркстанда бийликтин Советтердин колуна өтүшү мөөнөтүнүн көбүнчө жер-жерлерде саясий күчтөрдүн тең салмактуулугуна жана уезддердин, шаарлардын борбордон алыстыгына көз карандыгына байланыштуулугун белгилеп, Убактылуу өкмөттүн башкаруу органдарынын таркаталышына токтолот.

Автор Совет мамлекетинин түзүлүшүнүн алгачкы жылдарында түзүлгөн шарттар жаңы райондоштурууга мүмкүндүк бербегендигине токтолуп, «Түркстанда Совет бийлигинин жаңы түзүлүштүн жактоочулары менен каршылаштарынын ортосунда курч саясий күрөш өгөчө Ферганада курч мүнөздө болгонун белгилейт. Көптөгөн окумуштуу-мамлекеттаануучулардын Автономиялуу Түркстан Советтик Социалисттик Республикасын Орто Азия элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин советтик улуттук мамлекеттүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү жолундагы биринчи кадам катары карашарын тастыктаган. Мунун зарылдыгы жарандык согуш мезгилинде СССР элдеринин ортосундагы аскердик, саясий жана экономикалык кызматташтыкты жана өз ара

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

жардамдашууну камсыз кылган өткөөл, убактылуу, бирок зарыл форма болгонун көрсөтөт.

Бул көз караштагы окумуштуу С. Аттокуров өзүнүн “История индустриального развития Киргизии” [199] аталыштагы доктордук диссертациясында ТүркАССРнин жарыяланышы «кыргыздардын, казактардын, өзбектердин, тажиктердин, каракалпактардын улуттук мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүнө негиз салган» деп белгилеген.

З. Курмановдун акыркы изилдөөлөр боюнча “Политическая борьба в Кыргызстане: в 20-е годы” [139] аттуу эмгегинде Пишпек уездинде 1918-жылдын 1(12) - январында солдаттардын жана куралдуу жумушчулардын жардамы менен басып алышы белгиленет. Бул эмгекте кээ бир партиялар большевиктерди колдогону, мисалы, казак-кыргыз «Алаш» партиясы экиге бөлүнүп бир бөлүгү большевиктер тарапка өткөнү көрсөтүлөт.

Окумуштуу-тарыхчылардын изилдөөлөрүндө кыргыз элине автономия түзүү маселеси биринчи жолу 1921-жылдын май айында көтөрүлгөн. Түрк комиссиясынын жана Түркстан БКнын бир катар жооптуу кызматкерлери Верный шаарында “Түркстан АССРинин курамында өз алдынча Кара-Кыргыз тоолуу областын түзүү жөнүндө” маселени коюшканын автор көрсөткөн.

З. Курманов А. Сыдыков идеянын чыныгы дем берүүчүсү экенин өз эмгегинде далилдеген. Түрккомиссиянын мүчөлөрү Г.Сафаров менен Ходжановго Кыргыз Тоолу областын түзүүнү жактап чыгууга кеңеш берген. Кыргыз интеллигенциясынын бир тобунун тынымсыз аракети менен бирге ТүркЭКОСО да улуттук өзгөчөлүктөргө жараша областык бөлүнүүнүн варианттарын иштеп чыгып, Кыргыз Тоолу областын түзүүнү көздөшкөн.

Автор Түркстан РКП(б) БКнын катчылыгы 1922-жылдын 25-мартында Жети-Суу областын райондоштуруу маселесинин токтому менен Түркстан Республикасынын курамына Тоолуу облусту уюштуруу жөнүндө декрет жарыялоону ТүркБАКтын президиумуна тапшырганын белгилейт.

Ю. Абдрахмановдун “Абдрахманов Ю. 1916. Дневники. Письма к Сталину” [109] күндөлүгүндө волостордун борбору уездден алыстыгы, почта

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

байланышынын алыстыгы, уездерде кадралардын жетишсиздиги, төмөнкү класстагы кызматагы катмардан сунуш кылынган талапкерлердин билим талапка жооп бербегени, алардын коомдук-саясий ишке карганда жеке жыргалчылыгы үчүн көбүрөөк умтулганы тууралуу маалыматтар көрсөтүлгөн.

А. Койчиевдин эмгегинен дагы эле бекем түптөлө элек Совет бийлиги, колониализм тарабынан эзилгендердин таламдарын коргогон бүткүл кыймылдарды пантүркизм, панисламизм идеологиясын жана алардын айрым өкүлдөрүн өз тарабына тартуунун зарылдыгы келип чыкканы тууралуу маалыматты алабыз [143]. Автордун пикиринде, Түрк коомунун бөлүнүүчү идеясы орус эмес элдер тарабынан жарыяланган жана кийинчерээк улуттук маселенин чечилишине белгилүү таасир тийгизген коммунисттик партиянын көрүнүктүү мүчөлөрү тарабынан кабыл алынган.

Автор эл каттоодо улуттун аныктамасын ар кандай чечмелөөгө жол берилгени, Түркстандын улуттук курамы жөнүндөгү маалыматтар атайылап бурмалангандыгы, эл каттоонун жүрүшүндө Өзбекстан жана Түркмөнстанга тиешелүү бөлүктөрдө эл каттоочуларга «мусулман», «христиан», «православ» деген жоопторду кабыл албоо тапшырмасы берилгени, Өзбекстанда “сарт” деген ысымды “өзбек” деп алмаштырууга буйрук берилгенин [211] белгилейт. Бирок автор эмгегинде бул аталыштын административдик түзүлүшкө тийгизген таасири каралган эмес.

“Кыргызская государственность в XX веке” [142] эмгекте С.Г.Шаумяндын жазган катына В.И. Ленин мындай деп жазган: «Биз бөлүнүү укугун жактайбыз (бардыгын бөлүү үчүн эмес). Автономия – бул демократиялык мамлекетти уюштуруу боюнча биздин планыбыз. Бөлүнүү биздин планыбыз эмес. Биз бөлүнүүнү такыр үгүттөгөн жокпуз. Жалпысынан биз бөлүнүүгө каршыбыз». Эгерде большевиктер бөлүнүүгө каршы болсо, анда эмне үчүн бөлүнүү укугу жөнүндө жазышат. Мунун себеби, биздин оюбузча, башка элдерди орустарга теңетүү аракетинде, улутчулдуктун «кара жүз улуу орус улутчулдугу жана шовинизми» түрүндөгү эң орой формаларына бөгөт коюу аракетинде жатат.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Т.Рыскулов жазгандай, «Большевиктер Орто Азиядагы элдердин өз тагдырын өзү чечүүгө берген укугу формалдуу мүнөзгө ээ болгон» [174].

Н. Сопуеванын "Зарубежная литература о создании советской государственности в Туркестане" [214]. аталыштагы макаласында Түрк Республикасын түзүү идеясы эң кеңири таралганын жана теориялык жактан негизделгенин, өз убагында М.Чокаев Орто Азиядагы тажиктерден башка бардык элдердин этникалык биримдиги идеясын көтөргөнүн белгилеп кеткен.

Дж. Джунушалиев [210], И. Семенов [213], А.Тузов [215], А. Джунушевдин [124] эмгектеринде Тоолу Кыргыз областын түзүү боюнча кыргыз интелегенциясынын алдыңкы катмары колдогон А.Сыдыков жана Р.Худайкулов башында турган Ташкенттеги ТүркБАКнын казак кызматкерлери «кыргыздар казак элинин бир бөлүгү» жана бүткүл түрктөрдүн биримдиги жөнүндөгү «алашчылардын» идеясын жактаган Алама-Атадагы областтык аткаруу комитети колдогон топтук карама карышылык, Кыргыз Тоолу областына кирген уездер жана алардын калкынын саны көрсөтүлгөн статистикалык маалыматтар бар. Маалыматтар Пишпек, Каракол жана Нарын уезддеринин аймактары боюнча берилилген, бирок Олуя-Ата уездинин тоолуу бөлүгү боюнча маалымат жыйналган эмес.

20-жылдардагы Кыргызстандын тарыхын изилдеген изилдөөчү А.Тузов «Абдрахманов Ж. кыргыз-каракалпак союзун түзүүнү, бул эки улутту бир мамлекетке бириктирүүнү көздөгөн» [187] деп ырастайт. Тузовдун пикири боюнча, Сыдыков менен Абдрахманов Ысык-Көлдөн Арал деңизине чейин, бирок борбору Жалал-Абад шаарында болгон бирдиктүү Каракыргыз-Каракалпак автономиялуу облусун түзүү идеясын жакташкан. Ферганадагы бөлүштүрүү процессин изилдеген изилдөөчү А.Койчиев [143] дагы бир вариантты ортого салган, ал Арал деңизинин каракалпактары жөнүндө эмес, Ферганада көчүп жүргөн каракалпактар жөнүндө болгон. Биздин оюбузча, экинчи вариант алда канча ынандырарлык. Бул чечмелөөнүн себептери төмөнкүдөй. А.Сыдыков менен Ж.Абдрахманов бардык түркстандык масштабдагы алысты көрө билген саясатчылар болгондуктан, бөлүштүрүүнүн

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

маанилүүлүгүн жана Москва берген көрсөтмөлөрдү так түшүнүшкөн, ага ылайык улуттук бөлүштүрүү экономикалык тартылуу принциптерин, административдик башкаруунун жеңилдигин, чарбалык-экономикалык түзүлүштү жана эң башкысы этникалык курамды эске алуу менен жүргүзүлүшү керектигин билишкен.

Диссертациялык иштин кээ бир аспектилери боюнча бир нече диссертациялар корголгон. Маселен, 1993-жылы белгилүү окумуштуу Д.Жунушалиев “Кыргызстан: преобразовательные процессы 20-30-х годов: исторический анализ проблем созиданя и трагедий” аттуу кандидаттык диссертациясын жактаган. Бул кыргыз совет мамлекеттүүлүгүн түзүүнүн этаптары, анын ичинде Кыргызстандын аймактык чектелиши жана райондоштуруу процесстери жаңыча көз караштан каралып чыккан алгачкы изилдөөлөрдүн бири.

А.Джуманалиевдин “Становление политической системы кыргызского общества (1920-1930-е годы” аттуу докторлук диссертациясында XX кылымга чейинки мезгилдеги кыргыз коомунун административдик, социалдык жана саясий түзүлүшү жана 20-30-жылдардагы мамлекеттүүлүктүн түзүлүү тарыхы талданаган [203].

Г.Д. Джунушалиеванын “Эволюция кыргызской государственности (20-8— е годы XX века) кандидаттык диссертациясында XX кылымдын 20-жылдарынын орто ченинде кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүнүн кайра жаралышын аныктаган объективдүү себептерге талдоо жүргүзүлүп, жасалган аракеттердин тажрыйбасы чагылдырылган жана мамлекеттик башкаруу органдарынын саясий тажрыйбалык аракеттеринин республиканын түпкү калкынын керектөөлөрүнө жана таламдарына ылайык келтирүү процесстери, мамлекеттик курулушка терс таасирин тийгизген процесстер каралган [204].

Н. Керимбекованын “Формирование этнополитической территории Кыргызов” [207] аталыштагы диссертациясында 1917-1920-жылдардагы кыргыздар тыгыз жашаган уезддердин аймагынын аянты жана анда жашаган

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

калктын саны боюнча статистикалык таблица берилет. Бирок бул таблицада Баткен областында жашаган кыргыздар жөнүндө маалымат кездешбейт.

Ошентип, советтик жана постсоветтик мезгилде жарык көргөн илимий адабияттарда диссертациялык иште талкууланган теманын ар кыл аспектилери чагылдырылган. Аларда олуттуу фактылык материалдар бар, алардын бир катарларында Кыргызстандын аймагындагы райондоштуруу жана административдик-аймактык түзүлүштү түзүү учурунда советтик органдар тарабынан жол берилген кемчиликтердин себептерин аныктоо аракети жасалган. Бирок, басылмалардын тизмеси көрсөтүп тургандай, Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүндөгү тарыхый жагдайлар жана өзгөрүүлөр өз алдынча изилдөөнүн объектиси катары комплекстүү түрдө карала турган эмгек бүгүнкү күнгө чейин жарык көргөн эмес.

## 1.2. Изилдөөнүн объекти, предмети жана изилдөө ыкмалары

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** – Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү.

**Изилдөөнүн предмети:** Аталган мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүндөгү бийлик тарабынан жүргүзүлгөн өзгөрүүлөр жана алардын натыйжалары.

Ар бир илимий изилдөө өзүнүн принциптерине негизделет жана бир катар жалпы илимий жана атайын илимий методдорду колдонуу менен жүргүзүлөт. Коомдук илимдер үчүн негизгилери - тарыхыйлык жана илимий объективдүүлүк принциптери. Аларды колдонуунун натыйжалуулугу тарыхый фактыларды объективдүү кароого мүмкүндүк берүүчү изилдөө предметинин мүнөзүнүн аны изилдөө этаптарына ылайык келиши менен аныкталат. Бул методологиялык принциптер эмгектин негизин түзгөн.

Тарыхыйлык принциби диалектикалык логиканын жоболоруна негизделет жана конкреттүү тарыхый кырдаалга ылайык фактыларды жана окуяларды кароону камтыйт. Эгерде Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Кыргызстанда административдик-территориялык түзүлүштүн калыптанышы-нын жана

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

өнүгүшүнө баа берүү үчүн историзм принцибине кайрыла турган болсок, анда биринчи кезекте анын алдында пайда болгон социалдык-экономикалык өбөлгөлөрдү талдап чыгуубуз зарыл. Аларга кыскача мүнөздөмө берүү менен төмөнкүлөрдү негизгилер катары карасак болот: 1) капиталисттик мамилелердин алгачкы көрүнүштөрү менен (негизинен дыйканчылык аймактарында) патриархалдык-феодалдык мамилелердин (көчмөн жана жарым көчмөн аймактарда) үстөмдүгү; 2) профессионал өнөр жай пролетариатынын иш жүзүндө жок болушу (ал 1%дан аз болгон; 3) айыл чарба аймактарынын бирдей эмес өнүгүшү; 4) ар түрдүү улуттук курамы (кыргыздар, орустар, украиндер, өзбектер, дунгандар). 5) Россия империясы Кыргызстанда административдик-аймактык бөлүнүүнү түзгөнүнө карабастан уруулук бөлүнүүнүн сакталышы; 6) социалдык жактан: патриархалдык-уруулук кыргыз жамаатынын эки тапка: карапайым калкка - букарага жана «ак сөөккө» бөлүнүшү. Кыргызстанда калыптанган социалдык иерархия коомдун төмөнкү катмарынын кызыкчылыктарын олуттуу түрдө кемсинткен.

Совет бийлиги орногондун алгачкы күндөрүнөн тартып, тактап айтканда 1917-жылдын 2-ноябрында «Россия элдеринин укуктарынын декларациясы» кабыл алынган, ага ылайык Россиянын чоң жана кичине элдеринин тең укуктуулугу жана көз карандысыздыгы, алардын өз тагдырын өзү чечүүсү, көз каранды эмес мамлекеттердин бөлүнүшү жана түзүлүшү, улуттук жана диний негиздер боюнча артыкчылыктарды жана дискриминацияны жоюу жана бардык улуттук азчылыктардын эркиндиги жарыяланган. Ушул учурдан тартып Кыргызстандын улуттук өз тагдырын өзү аныктоосу башталып, Совет өкмөтү бул багытта колдоо көрсөтүүгө даяр экендигин билдирген. Бирок Кыргызстанда бул процесс өзүнүн социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрүнөн улам татаал жолду басып өкөн.

Кыргызстандын улуттук мамлекеттүүлүгүн чындоого 1921-жылдын 15-мартындагы РКП(б)нын X съездинин «Улут маселеси боюнча партиянын жакынкы милдеттери жөнүндө» токтому негиз болуп, анда Совет өкмөтү Россиянын чет жакаларындагы артта калууларды жоюу учун бардык зарыл

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

болгон күч-аракеттерди жумшайт деп берилген. Анда төмөнкүлөр болжолдонгон: 1) Түркстан элдеринин улуттук-турмуш шарттарына ылайык совет мамлекеттүүлүгүн чыңдоо; 2) «өз эне тилинде жергиликтүү калктын турмушун жана психологиясын билген жергиликтүү элден турган сотту, администрацияны, чарбалык органдарды, мамлекеттик органдарды» түзүү; 3) агартуу иштерине өзгөчө көңүл буруу менен маданий-агартуу мекемелерин түзүүгө басым коюу; 4) заводдорду сырье булактарына которуу жолу менен өнөр жайды өнүктүрүүгө көмөктөшүү. Мындан тышкары жер-суу реформасын жүргүзүү маанилүү милдеттердин бири болгон.

Бул коюлган милдеттер ырааттуулук менен чечилип, жергиликтүү калктын турмушун түп-тамырынан бери өзгөрткөндүгүн Кыргызстандын тарыхынын каралып жаткан барактары көрсөтүп турат.

Ошентип, изилдөөдө теманын динамикасын хронологиялык тартипте, этап-этабы менен кароого мүмкүндүк берген историзм принциби мамлекеттик саясаттагы өзгөрүүлөрдү, ошондой эле социалдык-экономикалык чөйрөдө пайда болгон актуалдуу көйгөйлөрдү жыйынтыктоого мүмкүндүк берет. ККАОну өнүктүрүү, административдик-аймактык түзүлүштөгү кайра курууну талап кылган ар кандай милдеттер бышып жетилген сайын, аларга өз убагында бийлик тарабынан чара көрүүгө умтулуп жатканын ачык көрсөтөт.

Бул принцип кубулуштарды, окуяларды бири-биринен өзүнчө эмес, байланышта көрүп, убакыттын өтүшү менен өзгөрүп турушу, алардын коомдук мамилелер системасындагы ордун аныктоо маанилүү экенин көрсөтүп турат. Негизинен тарыхый кубулуштардын өз ара байланышы жана көз карандылыгы аныкталып жана эске алынышы керек.

Тарыхый фактылардын жыйындысын изилдөөгө объективдүүлүк принциби дагы маанилүү. Бул принцип совет доорундагы окуяларга жана кубулуштарга баа берүүдө өзгөчө маанилүү. Анткени азыркы учурда бир катар изилдөөчүлөр совет мезгилин изилдөөдө көбүнчө бир жактуу көз караште болуп, диаметриалдуу карама-каршы позициялар келип чыгышы мүмкүн: же советтик мезгилди идеалдаштыруу, жетишкендиктерди жана оң натыйжаларды гана

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

артыкчылыктуу талдоо менен, бир жагынан, терс же трагедиялуу факторлорду гана артыкчылыктуу бөлүштүрүү менен совет доорунда коомдук турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө революциялык кайра куруунун мүнөзүнө ээ болгон кубулуштарды жана окуяларды тануу менен изилдөөгө алынышы.

Ошол эле учурда, Кыргызстан үчүн бул мезгил өзгөчө мааниге ээ болгондугун моюнга алуу керек. Анткени бул тарыхый доордо СССРдин курамында толук кандуу кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышынын башталышы жүрүп, ошондой эле элдердин социалдык өнүгүшүнүн бардык чөйрөлөрүндө чыныгы революциялык кайра куруулар жүргөнү менен байланыштуу.

Бул мезгилдин тарыхында терс, кайгылуу окуялар, көрүнүштөр болгондугу дагы талашсыз, ошондуктан Кыргызстандын совет мезгилиндеги тарыхынын изилдөөдө объективдүүлүк принцибин этияттык менен пайдаланууну талап кылган дал ушул факт болуп саналат.

Мындан тышкары, объективдүүлүк принцибин ишке ашыруунун дагы бир формасы Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптануу жана өнүгүү тарыхын болуп жаткан саясий процесстердин позициясынан гана эмес, ошондой эле каралып жаткан мезгилдин ичинде болуп өткөн экономикалык жана социалдык кайра түзүүлөрдү да эсепке алуу болуп саналат.

Тарых илиминин методологиясында жалпы жана атайын-тарыхый ар кандай изилдөө ыкмалары бар. Изилдөөнүн бардык этаптарында анализдин жана синтездин, индукциянын жана дедукциянын жалпы ыкмалары колдонулган. Бирок өзгөчө-тарыхый методдор: проблемалык-хронологиялык, салыштырмалуу-тарыхый жана структуралык-функционалдык методдор чечүүчү мааниге ээ болгон.

Кандай гана тема болбосун, аны кароодо актуалдаштыруу ыкмасын колдонуу зарыл. Бул ыкманы колдонуу менен бул диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу, илимий жана практикалык мааниси далилденди.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Кошумчалай кетсек, бул ыкма айрым тарыхый окуяларды азыркы учурда колдонуу жана анын негизинде мүмкүн болуучу окуяларды болжолдоо үчүн тарыхый өткөндүн тажрыйбасы катары талдоону талап кылат. Советтик мезгилдин тарыхын карап чыгуу менен, жалпысынан СССРдин, анын ичинде Кыргызстандын тарыхын методологиялык жактан түшүнүүдө бир катар факторлорду эске алууну баса белгилей кетүү керек. Биринчиден, ал олуттуу көп кырдуу тарыхый тажрыйбаны топтогон, азыркы реалдуулукта өлкөнүн өнүгүү тажрыйбасын эске алуу үчүн тажрыйба катары алып чыгууга мүмкүндүк берет. Совет доорунда болуп өткөн процесстерди изилдөөдө коомдук турмуштун бардык чөйрөсүнө таасирин тийгизген идеологияны эстен чыгарбоо керек экендиги талашсыз. Бирок бул факторду эске албастан изилдесек, совет доорундагы фактылык материалдын илимий да, теориялык да, методологиялык да мааниси чоң экендигине күбө болобуз.

Теманы изилдөөдө дагы бир метод – баяндоо, окуяларды жана кубулуштарды, тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн алар жашаган доордун призмасы аркылуу сүрөттөөгө жардам берген баяндоо ыкмасы да колдонулду.

Эмгекте тигил же бул райондоштуруу жөнүндөгү чечим кандайча, кайсы пленумдарда же кандай токтомдордун негизинде кабыл алынгандыгы, чарбалык турмуштун айрым белгилери, географиялык шарттар, калктын уруулук бөлүнүшү кандайча каралып, алынгандыгы ырааттуу баяндалат. Административдик-аймактык бөлүштүрүү учурунда кемчиликтер аныкталганда жаңы чечимдер кабыл алынып, жаңы реформалар ишке ашырылган.

Мындан тышкары, маселени комплекстүү кароо максатында материалды хронологиялык тартипте бөлүп алууга жана айкалыштырууга, анын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берген проблемалык-хронологиялык ыкма колдонулду.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Кыргызстандын административдик-территориялык түзүлүшүнүн калыптануу тарыхынын мезгилдештирүү диахрондук ыкманы колдонуу менен аныкталды. Алсак, анын биринчи этабы Октябрь революциясына чейинки мезгилди камтыйт, ал кездеги

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

орус бийликтери азыркы Кыргызстандын аймагын 4 областка бөлгөн: чыгышы - Жети-Суу областынын Пишпек жана Пржевальский уезддерине караган; батышы - Фергана областынын Ош, Анжиян, Наманган, Скобелевский жана Кокон райондоруна; түндүк-батыш - Сырдарыя областынын Олуя-Ата районуна чейин; түштүк-батышы - Самарканд областынын Хожент районуна кирген. Экинчи этапта, 1918-жылы азыркы Кыргызстандын аймагы Түркстан АССРнин курамына киргизилген мезгил. Анткен менен кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө, ошондой эле мамлекеттик башкаруу системасын андан ары өркүндөтүүгө негиз салган эң маанилүү этаптар XX кылымдын 20-жылдары болгондугун белгилей кетүү керек. Алгач ККАО түзүлүп жатканда ички административдик түзүлүш маселеси уезддик жана уезддик-волосттук бөлүнүштүн пайдасына чечилген. Бул кадамдар жаңы уезддик волосторду долбоорлоодо физикалык-географиялык өзгөчөлүктөргө, б.а. климаты, кыртышы, өсүмдүктөрү менен шартталган, анын ичинде көчмөн жана отурукташкан аймактардын ортосунда товар алмашууну караган экономикалык чөйрөнү эске алышпастан, Түркстан экономикалык кеңешинин райондоштуруу комиссиясынын сунушу менен гана бөлүнгөн. Областы пландоо комиссиясы уезддик-уезддик волосттук бийлик органдарын каржылоого кеткен чыгымдарды салыштырып, эсептеп чыгып, биринчи мамлекеттик органдар шартсыз кирешелүү деген жыйынтыкка келген. Жыйынтыгында үч бөлүктөн турган административдик-экономикалык бөлүнүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө чечим кабыл алышкан: 1) областтык, 2) округдук, 3) округдук (чоңойтулган) волосттор.

Бирок, бийлик органдарынын жаңы милдеттери улуттар аралык араздашууну жоюу, эмгекке жарамдуу калктын массасын мамлекеттик ишке тартуу жана мамлекеттик башкарууну көпчүлүккө түшүнүктүү жергиликтүү тилде уюштуруу, жайкы жайыттарды пайдаланууну жөнгө салуу административдик-аймактык башкарууга жаңы өзгөртүүлөрдү киргизүү, тактап айтканда, КАОну жаңы райондоштурууну талап кылды, бул райондоштуруунун жаңы - үчүнчү этабынын мазмуну болуп калды.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Кыргызстандын калкынын этникалык ар түрдүүлүгүн эске алып, Борбордук Азиянын аймактык райондоштуруу комиссиясы кантондук бөлүнүүнү туура деп эсептешкен. Мындай аймакташтыруу менен этникалык азчылыктар өзүн-өзү башкаруу укугуна ээ болмок, ошондой эле алар өздөрүнүн маданий жана тилдик автономиясын алышмак. Натыйжада 1926-жылдын февраль айында Кыргыз Автономиялуу округу Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасы болуп кайра түзүлгөндө, анын жаңы административдик бөлүнүшү бир эле мезгилде бекитилип, ага ылайык округдардын ордуна 7 кантон түзүлүп, 52 волостко бөлүнгөн, алар өз кезегинде айылдык кеңештерге бөлүнгөн.

Райондоштуруу процесстери кийинки жылдары да уланып, азыр да эгемендүүлүктүн шартында мамлекетибиздин административдик-аймактык түзүлүшүн оңдоо маселеси күн тартибинде турат.

Салыштырмалуу тарыхый метод тарыхтын ар кандай этаптарында каралып жаткан окуяларды салыштырууга, Кыргызстандын аймагын райондоштурууда келип чыккан маселелерди чечүүнүн жолдорун жана каражаттарын аныктоого мүмкүндүк берди. Архивдик материалдарды пайдаланып, монографиялардын жана макалалардын материалдарына кеңири таянуу менен автор ар кандай этаптардагы процесстерди салыштырып, ишке ашырылып жаткан реформалардын себептерин жана кесепеттерин көрсөтүүгө умтулган.

Кыргызстанда уезддердин, волосттордун түзүлүшүн жана түзүлүш механизмин изилдөөгө мүмкүндүк берген структуралык-функционалдык талдоо изилдөөнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бул маселелер эмгекте коомдук түзүлүштөгү аймактык экономикалык өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөр менен тыгыз байланышта каралган. Мисалы, эмгекте Кыргызстандын аймагынын райондук бөлүнүшүнүн түзүлүшүнө алып келген себептерди, андан соң аймактык түзүлүштүн өзгөрүшүнө жана кантондордун пайда болушуна алып келген себептерди көрсөтүүгө аракет жасалган. Ошентип, эмгекте ар кайсы жылдардагы территориялык түзүлүш ырааттуу түрдө талданат: адегенде эки

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

райондук түзүлүш, андан кийин 1924-жылы декабрда жаңы райондоштуруу жүргүзүлүп, ага ылайык Пишпек болуп төрт райондук бөлүнүү, Андан соң Ош, Жалал-Абад, Каракол-Нарын райондору жана бул административдик бирдиктердин башкаруу түзүмү каралган.

Ошону менен бирге диссертацияда кантондордун структурасын жана райондоштуруунун жаңы этаптарында да өзгөртүүлөргө дуушар болгон башкаруу органдарынын функцияларын кеңири изилдөөгө алынды.

Жалпысынан, изилденип жаткан темага карата методдордун жана ыкмалардын бүтүндөй комплекси авторго изилдөөнүн объектисин жана предметин ар кандай өңүттөн кароого, коюлган максаттарга ылайык объективдүү тыянактарды түзүүгө мүмкүндүк берди.

Иште ошондой эле жалпы илимий методдордун бүтүндөй комплекси колдонулган, мисалы, анализ жана синтез, индукция жана дедукция, жалпылоо, окуяларды, кубулуштарды сүрөттөө ж.б. диссертациялык иштин темасы боюнча негизги түшүнүктөрдү түзүүгө, ар тараптуу талдоо жүргүзүүгө жана корутундуларды аныктоого, практикалык сунуштарды берүүгө мүмкүндүк берген салыштырма-тарыхый, ретроспективдүү жана башкалар кеңири колдонулду.

Wondershare PDFelement

### 1.3. Диссертациялык иштин булактык негизи

Диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин, ошондой эле Борбордук мамлекеттик архивдин саясий документтер фондулары пайдаланылды. Мындан тышкары, Советтик Кыргызстандын улуттук-мамлекеттик курулушуна арналган документтер жыйнактары колдонулду. Булак катары аныкталган маалыматтарды маани-маңызы боюнча төмөндөгүдөй топторго ажыратып кароого болот:

– Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы;

– Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинен чогултулган маалыматтар (КР БМА);

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

– Кыргыз Республикасынын Саясий Документтер Борбордук Мамлекеттик Архиви (КР СД БМА)

– Массалык маалымат каражаттарында жарык көргөн материалдар;

Булактардын көп бөлүгүн Кыргыз Республикасынын архивдик материалдар түздү. Мисалы, Кыргызстандын Борбордук Мамлекеттик Архивинен Түркстандын административдик-аймактык бөлүнүшү биринчи жолу 1865-1869-жж. болгону жана крайдагы башкарууну уюштуруу жана жаңы волосторду түзүү жөнүндө материалдар талдоого алынган.

Борбордук мамлекеттик архивден Совет бийлиги орногондон кийинки орус кыштактарынын, айылдык жамааттардын өзүнчө административдик түзүлүшүнүн себеби боюнча маалыматтар изилденген. Архивдик материалдардан революциялык комитеттердин ишмердиги, уездерди, волосторду түзүүдөгү топтук карама каршылыктар маалыматтар алынган. Архивдик фонддордон 1924-жылдын 15-ноябрында Каменский башында турган райондоштуруу боюнча комиссия түзгөнү, комиссия Кара-Кыргызстандын үч бирдиктен турган 1) областтык, 2) округдук, 3) райондук (чоңойтулган) волост бөлүнүшүнүн колдогону, област төрт округга – Пишпек, Каракол-Нарын, Ош, Жалал-Абад бөлүү сунушу, РКП(б)нын Орто Азия бюросунун ККАОнун административдик төрт округка бөлүнүшүн жана Пишпек шаарын убактылуу борбор катары бекиткени тууралуу маалыматтар такталды.

Көрсөтүлгөн фонддордун ар бир иши белгилүү бир темага жана бир нече кошумча маселелерге арналган. Аларда Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын кңешинин биринчи учредителдик курултайынын материалдары; Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын президиумунун областы төрт районго бөлүү жөнүндөгү жана уюштуруу маселеси боюнча кеңешмесинин протоколдору; Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын областык аткаруу комиететинин советтик мамлекетти башкарууда эл массасын кеңири тартуу тоутому; Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун алдындагы Кыргыз автономиялуу областынын өкүлчүлүгү жөнүндө жобо; Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын райондоштуруу боюнча комиссиясынын иш

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

аракеттери; Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын райондоштуруу комиссиясынын чек араларды тактоо боюнча кеңешмеси; КАОнун Борбордук мамлекеттик архивинин чектеринде Өзбек ССРи менен РСФСРдин ортосундагы чек араны тактоо долбоору боюнча КАОнун райондоштуруу комиссиясынын кеңешмеси протоколунун көчүрмөсүн, СССР БАКнын райондоштуруу боюнча комиссиясынын Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу комитетинин алдындагы КАОнун өкүлчүлүгүнө жөнөтүү жөнүндөгү каты; Райондоштуруу боюнча Комиссиянын иши боюнча маалыматтар алынды.

Изилдөөбүздө Кыргыз Республикасынын Борбордук архивиндеги материалдардан [24, 25, 26] Токмок уездиндеги рволюциялык комитеттин ишмердиги, областык бийликтердин алардын ишмердигин менен иш жөндөмдүүлүгүн текшерип туруусу, керек болсо башка мүчүлөрүн дайындоо, 1920-жылы январь айында Пишпек уездинин администрациясы Токмок уездин жоюу жана уезддин волостторун Пишпек уездине кошуу жөнүндө өтүнүчү, бул «уездди жоюу Пишпек шаарындагы бир нече адамдардын аракети» экендиги тууралуу маалыматтар көрсөтүлгөн. Бирок архивдик материалдарды изилдеп келип Пишпек менен Токмок уездинин чек арасы такталбагандыгы, анткени анын так чек ара аралыгы жөнүндө маселе чечилбегени, талаштуу маселелердин бири Ысык-Ата минералдык сууларын административдик баш ийүү маселеси болгонун, бул жерди Пишпек администрациясынын аны өз курамында сактап калууга умтулуусунан улам курчуп кеткени тууралуу жыйынтыкка келдик .

“ЦГА КР, ф. 17, оп. 1, д. 13” [27] архивдик материалдарда Партиянын Токмок революциялык комитети жана уезддик-шаардык комитети каршылык көрсөтүп, маселени чечүү үчүн Ташкентке делегат жиберүү менен Токмок анын өз алдынча административдик-аймактык бирдик катары жашоо укугун негиздегендиги тууралуу маалыматтарды табабыз.

Архивдик материалдарда [13, 28] Кыргызстандын Өзбекстан менен болгон чек арасынын долбоору даярдалып, айрым жерлерге ээлик кылуу маселеси ар кандай деңгээлде талкуулана баштаган. Бул маселенин калк арасында ачык талкууланышы чоң кайгылуу кесепеттерге алып келиши мүмкүн эле. Буга жол

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

бербөө үчүн РКП(б) БК Ортоазбюросу 31-августта «бөлүштүрүү комиссиясынын чечимисиз, кошулууну жактаган жана каршы болгон бардык аргументтерди таразалай албай, бүдөмүк гана улуттук курамдын жана экономикалык оорчулуктун идеясына ылайык, жеке аймактарды бириктирүү, тигил же бул республиканын аймагына кандайдыр бир волостту же айылды кошуу маселелерин кеңири масса көтөрө албайт» деген токтом кабыл алган. Ошондуктан РКП (б) Ортоазбюросу мамлекеттик бөлүштүрүү боюнча комиссиясынын мүчөлөрүнө, «ар кандай жарылуулардан карманууу» көрсөтмөсүн чыгаргандагы тууралуу малыматтар кездешет.

Кыргыз Республикасынын борбордук архивинин материалдарында [29] 1924-жылдын 18-ноябрында революциялык комитет (ревком), Кыргызстандын аймагындагы башкаруу жана мамлекеттик жогорку орган түзүлгөн. Революциялык комитеттин төрагалыгына Иманалы Айдарбеков дайындалып анын курамына: Зулфибаев Д. - төраганын орун басары, Янгулатов М. - төраганын орун басары, мүчөлөрү: Абдрахманов Ж., Малышев С. - катчы, Чоңбашев С., Покровский П., Ботбаев М., Каменский. М., Сарыбаев Б., Квитко, Худайкулов Р., Расулиев Р. ж.б. киргени тууралуу маалыматтар бар.

Административдик бөлүнүү принциби кыргыздардын жаңы мамлекеттик бирикмесинин мамлекеттик түзүмдөрүн курууда маанилүү элемент болгон. Административдик түзүлүш боюнча облусту эки округга, аларды уездерге бөлүү сунушу биринчи округ – Жалал-Абад эки уезден: Ош жана Жалал-Абаддан, экинчи округ – Пишпек төрт уезден: Пишпек, Каракол, Нарын, Олуя-Ата (Тоолуу) болушу “Из истории развития планирования народного хозяйства Киргизии (1918-1971 гг.)” [95] аталыштагы документтер жыйнагында берилет. Биздин оюубузча бул административдик бөлүштүрүү Кыргызстандын түндүгүн жана түштүгүн камтыган падышачылыктын администртивдик бөлүштүрүүгө окшоштугу болуш керек.

Архивдик материалдарда [83] Пишпек жана Жалал-Абад округдарынын райондук волостордун борбору, округдун шаардан алыстыгы, точта телеграф

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

канторасынын алыстыгы, темир жол станциялары, пристан, калктуу пунктар, айылдык кеңештер, калктын саны берилген таблицалык маалымат берилген.

Биз изилдөөбүздө архивдик материалдарды кылдат изилдеп чыгып, бул жобо сентябрь айында даярдалган болушу мүмкүн деген жыйынтыкка келдик. Анткени, биринчиден, Москва үчүн болочок аймактын так толук сүрөттөлүшүн түзүп жатканда уюштуруу бюросунун мүчөлөрү жаңыдан уюшулган Кыргыз областынын административдик түзүлүшү жөнүндөгү маселени козгой алышпайт.

Кыргыз Республикасынын борбордук архивинен [14, 29, 79] округдук мекемелердин жайгашышы, округдардагы партиянын уюштуруу бюросунун курамынын бектилиши көрсөтүлөт. ККАОнун революциялык комитетинин 15-ноябрда «Ош жана Пишпек шаарларын кошпогондо, ККАОнун аймагында азыркы кездеги волосттук жана уезддик аткаруу комитеттеринин зарылчылыгы жөнүндө маселе, райондоштуруу жөнүндөгү маселе иштелип чыкканга чейин, райондук волосттордун революциячыл комитеттерин иш жүзүндө түзүү жана бул жөнүндө атайын буйруктар менен калтырып, алардын ишмердүүлүгүн начарлатпай иштөөгө сунуш кылынганы тууралуу маалыматтар берилет.

Изилдөөбүздөгү кийинки маселе областын борбору “Отчетный доклад революционного комитета ККАО РСФСР Первому съезду рабочих, крестьянских и дехканских депутатов области” эмгекте Жалал-Абад принципалдуу түрдө таанылган. Кийинчэрээк бул жерде областык бөлүмдөр үчүн имараттардын жоктугу, аларды куруу үчүн финансы каражаттынын жетишсиздигинен баары бир борборго айланбагандыгы, “ЦГА КР, ф.20, оп.1, д.3, л. 10-12”, “ЦГА ПД КР, ф.10, оп.1, д.9, л. 152-153” [29, 15] архивдик материалдарда РКП(б) БКнын катчысы Каменский Пишпек шаары ККАОнун борбору болушу керек деген пикирге кошулушу берилген. Пишпек З.Кумановдун [139] айтуусу боюнча А.Сыдыковдун позициясы менен борбор болуп калган.

Облревкомдун, эки округка бөлүштүрүү шартында административдик башкарууну уюштурууда жана талаптагыдай башкаруу мүмкүн эместиги, эки

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

округдук башкарууга мүмкүн эместиги себеби издин изилдөөдө архивдик “ЦГА КР, ф. 949, оп. 3, д. 59, л. 4.” [68] төмөндөгүдөй маалыматка таянып «130 миң кв. верстен ашык аянтты ээлеген Пишпек уездинин калкы абдан сейрек, айрыкча түштүк-батыш бурчунда, байланыш дээрлик толук жок. Бүткүл аймак боюнча эки гана жүк ташуучу жол: биринчиси Пишпектен Караколго /Пржевальскке/, экинчиси Кутмалдыдан Нарынга чейин, калган жолдор жүк ташууга ыңгайсыз болуп, округдук борбордон 350 - 400 верст (дөңгөлөктүү араба эмес, ат менен) алыстыкта болгон» “ЦГА КР, ф. 949, оп. 3, д. 59, л. 4.” [68] Облревкомдун, эки округка бөлүштүрүү шартында административдик башкарууну уюштурууда жана талаптагыдай башкаруу мүмкүн эместиги, эки округдук бөлүштүрүүдөн баш тартууга аргасыз болгон деген тыянакка келдик.

“ЦГА КР, ф. 1246, оп. 1, д. 687, л. 1,5” [78] архивдик материалда Областтык ревкомдун президиуму 1924-жылдын 15-ноябрында Каменский башында турган райондоштуруу боюнча комиссия түзгөнү, “ЦГА КР, ф. 949, оп. 3, д. 59, л. 30” [57] комиссия Кара-Кыргызстандын үч бирдиктен турган 1) областтык, 2) округдук, 3) райондук (чоңойтулган) волост бөлүнүшүнүн колдогону, област төрт округга – Пишпек, Каракол-Нарын, Ош, Жалал-Абад бөлүү сунушу тууралуу маалыматтарды алдык.

Архивдик “ЦГА ПД КР, ф.10, оп 1, д.2, л. 16” [17] маалыматта РКП(б) ККАОнун уюштуруу бюросунун президиумунун 1924-жылдын 25-ноябрындагы токтому боюнча жаңы административдик бөлүнүшү боюнча Пишпек округу борбору Токмок шаарында, Каракол - Нарын округу борбору (убактылуу) Каракол шаарында, Ош округу борбору Ош шаарында , Жалал-Абад округу борбору Жалал-Абад шаары болгондугу, ушул эле токтом менен Ташкент шаарында жайдын жоктугунан жана анын натыйжасында бөлүмдөрдүн ишин кеңейтүүгө мүмкүн болбогондуктан Пишпек шаары областын борбору болуп тандалган тууралуу маалыматтарды кезедештиребиз. Бирок изилдөөбүздө област төрт округга бөлүнгөндөн кийин Тоолуу (Талас) жана Нарын облустары боюнча маселе ачык бойдон калганы округдук ревкомдордун убактылуу алсыздыгынан пайда болгонун көрүүгө болот.

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Борбордук архивден “ЦГА КР, ф.10, оп.1, д.5, л. 21.” [18], “ЦГА КР, ф. 1247, оп. 1, д. 2, л. 5.” [86] РКП(б)нын Орто Азия бюросунун ККАОнун административдик төрт округка бөлүнүшүн жана Пишпек шаарын убактылуу борбор катары бекиткени, Ташкентте УПОЛСТО ККАОнун административдик бөлүнүшүн тааныгандыгы жана Пишпек уездинин борборун Токмокко которууга макул эместигин билдиргени тууралуу маалыматтарды алдык. 1924-жылдын 23-декабрында УПОЛСТОнун экономикалык бюросу Аксуу (Беловодск) шаарын Пишпек уездинин борбору деп эсептөө жөнүндө чечим чыгарган. Архивден бул чечимдин жүйөсүн таба алган жокпуз. Биздин оюбузча, бул айылда географиялык жайгашуусуна жана темир жол линиясынын жана телеграф байланышынын болушуна байланыштырууга мүмкүн болду.

Архивдик маалыматта ЦГА КР, ф. 949, оп. 3, д. 59, л. 7. [58] ККАОнун административдик-аймактык бөлүнүшү Пишпек округу, Каракол-Нарын округу, Жалал-Абад округу, Округтарындагы волоостордун аталышы, волостордун борбору, жалпы калкынын (кыргыздар, орустар, башка улуттар) саны, жалпы чарба багыты берилген статистикалык таблица көрсөтүлгөн.

“ЦГА КР, ф. 20, оп. 1, д. 3, л. 74-75.” [29] архидик материалда 1925-жылдын 15-январында КАОнун жарыяланган күнүн майрамдоого арналган салтанаттуу жыйынында кабыл алынган декларацияда «Революциялык комитет жумушчулар, дыйкандар жана кызыл армиянын депутаттары, кыргыз эмгекчи элинин туруктуу өкмөтүн шайлашы керек» дегендиги тууралуу маалымат бар. Изилдөөбүздө архивдик мааалыматтарга таянып пролетариат тегиндеги гана адамдар шайлоочу болуп, көпчүлүгү шайлоо угугунан ажыратылгандыгы такталды. Изилдөөчү А.Жуманалиев [120] шайлоонун жүрүшүнө токтолуп, «шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү айыгышкан топтук күрөштүн шартында өттү» ЦГА КР, ф.20, оп.1, д.19, л. 2, 24 [31] деп белгилейт. Округдук советтик органдары шайлоо процессине активдүү кийлигишкен.

Изилдөөбүздө архивдик материалдарда ошол кездеги административдик бөлүнүш Москвада бекитилгенге дал келген эмес, анда «Борбор (област) - округ - волосттук» дегенден башка административдик бирдиктерди түзүү каралган

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

эмес. Бирок жаңы административдик бирдик - район түзүлгөн. Бир катар райондор областтык жетекчилик тарабынан (Талас, Нарын), кээ бирлери райондук аткаруу комитет тарабынан (Кетмен-Төбө, Кызыл-Жар ж. б.) түзүлгөн.

Буга мисал "ЦГА КР, ф. 20, оп. 1, д. 117, л. 6." [40] райондун болушу 1925-жылдын 5-мартындагы райондоштуруу боюнча комиссиянын жыйынында зарыл деп табылганы, бирок областтык райондоштуруу боюнча комиссия Талас, Нарын жана Кетмен-Төбө райондорун гана сактап калууну сунуштайтаганы тууралуу маалыматтарды табылды.

Архивдик "ЦГА КР, ф.449 оп.1, д.3, л.90." [56] "ЦГА КР, ф.949, оп. 1, д. 3, л. 38.", [65] "ЦГА КР, ф.1383, оп.1, д.1, л.93." [89], "ЦГА КР, ф. 949, оп. 3, д. 59, л. 88, 123, 105, 123, 124." [66], материалдарда райондоштуруу боюнча комиссиянын волосторду ирилештирүү менен аларды бөлүү, мындай чечимдин себептери, олбасттык комиссия областтык - уезддик - райондук (ирилештирген) волост түзүмүн сактоону алгылыктуу, алыскы волосттордон округка баш ийген жаңы райондорду түзүү керектиги тууралуу маалыматтар көрсөтүлгөн.

Бирок изилдөөбүздө райондоштуруу боюнча дайындалган комиссиянын мүчөлөрү кээде текшерилбеген, эскирген же айрым волосттор боюнча такыр маалыматы жок материалдарды пайдаланышкан, округдук чек аралардын чиймеси боюнча так маалыматтарды такташкан эмес эмес, Каракол-Нарын округунун чек арасынын чиймеси жок болгон деген туура эмес маалыматтарды беришкендиги көрүндү.

"ЦГА КР, ф. 20, оп. 1, д. 115, л. 5." [23] архивдик маалыматта 1925-жылы 5-июнда Орто Азияны райондоштуруу боюнча комиссиянын пленумунун кеңешмесинини токтомунда Кыргыз райондоштуру боюнча комиссиясына жана Борбордук Азиянын райондоштуру боюнча комиссиясынын президиумуна башкаруунун кантондук системасына / схема боюнча: айылдык совет, кантон, республика / өтүү жагы сунушталган. "ЦГА КР, ф. 1383, оп 1, д. 105, л. 21." [90] - Административдик бөлүнүүнүн үч варианты иштелип чыккан: 1) төрт округга, 2) үч округга (Пишпек, Каракол-Нарын, Алай), 3) кантондук райондоштуруу системасын киргизүү. "ЦГА КР, ф. 949, оп. 2, д. 11, л. 96." [71] - областы

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

«түндүк» жана «түштүк» деп эки областка (губерния) бөлүү, губернияларды райондорго бөлүү каралган.

Бирок таза географиялык принцип боюнча, айрыкча кыш мезгилинде жакшы өнүккөн кургак жолдордун жоктугунан, бийик тоо ашууларына кардын жааганы жана муз тоңгонунан улам жетүүгө мүмкүн болбогондуктан байланыш кыйынчылык жараткан. Бул факторлордун бардыгы, биздин оюбузча, ар бири белгилүү бир сандагы райондорго бөлүнүшү мүмкүн болгон эки губернияны түзүү идеясына киргизилген. Ошол эле учурда чек ара - учурдагы округдардын конфигурациясы өзгөрүүгө дуушар болгон.

Бул план областтык аткаруу комитети үчүн алгылыктуу болгон эмес, биздин оюбузча, мындай түйшүктүү административдик аппаратты кармап турууга кеткен чыгымдын кымбаттыгынан жана борбордун үч тараптуу бөлүнүүгө өтүү жөнүндөгү көрсөтмөлөрүнө жана райондук администрациянын иштери үчүн кадрлардын жетишсиздигине байланыштуулугу болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу Кыргызстандын өкмөтү автономиялуу республиканы кантондорго, андан кийин волостторго бөлүүнү чечкен [71].

Архивдик "ЦГА КР, ф.20, оп.1, д.341, л.24." [47] – маалыматтагы Кыргыз АССРинин административдик-аймактык бөлүнүшү боюнча таблицада – биздин оюбузча Кыргызстан райондоштурууда кантондорго жана чоңойтулган волостторго бөлүнгөндөн кийин, улуттук азчылыктардын улуттук айылдык кеңештерге өзүнчө бөлүнүшүнө тыгыз көз каранды болуп, айылдык советтердин азыркы тармагы жарым-жартылай гана өзгөрүүгө дуушар болгону көрүндү.

Кыргыз республикасынын борбордук архивинин "ЦГА КР, ф. 6, оп. 6, д. 14045/11. - Проект положения об управлении Турк. Областью" [11] материалында Түркстандын административдик-аймактык бөлүнүшү биринчи жолу 1865-1869-жж. болгону жана бул маалымат крайдагы башкарууну уюштуруу жана жаңы волосторду түзүүнү ишке ашыруу максатында жерлерге комиссиялар жөнөтүлгөнү "Сыдыков А Национальный лидер" [178] эмгекте тактала т.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Мезгилдүү басмаларда, Кыргыз Республикасынын борбордук архивинин материалдарында 1918-жылдагы Беловодскидеги баш аламандыкта көтөрүлүштүн уюштуруучулары Пишпек Советине: саясий туткундардын баарын бошотуу, социал-революционерлердин партиясын жетектөөчү партия деп таануу, Беловодск участогун автономиялуу уездге бөлүп берүү талабын коюшкан. 1918-жылдын 30-сентябрында Абилда волостунун тургундары Токмок участогун Пишпек уездинен көз карандысыз өзүнчө бөлүп берүү маселесин талкуулап, “ЦГА КР, ф.17, оп.1, д.16. л.3.” [23] Токмок уездинин курамына кирүүнү каалагандыгын билдирген маалыматтар административдик-аймактык түзүлүш изилдөөдө бул эмгектер ар тараптан жол көрсөткүч катары кызмат кыла алат [26]. Бирок биздин изилдөөбүздө уездерди түзүүдөгү карама-каршылыктардын себеби так берилбейт

“К вопросу государственного строительства Советского Кыргызстана 1924-1937 гг.” [96, 29] аталыштагы документтер жыйнагында 1924-жылы 27-октябрда ББАКтын (ВЦИК) токтомунда: “Кара-кыргыз элинин жумушчу жана дыйкандар массасынын жалпы эркин аткаруу менен Түркстан АССРнин курамынан чыгуу жана Кара-Кыргыз Автономиялык областын түзүү укугун берүү”, 12-ноябрда кайра дайындалган облустук революциялык комитеттин биринчи пленардык жыйыны болуп, анда президиум жана президиумдун төрагасы шайланганы айтылган.

Wondershare PDFelement

Коюлган максатка ылайык милдеттерди чечүүдө Кыргызстандын административдик аймактык түзүлүшү менен байланышкан архивдик материалдардан сырткары мезгилдүү басылмаларда чагылдырылган материалдар да талданды. Аларда төмөндөгү маселелер:

Фергана өрөөнүндөгү элдердин чек ара көйгөйлөрүнүн жана улуттук өзгөчөлүгүнүн контекстинде дин фактору [210, 211]; Түркстанда советтик мамлекеттүүлүктү Түрк Республикасын түзүү көйгөлөрү [214]; Түркстан Республикасынын курамындагы өз алдынча Тоолуу областынын уштуруу маселеси [215]; Кыргыз тоолуу областынын курамына кирүүгө тийиш болгон калкынын саны жана аймагы боюнча төмөндөгү маалыматтар; ККАОнун

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

жумушчу, дыйкан депутаттарынын биринчи курултайында революциялык комитеттин түзүлүшү жана анын курамы тууралуу маалыматтар жазылган [213].

Ошентип, жогоруда аталган булактар Кыргызстандын административдик түзүлүшүнүн негизги багыттарын объективдүү ачып берүүгө мүмкүндүк берет.

Бул бөлүмдө талдоого алган проблемага көңүл бурган, ата мекендик жана чет өлкөлүк авторлордун эмгектери, тарыхый-архивдик булактар изилденди. Изилденген теманын мазмунун талдоодо Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин, ошондой эле Борбордук мамлекеттик архивдин саясий документтер фондорунан XX кылымдын башындагы Орто Азия элдерин улуттук мамлекеттерге бөлүштүрүү жана Кыргызстандын административдик түзүлүшүнө арналган документтер аныкталды.

Теманы изилдөөнүн методологиялык динамикасы хронологиялык тартипте, этап-этабы менен кароого мүмкүндүк берген историзм принциби мамлекеттик саясаттагы өзгөрүүлөрдү, ошондой эле социалдык-экономикалык чөйрөдө пайда болгон актуалдуу көйгөйлөрдү жыйынтыктоого мүмкүндүк берди.

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

# II-Бап. УЛУТТУК-МАМЛЕКЕТТИК БӨЛҮШТҮРҮҮГӨ ЧЕЙИНКИ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АДМИНИСТРАТИВДИК ТҮЗҮЛҮШ ЖАНА БАШКАРУУ

## 2.1. Падышачылык империя мезгилиндеги жана Түркстан АССРнин курамындагы Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшү

Түркстандын административдик-аймактык бөлүнүшү биринчи жолу 1865-1869-жж. болгон [11, л.11]. Крайдагы башкарууну уюштуруу жана жаңы волосторду түзүүнү ишке ашыруу максатында жерлерге комиссиялар жөнөтүлгөн [178, 82-б.]. Административдик түзүлүштү реформалоо колониялык режимдин биротоло бекемдөөгө өбөлгө түзгөн. Бардык компаниянын негизги максаты натыйжалуу жана арзан колониялык башкаруу аппаратын түзүү болгон.

Аймактагы согуштук аракеттердин натыйжасында Түркстан аскер министрлигине баш ийген. Бул баш ийүү 1917-жылдагы революцияга чейин уланат [135, 254-255-б.]. Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүмү жөнүндөгү мыйзам 1867-жылдын 14-июлунда кабыл алынган.

Бул мыйзамга ылайык генерал-губернаторлукка мурда Орто Азияда белгисиз болгон жаңы административдик бирдиктер –айыл, волост, уезд, област киргизилген.

Аймактагы административдик бөлүнүүнүн укуктук негизи 1775-жылдагы провинцияларды түзүү жөнүндөгү Жободо жарыяланган жана Кавказда сыналган "аскердик-элдик башкаруу [156, 3-б.]" деп аталган принцип болгон. Бул системанын биринчи тепкичинде старчын жетектеген административдик айыл турган. "Аскердик-элдик башкаруунун" маанилүү бөлүгү - волостук башкаруучу - "болуш" - жогорку кызмат адамы болгон. Волосттук башкаруу кызматына формалдуу түрдө шайлоо жүргүзүлгөн [113, 70-б.]. Чынында, ал округдун башчысы падышачылык режимге берилген жана областтык, уездик бийлик тарабынан ар тараптан колдоого алынган адамдар дайындалган [164, 264-б.]. Кең мейкиндиктер, кээ бир райондордо калктын аздыгы жергиликтүү калкка көзөмөлдүн начар болушуна себеп болгон. Жашоочулардын жүрүм-турумун көзөмөлдөө, жетекчиликтин бардык буйруктарынын аткарылышын көзөмөлдөө

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

жана көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында участкалык приставдар түзүлгөн.

Түркстандагы уезддер жана участкалык приставдардын саны Таб.1 [155, 23-б, 26-б.].

| Област | Уезд | Участок | Областын Административдик борбору | Түзүлгөн жылы |
|---|---|---|---|---|
| СырДарыя | 6 | 17 | Ташкент | 11.07.1867 |
| Самарканд | 4 | 11 | | 01.01.1887 |
| Фергана | 5 | 20 | Скобелев | 19.02.1876 |
| Жети-Суу | 6 | 16 | Верный | 11.07.1867 |

Бир нече участоктор уезде бириктирилип, ал уездин башчысы тарабынан башкарылып, чектеш уездер областка бириктирилген.

1917-жылдын октябрында большевиктердин Петербургда Керенскийдин убактылуу өкмөтүн жеңип чыгышы Орто Азиянын тургундарынын тарыхында жаңы баракты ачты. Бул доор – чоң үмүттөрдүн жана күтүүнүн доору - Россия империясынын бүткүл аймагындагы букараларынын эзилген “жергиликтүү калктын” андан аркы тагдыры чечиле турган болду. Петербургда падышалык империя кулагандан кийинки мамлекеттин түзүлүшүн, эзилген жана куугунтукталган чет элдиктерди колониализмдин моюнтуругунан бошотуу боюнча талаш-тартыштар болгон. Бул убакта колониализм өзүнүн туу чокусуна жетти; көчмөндөрдү жок кылуу максаттуу жана пландуу жүргүзүлдү [113, 60-б.]. Жок кылуунун максаты айдоо жана сугарууга жарактуу жерлерди басып алып, Россиянын борбордук райондорундагы келгин-колонизаторлорду жайгаштыруу болгон.

Падышачылык Россиянын Борбордук Азиядагы саясаты «Орто Азия элдеринин арасында кандайдыр бир мамлекеттүүлүктүн башталышын жок кылуу, алардын маданиятын бузуу, тилин чектөө, наадандыкта кармап туруу жана мүмкүн болушунча орусташтырууга» умтулуу менен мүнөздөлгөн [4, 558-559-б.]. Мунун натыйжасы бул элдердин экономикалык жана саясий жактан артта калгандыгы болду.

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Ташкент шаарындагы 1917-жылы 1-ноябрдагы куралдуу көтөрүлүштүн натыйжасында Түркстан аймагында Совет бийлиги орногон. Жаңы өкмөттү түзүү процесси 1918-жылдын жаз айларына чейин созулган – “бийликти басып алуу жолдору жана мөөнөтү көбүнчө жер-жерлерде саясий күчтөрдүн тең салмактуулугуна жана уезддердин, шаарлардын борбордон алыстыгына көз карандыгына байланыштуу” [120,106-б. ].

Бийликтин Советтердин колуна өтүшү Убактылуу Өкмөттүн башкаруу органдарын таркатып, анын ордуна жаңыларын түзүү жолу менен ишке ашкан. 1918-ж. январда Ашхабадда, 1918-ж. жазында Мервде Красноводскда, Керкиде [114, 190-191-б.] шаардык дума жана башкаруу таркатылган. 1918-ж. мартта Ош, Пржевальск, Пишпек уездеринин, мындан тышкары тоолу көчмөн жана отрукташкан аймактардын комиссарлары бийликтен четтетилген [150, 276-б.].

Советтердин укуктук ишмердигин камсыз кылуу жана жөнгө салуу үчүн 1917-ж. 10-декабрда Түркстан крайынын ЭКС “Жумушчу, дыйкан жана солдат депутаттарынын жергиликтүү советтеринин ишин уюштуруу жөнүндө [199, 56-б.]” токтом чыгарган.

Документте, чарбалык, маданий жана социалдык турмуштун бардык тармактарын башкаруу үчүн жергиликтүү кеңештердин алдында административдик жана граждандык бөлүмдөр боюнча комиссариаттарды, тамак-аш, аскердик, уюштуруучулук бөлүмдөр боюнча секцияларды, Кызыл Армия, шаардык жана уезддик милиция, финансы жана салык, сот, жер комитеттери жана эмгекти коргоо комитеттерин түзүү зарыл деп айтылган [162, 52-б.]. Токтомго ылайык, бардык бийлик жергиликтүү кеңештерге өткөн. 1917-жылы декабрда Фергана өрөөнүндө, Советтердин VI областтык съездинен кийин областтын бардык уезддеринде жана волостторунда бийлик акырындык менен жергиликтүү кеңештердин колуна өтө баштаган [150, 260-261-б.].

Жети-Суу областында “большевиктер уюштурган куралдуу көтөрүлүштүн натыйжасында 1918-жылдын 3-мартында Верный шаарындагы Убактылуу өкмөттүн комиссарларынын жана казак аскер өкмөтүнүн бийлиги кулатылган [134, 119-б.]”

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Кыргызстандын аймагында бийликти орнотууда жергиликтүү калктын чарбалык ишмердүүлүгүнүн багытына байланыштуу кошумча кыйынчылыктар пайда болгон.

Акыркы изилдөөлөргө караганда, Пишпек уездинде большевиктер бийликти “1918-жылдын 1(12) - январында солдаттардын жана куралдуу жумушчулардын [139, 66-б.]” жардамы менен басып алышкан. Пишпектеги курал-жарак кампаларын кызыл гвардиячылар басып алгандан кийин Советтердин бийлиги биротоло орногон [10, 7-б.]. Ош уездинде 1917-жылдын 14-декабрында бийлик толук бойдон большевиктерге өткөн. "Бир нече күндөн кийин Ош уездинин дыйкандарынын буга чейинки айылдык жана аймактык кеңештердин негизинде Ош уездинин дыйкан депутаттарды бириккен кеңеши түзүлгөн" [134, 107-б.]. Нарында большевик Ф.Дубовицкий [102, 7-б.] башчылык кылган Токмоктогу куралдуу отряддын колдоосу менен Совет бийлиги орногон. Пишпек уездинин айыл-кыштактарында Советтердин бийлиги 1918-жылдын жай айынын башында орногон [92, 99-б.].

Волосттордо жергиликтүү кеңештерди уюштуруу уезддик кеңештер тарабынан ишке ашырылган. Совет бийлиги Кыргызстандын айрым волостторунда али орной элек болгон, өзгөчө түштүк аймактарда мурдагы волосттук башкарууда кала беришкен. Көптөгөн кыштактарда жана айылдарда кеңештердин жоктугунан эски башкармалык – волосттук башкаруучулар, айылдык старшиналар убактылуу сакталып калган [134, 138-б.].

Эски административдик аппаратты алмаштыруу процесси күч алган. Самарканд облусунун Хожент уездинин Исфана волостунда башкаруунун эң төмөнкү деңгээлиндеги биринчи волосттук жана кыштактык кеңештер түзүлгөн [129, 193-б.].

1920-жылы Түркстан крайы 5 областтан, 31 уезден турган. Волосттордун, айылдык жамааттардын жана айылдардын жалпы саны ылайыгына жараша 466 жана 3925 болгон. Төмөнкү таблицада областардын административдик түзүмү жөнүндө кеңири маалымат берилген. Таблица 2 [155, 30-б.].

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

| Област | Уезд, бирд. | Шаар (уездик жана штаттык), бирд. | Шаар тибиндеги жана т/ж.станц., | Волост, бирд.. | Айылдык жамаат жана айыл, бирд. |
|---|---|---|---|---|---|
| Сыр-Дарыя | 7 | 7 | 57 | 146 | 1063 |
| Жети-Суу | 7 | 8 | | 95 | 1454 |
| Фергана | 7 | 8 | 34 | 122 | 768 |
| Закаспий | 4 | 5 | 55 | 18 | 228 |
| Самарканд | 4 | 5 | 10 | 69 | 334 |

Ар бир аймак түрдүү элдердин өкүлдөрүнөн турган. Түркстан элдеринин областтар боюнча таралышы төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн. Таблица 3 [171, 7, 140-142-б.].

| Област | Өзбектер | Казак-тар | Кыргыз-дар | Орт. Азия-дагы башка | Орус-тар | Башка улут-тар | Тажик-тер | Кара-калпак-тар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жети-Суу | 1,6 | 44,8 | 18 | 7,4 | 28 | 18 | | |
| Сыр-Дарыя | 28,4 | 46,4 | 4,4 | 5,7 | 12,8 | 2,3 | | |
| Фергана | 68,2 | - | 17,2 | 2,1 | 2,3 | 0,7 | 8,9 | 0,5 |

Wondershare PDFelement

Таблицадан көрүнүп тургандай кыргыздар 3 аймакта жашаган. (Бул таблица туура эмес, анткени кыргыздар Баткенде да жашаган.) Алар Талас жана Чүй өрөөндөрүндө, Ысык-Көл ойдуңунда, ошондой эле Фергана өрөөнүндө бир катар башка аймактарда тыгыз жашашкан. (Тиркеме 1) Кыргыздар тыгыз жашаган уезддердин аймагы жана калкы Таб. 4 [207,187-б.].

Волосттор калктын чарбалык ишинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен көчмөн жана отуруктaшкан болуп экиге бөлүнгөн. Көчмөн волост бир нече уруунун өкүлдөрүнөн турган. Ошол эле учурда ар кандай кландардын ортосунда “партиялык” деп аталган күрөш башталган.

Албетте бул табигый түрдө майда уруктар бөлүнүп, башка волосттордогу тууган-туушкандары менен биригип, өздөрүнчө волосту түзүүгө алып келген. Бул биригүү өзүнчө жашоочуларды же айылдарды бир волосттон экинчи волостко өткөрүү жана эски волостторду бөлүп-жаруу аркылуу ишке ашкан. Кээ бир жерлерде волосттор бир атадан болгон уруктардан пайда болгон. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында партиялык күрөштүн натыйжасында

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

волосттордун бөлүнүшү байкалган. Маселен, 1918-жылы Пишпек уездинин кыргыз жарандарынын өкүлдөрү райондоштуруу боюнча Жети-Суу областтык комиссиясына: “жоочалыш” уруусун 400 кожолуктан өзүнчө волостко бөлүп берүү өтүнүчү менен кайрылышкан. Жаңы Жоочалыш волостуна төмөнкү бирдиктерди бириктирүү керек эле: 1) Чыгыш-Сокулук волостуна караштуу Камеск айылы 190 кожолук, 2) Кантаев волостуна караштуу Жоочалыш айылы 38 кожолук, 3) Жаламыш волостунан Белек айылы 51 кожолук, Туз айылы 28 кожолук, Жарпан айылы 29 кожолук [155, 20-21-б.].

Орус кыштагы же бир нече кыштак өзүнчө волост болуп эсептелген. Орус кыштактарынын, айылдык жамааттардын өзүнчө административдик түзүлүшүнүн себеби, ар кандай жеңилдиктерди берүү үчүн калкты эсепке алуу зарылчылыгы, анын ичинде ссудаларды берүү, жер үлүштөрүн берүү, ар кандай салык жеңилдиктери камтылган. Өз алдынча волосттордү бөлүп, түзүүгө умтулуу орус кыштагына да мүнөздүү болгон. Мисалы, 1918-жылдын 30-майында Покровка айылынын өкүлдөрү Токмок участкалык башчысына айылды Соловьев айлына кошуп өзүнчө волостко бөлүү жөнүндө арыз менен кайрылышкан [50, л.117].

XX к. башталышында кыргыздар бара-бара көчмөн чарбадан отурукташкан жашоого өткөн. Жаңы отурукташкан кыргыз волосттору пайда болуп, кыргыздардын арасында көчмөн чарбалардын үлүшү өтө жогору бойдон калган. "Кыргыз райондорунун калкынын 80% ден ашууну мал чарбачылыгы менен алектенип, өнүгүүнүн өтө төмөн деңгээлинде болгон" [200, 24-б.].

Демек, Пишпек уездинде жергиликтүү көчмөн да, жергиликтүү отурукташкан волосттор да, европалык волосттор да болгон. Атап айтканда, 25 орус волосту 532ден ашык калктуу пункттарды жана хуторлорду камтыган. Бул конуштардан тышкары 14 жана 30 көчмөн отурукташкан кыргыз волосттору болгон.

Колониялык бийликтин кыргыз урууларын жана уруктарын бөлүп жаруусу, аларды өзүнчө административдик-аймактык бирдиктерге чачыратууга умтулуусу каалаган натыйжасын берген эмес. Айрым уруулардын

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

өкүлдөрүнүн бийлик үчүн күрөшүү процессинде волосттор аздыр-көптүр бир өңчөй болуп калган.

1916-жылдагы көтөрүлүш, падышанын ырайымсыз жазалоочуларынын кандуу басышы Түркстан АССРинин калкынын санынын өзгөрүшүнө, көчмөн волосттордо калктын бир кыйла азайышына өбөлгө түздү [218]. Буга байланыштуу 1920-жылы көчмөн волосттору бириктирүү жүргүзүлгөн. Бир нече чектеш аймактык волостор "механикалык" түрдө бир волостко бириктирилген [155, 32-б.]. 1917-жылы Пишпек уездиндеги волосттордун саны 44 бирдик болсо, бириккенден кийин 10го жеткен. Пржевальский уездинде 32 волост (1899-жылга чейин Ысык-Көл, 1922-жылдан (1919-ж.). Каракол) болсо, 1920-жылы 20, Нарын уездинде 9 волост калган.

Фергана областында волосттук бөлүштүрүүдө олуттуу өзгөрүүлөр болгон эмес. Ош уездинде 1917-жылдагы эл каттоо боюнча 14 волост болуп, бул 1920-жылы да сакталып калган. Ушундай эле көрүнүш Кокон (Скобелев) жана Наманган уездинде да байкалган. Фергана жана Анжиян уезддеринде бирден жаңы волост пайда болгон. 1920-жылга карата алардын саны Фергана уездинде 20га, Анжиян уездинде 23кө жеткен.

Wondershare PDFelement

Жаңы административдик бөлүштүрүүнү калктын туура эмес түшүнүү менен кабыл алуусу терс көрүнүш болгон. 1920-жылдагы Бүткүл союздук айыл чарба каттоосунун жүрүшүндө «калк айылдын санын гана эмес, волосттун атын да билбейт» деп айтылган [154, 325-б.]. Кээ бир волосттук аткаруу комитеттер да калктуу пункттар жана айылдар боюнча так маалыматтарды бере алышкан эмес.

Автономиялуу республикадагы волосттордун так саны да суроолорду жараткан. ТүркАССРинин волостторунун тизмесинде Талас өрөөнүндөгү Жетыгон волосту белгиленген эмес, бирок мындай волост болгон [156, 18-б.]. Ошол жылдардагы адабиятта «Республикада волосттордун так санын атай турган адам табылышы күмөн» деп белгиленген [155, 32-б.].

1921-жылы НКВД «Түркстан С.С. Республикасынын областтары, уезддери жана волосттору» [172, 41-б.] тизмесин жарыялаган. Бул документте бир катар кемчиликтер жана так эместиктер бар. Көптөгөн волосттордун аттары туура

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

эмес берилип, Памирдеги беш волосттун баары таптакыр эле алынып салынган. Тизмеге чындыгында жок волосттор кирген. 1920-жылдагы эл каттоонун жүрүшүндө азыркы административдик түзүлүш боюнча маалыматтар киргизилген. Волосттордун саны так аныкталбагандыктан, волосттун болушунун формалдуу жагы жөнүндө маселе каралган эмес [8, 35-б.]. Түркстан АССРинин башкаруу органдарынын эффективдүү иштеши үчүн Түркстандын так (эч нерсесин калтырбаган) административдик картасын түзүү зарыл болгон, бул болсо көп күч-аракетти жана каражатты талап кылган. 1922-жылдын август айында волосттордун аздыр-көптүр так чектерин көрсөткөн Түркстандын картасы жарыяланган [8, 36-б.].

Революциядан кийин волосттордун демографиясында өзгөрүүлөр болгон. Соода-сатык мамилесинде көчмөн волосттор «өз аймагында чатырланган орус конуштарына» [156, 24-б.] ыкташкан. Колониялык бийликтин саясатын ишке ашыруу үчүн орус кыштактарынын көбү кыргыз волосттору менен тилкелерде жайгашкан. Көбүнчө мындай кыштактар ат-почта жолдору же дарыя өрөөндөрүндө, айдоо жана сугаруу үчүн ыңгайлуу түздүктөрдүн боюнда жайгашкан.

Көпчүлүк көчмөн волосттордо уруулук байланыштар жоюлган эмес. Бул волосттордун калкы «уруулук топтордун негизинде административдик бөлүнүүнү курууга көбүрөөк ыкташы мүмкүн» [156, 24-25-б.]. Бирок уруулардын көбү жанаша жайгашып, бир аймакты мекендеген эмес. Революциядан кийинки мезгилде бийлик тилкелик волосттордү башкаруунун ыңгайсыздыгын, мындан тышкары мындай бөлүнүү экономикалык натыйжалуулукту азайтаарын, эл чарбасына терс таасирин тийгизгээрин көргөн.

Эгерде 1917-жылга чейин жергиликтүү волосттор (көчмөн жана отуруктаашкан) жана орус айылдык коомдору болсо, большевиктердин келиши менен акыркысы биринчилери менен биригип кеткен.

Пишпек уездинде волосттор жапырт кошулгандан кийин 1920-ж. төмөнкү волостор катталган: (Тиркеме 2) Пишпек уездинин волосттору Таблица 4 [156, 15-б.].

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Каракол уездинде 1920-жылдагы эл каттоо боюнча төмөнкү волосттор болгон: 1920г.: (Тиркеме 3) Каракол уездиндеги волосттор Таблица 5 [156, 13-14-б.] 1920-жылдагы эл каттоого ылайык Нарын уездинде төмөнкү волосттор болгон:(Тиркеме 4) Нарын уездиндеги волосттор Таблица 6 [156,14-15-б.].

Ош уездинде волосттордун бекемдөө болгон эмес, волосттук бөлүштүрүү мурдагыдай эле калтырылган. Фергана өрөөнүндө басмачылардын кыймылы уланган [128, 195-б.]. Түштүктө жүрүп жаткан согушка байланыштуу административдик бөлүнүүнү реформалоо мүмкүн эместей көрүнгөн. 1920-жылдагы эл каттоого ылайык уездде төмөнкү волосттор болгон: (Тиркеме 5) Ош уездиндеги волосттор: Таблица 7 [156, 24-25-б.].

Отурукташкан жана көчмөн волосттор бир административдик бирдикке биригишкен. Ар бир волосттун калкынын жыштыгын отурукташкан волосттордо гана так аныктоого мүмкүн болгон, ал эми так чек арасы болбогон көчмөндөрдө болжолдуу маалыматтарды алынган. Эгерде отурукташкан волосттордогу айылдык жамаатты санын эсепке ала турган болсок, анда 1917-жылы орто эсеп менен ТүркАССР боюнча бир волостко 7,7 айылдык жамаат туура келген. 1920-жылы алардын саны 8,4ке жеткен. Көчмөн волост 7,1 ден 9,5 чейинки административдик айылдардан турган. Көпчүлүк отурукташкан волосттор 5-6 айылдык жамааттарга бөлүнгөн.

Революциядан кийин волосттордун аталышы өзгөргөн. Революцияга чейинки мезгилде бир катар волосттор помещиктердин, жергиликтүү манаптардын же диний ишмерлердин аттары менен аталган. Совет өкмөтү эксплуататордук элементтер менен карама-каршылыкта болуп, мындай административдик-аймактык бирдиктердин атын кайра атоо жөнүндө маселени койгон. Ошентип, Пишпек уезддик-шаардык революциялык комитетинин чечими менен Жангарач жана Түлөберди волосттору Жыламыш жана Кантоев деп аталып калган. Волосттордун жаңы аттары ошол жердин аталышынан келип чыккан.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Волосттук борборлор калкты тейлөөгө ыңгайлуу аралыкта жайгашуусу керек болучу, алар чарбалык муктаждыктарга дээрлик эч кандай тиешеси жок болсо дагы, алардын ролу, административдик-чарбалык бирдиктер катары уезддик администрациянын буйруктарын аткаруучулук мүнөздө болгон. Бир катар волосттордо таблицадан көрүнүп тургандай, туруктуу борборлор болгон эмес. Көчмөн волосттордо табигый чек болуучу өзөн волосттук борборлордун милдетин аткарган, волосттун мүчөлөрү алдын ала белгиленген күндөрү ар кандай маселелерди чечүү үчүн чогулушкан.

Көчмөн жашаган аймактарда сөздүн толук маанисинде калктуу пункттар болгон эмес. Бул пункттарды “өзүнчө кыштоо” [155, 32-б.] деп атоо туурараак болор эле, анда адамдар күз-кыш айларында бир нече ай жашап, калган убактарда ал жерде эч ким жашабай калган.

Почта-телеграф жана ат-почта тармагы аркылуу волостторго жана уездерге жөнөтмөлөрдү жана кабарларды жеткирүү ишке ашырылган. Байланышты жакшыртуу максатында 1919-жылдын 16-январында Түрк. АССРинин Борбордук Аткаруу Комитети өзүнүн декрети менен бардык ат-почта станцияларын [111, 94-б.] улутташтырган.

ЖЭСке өтүү менен экономиканы комплекстүү өнүктүрүү максатында Советтердин Бүткүл россиялык VIII съезди өзүнүн токтомунда «согуш мезгилиндеги мамлекеттик аппаратты шашылыш децентрализациялоону жана Россияны райондоштуруу проблемасынын» [106, 145-б.] зарылчылыгын белгилеген.

Райондоштуруу боюнча жергиликтүү комиссиялар түзүлүп жаңы административдик башкаруунун долбоорун түзүү иштери жүргүзүлгөн. Ушундай эле комиссия Түркстан эл чарба Советинин Мамлекеттик пландоо комитетинин алдында түзүлгөн. ТүркАССР үчүн үч мүчөдөн турган административдик-чарбалык бөлүнүү иштелип чыккан: борбор (Ташкент) – округ – райондук волост. Бул бөлүштүрүүгө ылайык 12 округ, 150 райондук волост [156, 3-б] болуп долбоорлонгон. Анда төмөнкү факторлор эске алынган:

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

- демографиялык: калктын жыштыгы, калктын чарбалк иш-аракеттеринин багыттары, жалпы калктын санына эмгекке жарамдуу калктын %, жалданма жумушчулардын % ж.б.
- жер менен камсыз болушу: жерге болгон ээликтин өлчөмү, 1 чарбага айдоо үчүн жарактуу жер аянты, 1 чарбага айдоо жеринин аянты ж.б.
- жер шарттары: бардык сугат аянтынын %, бак-дарактардын жана жүзүмзарлардын аянты, айдоо жерлеринин аянты, чабындылардын аянты ж.б.
- табигый - тарыхый.

Жогоруда айтылгандардан тышкары өнөр жайдын, байланыш системаларынын, ирригациялык курулуштардын системаларынын өнүгүшүнүн дэңгээли сыяктуу факторлордун таасирин эске алуу керек эле.

Жаңы округдук волостторду долбоорлоодо изилдөөчүлөр физикалык-географиялык өзгөчөлүктөргө, б.а. климатка, топуракка, өсүмдүктөргө, жер бетинин түзүлүшүнө негиздешкен. Бул белгилерге алар ар кандай аймактардын ортосундагы экономикалык чөйрө түшүнүгүн, ар башка райондор ортосундагы экономикалык алмашууну кошушкан. Мисалы, көчмөн жана отурукташкан аймактардын ортосунда товар алмашуу системасын түзүү максат болгон.

Комиссия райондук волосттордун экономикалык жана жаратылыш шарттарын эске алууга аракеттенген. 1921-жылдын 1-февралында Жети-Суу областынын Каракол уездинин маселеси каралган, анда жердин сапаты, жерди пайдалануунун ченемдери, дыйкан чарбаларынын экономикалык күчү сыяктуу өзгөчөлүктөргө ылайык түзүлгөн алты районду түзүү долбоорлонгон. Изилдөөлөрдү ж. Бурыгин даярдаган, ал Румянцевдин эмгектерин жана 1917-жылдагы эл каттоонун материалдарын, ошондой эле мурдагы көчүрүү башкармалыгынын материалдарынан алынган табигый тарыхый мүнөздөгү маалыматтарды пайдаланган [203, 75-б.]. Ушундай эле иштер Пишпекте да, башка уездерде да жүргүзүлгөн.

Түркстанды райондоштурууда кайсы сугат каналдары, дамбалар, суу сактагычтар, айдоо жерлери үчүн ылайыктуу суу менен камсыз кылган

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

дарыяларды эске алуу зарыл эле. Фергана облусунун ирригациялык тармагы эксплуатациялык мамиледе алты суу округуна бөлүнгөн: Анжиян, Кампыр-Рават, Кокон, Наманган, Маргелан, Ош, Кампыр-Рават тилкесинде чоң таштан жасалган суу топтогуч дамбалуу суу бөлгүч жайгашкан. 1921-жылы Жети-Суу областындагы Пишпек суу округунда 117 миң десятина сугат аянты жана Каракол округунда 65 миң десятина сугат аянты болгон [128, 114-б.]. Сугат аянтын көбөйтүү үчүн РСФСРдин Эл Комиссарлар Совети Чүй өрөөнүндө ирригациялык курулуштарды куруунга каражат бөлгөн [118, 25-б.].

Суу бөлүштүрүүдөгү 1924-жылдагы райондоштуруунун авторлорунун оюу боюнча Түркстандын жаңы административдик түзүлүшү, чарбалык-административдик бөлүнүш менен катар негизги фактор болуп калышы керек эле. Ал эми чарбалык эсеп үстөмдүк кылган кезде, жергиликтүү элдин кызыкчылыгы эске алынган эмес. Этникалык топтор үчүн өзүнчө аймактык-административдик бирдиктер жөнүндө маселе алардын чарбалык ишмердүүлүгүнө жараша каралганы менен административдик бөлүнүштүн долбоорунда каралган эмес. Ал көчмөн, жарым көчмөн жана отурукташкан калкы бар волостторду түзүүгө тийиш болгон. Жаңы райондоштуруунун авторлорунун пландары боюнча көчмөндөр, жарым көчмөндөр жана отурукташкан калк жашаган аймактардын ортосунда соода-сатык түзүлүүгө тийиш болгон.

Экономикалык райондоштуруу боюнча иштелип чыккан план жүзөгө ашырылган эмес, анткени анын ордуна В.И. Ленин Түркстанды бөлүштүрүүнү, анын ичинде Өзбек республикасына Бухара жана Хива эл республикасын, Кыргызстан (Казакстан) менен Түркмөнүстанды кошуу зарылдыгын көрсөткөн [190, 151-б.].

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

## 2.2. Кыргызстандагы аймактык башкаруунун формалары жана ыкмалары (1918-1924-жж.)

Коомдо болуп өткөн өзгөрүүлөр – нарктык багыттардын өзгөрүшү, менчикти улутташтыруу – калк менен бийликтин ортосундагы мамилени өзгөрттү. Жергиликтүү калкты башкаруунун ар кандай ыкмалары иштелип чыккан. Большевиктер негизинен шайланган кеңештердин бийлигине таянышкан. Кээ бир жерлерде жаңы бийлик чукул кырдаалдагы башкаруу органдарын киргизүүгө аргасыз болгон, анткени көптөгөн кечиктирилгис проблемалар: чет элдик интервенцияга, басмачылар кыймыга жана жарандык согушка каршы күрөш келип чыккан.

1918-жылы январь айында РСФСРдин НКВДсы «Жумушчу, дыйкан, солдат жана жумушчу депутаттарынын кеңештеринин укуктары жана милдеттери жөнүндө» [94, 38-б.] көрсөтмө чыгарган, ага ылайык жергиликтүү мүнөздөгү суроолорго толук өз алдынча жооп берген кеңештер жергиликтүү бийлик болуп саналган. Кеңештерге жергиликтүү бийлик органдары катары жергиликтүү турмуштун бардык жактарын: административдик, чарбалык, финансы жана маданий-агартуу иштерин башкаруу жана тейлөө милдеттери жүктөлгөн.

Түркстан крайынын Эл комиссарлар кеңешинин ишмердигин жөнгө салуу максатында 1917-жылы «Жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын жергиликтүү кеңештерин уюштуруу жөнүндө жобо» [103, 574-б.] кабыл алынып, анда алардын ишмердиги жана түзүмү белгиленген. Бул документте област, уезд, волост, шаарлардагы жана айылдардагы аткаруу бийлик органдарынын түзүмү да бекитилген. Бул токтом кабыл алынгандан кийин бардык жерде айылдык, волосттук жана уезддик кеңештер түзүлгөн. 1918-жылы июнь айында Пишпек уездинин дээрлик бардык жеринде айылдык кеңештердин аткаруу комитеттери түзүлгөн [92, 100-102-б]. Ушундай эле иштер Нарын жана Пржевальск уездеринин айыл жана кыштактарында жүргүзүлгөн.

Кеңештердин ишмердиги эки багытта топтолгон: жаңы башкаруу аппаратын түзүү жана эл чарбасын тартипке салуу [122, 61-б.]. Совет бийлигинин алгачкы кадамдарынын бири менчикти улутташтыруу жана эмгек

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

предметтерин конфискациялоо болгон. Улутташтырылган мүлктү башкаруу үчүн эл чарба кеңештери түзүлгөн. Уезддик-шаардык аткаруу кеңештеринин алдында эл чарбасынын бөлүмдөрү уюштурулган. Июнь-август айларында мындай бөлүмдөр Пишпек, Ош, Пржеваль, Олуя-Ата уездеринде түзүлгөн [148, 119-б.].

Жергиликтүү бийлик органдарына мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн жолго коюу үчүн көп күч-аракет талап кылынган. Кыргыз дыйкандары колонизаторлордун эзүүсүнө нааразы болушкан, атап айтканда, «узунгыр волостунун кыргыздарынан жер басып алуулар» [130, 57-б.] болуп, ал эми кегети казактары кыргыздарды Шамшы волостундагы жерлерден күч менен сүрүп, малын тартып алышкан. Жерди жана малды басып алууну токтотуу максатында Пишпек Совети анархияны жана каракчылыкты жоюу үчүн тергөө комиссиясын жиберет. Комиссия бир туугандар Матвей, Иван, Тимофей Краснобородкин, И.Гигин, И.Чехов [130, 57-б.] зордук-зомбулук, каракчылык кылганын аныктады.

Улуттар аралык мамилелер боюнча маселени токтоосуз чечилиши талап кылынды, өзгөчө областтык жана райондук аткаруу комитеттердин [139, 71-б.] кызматкерлерине тиешелүү бийлик алардын арасындагы улуттар аралык мамилелер жөнүндөгү маселе курч турган.

Улуу державалык шовинистик кызматкер - европалыктардан кутулуу үчүн убакыт керек эле. Пишпек уездинде жашаган ар кыл улуттардын маселелерин чечүү үчүн, 1918-ж. улуттук комиссариат түзүлүп, анын курамына түрдүү улуттардын өкүлдөрү: кыргыздар, казактар, өзбектер, татарлар ж.б. кирген [131, 34-б.]. 1919-жылы 8-октябрда Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитети менен РСФСР Элдик Комиссарлар Совети Түркстан иштери боюнча комиссияны жана РКП (б)нын Түркстан бюросун түзүп, аны Туркстан элдеринин ортосунда турмуштук мамилелерди жөнгө салуу максатында Ташкентке жөнөткөн [117, 80-б.].

Пржевальск уездинде уезддик земство чогулушунда депутаттар кеңеши деп аталып, - муктаждыктар жөнгө салуу маселеси боюнча комиссарлардын

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

кызматтарын киргизилген. Ал Жетисуу Эл Комиссарлар Кеңешинин чечими менен уезддик депутаттар кеңешинин курамына кирген, ошол эле учурда эс алуудагы жоокерлер кеңеши да жоюлган [132, 112-б.].

Пишпек уезддик депутаттар кеңешинин алдында төмөнкүдөй бөлүмдөр түзүлөт: административдик-жарандык, тамак-аш, жер, өнөр жай-соода, каржы-соода жана аскердик [51, л.6].

Ош уездинде Совет бийлиги чоң көйгөйлөргө туш болгон. Бул жерден ал уюшулган кезде курамы боюнча ар түрдүү эки кеңеш: мусулман жумушчулары жана чайрикер дептуттар менен солдат депутаттарынын кеңеши болгон. 1918-жылы январда экинчи жолу шайлангандан кийин, расмий түрдө бийлик орган болуп калган [141, 181-б.]. Жалал-Абадда Совет бийлиги Анжиянда орногондон кийин жарыяланган.

Айрыкча чек арадагы Нарын районунун абалы оор болгон. Райондун борбору уездден алыс болгондуктан област менен байланышты кыйындаткан. Кадрлар жетишсиздиги жана алардын билимсиздигинин себептери Ж.Абдрахмановдун айтымында, төмөндөгүлөр болгон: «Биринчиден, ошол анча-мынча интеллектуалдык күчтөргө күнүмдүк практикалык иштер жүктөлгөндүктөн өздөрүнүн квалификациялык билимин толуктай алган эмес, б.а. теориялык жактан даярдана алышкан эмес, экинчиден, жумушчуларды даярдай турган атайын окуу жайлары болгон эмес» [142, 268-б.]. Төмөнкү класстагы кызматагы катмардан сунуш кылынган талапкерлердин билим талапка жооп берген эмес, анткени «ал күтүлгөн натыйжаларды берген жок, алардын кээ бирлеринин жеткиликтүү башталгыч сабаттуулугу болгон эмес, бирок коомдук-саясий ишке карганда жеке жыргалчылыгы үчүн көбүрөөк умтулган адамдарды көрсөтүүгө туура келген» [109, 195-196-б.]. Уезддик революциялык комитет жана партиялык уюмдар колониялык администрациянын мурдагы кызматкерлерин, ошондой эле эсерлерди менен меньшевиктерди кызматка тартууга туура келген. Бирок Жети-Суулук областтык революциялык аскер кеңеши мурдагы волосттук башкаруучуларды жана колониялык

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

администрациянын мурдагы өкүлдөрүн жергиликтүү бийлерди революциялык комитеттерде иштөөгө тыюу салган.

1918-жылдын 3-январында Түркстан Эл Комиссарлар Совети көчүрүү башкармачылыгын жана анын органдарын жоюу жөнүндө чечим кабыл алат. Басып алынган жерлер жер фондусуна өткөрүлүп кийин жери жок жана жери аз дыйкандарга бөлүштүрүлүп берилген. Мисалы, Пржевальск уездинде монастырдан 1774 гектар жери конфискацияланып, качкындар 80 миң гектар жерди [150, 291-б.], ал эми Ош уездинде ишкерлер 600 танап жерди [157, 549-б.] алышкан.

Улуу державалык шовинизмге каршы күрөш жергиликтүү этностордун өкүлдөрүнүн ага болгон ишенимин бекемдеген. Жергиликтүү калкты курулушка активдүү катышууга тартуу жана аларга иш кагаздарын жүргүзүүгө түздөн-түз катышуу мүмкүнчүлүгүн берүү максатында Түркстан АССРинин Эл Комиссарлар Совети 1921-жылы 28-мартта «волосттук, кыштактык жана айылдык аткаруу комитеттерде иш кагаздарын жүргүзүүнүн бардык түрлөрүн жергиликтүү тилдерде жүргүзүү» [192, 147-б.] жөнүндө токтом кабыл алган. Иш кагаздарын жергиликтүү тилге которууга мүмкүн болбосо, котормочу тартуу сунушталды. Бул токтомду ишке ашыруу ички иштер Эл Комиссарлыгына тапшырылды.

Ошол жылдардагы шартка байланыштуу мурдагы падышачылык мезгилдеги байланыш жана финансы мекемелери менен катар волосттук башкаруучулар жана айылдык старчындар институтары иштерин улантып келген [132, 131-б.]. Бул көрүнүш өзгөчө Кыргызстандын түштүгүнө мүнөздүү болгон. Волосттук башкаруу жана айылдык старчындар институтун жоюу максатында 1918-жылдын аягында Советтерге кайра шайлоолор өткөрүлөт. 1918-жылы түзүлгөн волосттордогу кеңештер али алсыз болуп, «алардын көбү бийлик органы катары өзүн толук көрсөтө алган эмес» [158, 67-б.], ал эми айрым жерлерде жаңы бийлик орнотула элек болгон (Эркечтам, Суусамыр ж. б.).

Жер-жерлерде волосттордун жана уезддердин Советтеринин съезддери болуп, анда совет бийлигинин органдарынын иши жөнүндөгү отчёттук

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

докладдар угулуп жана талкууланган. 1920-жылы Пишпек, Пржевальск жана Нарын уезддеринде кеңештердин курултайы болуп, анда советтик жана чарбалык курулуштун маселелери талкууланган.

Өзгөчө кырдаалдагы башкаруу органдары – аскердик революциялык комитеттер түзүлгөн. Түрк АССРинин Борбордук Аткаруу Комитети 1919-жылдын 11-январында Фергана өрөөнүндө тартипти орнотуу максатында «Фергана областтык революциялык комитетин уюштуруу жөнүндө» [166, 135-б.] токтом кабыл алган. Бийликтин өзгөчө кырдаал органынын уюштуруусу менен областтык аткаруу комитетинин бардык саясий жана административдик бөлүмдөрү областтык аскер-революциялык комитетке баш ийди. Революциялык комитеттин иштөө мөөнөтү - «басмачылар толук жоюлуп, тынчтык турмуш орногонго чейин» [159, 21-б.] аныкталган.

Революциялык Аскердик Совет бардык согуштук операцияларга жалпы жетекчиликти ишке ашырган. 1919-жылдын аягында Пишпек, Пржевальск, Токмок жана Нарын уезддеринде [136, 148-б.] революциялык комитеттер түзүлүп, алар мобилизациялык иштерди жүргүзүп, улуттук кошуундарды [128, 153-б.] уюштурушкан.

Партиялык органдар көбүнчө өздөрүнүн кызмат абалынын чегинен чыгышкан жана революциялык комитеттердин административдик-чарбалык иштерине кийлигишишкен, бул болсо партиялык органдар менен революциялык комитеттердин ортосунда кандайдыр бир атаандаштыкка алып келген. 1919-жылдын 19-ноябрында Фергана областтык революциялык комитети «жергиликтүү революциялык комитеттер менен партиялык комитеттердин ортосунда туура мамиле түзүү маселесин» [158, 75-б.] караган. Ушул токтом менен уезддер менен волосттордогу Советтердин аткаруу комитеттерин таркатып, алардын ордуна революциялык комитеттерди дайындаган.

1919-1920-жылдары өлкөдө граждандык согуштун шартында «уезддик жана шаардык партиялык жана советтик органдар бириктирилип, алардын ордуна уезддик жана шаардык партиялык комитеттер жана революциялык комитеттер түзүлгөн» [120, 108-б.].

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Басмачылардын кыймылына каршы күрөшүү үчүн Түркстан Борбордук Аткаруу комитети Анжиян, Наманган жана Олуя-Ата уезддеринде революциялык комитеттерди киргизет.

Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин революциялык комитеттер жөнүндөгү жобосу революциялык комитеттердин укуктук негизи болуп кызмат кылган. Жобо боюнча революциялык комитеттер үч түргө бөлүнгөн: 1) совет бийлигине каршылаштардан бошотулган райондордун революциялык комитеттери, 2) фронттун революциялык комитеттери, 3) тылдын революциялык комитеттери. Жобо ошондой эле революциялык комитеттерди түзүүнү кайсы мамлекеттик органдарга тапшырууга тийиш экендигин аныктаган [152, 516-б.]. Революциялык комитеттерге Советтердин аткаруу комитеттеринин укуктары берилген. Кыргызстандын аймагында биринчи революциялык комитет 1918-жылдын 9-декабрында Ош уездинде түзүлгөн [159, 23-25-б.].

1920-1922-жылдары «Кыргызстандын аймагында башкаруу органы уездик жана райондук революциялык комитеттер болгон» [158, 76-б.]. Волосттук революциялык комитеттердин саны ар кандай маалыматтар боюнча 36 га жеткен. Волосттук революциялык комитеттер менен катар айылдыктар да болгон. Ош уездинде алардын саны 99, Пишпек уездинде 71, Пржевальск уездинде 45 айылдык революциялык комитеттер болгон. Кеңештердин революциячыл комитеттин айырмасы - депутаттардын Кеңештери шайланган, ал эми революциялык комитеттер - жогорку партиялык, советтик органдар жана аскердик командачылык тарабынан дайындалган. Уездик-шаардык революциялык комитеттер адатта бештен жети киши, волосттуктар үчтөн бешке чейин, айылдыктар үч кишиден турган. Уездик бөлүмдөрдө да революциялык комитеттер түзүлгөн. Ошентип, атап айтканда, 1920-жылы Өзгөн бөлүмүндө Куршаб, Ясинск, Өзгөн, Акжар; Гүлчө бөлүмүндө - Капчыгай, Караташ, Гүлчө жана Алай революциялык комитеттери түзүлгөн [159, 24-б.].

1920-жылдын март айынын башында Ош уездик-шаардык революциялык комитети жана РКП(б)нын мусулмандар бюросу волосттук революциялык комитеттерди бекиткен. 1920-жылы 20-апрелде Нарын уездик шаардык

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

революциялык комитетинин буйругу менен бардык волосттордо жана кыштактарда революциялык комитеттер дайындалган. Жер-жерлердеги революциялык комитеттер өзүлөрүн революциялык органдар катары көрсөтүп, алар советтик курулуштун уюштуруучулары жана алып баруучулары болушкан.

Пишпек уезди-шаардык революциялык комитетинин алдында башкаруу бөлүмү, финансы, тамак-аш, жер-суу, аскер жана эл агартуу бөлүмдөрү  жана эл чарба бөлүмдөрү иштеген [98, 15-16-б.]. Башкаруу бөлүмү революциялык тартипти, жумушчулар менен дыйкандардын укуктарын коргоо маселелерин жетектеп, Совет бийлигинин мыйзамдарын жана декреттерин ишке ашырууда революциялык комитеттердин башка бөлүмдөрүнө жардам берген.

Советтердин бийлиги бекемдеген сайын  уезддик борборлордо  сот системасы да өзгөргөн. 1917-жылы декабрда Түркстан крайынын Эл комиссарлар кеңеши сот мекемелерин кайра түзүү жөнүндө буйрук чыгарган [104, 237-238-б.]. 1918-жылы Пишпек жана Ош уезддик-шаардык кеңештеринин алдында сот бөлүмдөрү түзүлгөн жана  иштей баштаган [150, 279-б.].

Салттуу сот системасы да сакталып калган. 1921-жылдын октябрында Түркстан АССРнин БАК президиумунун чечими менен отурукташкан аймактар үчүн казы соттору жана көчмөн жана жарым көчмөн аймактар үчүн бий соттору жөнүндө жобо бекитилген [22, л.42,44]. Ош уездинде жана Жалал-Абад участкаларында  революциялык комиеттеттин кызматкерлери «казылар менен бийлердин соттору жөнүндө, алардын мусулман калкынын муктаждыктарына жана турмуш-тиричилигине жооп берген милдеттери жөнүндө шариятты жана салт укуктарын калыбына келтирүүдөгү» [159, 82-83-б.] жаңы мыйзамды түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн.

1918-жылы РСФСРдин Эл Комиссарлар Совети «Чиркөөнү мамлекеттен жана мектептен бөлүү жөнүндө» декрет кабыл алган. Ушул жылы Кыргыздардын I  курултайынын  ылайык Пишпек уездинде жергиликтүү калк үчүн мектептер тармагы түзүлгөн. Күзүндө уезде окуучулардын жалпы саны 8 миңди түзгөн 69 мектеп , ал эми Пржевальский уездинде - 56 мектеп болгон. Ош уездинде 13 мектеп болсо, анын ичинен 4 мектеп шаарда жайгашкан [123, 49-б.].

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Совет бийлиги уланып жаткан жарандык согушка жана басмачылардын кыймылына байланыштуу өзгөчө кырдаалдар органын түзүүгө аргасыз болгон. Революциялык тартип жана аскердик-революциялык мезгилдеги чараларды колдонуу, бийликти катуу боборлоштуруу революциячыл комитеттердин жетектөөчү принциби болгон [55, л.45]. Уездик революциялык комитеттер волосттук революциялык комитеттерди түзүп, волосттук аткаруу комитеттерин жойгон. Уездик революциялык комитеттер областтык революциялык комитеттерден жалпы жетекчиликти алышкан. Пишпек уездик революциялык комитети Беловодск районуна революциялык комитетти дайындаган [159, 21-б.].

Олуя-Ата уездинин Талас (тоолуу) участогунда 1920-жылдын январында Күркүрөө, Байтерек, Үрмарал, Кеңкол, Каракол, Александровка, Дмитриевка жана башкаларда революциялык комитеттер дайындалган [159, 21-б.]. Ош уездинде басмачылардын кыймылынан улам түзүлгөн оор кырдаалга байланыштуу бардык волосттуктарда волостук ревокомдор түзүлүп, алар 1920-жылдын 20-мартында ишин баштаган. Ар бир волостто бештен он экиге чейин айылдык революциялык комитеттер, бардыгы болуп Ош уездинде – 99 айылдык революциялык комитет түзүлгөн [159, 22-б.]. Начар уюштурулгандыктан жана квалификациялуу кадрлардын жетишсиздигинен чарбалык тартиптин маселелеринде баштапкы бийлик органдары (волосттук, кыштактык, айылдык) жогорудан келген директиваларды өтө начар алып баргандыктан чарбалык иштер артта калган жана жергиликтүү чарбанын начар уюштуруучулары болуп кала беришкен. Совет бийлигине коркунуч күчөгөн учурларда революциялык комитеттер бардык советтик органдарды башкарууга өзгөчө кеңири укуктарга ээ болгон аскердик-революциялык комитеттерге айландырылган, ошондой эле аларды антисоветтик элементтерден тазалашкан.

1920-жылдын 4-мартында Түрк БАК жер реформасы жөнүндө декрет кабыл алып, анда ири менчик ээлеринен жерлерди конфискациялоо жана аларды өз алдынча иштеткендердин пайдалануусуна берүү жөнүндө каралган. Жумушчу эмес элементтердин карамагындагы жерлер конфискацияланып, айылдык жана айылдык жамааттардын карамагына өткөрүлүп берилген [164,139-б.].

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Фергана өрөөнүндөгү жергиликтүү калктын арасында өз бийлигин чыңдоо үчүн Совет өкмөтү Түрккомиссиянын чечимине ылайык басмачыларга каршы күрөшкө Совет өкмөтүн колдоого катышкан, мурда белгилүү инсандардын урпактарын аскердик-административдик ишке тарткан [206,20-б.].

Жаңы өкмөт тарабынан кызматка алынгандардын арасында Алай ханышасы Курманжан-Датканын небереси Кадырбек Камчыбеков болгон. 1918-1920-жылдарда Кашкар-Кышлак волостунун төрагасы болгон. К.Камчыбековдун кыргыздардын басымдуу бөлүгү колдоого алган, бул болсо тоо жана тоо этектериндеги волосттор менен болгон байланыштын чыңдалышына салым кошкон. Гүлчө волостунун Аткаруу бюросунун мүчөсү катары иштебеген чарбаларды эсепке алуу боюнча комиссиянын ишин уюштуруп, кыргыз көчмөн калкынын партиясыз конференциясын чакыруу боюнча даярдык иштерин жүргүзгөн [149,81-б.]. Фергана областында бардык жерде партияда жоктордун 28 конференциясы өткөрүлүп, «Ферғананын эмгекчи дыйкандарды советтик курулушка тартуунун биринчи кадамы катары эбегейсиз зор мааниге ээ» Фергана областынын аткаруу комитети төмөнкү аткаруу комитеттерин, областтык аткаруу комитеттин президиумунун мүчөлөрүн жана шаардын аткаруу комитеттерин жер-жерлерге жиберүүнү тапшырды. Отчёттук мезгилдин ичинде областтык аткаруу комитетинин төрагасынын 12 жана областтык аткаруу комитетинин 8 мүчөсүнүн бардыгы болуп 12 иш сапары жүргүзүлгөн. Түрккомиссия жана Туркстан Компартиясынын Борбордук Комитети улут саясатын жүргүзүүдө, партиялык-уюштуруу жана советтик иштерди жүргүзүүдө жергиликтүү эмгекчилерге көмөк көрсөтүү үчүн Түрккомиссия жана КП БК тажрыйбалуу большевиктерди жер-жерлерге жиберишкен.

## 2.3. Кыргызстандын аймагындагы жаңы уезддер: түзүүнүн себептери, өбөлгөлөрү жана алардын ишмердүүлүгү

1920-жылга чейин Түркстан АССРнин аймагында бир нече жаңы уезддер уюштурулган. Берн жана Пржевальск уезддеринин айрым бөлүктөрүнөн Жаркент уезди түзүлгөн. 1918-жылдагы Беловодскидеги баш аламандык социал-

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

революционерлердин өздөрү үчүн бөлүмдөрдү түзүүгө умтулгандыктары ачыкталган. Көтөрүлүштүн уюштуруучулары Пишпек Советине: «Саясий туткундардын баарын бошотуу, социал-революционерлердин партиясын жетектөөчү партия деп таануу, Беловодск участогун автономиялуу уездге бөлүп берүү жана ал жерден Кызыл Армиянын бардык жоокерлерин чыгарып кетүү» талабын коюшкан. Жаңы уездди түзүү аракети ийгиликтүү болгон жок. Жети-Суу фронту 22-декабрда Ю.Логвиненконун командачылыгы астында полкту жиберип, «акыры Пишпек шаарын бошотуп, Беловодскидеги эсерлердин уюгун талкалаган»

1918-жылдын 30-сентябрында Абилда волостунун тургундары Токмок участогун Пишпек уездинен көз карандысыз өзүнчө бөлүп берүү маселесин көтөрүшкөн. Бул маселе Жети-Суу областтык аткаруу комитетинин №81 [ушул 1918-жылдагы] токтомунда Токмоктун уездин борборунан бир күндүк жол алыстыкта жайгашканы, ал жерде «азыркы учурда волосттун калкы ар кандай турмуштук маанилүү азык-түлүктөргө ээ болууда кыйынчылыкка дуушар болгону белгиленген» [23, л.3]. Ушундай эле арыз менен Темирболот волостунун (Тоолу району) жашоочулары Жети-Суу областтык аткаруу комитетине кайрылышкан. Тоолуу участогунун кеңешмесинин мүчөлөрүнүн №8 токтомунда «Жети-Суу областык аткаруу комитетинин № 81 токтомуна ылайык Токмок участогу Токмок уезди жана кыштагы болуп бекитилсин деген корутунду чыгарышкан. Себеби - шаар, биздин волосттубуз Токмоктон бир күндүк жол алыстыкта жайгашкан жана калк ар кандай турмуш-тиричилик буюмдарын жана материалдарды [Токмоктон] алат, ал эми Пишпек шаарына келсек, алыс жайгашкандыктан кызматтык иш боюнча аткаминерлер гана келген” [23, л.6]. Жогоруда айтылгандардын баары Токмок учатогунун депутаттар кеңешинин 1918-жылдын 4-сентябрындагы № 17 65 көрсөтмөлөрүнө ылайык, Токмок участогун Пишпек уездинин курамынан өз алдынча уездге бөлүү чараларынын алкагында белгиленген. Токмок участогунун көрсөтмөлөрү боюнча алар участоктун көз карандысыздык маселеси боюнча өз позициясын аныкташы керек болгон. Волосттун калкы бөлүнүп чыгууга макулдугун

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

билдиришкен, алар өздөрүн бул уездик деп эсептешкен, муну төмөнкүчө түшүндүрүшкөн. Биринчиден, уезддин борбору Пишпек шаарынан айырмаланып, волосттун Токмок кыштагына жакындыгы. Жакынкы волосттордун баары азык-түлүктү ушул айылдын базарынан сатып алышат жана сатышат. Экинчиден, ар кандай административдик-экономикалык жана социалдык маселелерди чечүү үчүн аймактык жакындыгы. Үчүнчүдөн, алардын жерлеринин жаңы пландаштырылган, уездин аймагында жайгашуусу. Ошентип, атап айтканда, Дмитриевка айылынын жарандары өздөрүнүн №23 көрсөмөлөрүндө айдоо жерлери Токмак участогунун аймагында жайгашканын жазып, жаңы уездин курамына кирүүнү каалашарын билдиришкен [23, л.17].

Орус кыштактарынын жашоочулары менен катар көптөгөн кыргыз айылдарынын калкы бул жердин өз алдынчалыгын колдошкон. 1918-жылдын 12-сентябрында Жанышев волостунун 250 алачык (кибитко) ээлери болгон жарандары Токмак участогунун эл депутаттарынын кеңешинин 1918-жылдын 4-сентябрындагы № 1766 Токмок участогун өз алдынча башкарууга бөлүп берүү жөнүндөгү сунушун угуп, бул сунушту №2 чечими менен колдошту [23, л.23].

Бул чечимге бардык элет калкы макул болгон жок. Маселен, Пишпек уездинин Качкын волостунун Ойгайым аймагына чогулган тургундары бул маселени талкуулап жатып, «Ушундай оор мезгилде уездди экиге бөлүү бүткүл кыргыз калкы үчүн оор жүк болот» деп белгилешкен. Алардын пикир келишпестигинин себеби, жаңы уезди уюштурууга кеткен чыгымдын натыйжасында карыздар болуп кетүү коркунучу болгон, анткени алар «Токмоктогу оор мезгилди өз баштарынан өткөргөн» [52, л.84].

Пишпек менен Токмок уездинин чек арасы так эмес болбогодуктан, талаштуу маселелердин бири Ысык-Ата минералдык сууларын административдик баш ийүү маселеси болгон. Ысык-Атанын минералдык суулары боюнча маселе Пишпек администрациясынын аны өз курамында сактап калууга умтулуусунан улам курчуп кеткен. Бирок бул аракет ийгиликсиз болуп, «Жумушчу-дыйкан депутаттарынын ушул (1919-ж.) октябрь айынан баштап областтык биринчи курултайынын токтомуна» ылайык, Ысык-Ата минералдык

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

суулары саясий, административдик жана экономикалык мамилелер жактан Токмок уездинин карамагына өткөн [52, л.105].

Жаңы түзүлгөн уездди башкаруу үчүн уезддик-шаардык революциялык комитет, коомдук-саясий уюмдар түзүлгөн. Токмоктогу «Жаш коммунист" союзунун курамына П.Волков, А.Лапин, Усманов, Ш.Абдулин жана башкалар болуп бардыгы 13 адам кирген [179, 85-б.]. 1919-жылдын аягында РКСМдин биринчи уезддик курултайы өтүп, анда жаштарды басмачыларга жана ак гвардиячыларга каршы күрөшкө мобилизациялоо чечими кабыл алынган [179, 91-92-б.]. Чакыруу боюнча Токмок уезди 1500 жоокерди жарандык согуштун фронтторунда салгылашка жиберген. Буга ылайык уезддик бөлүм «Кызыл Армиянын кол астында турган жоокерлеринин үй-бүлөлөрүнүн жерин иштетүү үчүн эмгекке жарамдуу жергиликтүү калкты мобилизациялоо боюнча чечкиндүү чараларды көрүүгө тийиш» деген чечим кабыл алган [24, л.9].

Областык бийликтер көп учурда уезддик-шаардык революциялык комитеттин ишмердиги менен иш жөндөмдүүлүгүн текшерип турган. Ошентип, 1919-жылы декабрда Областтык ревком «Токмок ревкомунун дайындалган мүчөлөрүнүн иш жөндөмдүүлүгүн текшерүү үчүн» Т.К.Боронбаевди жиберет [25, л.3]. Текшерүүчүгө, керек болсо, революциялык комитеттин башка мүчөлөрүн да дайындоо тапшырылган, анткени «областка караганда жеринде көрүнүп туган» [25, л.3].

Уезддик депутаттар кеңеши эски салттарды жок кылуу максатында жергиликтүү калк менен иш алып барган. Каада-салттардын бири уурулук үчүн жамааттык жоопкерчилик болгон – кармалган ууру үчүн бүткүл кыргыз болосту жооп берген. Бул, депутаттардын уездик депутаттар кеңешинин айтымында, «эркиндиктин, теңдиктин жана бир туугандыктын принциптерине карама-каршы келет» [24, л.3]. Совет өкмөтүнүн декреттери менен мыйзамдары ар бир жаран үчүн бирдей укуктарды тааныган, ар бир адам ар кандай кылмыш үчүн өз алдынча жооп берет. Ошондуктан бардык жер-жерлердеги сотторго, айылдык аткаруу комитеттерине «мындан ары кыргыз волостторундагы топтук жоопкерчиликтин мурдагы тартиби аткарылбасын катуу камсыз кылуу»

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

милдеттендирилди [24, л.3]. Эгерде ууруну кармоо фактысы болсо, анда анын иши тиешелүү соттук-тергөө инстанцияларына жөнөтүлүшү керек.

Токмок уездинде, ошондой эле Жети-Суу областынын башка уезддеринде жерди кайра бөлүштүрүү чаралары көрүлгөн. Токмок уездинде солчул эсерлер партиясын жоюу процесси болгон. Депутаттардын уездик курултайында солчул эсерлер уюмунун мындан ары болушуна каршы наараэзылык билдирилип, алардын өкүлдөрүнүн советтердин жана аткаруу комитеттин катарынан чыгаруу талабы коюлган. Депутаттар кеңеши жана уездик аткаруу комитетинде социал-революционерлердин өкүлдөрү басымдуулук кылышкан. Беловодскидеги социал-революционерлердин козголоңунун учурунда уезддик аткаруу комитети өзүнүн бейтараптыгын жарыялаган [118, 27-б.].

1920-жылы январь айында Пишпек уездинин администрациясы Токмок уездин жоюу жана уезддин волостторун Пишпек уездине кошуу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган. Токмок чиновниктери «уездди жоюу Пишпек шаарындагы бир нече адамдардын аракети» деп белгилешкен. Буга 1919-жылдын күзүндө Пишпекте болуп өткөн аткылоо жана өзүм билемдик себеп болгон, бул тууралуу Токмок «дароо эле жогорку бийлик органдарына телеграф аркылуу кайрылып, иштерди иликтөө боюнча комиссияны жөнтөтүүнү өтүнгөн» [26, л.9]. Өзүм билемдикке жол бергендер мыйзамдуу жоопкерчиликке тартылган. Токмок уездинин Пишпектин карамагына киргиси келбегендигинин дагы бир себеби борбордун каржылык таасири болгон. Ачарчылык маалында Пишпек уездине 2 миллион рубль бөлүнүп, анын 25 миң рубли гана Токмок уездине берилген.

Партиянын Токмок революциялык комитети жана уезддик-шаардык комитети каршылык көрсөтүп, маселени чечүү үчүн Ташкентке делегат жиберет [26, л.9]. Токмок анын өз алдынча административдик-аймактык бирдик катары жашоо укугун төмөнкүчө негиздеген: 1) Совет бийлигинин принциби элдин өз алдынча өнүгүүсү жана анын өзгөчө мусулмандар арасындагы караңгы калктын жашоо турмушун жакшыртууга багытталган өз алдынчалыгы жөнүндө; 2) Токмок уездинин калкынын саны 111 000 адамды түзөт, байыркы замандагы

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

шаар болгон, мындан тышкары ал ар дайым өзүнчө аймак катары эсептелип жана өзүнүн административдик органы тарабынан башкарылып келген. Ошону менен бирге (1920-ж.) Токмок 12000 калкы бар болуп, шаардын аталышынын бардык талаптарына жооп берет; 3) географиялык абалынын обочолонгондугуна байланыштуу Токмок уезди өз алдынчалыкка укуктуу; калктын дээрлик төрттөн үч бөлүгү Токмоктын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан жана административдик-чарбалык жактан Пишпекке таптакыр ылайыкташа албайт; 4) Пишпекке кошулганда анын маданий деңгээли төмөндөп, жакынкы шаардан алыстыгынан ондогон жылдар бою өнүгүүдөн артта калууга тийиш; 5) 1918-жылдын августунан тартып Токмок уезди өзүн өзү башкарып, бардык административдик жана чарбалык башкаруу органдарына ээ болгон [27, л.91-92].

ТүркБАК 1920-жылы март айында Токмок уездин өз алдынча административдик бирдик катары жойгон [27, л.90]. Мурдагы Токмок уездинин волосттору Пишпек уездинин курамына киргизилип, үч волост түзүлгөн: Токмок, Быстроречинск, Каракунузск ал эми Ысыката волосту жана Дмитриевка, Денисовск кыштактары Лебединск волостуна өткөн [49, л.40]. Тоолуу - Абилда, Темирболот, Кочкор волостору Пишпек Тоолуу волостуна бириктирилип, Абилда жана Темирболот айылдык аткаруу комитеттеринин түзүлүшү менен Кочкор волосту Темирболот айылдык аткаруу комитетине кошулган [49,л.40]. 1920-жылдын орто ченинде партиянын уезддик-шаардык комитети партиянын Токмок, Быстроречинск жана Караконуз волостук комитеттерден турган райкомуна айландырылган [53, л.22].

Каракол уездинен жаңы Нарын уезди бөлүнгөн. Бул административдик бирдикти түзүү идеясы падышалык чиновниктерге таандык болгон, алар кыргыздар үчүн өзгөчө уезди түзүүнү, ал жерге Пишпек жана Пржевальск уезддеринин бардык түпкү тургундарын сүргүн кылууну сунуш кылышкан [173, 41-б.]. 1916-жылдагы падышалык бийликке жана колониялык эксплуатацияга каршы көтөрүлүш бул долбоорду ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Бул жылдагы кандуу окуялар Чүй өрөөнүнүн жана Ысык-Көл ойдуңунун тегерегиндеги жерлерден түпкүлүктүү калкты сүрүп чыгарууга жана алар үчүн

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Пржевальск уездинин бийик тоолуу бөлүгүндө, Пишпек уездинин Тоолу участокторунан кээ бир жерлерди кесүү менен өзгөчө корукту түзүүгө түрткү болгон. Нарын уездине көчүрүлгөн кыргыздарга бир чарбага жер тилкелери: «1,1 десятина айдоо, 0,9 десятина чөп чабуу, калган жайыт аянты бөлүнүшү керек эле. Кыргыздар дээрлик жалаң гана көчмөн турмушта тиричилик кылууга аргасыз болушкан» [173, 42-б.]. Нарын же Тоолу уездин түзүүнүн долбоору жер-жерлерде макулдашуунун бардык этаптарынан өтүп, Петроградга жиберилген жана айыл чарба министри тарабынан жактырылган жана жер-жерлерге аткарууга жиберилген. 1917-жылдын февраль революциясынын башталышынан улам долбоорду иш жүзүндө ишке ашыруу мүмкүн болгон эмес.

Бул маселе совет доорунда дагы көтөрүлгөн: «1918-жылдын 27-январында Түркстан крайынын Эл комиссарлар кеңеши Нарын уездин өз алдынча административдик бирдик кылып уюштуруу жөнүндө декрет чыгарган» [110, 113-б.]. 1918-жылдын 18-июнунда Верный областтык аткаруу комитети «Нарын участогунун эл депутаттарынын Советтеринин 1918-жылдын 25-майындагы № 143 токтомун, алардын депутаттарынын кеңешинин (документту ушундай) 23-майдагы № 24 Ат-Башы участогун Нарын деп атоо жөнүндө чечимин бекитүү жөнүндөгү» [54, л.35] маселесин укту. Ушундай эле мамиле менен Ат-Башы участкасынын депутаттарынын Совети Нарын участкасынын ыйгарым укуктары боюнча так маалымат берүүнү сураныштты, суроого областык аткаруу комитети: «мурда Нарын участкасы Нарын уезди деп атын өзгөртүлсүн» [54, л.35] деген жооп берилди. Совет бийлигинин тушунда падышалык администрациядан айырмаланып, өзгөчө резервацияларды түзүүгө ниеттенбеген өз алдынча Нарын уездинин түзүлүшүнө эмне себеп болгон. Жаңы бийлик Кытайдан келген качкындарды кабыл алуу маселесин чечүүдө прогрессивдүү кадамдарды жасап, жергиликтүү калктын укуктарын келгиндер калкы менен теңдешти.

Жаңы уезди түзүүнүн себептери - бул жердин Каракол шаарынын уездик борборунан географиялык жактан алыстыгы, транспорттун жана жакшы жолдордун жоктугу, жергиликтүү коммунисттердин даярдыгынын начардыгы,

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

маданий жактан артта калуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көзөмөлдүн начардыгы ж.б. болгон.

Өз алдынча уездин түзүлүшүнө чейин бир нече жасалма актылар болгон. Ошентип, атап айтканда, 1918-жылы Түркстан Эл Комиссарлар Совети Нарын участогун өз алдынча уезд кылып кайра түзүү жөнүндө декрет чыгарган. Бул декретти ишке ашыруу максатында 1918-жылдын 11-июлунда Жети-Суу областтык аткаруу комитети Нарын уездин түзүү жөнүндө токтом кабыл алган. Жаңы уезд бир канча убакыт Пржевальский уездинин курамында калган.

1919-жылдын 29-октябрында Жети-Суу облусунун ички иштер бөлүмү Пржевальский уездинин жана Нарын участогунун өкүлдөрүнүн биргелешкен курултаын өткөрүү жөнүндө №73 буйрук чыгарган. Расмий түрдө уезд 1919-жылдын 5-ноябрында Пржевальск шаарында өткөн курултайда катталган. «Курултай күн тартибин карап чыгып, Пржевальск уездинен мурдагы Ат-Башы участогун бөлүп административдик борбору Нарын шаарында болгон Нарын уезди деп аталган өз алдынча уездге бөлүү жөнүндө чечим кабыл алган» [110, 114-б.].

Жаңы түзүлгөн уезд бир катар маселелерди чечүүгө туура келди. Ар кандай бюрократиялык текшерүүлөр жана жаңы аймакка байланыштуу иштерди чечүүнүн узак мөөнөттөрү, революциялык комитеттин бөлүмдөрүн уюштурууга жана уезддик органдар үчүн жергиликтүү кадрларды даярдоого тоскоолдук кылган. 1919-жылы декабрда Нарын уездинин революциялык комитети өз ишин баштаган.

Ошондой эле уезде партиялык органдар болгон. Бир катар объективдүү себептер боюнча Нарын участогунун партиялык уюмдарын каттоо создуктурулган. Адегенде эч кандай партиялык үгүт болгон эмес, калк арасында партиялык-үгүт-насаат иштери такай жүргүзүлбөгөн. Партиялык уюмдардын ордуна депутаттар кеңеши партиялык үгүт иштерин жүргүзүшкөн [109, 196-б.].

Большевиктер ячейкасы 1919-жылдын февраль айында гана түзүлүп, май айында болуп өткөн партиялык конференция уезддик-шаардык партиялык уюмдун түзүлүшүнө салым кошкон [169,99-б.]. Жети-Суу обком партиясы,

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Верныйдагы партиялык уюмдар 1919-жылдын башында партиялык-советтик курулушту өнүктүрүү жана экономикалык-чарбалык жакшыртуу максатында уездге советтик жана партиялык кызаткерлерди системалуу түрдө жөнөтүп турган. Областтык жана башка уездердин партиялык уюмдарынын уюштуруу иштеринин натыйжасында  Ат-Башы, Кулнак, Миңбулак, Онарча жана башка айылдарда партиялык ячейкалар түзүлгөн [110, 115-б]. 1921-жылы партиянын уездик комитети партиянын волосттук комитеттерин түзүү жана аларды кадрлар менен камсыз кылуу боюнча иштерди жүргүзгөн. 1921-жылдын март айында Нарын уездинде 7 волосттук партиялык комитет түзүлүп, жооптуу катчылыкка тажрыйбалуу коммунисттер шайланган. Партиялык уюмдарды чыңдоо максатында Нарын шаардык парткому Верный шаарындагы ар түрдүү курстарга 17 адамды жиберген.

Ар бир жаңы административдик бирдиктин административдик борбору белгилүү сандагы социалдык-маданий объектилерге ээ болууга тийиш эле. Нарын шаары аталышын актап, мектептер, телеграф жана почта байланышы, оорукана, шаардык окуу жайы, аскер гарнизону болгон. «Ат-Башыда почта бөлүмү, фельдшердик пункт, ал эми Тогуз-Тородо менен Кочкордо фельдшердик пункттар болгон» [110, 115-116-б.].

Wondershare PDFelement

Жаштардын обочолонуп  толук сабатсыздыгынан комсомолдук ячейканын иши начар болгон. Коммунисттик партия комсомолго жардам көрсөтүп, анын аркасында 16 айылдык уюм түзүлгөн [179, 98-б]. 1921-жылдын 17-январда Нарында 41 комсомолдун уездик-шаардык комитети түзүлүп, ошол эле жылдын 3-майында Нарын уездик комсомолунун биринчи курултайы ачылып, анда «Жаштар арасында массалык-саясий иштерди күчөтүү, патриархалдык-уруулук калдыктарга каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүү, уюмду жат элементтерден тазалоо» [179, 100-б.] чечими кабыл алынган. Курултай  ошондой эле кыргыз-кыздарын комсомолго чакырган. Нарын району боюнча комсомолдордун жалпы саны 1250 адам болсо, анын 25и гана кыргыз кыздарын түзгөн.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Билим берүү жана агартуу системасы жаңыдан калыптануу этаптарын баштаган. Статистика маалымат боюнча 1921-жылдын июнь айына карата Нарын уездинде I жана II баскычтагы мектептерде 3872 кыргыз балдары, жана 104 орустар окуган, мектептерде 7 орус, 125 кыргыз мугалими иштеген [110, 242-б]. 1921-жылы уездде сабатсыздыкты жоюу боюнча 60 мектеп болгон [99, 132-133-б.].

Партиялык жана советтик органдарда мурдагы падышалык администрациянын өкүлдөрү иштешкен. Ат-Башы чек ара полкун мурдагы офицер Кирьянов башкарган. Уездде чоң аскер бөлүктөрү жок болгондуктан, уездик бийлик башкарууну орнотуу үчүн тажрыйбалуу коммунисттерди жиберүү өтүнүчү менен областтык борборго кайрылышкан. Область уездин өтүнүчтөрүнө жетиштүү көңүл бурбагандыктан, Нарын уездинде козголоң чыгуусуна шарт түзүлгөн [128178-б.]. 1920-жылдын 5-ноябрында Нарын уездинде, Ат-Башыда ак гвардиячылардын көтөрүлүшү башталган. Контрреволюциячыл күчтөрдү талкалоо максатында Токмак шаарында штаб уюштурулган. 16-18-ноябрда Кочкорго жакын жерде жана Долон ашуусунда ак гвардиячылар менен куралдуу кагылышуулар болуп, козголоңчулар Кызыл Армиянын бөлүктөрүнөн жана элдик кошундардан отрядынан талкаланган [134, 212-б.]. Контрреволюционерлер жергиликтүү калктын колдоосуна ээ болбогондуктан Кытайга качышкан.

Ошентип, Түркстандын административдик-аймактык бөлүнүшү биринчи жолу падышачылык империя мезгилинде 1865-1869-жж. жүргүзүлүп, Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүмү жөнүндөгү мыйзамдын негизинде административдик бирдиктер – айыл, волост, уезд, област киргизилген.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында партиялык күрөштүн натыйжасында волосттордун бөлүнүшү байкалган, айылдарды бир волосттон экинчи волостко өткөрүү жана эски волостторду бөлүп-жаруу аркылуу ишке ашкан.

Уездер, волостторду башкарууда төмөнкү класстагы кызматагы катмардан сунуш кылынган талапкерлердин билим талапка жооп бербегендиктен уездик

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

революциялык комитет жана партиялык уюмдар колониялык администрациянын мурдагы кызматкерлерин кызматка тартууга туура келген.

1919-жылы Кыргызстандын аймагында кээ бир участоктор борбордон алыстыгына байланышуу уездерге айландыруу боюнча Жети-Суу областтык аткаруу комитетине маселенин коюулушу жаңы уездерди түзүүгө алып келген.

Жаңы уезди түзүүнүн себептери - бул жердин Каракол шаарынын уезддик борборунан географиялык жактан алыстыгы, транспорттун жана жакшы жолдордун жоктугу, жергиликтүү коммунисттердин даярдыгынын начардыгы, маданий жактан артта калуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көзөмөлдүн начардыгы болгон.

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

# III-Бап. ОРТО АЗИЯ ЭЛДЕРИН УЛУТТУК-МАМЛЕКЕТТИК БӨЛҮШТҮРҮҮ ЖАНА КАРА-КЫРГЫЗ АВОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЫН РАЙОНДОШТУРУУ

## 3.1. Орто Азия элдерин улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүүгө даярдык көрүү иштери

Совет мамлекетинин түзүлүшүнүн алгачкы жылдарында түзүлгөн шарттар жаңы райондоштурууга мүмкүндүк берген жок. Түркстанда Совет бийлигинин алгачкы айларында жаңы түзүлүштүн жактоочулары менен каршылаштарынын ортосунда курч саясий күрөш жүрүп, Түркстан областынын экономикалык жактан эң өнүккөн аймагы болгон Ферганада өзгөчө курч мүнөздө болгон. Аймакта түрдүү партиялар: «Шуро-Исламия» (Ислам кеңеши), «Шуро-Улем» (Билгичтер кеңеши), «Алаш-Ордо», «Кадеттер», «Иттихад ва Таракат» (Биримдик жана Прогресс) жана башкалар иш-аракет кылышкан. Кээ бир партиялар большевиктерди колдой баштакан, казак-кыргыз «Алаш» партиясы экиге бөлүнүп кеткен. Бир бөлүгү большевиктер тарапка өткөн [139, 113-б.]. Пантүркизм, панисламизм идеологиясы өз алдынча жашап саясий күрөштү жана үгүт иштерин жүргүшкөн. «Дагы эле бекем түптөлө элек Совет бийлиги, колониализм тарабынан эзилгендердин таламдарын коргогон бүткүл кыймылдарды жана алардын айрым өкүлдөрүн өз тарабына тартуунун зарылдыгы келип чыккан. Бул көрсөтүлгөн агымдардын болушуна шарт түздү» [143, 26-б.].

«Алаш-Ордо» партиясы II Бүткүл кыргыз курултайын чакырып, анда «Алаш» аймактык-улуттук автономиясын түзүү жөнүндө декларация жарыяланган, анын курамына Семипалатинск, Акмоло, Тургай, Урал, Сыр-Дары, Фергана, Жети-Суу областтары жана Самарканд областынын Жиза уезди кирмек [208, 82-б.]. «Алаш-Ордо», «Шуро-Исламия» жана башка партиялардын идеялары большевиктер тарабынан буржуазиялык-улутчулдук катары, эски, патриархалдык-феодалдык элитанын жана капиталисттик түзүлүштүн бийлигин калыбына келтирүүгө багытталган катары бааланган.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

«Түркстанда улуттук саясатты иш жүзүндө ишке ашырууга көмөк көрсөтүү» [192, 47-б.] максатында РКП (б) БКнын жана РСФСР өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү - П.А.Кобозеванын жетекчилиги менен Түркстан иштери боюнча РКП (б) БК жана ЭКСтин убактылуу комиссиясы түзүлгөн.

П.А.Кобозевдин катышуусу менен 20-апрелден 30-апрелге чейин Түркстандын жумушчу, солдат, дыйкан жана мусулман депутаттарынын Советтеринин V курултайы өтүп, анда ал Түркстан крайын Түркстан АССРине өзгөртүүнү сунуш кылган [209, 77-б.]. Курултай ТАССР жөнүндө жобону кабыл алган. Жободо: 1) Түркстан крайынын аймагы Автономиялуу республика деп жарыяланат; 2) Түркстан автономиясына Хива менен Бухараны кошпогондо, өзүнүн географиялык чегинде бүтүндөй Түркстан өлкөсү кирет [209, 78-б.]. Түркстан автономиясы жөнүндө маселе Советтердин крайлык IV курултайында каралган. Бирок курултай Түркстан Республикасынын юридикалык жактан автономиялуу статусун расмий түрдө бекиткен жок, анткени «бир катар жетекчи чиновниктер теориялык жактан чабал болуп, крайдын автономия маселесин Россиядан милдеттүү түрдө бөлүп алуу маселеси менен чаташтырышкан» [192, 47-б.] . «Тынчтык жөнүндөгү» декретте бөлүнүп чыгып, көз карандысыз мамлекет түзүлгөнгө чейин өз тагдырын өзү аныктоо укугу таанылган [2, 8-б.]. 1917-жылдын 2 (15) ноябрында Эл Комиссарлар Совети Россиянын элдеринин уктарынын декларациясын улуттардын укугун тааныган: тең укуктуулук жана суверендүүлүк; улуттук азчылыктардын жана этникалык топтордун эркин өнүгүшүнө, бардык улуттук жана улуттук-диний артыкчылыктарды жана чектөөлөрдү жоюуга; жана эң башкысы бөлүнүп чыгууга чейин эркин өз тагдырын өзү чечүүгө укук берди [170, 21-22-б.]. Большевиктер Түркстандын бөлүнүшүн каалашкан эмес. С.Г.Шаумяндын жазган катына В.И. Ленин мындай деп жазган: «Биз бөлүнүү укугун жактайбыз (бардыгын бөлүү үчүн эмес). Автономия – бул демократиялык мамлекетти уюштуруу боюнча биздин планыбыз. Бөлүнүү биздин планыбыз эмес. Биз бөлүнүүнү такыр үгүттөгөн жокпуз. Жалпысынан биз бөлүнүүгө каршыбыз» [142, 138-б.]. Эгерде большевиктер бөлүнүүгө каршы болсо, анда эмне үчүн бөлүнүү укугу жөнүндө

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

жазышат. Мунун себеби, биздин оюбузча, башка элдерди орустарга теңетүү аракетинде, улутчулдуктун «кара жүз улуу орус улутчулдугу жана шовинизми» түрүндөгү эң орой формаларына бөгөт коюу аракетинде жатат [142, 138-б.]. В.Ленин «Бул бөтөнчөлүктөн (өз тагдырын өзү чечүүгө укуктан) кичине эле баш тартуу – бул оппортунизм, Улуу орустун кара жүз улутчулдугунун колундагы келесоо оюн» [142, 138-б.] деп жазган. Түркстандын келечекте Россиядан бөлүнүүнүн эч кандай негизи жок болчу, анткени большевиктер буга жөн эле жол беришкен эмес. Алтургай, М.Чокоевдин жетекчилигиндеги Кокондогу автономиясы кызыл армиянын бөлүктөрү тарабынан талкаланган жана таратылганган. Кийин Т.Рыскулов жазгандай, «Большевиктер Орто Азиядагы элдердин өз тагдырын өзү чечүүгө берген укугу формалдуу мүнөзгө ээ болгон» [215, 35-б.]. Жергиликтүү калк Советтердин крайлык III курултайынын чечими менен бийлик органдарына барууга уруксат берилген эмес [175, 91-б.]. Улуттук мамилелерге байланышкан маселелерди чечүү үчүн Түркстан Автономиялуу Республикасына улут иштери боюнча эл комиссариатынын өкүлү жөнөтүлгөн. Жер-жерлерде депутаттар советтеринин жана аткаруу комитеттеринин алдында улуттук өнүгүүнүн ар түрдүү маселелерин чечүүчү улуттук бөлүмдөр уюштурулган [248].

Башкырлардын лидери - З.В.Тоган, В.И.Ленинге ноябрдагы декларацияны ишке ашыруу үчүн үч мусулман жана үч орустан турган жогорку комиссияны жиберүүгө кеңеш берген. Ленин бул сунушту кабыл алып, комиссия уюштурулуп жана анын катарына мусулмандар киргизилген, бирок кийинчерээк бул мусулмандар катардан чыгарылып, алардын орду орустар менен алмашылган, алардын арасында В.Куйбышев да болгон [145, 110-б.]. 1919-жылы 8-октябрда В.И. Ленин Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин (БРБАК) жана РСФСР Эл Комиссарлар Советинин Түркстан комиссиясын түзүү жөнүндөгү декретине кол койгон. Токтомдо төмөндөгүлөр белгиленген: «эсепке алуу менен: 1) Кызыл Армиянын жеңиши менен Кызыл Түркстан менен Советтик Россиянын калган жерлеринде байланыш түзүлгөндүгү - бул дүйнөлүк революциянын борбору жана Россиянын эмгекчи массасынын Түрксан элдери

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

менен тыгыз биримдигин камсыз кылуу; 2) бул союз Түркстанда орус империализминин бардык калдыктарынын толук жок кылынышынын кепилдиги экендигин; 3) Түркстан элдеринин өз тагдырын өзү чечүүсү жана бир улуттук топтун башка улуттун эсебинен ар кандай улуттук теңсиздикти жана артыкчылыктарды жок кылуу - Совет бийлигинин бүткүл саясатынын негизин түзөрүн жана анын органдарынын бардык иштеринде жетекчилик кызматты аткара тургандыгы» [117, 73-б.]. Бул комиссия Түркстандын курамындагы Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин атынан иш алып барган. Комиссиянын укуктары жана милдеттери жөнүндө жобону иштеп чыгуу тышкы иштер эл комиссары Чичеринге тапшырылган. Түркстандагы комиссиянын негизги милдети - Туркстандын партиялык-советтик органдарынын жетекчилеринин улуу орустун шовинисттик багытын оңдоо болгон. Комиссиянын келиши менен большевиктердин саясатындагы тең салмактуулук жоюла баштаган. Түркомиссия жергиликтүү калктын абалын жеңилдетти. Улуу орус шовинизминин көрүнүштөрү азыраак байкалган, жергиликтүү элдин абалы жакшырган. Буга чейин азык-түлүктөрдү бөлүштүрүүдө түпкүлүктүү калк эч нерсе алган эмес, бардык азык-түлүк жардамын европа калкы гана алышкан. «Областка алынып келинген эгин орус элине гана бөлүштүрүлгөн» [180, 132-133-б.]. Нанды сатууда улут фактору да эске алынган. Кокондун жергиликтүү бийликтери нанды улуттук белгиде: «Нанды оруска 80 тыйындан, жергиликтүү улуттун өкүлүнө 1 руб. 70 коп. сатышкан» [119, 83-б.].

1920-жылдын май айынан баштап В.Куйбышев жалпы жетекчилик боюнча комиссиянын төрагалыгына дайындалган [112, 25-б.]. Түркомиссиянын мүчөлөрүнүн келиши абалды бир аз оңдогон. Бирок, жергиликтүү партиялык уюмдардын чыныгы биримдигине жана бир калыпта иштешине жетишүү, ошондой эле мусулман элдери менен биримдиктин «чыгыш саясатын» жүргүзүү жеңил эмес болуп чыкты. Улуттук дискриминацияны жок кылууга аракеттер жасалган [139, 120-б.]. Борбордук Азия боюнча эксперт Бройдо Г.: «...Түркстанда пролетариат диктатурасынын жалгыз алып жүрүүчүсү орус гана боло алат деген көз караш кеңири жайылган. Түркстандагы улуттук теңсиздик, европалыктар

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

менен мусулмандардын ортосундагы теңсиздик баарына жана ар бир кадамга таасирин тийгизүүдө» [139, 120-б.].

Түркстандын аймагында Совет бийлигинин кеңири чыңдалуусу менен Түркстандын жогорку жетекчилигинин өкүлдөрүнүн ортосунда, бир тарапта Т.Рыскулов, Ю.Алиев, С.Турсунхожаев кирген - экинчи тарапта борбордук өкмөттүн өкүлдөрү М. Фрунзе, Ю. Рудзутак, В И.Н. Куйбышев ж.б. турган идеологиялык кармаш башталган.

Түрк Республикасын түзүү идеясы эң кеңири таралган жана теориялык жактан негизделген, салттуу аң-сезимге тааныш болгон. Өз убагында М.Чокаев Орто Азиядагы тажиктерден башка бардык элдердин этникалык биримдиги идеясын көтөргөн [221]. Түрк коомунун бөлүнүүчү идеясы орус эмес элдер тарабынан жарыяланган жана кийинчерээк улуттук маселенин чечилишине белгилүү таасир тийгизген коммунисттик партиянын көрүнүктүү мүчөлөрү тарабынан кабыл алынган [143, 25-б.]. Түпкү улуттардын өкүлдөрүнүн жетекчилери - жергиликтүү түрк калкын этникалык топторго бөлбөй, бүтүндөй бирдик катары кароону сунуш кылышкан. 1920-жылдын 17, 20 жана 21-январында Түркомиссиянын, ТКП(б) крайкомунун жана ТКП (б)нын бюросунун биргелешкен кеңешмесинде Т.Рыскулов баяндама жасап, анда ал «Түркстандын аймагында Түрк Республикасын түзүү» [117, 92-б.] зарылчылыгы көрсөткөн. Ал элдердин биримдикке умтулуусун баса белгилеп, үч өзүнчө крайлык партиялык уюмду (Мусбюро, Обком, Чет элдик коммунисттер комитети) «Түрк Коммунисттик партиясына» бириктирүү зарылдыгын айткан [184, 190-б.]. Түрк партиясынын түзүлүшүнүн себептерине төмөндөгүлөр аталган: 1) аймактын калкынын басымдуу бөлүгүн түрктөр түзгөн; 2) Түркстанды түрк республикасы (б.а. Түркстан АССРи) деп таануу; 3) Мусбюронун жоюлушуна байланыштуу ар кандай ушак-айыңдардан качуу. Т.Рыскуловдун дагы бир өнөктөшү Ю.Алиев: «Эгер Түркстанды Түрк республикасы десек, анда бул өз тагдырын өзү чечүүгө умтулууну көрсөтүп, саясатты жеңилдетет» деген оюн билдирген.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Үчүнчү крайлык Мусулман коммунисттик конференциясы бирдиктүү Түрк Советтик Республикасын түзүү долбоорун колдоп, Түркстанды «түрк элдеринин – кыргыздар, сарттар, өзбектер, түркмөндөр, каракалпактар, кыпчактар, анын ичинде түрк эмес элдер – тажиктер, орустар, армяндар, еврейлер ж.б. өлкөлөрү» деп жарыялаган [213, 10-б.].

Сарттардын тили жалпы мамлекеттик тил катары кызмат кыла алмак. «Пантүркисттер сарттарды түрк коомчулугунун негизи катары эсептешип, Борбордук Азиянын башка элдерин өздөрүнүн айланасына бириктирүү саясатын жүргүзүшкөн. Түркстандын бийликтери сарттардын тилин жалпы түрк тили деп атоону чечкен» [143, 32-б.]. Бул тилди большевиктер өздөрү Түркстан Компартиясынын I курултайында автономиялык Түркстандын мамлекеттик тили катары тааныган. Түркстандын бардык мамлекеттик мектептеринде мамлекеттик тилдер – орус жана түрк тилдери факультативдик түрдө окутулган [100, 35-б.]. Кийинчерээк В.Куйбышев бул идеяны колдоорун «мусулмандардын арасында сергек революциячыл сезимди ойготууга» умтулуусу менен түшүндүргөн [184, 191-б.].

1920-жылы январда V крайлык партиялык конференция, Краймусбюронун сунушу боюнча Түркстанда коммунисттик партияны «Түркстан Коммунисттик партиясы» деп атоо, Түркстан Республикасынын Конституциясын кайра карап чыгуу жөнүндө чечим кабыл алган [184, 188-б.]. Бул конференциянын бир катар катышуучулары (Савельев, Коктын, Печатников ж.б.) бул сунушка каршы чыгышкан. Партиялык конференциянын бул чечимин Москвадагы РКП(б) Борбордук Комитети тарабынан бекитүүнү талап кылган.

Түркомиссиянын кеңешмесинде бул маселени талкуулоодо комиссиянын мүчөлөрү Ш.З. Элиава, В.В. Куйбышев Т.Рыскуловдун Түркстан коммунисттик партиясын (ТКП(б)) Түрк элдеринин Коммунисттик партиясы, Түркстан Автономиялуу Республикасын Түрк Республикасы деп атын өзгөртүү сунушуна макул болгон [119, 91-б.]. Түркомиссия Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетине «үч республиканы - Өзбек, Кыргыз (казак) жана Түркмөн

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

республикаларын уюштуруу максатка ылайыксыздыгы жөнүндө» телеграмма жиберген [179, 100-б.].

Ташкентте Түркомиссиянын мүчөсү Я.Е. Рудзутак бирдиктүү Түрк республикасын түзүүгө каршы болгон, Москва да бул идеяны четке каккан. В.И.Ленин Түркстанды: Өзбекстан, Кыргызстан (Казакстан) жана Түркмөнстан деп үчкө бөлүүнү сунуш кылган [151, 436-б.]. Ал «өз тагдырын өзү аныктоонун улуттук-аймактык принциби гана, ал үчүн түрк элдеринин аныктамасы алыскы, эфемердик, ойлонуп табылган» деп тааныган [193, 155-б.]. М.В. Фрунзе Россиянын бардык түрктөрүн бириктирүү идеясын иш жүзүндө ишке ашыруудан чочулашына, окуялардын өнүгүшүнүн перспективаларына баа берип, Түрк комиссиясынын айрым мүчөлөрүнүн көз карашын сынга алган. Мындай бирикме реалдуу саясий күчкө ээ болуп, аны менен эсептешүүгө туура келмек. Түрк Республикасынын түзүлүшүнө жол бербөө үчүн белгилүү кадамдар жасалган.

М.В.Фрунзе менен В.В. Куйбышев бирдиктүү түрк эли болгон эмес жана эч качан болбойт, алар жергиликтүү жетекчилердин бардык пантүркисттик умтулууларын толугу менен басып өткөн деп жарыялашкан [117, 92-б.]. 1920-жылдын февраль айында Түркомиссия, Крайком жана Түрк БАКтын кеңешмесинде чыгып сүйлөгөн Я.Е.Рудзутак, В.В. Куйбышев Т.Рыскуловдун сунуштарын четке какты. 1920-жылдын 23-24-февралында Түркстан комиссиясынын кеңейтилген кеңешмесинде автономия жана Түркстан АССРнин укуктук абалы тууралуу маселе атайын талкууланган. Комиссиянын мүчөлөрү Түрк Республикасын түзүү идеясын четке кагып, Түркстан АССРин улуттук кызыкчылыктарды эске алуу менен областык бөлүнүүнү сактап калууну билдиришкен [119, 93-б]. Жергиликтүү улуттардын коммунисттик өкүлдөрүнүн көпчүлүгү бирдиктүү Түрк Республикасынын идеясын колдошкон. Мына ушуга байланыштуу 1920-жылы мартта Түркомиссия РКП(б) БКдан Түркстан комунисттик партиясына анын уюштуруу түзүмү жана РКП(б) менен болгон байланыштары тууралуу маселени түшүндүрүп берүүнү өтүнгөн. 1920-жылдын 25-мартында РКП (б) БКнын жообу жарыяланып, анда мындай деп айтылган: «Түркстандын аймагында башында борбордук комитети менен Түркстан

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

коммунисттик партиясы деп аталган бирдиктүү коммунисттик партия болушу керек. Борбордук Комитеттин жана жергиликтүү комитеттердин алдында зарыл болгон учурда улуттук бюролор менен секциялар түзүлөт. Түркстан Компартиясы РКП(б)нын курамына областтык уюм катары кирет» [117, 98-б.]. Бирдиктүү түрк элдери деген түшүнүк, мажбурлаган тартипте «негизги туруктуу элдер: түркмөндөр, казактар, кыргыздар, өзбектер, каракалпактар» деген түшүнүк менен алмаштырылган.

Бирок партиянын крайлык комитети менен ТүркБАК бирдиктүү түрк мамлекети идеясын толугу менен колдоп, Москвага башында Т.Рыскулов, курамында С.Турсунходжаев, Н.Ходжаев жана Г.Бэх-Иванов турган өзгөчө делегацияны жиберишкен. Сапардын негизги максаты бирдиктүү Түрк Республикасын түзүүгө Москванын макулдугун алуу болгон. «Делегациянын милдети Түрк Республикасын жана Түрк Коммунисттик партиясын түзүүгө багытталган багытты ишке ашыруу болгон» [117,98]. Делегацияга жүктөлгөн тапшырма өтө оор болуп, бирок аткарылган жок. В.И.Ленин Түркkомиссиянын материалдарын жана Т.Рыскуловдун долбоорун окуп чыгып, 1920-жылдын 13-июнунда РКП(б)нын Түркстандагы милдеттери жөнүндөгү долбоорго берген сынында: «Менин Рыскуловдун долбоорун четке кагуу жөнүндөгү көз карашым, зарыл» деп билдирген [154, 325-б.].

Бул сапардын оң жагы РКП(б) БКнын «РКП(б) Түркстандагы негизги милдеттери жөнүндө» токтому болду, анда элүү жылдан ашык падышачылыктын империалисттик саясатын натыйжасында жергиликтүү калк менен европадан келген калктын ордосундагы түзүлгөн мамилени жоюу каралган. Бул мамилелерди жоюу максатында партия төмөндөгүдөй чараларды сунуш кылды: «1) көчүрүү башкармачылыгы тарабынан долбоорлонгон же кыргыздардан көчүп келгендер өзүм билемдик менен тартып алган бардык жерлерди, келгиндерден кайра алуу...; 3) бардык кулак уюмдарын талкалоо, кулактарды куралсыздандыруу...; 6) шаардын жергиликтүү калкын азык-түлүк менен камсыз кылууну орустар менен теңештирүү жана дыйкандардын азык-түлүк абалын жакшыртуу боюнча чараларды көрүү» [117, 99-100-б.]. 1920-жылы

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

август айында Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитети Автономиялуу Түркстан АССРин түзүү жөнүндө декрет чыгарып, биротоло республиканын укуктук статусун расмий түрдө бекитип, түрктөрдү бир мамлекетке бириктирүү аракеттеринин бардык себебин жойгон.

Ташкентте РКП(б) БКнын Түрккомиссиясы жана Түрк бюросу улутчулдарга каршы аёосуз күрөштү баштаган. Коммунисттик партиянын Түркстандагы мындан аркы саясатынын резолюцияда: «РКП БКнын башкы багытына каршы чыгууга айрым топтордун ар кандай аракеттерин, атап айтканда, Совет өкмөтүнүн иш чараларына каршылык көрсөтүү, ар түрдүү мекемелердин, партиялык жана партияда жок элементтердин тамырын кыркуу» каралган [145, 110-б.]. М.В.Фрунзе менен В.В.Куйбышев РКП(б) БКнын чечимдеринин негизинде крайком партияны таркатууну жана бирдиктүү башкаруу органы катары Түркстан Компартиясынын Борбордук Комитетин түзүүнү сунуш кылышкан. Крайком жоюлуп, 1920-жылы июлда Түркстан бюросу Түркстан Компартиясынын (б) убактылуу Борбордук Комитетин уюштуруу жөнүндө чечим кабыл алган [117,103-б.]. Большевиктер түрктөрдүн да, мусулмандардын да биримдигин тааныгысы келген эмес.

Рыскулов жана анын өнөктөштөрү сунуш кылган долбоор Москвада четке кагылып, Ленин Түрк комиссиясы тарабынан сунушталган долбоорду жактырган [209, 233-б.]. Бирдиктүү түрк өлкөсүн түзүү идеясы «зыяндуу жана туура эмес» деп табылган. 27-август, 1920-жыл «Түркстан Республикасынын Известиясында» Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин «Түркстанды административдик жактан кайра түзүү жөнүндө» токтому жарыяланган [192, 108-б]. Токтомго ылайык, ТүркБАКты административдик-аймактык түзүлүштү реформалоого киришүүгө милдеттендирилди.

Административдик бирдиктерди реформалоонун жана округдарды уюштуруунун негизги принциби калктын этникалык курамына жараша бөлүштүрүү болгон. Токтом В.И.Лениндин Түркстанды үч курамдык бөлүккө бөлүү жөнүндөгү көрсөтмөсүнө ылайык ишке ашырылып, Орто Азия чөлкөмүнүн түпкү элдеринин саясий, экономикалык жана маданий өнүгүүсүн

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү, ар кандай көрүнүштөгү улуттук теңсиздикти жоюу жүргүзүлгөн. Бул токтомго ылайык 1921-жылдын август айында Закаспий областы Түркмөн автономиялуу областына айландырылган [107, 467-б.].

Советтердин Бүткүл россиялык VIII курултайы жана Бүткүл Түркстандык Советтердин X курултайы райондоштуруу маселесин көтөргөн. Түркстан экономикалык советине Түркстанды майда-чүйдөсүнө чейин майда аймактык жана административдик бирдиктерге бөлүштүрүүнү иштеп чыгуу тапшырылган. 1920-жылы түзүлгөн Борбордук административдик комиссия (БАК) административдик-аймактык бөлүнүү маселелерин колго алган. БАКтын курамына НКВДнын, ЦСНХнын, ЦСУнун, Наркомземдин жана Түркреспубликасынын азык-түлүк эл комиссариатынын өкүлдөрү кирген. 1921-жылы декабрда БАК Түркстан экономикалык советинин Мамлекеттик пландоо комитетинин алдындагы райондоштуруу боюнча комиссияга айландырылган [155, 21-б.]. 1924-жылга карата Түркстанды райондоштуруу боюнча Г.Красновскийдин жетекчилигиндеги комиссия чарбалык иштин формасы, жер, жайыт менен камсыз болушу жана чарбалык иштин багыты боюнча автономиялуу республиканын жаңы бөлүмүнүн долбоорун түзүүнү аяктайт. Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин көрсөтмөсү (ВЦИК) боюнча райондоштуруунун негизги принциби экономикалык болгон. Түркстанда комиссия өз ишин 1924-жылы аяктайт, бирок анын жыйынтыгы иш жүзүндө ишке ашырыла элек болгон. Баш тартууга партиянын жетекчилиги тарабынан белгиленген этникалык бөлүнүүнүн райондоштурууга негизделген жаңы принциби себеп болгон.

Түркстан Компартиясынын 1920-жылдын 12-сентябрынан 18-сентябрына чейин өткөн V курултайы Т.Рыскулов менен С.Турсунходжаевдин тарапкерлерин талкалаган. Бул курултай коммунисттерди лениндик улут саясатын ырааттуу ишке ашырууга, колонизатордук жана улутчул элементтерге каршы күрөшкө мобилизациялады. 1920-жылдын 17-сентябрынан 19-сентябрына чейин өткөн Түркстан Республикасынын Советтеринин IX

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

курултайы да «буржуазиялык улутчулдарга» [209, 165-б.] каршы күрөштүн урааны астында өткөн. Бирдиктүү Түрк республикасынын идеясы большевиктер тарабынан четке кагылган. Т.Рыскулов кызматынан четтетилип, Москвага улуттар иштери боюнча Элдик комиссариатка (Наркомат) жөнөтүлгөн. Ал 1922-жылы Түркстанга кайтып келип, ТүркАССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасы болуп иштеген жана партиянын Орто Азия бюросунун мүчөсү болгон [127,21-б.].

Түркомиссиянын курамындагы жергиликтүү бийликти көзөмөлдөө үчүн 1920-жылы август айында РКП (б) БКнын Түркстан бюросу уюштурулган [106, 425-б.].

Көптөгөн окумуштуу-мамлекет таануучулар Автономиялуу Түркстан Советтик Социалисттик Республикасын «Орто Азия элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин советтик улуттук мамлекеттүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү жолундагы биринчи кадам» деп карашат. Алар: «Бул жарандык согуш мезгилинде СССР элдеринин ортосундагы аскердик, саясий жана экономикалык кызматташтыкты жана өз ара жардамдашууну камсыз кылган өткөөл, убактылуу, бирок зарыл форма болгон» [120, 124-б.] деп белгилешет. ТүркАССРнин жарыяланышы «кыргыздардын, казактардын, өзбектердин, тажиктердин, каракалпактардын улуттук мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүнө негиз салган» [199, 56-б.].

1920-жылга карата РСФСРдин курамына кирген Автономиялык Түркстан Республикасын бөлүштүрүү идеясы башкача, масштабдуу мүнөзгө ээ болгон [217]. Эми Түркстан АССРнин бөлүштүрүү жөнүндө гана эмес, юридикалык жактан көз карандысыз, суверендүү мамлекеттер деп эсептелген иш жүзүндө вассалдык Бухара жана Хорезм республикалары жөнүндөгү маселе турган. Алар төңкөрүштөрдөн кийин элдик советтик республикалар деп жарыяланып большевиктер тарабынан колдоого алынган. Бул республикалардын атына «социалисттик» деген сөз кирген эмес. Бирок советтик жетекчилер бул республикаларды Советтик Социалисттик Республикасынын бир бөлүгү катары карашкан. И.Сталин мындай деп билдирген: «Сиздер, жолдоштор, бул эки

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

республика социализмге карай бара жаткандыгына шектенбейсиздер деп ишенем» [145, 144-б.]. Борбор Азиянын көз карандысыз республикаларынын бөлүштүрүү маселесинин козголушу Москвада мыйзамдуулук боюнча эч кандай шек жараткан жок. Хорезм жана Бухара республикаларынын көз карандысыздыгы өтө элестүү мүнөзгө ээ болгон, чындыгында алар эбак эле эгемендүүлүктөн жана көз карандысыздыктан ажырашкан. Бул республикалардын жетекчи органдары - Бухара жана Хорезм компартиялары 1922-жылдын февраль айында Россия Компартиясынын (б) составына кирген. Партиялык уюмдардын мындай кириши бул республикалардын Советтер Союзунун бөлүгү экендигин билдирген. Түркстан, Бухара жана Хорезм коммунисттик партияларынын ишмердигине жетекчилик кылуу үчүн РКП(б) БКнын чечими менен РКП(б) БКнын Түрк бюросу Орто Азия бюросу болуп өзгөртүлгөн. РКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун курамына С.И. Гусев (төрага), К.Атабаев, П.И. Баранов, Б.В. Легранд, А.Махмудов, С.М.Соколов, И.Г. Солц, А.Рахимбаев, Н.Тюракулов, Ф.Ходжаев кирген [163, 264-б.]. РКП(б) БКнын Түркбюросунун көрсөтмөсү боюнча, андан кийин партиянын Орто Азия бюросу Орто Азия республикаларынын экономикалык байланыштарын чыңдоо боюнча иштерди жүргүзгөн. Бул республикаларды экономикалык жактан бириктирүүгө даярдык көрүү боюнча ар түрдүү комиссиялар жана органдар түзүлгөн. 1923-жылы мартта Ташкентте Түркстан, Бухара жана Хорезмдин I экономикалык конференциясы болуп, анда Түркстан экономикалык кеңеши Орто Азия экономикалык совети болуп өзгөртүлгөн [169, 137-б.].

Аталган республикаларда ТүркАССРдеги улуттарга окшош улуттар жашаган. «ТАССРдын, Бухара жана Хорезм элдик республикаларынын административдик чек аралары, этникалык жайгашкан калк топторунун чек аралары, ар дайым эмес көп учурда талаш-тартышты туудурган» [159, 148-б.]. Бул үч республиканын граждандык согуш мезгилинде жана андан кийин болушу «Орто Азияда өз алдынча улуттук мамлекеттик түзүлүштөрдү түзүүгө карата зарыл даярдык кадамы жана өлкөнүн улуттук өз тагдырын өзү аныктоонун алгачкы кадамы болгондугу менен түшүндүрүлгөн» [159, 148-б.]. 1920-жылы

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

эле жаңы административдик-аймактык түзүлүштүн мүмкүндүгү жөнүндө маселе көтөрүлгөн. Түркстанды үчкө бөлүү маселеси активдүү иштеле баштаган. Даярдык мезгилинде, бөлүштүрүү идеясын колдоочулар да, каршылаштар да болгон. 1924-жылы Орто Азия экономикалык советинин төрагасы Н. Паскутский бөлүнүүнү эмес, тескерисинче, Орто Азиядагы үч Советтик республиканы тең (Түркстан, Бухара, Хорезм) саясий жактан бириктирүүнү сунуш кылган. Ал муну "саясий жана экономикалык биримдиктин" максатка ылайыктуулугу менен негиздеген [184, 327-б.]. Экономикалык тыгыз байланыштардан улам 20-жылдардын аягында жана 30-жылдардын башында көрүнүктүү саясатчы Ю.Абдрахманов мамлекеттик органдарда Орто Азия федерациясы жөнүндө маселени көтөргөн [193, 291-б.].

ТКП БКнын мүчөсү С.Ходжанов «Түркстанды өзүнчө республикаларга бөлүүгө болбойт жана өзбек, түркмөн жана башка улуттар жок, бөлүнүп чыккандан кийин түрк урууларында  жасалма түрдө - өзбөк, түркмөн ж.б.у.с. этикетка жабышат, ал эми бул аталыштарды өздөрү ойлоп табышкан» [184, 327-328-б.] деген пикирди ырастаган. Казактардын, кыргыздардын, башкырлардын, татарлардын, түркмөндөрдүн жана башка түрк этносторунун өз тагдырын өзү чечүүгө умтулуусу, деп ошол окуялардын күбөсү Сафаров Г. Түркстандын көрүнүктүү ишмерлери «бардык түрк элдеринин улуттук биримдиги жөнүндөгү көз карашын туура эмес деп таанышкан» [181, 111-б.].

В.И. Ленин менен И.В.Сталиндин кийлигишүүсү менен каршылыгына карабастан  Орто Азиядагы үч элдик республика, эки союздук республикага, үч автономиялуу областка бөлүнүп,   Түркстан АССРнин кыргыздар (казактар) жашаган аймагынын бир бөлүгү Кыргыз (Казак) АССРинин курамына кирген. Түпкү максат, кийинчерээк Эдвард Карр белгилегендей, «Түркстанды байланыштырган табигый байланыштарды үзүү жана алсыратуу жана үзүлгөн бөлүктөрүн тышкы күчкө, б.а. Россияга баш ийдирүү» [147, 331-б.] болгон. Ал Башкырлар, Казактар жана түштүк Түркстандын жетекчилеринин бир мамлекетке биригүүгө болгон аракети кандай гана болбосун Совет өкмөтү тарабынан бут тосулуп, жок кылынган деген оюн улантат. Түрк маселесинде

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

большевиктер менен ак гвардиячылардын жалпы көз караштары бирдей эле. Экөө тең жергиликтүү лидерлердин пантүркисттик умтулууларына өтө терс көз караштa болгон [147, 108-б.].

Башка бир изилдөөчү К.Хостье Орто Азияны коммунисттик партия тарабынан бытыранды кармоо, түпкүлүктүү калктын Совет бийлигине каршы монолиттүү көтөрүлүшүнө жол бербөө, тезирээк орусташтыруу үчүн, Орто Азияны экономикалык жана саясий жактан көзөмөлдөө максаты деп жазат [195, 162-б.]. Бул пикирди колдогон О.Каро «Борбор Азия республикаларынын чек аралары жогору жактан таңууланган» жана «ушундан улам алардын түзүлүшү бүткүл аймактын жасалма бөлүнүшү болуп саналат» [146, 145-б.] деп кошумчалайт.

Байыркы Римдин көптөн бери белгилүү болгон «бөлүп жар жана бийлик жүргүз» принциби Түркстанда ишке ашырылган. Бирдиктүү жана кубаттуу Түркстан бир нече экономикалык жактан алсыз, оңой башкарылуучу мамлекеттерге бөлүнгөн. Түптүү элдин – түрктөрдүн өз тагдырын өзү аныктоо аракети Москвада жайгашкан борбордук бийлик тарабынан басылган. Жетектөөчү экономисттердин, белгилүү саясатчылардын бөлүштүрүүдөгү максатка ылайыксыздыгы жөнүндөгү каршы пикирлерине карабастан, РКП(б) БК түрктөрдүн өлкөсүн Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Түркмөнстан жана Каракалпакстанга бөлүү жөнүндө чечим кабыл алат жана жүргүзөт.

### 3.2. Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшү

Орто Азияны бөлүштүрүү идеясы Кремлдеги жетектөөчү саясатчылардын акылдарында жергиликтүү түркстандык коммунисттердин түрктөр үчүн бир мамлекет түзүү аракетинен кийин жаралган. Алардын оюу боюнча Түрк Республикасы Түркстан АССРи, Бухара жана Хорезм республикаларынан турмак. Бул республикалардын калкынын басымдуу бөлүгү түрк-тилдүү этностордон болгон. Бир динди тутунушкан, тилдери окшош, каада-салты, үрп-адаттары абдан жакын болгон. Бирок В.И.Ленин жана башка большевиктер тарабынан корголгон пикирлер Түрк Республикасынын түзүлүшүнө жол берген

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

эмес. Кийинчерээк бул долбоор автономияны «өз массасын кул кылуунун куралына айландыруу үчүн» умтулган буржуазиялык-улутчул топтордун идеясы катары бааланган. Наркомнац И.В. Сталин советтик автономия жана советтерди уюштуруу буржуазиялык-улутчул топтордун ар кандай долбоорлорунан кутакаруу деген идеяны таңуулайт.

Бирдиктүү Түрк Советтик Республикасын түзүү долбоорун талкуулоо процессинде Түркстандын айрым жетекчилери (Назир Төракулов ж.б.) Түркстанды улуттук республикаларга – Түркмөн жана Өзбек республикаларына бөлүү сунушун ортого салышкан [184, 195-б.]. Ошол эле учурда бирдиктүү түрк элинин болгондугу жокко чыгарылган жана өзбек, түркмөн, каракалпак, кыргыз, казак элдеринин бар экендиги далилденген. Түркстан комиссиясынын 1920-жылдын июль айындагы кеңешмесинде Түркстанды бөлүштүрүү жана улуттук республикаларды түзүү, Түркстандын этникалык казактар жашаган бөлүгүн Кыргыз (Казак) АССРине кайра бириктирүү жөнүндө сунуштар көтөрүлгөн.

1920-жылы Бүткүл союздук эл каттоо жүргүзүлүп, анда экономикалык маалыматтар менен катар партиялык жетекчилик Түркстандын улуттук-этникалык курамы жөнүндө кеңири түшүнүк алган. Ар кандай себептерден улам айрым волосттордо (Фергана өрөөнүндөгү жана бир катар башка волосттордо) эл каттоо жүргүзүлгөн эмес.

Эл каттоо крайдагы иштин чыныгы абалын көрсөткөн жок. Улуттун аныктамасын ар кандай чечмелөөгө жол берилген, айрым учурларда Түркстандын улуттук курамы жөнүндөгү маалыматтар атайылап бурмаланган. Эл каттоонун жүрүшүндө «Өзбекстан жана Түркмөнстанга тиешелүү бөлүктөрдө эл каттоонун аткаруучуларына кандай болгон күндө да «мусулман», «христиан», «православ» [221] деген жоопторду кабыл албоо тапшырмасы берилген. Өзбекстанда эл каттоону жүргүзгөн санакчыларга “сарт” деген аталышты “өзбек” [143, 33-б.] деп алмаштырууга буйрук берилген. Көчмөн өзбектерди отурукташкан сарттардан айырмалоо үчүн биринчи «көчмөн өзбектерге», экинчисине «отурукташкан өзбектерге» тактоочу аныктамалар киргизилген. «Мусулман-сарттар өздөрүнүн өнүгүүсү боюнча көчмөн жана

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

жарым көчмөн өзбектерге караганда жогору болгон. Алар түрктөр, курамдар, кыпчактар жана Ферганынын башка элдери сыяктуу эле жаңы аталышты кабыл алууга аргасыз болушкан» [221]. 1923-жылдагы шаардык каттоодо Пскент шаарынын айланасында жана Ангрен дарыясынын өрөөнүндө жашаган бардык курамдар жалаң гана «өзбек» [28, л.179] деп катталган. Өзбек болуп катталган Багрин, Митин, Жалайыр (Сентаб, Фариш волосттору) урууларынын өкүлдөрү тажик тилинде сүйлөшүшкөн [101, 35-б.].

Өзбектер Фергана, Самарканд жана Аму-Дарыя, казактар Сыр-Дарыя жана Жети-Суу (Семиреченск), тажиктер Самарканд жана Фергана, түркмөндөр Түркмөн областында (мурдагы Закаспийде) тыгыз жашашкан. Каракалпактар негизинен Амударыя областында жана айрымдары Фергана өрөөнүндө жашашкан. Самарканд аймагындагы кыргыздар Ходжент уездинин төмөнкү волостторунда тыгыз жашашкан: Бакса-Сибирген, Исфана, Чапкулук, эки жыныстагы жалпы калкынын саны 14063 жан болгон. [166, 86-б.]. Сырдарыя областында – Баутерек, Жайлуу, Каракол, Кеңкол, Талканов, Үр-Марал, Александровка, Гродеков, Дмитриевка, Николайпольск жана Олуя-Ата уездинин Орловск волосту, Ташкент уездинин Кош-Коргон жана Тойтюбинск волосттору толугу менен кирип, жалпы эки жыныстагы калкы 57841 жанды түзгөн [166, 86-б.]. Фергана областында Анжиян, Кокон, Наманган, Ош, Фергана (Скобелев) уезддеринде жана Памир областында жалпы эки жыныстагы 361163 жан болгон [166, 87-б.]. Жети-Суу областында - толугу менен Пишпек (үч Чүй волостунан башкасы), Нарын жана Каракол уездери кирген. Объективдүү себептерден (түштүктөгү басмачылар кыймылы) 1920-жылдагы эл каттоо чындыкты толук чагылдырган эмес жана так эмес болгон. Материалдарда, кийинчерээк К.Нурбеков белгилегендей, көп учурларда кыргыздар менен казактар жаңылыш түрдө бир графага (казакча) киргизилип, кара-кыргыздардын санын бир топ кыскарткан. Ал белгилегендей себептери, калктын сабатсыздыгы, эски уруулук калдыктардын сакталышы жана жаңыдан киргизилген улут түшүнүгүн билбегендик [166, 87-б.]. Кыргыздардын бир кыйла бөлүгү өздөрүн монгол, кыпчактар, ал эми түштүк кыргыздарынын көбү найман ж.б. деп аташкан [190,

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

16-б.]. Албетте, бул факт 1920-жылдагы эл каттоодо чоң так эместиктерди киргизген.

Адегенде В.И. Ленин көрсөтмөсүнө ылайык, өзбектер жана түркмөндөр гана өз союздук мамлекетин түзүүгө укуктуу, казактар автономиялуу республика статусун алышкан, калган майда улуттар: кыргыздар, тажиктер, каракалпактар, кыпчактар бул үч республиканын курамына улуттук азчылык катары кириши керек болчу. Мындай шартта майда этностор өздөрүнүн иденттүүлүгүн жоготот жана тилдик, маданият, салттык окшоштугунан, титулдук улутка сиңип кетмек.

1920-жылы ТүркАССРдин Конституциясы бекитилгендей Түркстандын түпкү жашоочулары катары көптөгөн улуттар, мисалы, кыргыздар, тажиктер, каракалпактар жана башкалар айтылбай калган. Казактар, өзбектер жана түркмөндөр гана «жергиликтүү улуттар» деп таанылган [115, 449-б.].

Бир катар элдер кыпчактар, түрктөр, ферганалык каракалпактар, сарттар, курамдар, жана 2000-жылы Тажикстанда эл катары таанылган локайлар, конгураттар, барластар сыяктуу элдер өз мамлекеттүүлүгүн такыр эле ала албай, акырындык менен титулдук элдерге ассимиляцияланып кетүүгө аргасыз болушкан.

1923-жылы апрелде РКП(б)нын XII курултайы улуттук маселе жана райондоштуруу боюнча резолюция кабыл алган, ага ылайык мурдагы административдик бөлүнүш жаңы саясий жана экономикалык шарттарга ылайык келбейт деп табылып, ошондой эле райондоштуруунун жаңы түзүлүшүнүн зарылычылыгын тааныган [6, 709-716-б.].

1924-жылы 10-мартта ТКП (б) БКнын жооптуу кызматкерлеринин кеңешмесинде бөлүштүрүү жана улуттук республикаларды түзүү боюнча эмгекчилердин жекече пикирин ачыкка чыгаруу керек эле. Жергиликтүү улуттардын советтик эмгекчилери бул идеяны колдошкон жана бөлүштүрүүнүн себеби катары аймактагы улуттар аралык мамилелердин курчуп кеткендигин көрсөтүшкөн. Буга далил катары Кыргыз (Казак) АССРнын жетекчилери бир катар жагдайларды талап катары келтиришкен, 1922-ж. РКП (б) БКга Түркстандын райондорундагы кыргыздарды (казак) кошуу жөнүндөгү бир

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

канча коюлган маселе жана 1921-жылдагы Түркстан Республикасынын казактардын курултайында өзүнчө республикага бөлүү жөнүндөгү талабы; Түркстан түркмөндөрүнүн курултайында өзүлөрүнүн республикасын түзүүнү билдирүүсү [186, 644-б.].

Дагы бир маанилүү жагдай басмачылар кыймылынын өчпөс оту болгон, анын жетекчиси Төрөкул Жанузаков Түркстандын алдыңкы эмгекчилерине жазган катында Кыргыз Тоолуу аймагын түзүүнү Совет бийлигине каршы күрөштү токтотуунун шарттарынын бири катары койгон [139, 25-б.].

Чындыгында улуттук белгилер боюнча бөлүштүрүү Совет бийлигин чыңдоонун бирден-бир жолу болгон, анткени «өзбек кедейлери өзбек муштуму менен, кыргыз кедейлери кыргыз муштуму менен, түркмөндөр түркмөндөр менен күрөшсө пайдалуу болмок, анда таптык күрөш улуттук фактор менен көмүскөдө калбайт» [186, 645-б.].

Көп улуттуу Түркстандын аймагындагы кыргыздардын саны ар кандай маалыматтар боюнча 809 миң 524 адамга жеткен.

А.Жуманалиев Совет бийлигинин алгачкы жылдарында калктын так санын жана өзгөчө улуттук курамын аныктоо кыйынчылыгын белгилейт [120, 119-б.]. Биздин оюбузча, бул билдирүү 1920-жылдардын чыныгы жүзүн толук чагылдырат.

Кыргыздын чыгаан уулдары ата журттун тагдырына кабатырланып, кыргыз элинин бири-биринен ажыраган бөлүктөрүн кайрадан бир бүтүнгө бириктирүүгө аракет кылышкан. Жети-Суу областтык аткаруу комитетинин төрагасы А.Сыдыков, аткаруу комитетинин бөлүм башчысы И.Арабаев кыргыздардын өз тагдырын өзү аныктоо маселесин көтөрүшөт. Окумуштуу-тарыхчылардын изилдөөлөрүндө кыргыз элине автономия түзүү маселеси биринчи жолу 1921-жылдын май айында көтөрүлгөн. Түрк комиссиясынын жана Түркстан БКнын бир катар жооптуу кызматкерлери Верный шаарына келишип, «Түркстан АССРинин курамында өз алдынча Кара-Кыргыз тоолуу областын түзүү жөнүндө» маселени коюшкан [139,158-б.].

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

З. Курманов А.Сыдыков идеянын чыныгы дем берүүчүсү экенин өз эмгегинде далилдеген. Түркомиссиянын мүчөлөрү Г.Сафаров менен Ходжановго Кыргыз Тоолу областын түзүүнү жактап чыгууга кеңеш берген [139,161-б.]. Кыргыз интеллегенциясынын бир тобунун тынымсыз аракети менен бирге ТүркЭКОСО да улуттук өзгөчөлүктөргө жараша областык бөлүнүүнүн варианттарын иштеп чыгып, Кыргыз Тоолу областын түзүүнү көздөшкөн. Буга губернияларга - уезддерге-волостторго болгон түйшүктүү бөлүнүүнүн ордуна, ЖЭСтин түзүмүндөгү жөнөкөй жана демократиялуу түзүлүшкө өтүү шарты болгон [139, 124-б.]. Элдин Түркстандын айрым аймактарына, уезддерине, волостторуна, ал тургай айылдарга жана айыл жамааттарына чачырап кетиши, кыргыздардын турмуш-тиричилигин, улуттук өзгөчөлүктөрүн толук эсепке алууну кыйындаткан. Алар бардык областарда этникалык азчылыкты түзүшкөн, алардын кызыкчылыктары көп учурда этибарга алынбаган. Элге билим берүү оор шарттарда болгон – жергиликтүү калктын басымдуу бөлүгү сабатсыз болгон. Фергана, Самарканд областарында мектептерде окуу өзбек тилинде, ал эми Жети-Суу, Сырдарыя областарында казак тилинде жүргүзүлгөндүктөн, кыргыздардын балдары түндүктө казактар менен, түштүктө өзбектер менен ассимиляцияланган. Кыргыз интеллегенциясынын Кыргыз Тоолу областы түзүү шыктануу демилгеси Кыргыз (Казак) АССРнин Түрк АССРдеги бардык кыргыз жерлерин өзүнүн карамагында бириктирүүгө умтулуусу болгон. А.Сыдыков 1922-жылы март айында Ташкентте өткөн Бүткүл Түркстандык Советтердин XII курулатайында болгон сапарында ТүркБАКтын алдына маселени коюп, тоолуу аймакты бөлүп берүү чечимине жетишкен [197, 458-б.]. Бул курултайга Олуя-Ата уездинин кыргыздарынын атынан келген делегациянын өкүлдөрү дагы (өзбектер, кыргыздар (казактар), түркмөндөр) менен катар кара-кыргызды да өз алдынча эл катары тез арада таануу маселесин көтөрүшкөн [171, 18-19-б.].

Түркстан РКП(б) БКнын катчылыгы 1922-жылдын 25-мартында Жети-Суу областын райондоштуруу маселесин караган. Ал өзүнүн токтому менен Түркстан Республикасынын курамына Тоолуу областы уюштуруу жөнүндө декрет жарыялоону ТүркБАКтын президиумуна тапшырган. 26-мартта Түрк

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

АССР Советтеринин Борбордук Аткаруу Комитети токтом чыгарат: «Жети-Суу уездинин курамындагы Пишпек, Каракол, Нарын, ошондой эле Сыр-Дарыя областынын Олуя-Ата волостундагы Талкановка, Жайылганов тоолу учатоктору кирген борбору Кочкор болгон, Кара-Кыргыз тоолуу областын түзүү жөнүндө Жети-Суу областтык аткаруу комитетинин өтүнүчүн канааттандыруу принципиалдуу зарыл деп табылсын. Ферганадагы тоолуу кыргыздардын абалы жөнүндөгү маселе аймак толугу менен тынчыганга чейин ачык бойдон калууда. НКВД жана Жети-Суу областтык аткаруу комитети бул токтомду ишке ашыруу боюнча зарыл чараларды көрүшсүн» [139, 126-б.].

28-мартта Түркстан Республикасынын НКВДсы уюштуруу курултайын өткөрүү убактысы жана орду, курултайга шайлоонун тартиби жана күн тартиби боюнча кеңири сунуштарды берген. Даярдык иштерин жүргүзүү үчүн 1922-жылдын 15-апрелиндеги Жети-Суу областтык партиялык комитетинин чечими менен атайын комиссия түзүлгөн жана 1922-жылдын 1-июнуна Кара-Кыргыз тоолуу областынын кеңештеринин уюштуруу курултайын чакыруу датасы белгиленген. Атайын уюштуруу комиссиясынын курамына И.Арабаев, А.Сыдыков, И.Бурыгин кирген. 19-апрелде партиянын Жети-Суу областтык комитетинин кеңешмеси болуп, анда бөлүнгөн областы аймактык-административдик же ошол эле учурда улуттук-экономикалык деп таануу маселеси талкууланган. Кеңешменин катышуучулары бөлүштүрүү аймактык-административдик деп табылды деген тыянакка келишти жана Тоолуу жана Жети-Суу областтарынын экономикалык мамилелери жөнүндөгү маселени тоолуу областтын советтеринин алдыда боло турган курултайында коюу жөнүндө чечим кабыл алынды [139, 127-б.].

Бул долбоордун иш жүзүндө ишке ашырылышында бөлүнүүнү жактаган тараптар менен каршылаштардын ортосунда курч партиялык-топтук күрөш күчөгөн. Р.Худайкулов баштаган топ курултайды өткөрүүгө жана Тоолуу областы түзүүгө каршы чыккан. Карама-каршы эки топтун жетекчилери А.Сыдыков менен Р.Худайкулов бийликке умтулуп, жергиликтүү калк арасында өз таасирин кеңейтүүгө умтулушкан [210, 6-7-б.]. Р.Худайкулов жана анын

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

тарапташтарын Ташкенттеги ТүркБАКнын казак кызматкерлеринин бир бөлүгү жана «кыргыздар казак элинин бир бөлүгү» жана бүткүл түрктөрдүн биримдиги жөнүндөгү «алашчылардын» идеясын жактаган Алама-Атадагы областтык аткаруу комитети колдогон [213, 10-б.].

1922-жылдын 4-6-июнунда Пишпекте « I тарыхый уюштуруу курултайына Түркстан Республикасынын курамындагы өз алдынча Тоолуу областынын уштурулушу боюнча бул аймактагы улуттук азчылыктардын өкүлдөрү катышууга» [187, 11-б.] чогулган.

Курултайда Кыргыз тоолуу областынын курамына кирүүгө тийиш болгон калкынын саны жана аймагы боюнча төмөндөгү маалыматтар келтирилди.

КТОго кирген уездер жана алардын калкы.

Таблица[124, 34-б.].

| к/№ | Уездер | Эки жыныстагы калкы | Алардын ичиндеги кыргыздар | Калктын курамындагы кыргыздар, % |
|---|---|---|---|---|
| | Жети-Суу областы | | | |
| 1 | Каракол | 81622 | 48334 | 59,2 |
| 2 | Нарын | 48821 | 46815 | 95,9 |
| 3 | Пишпек | 131652 | 75110 | 57,05 |
| | Сыр-Дарыя боласты | | | |
| 4 | Аулие-Ата | 51775 | 45064 | 87,04 |

Маалымат Пишпек, Каракол жана Нарын уезддеринин аймактары боюнча берилген, бирок Олуя-Ата уездинин тоолуу бөлүгү боюнча маалымат жыйналган эмес.

Курултайда тоолуу аймакты «Түркстан Республикасынын бардык областары, РСФСРдин губерниялык жана областык бирдиктери менен бирдей шартта» уюштурууну билдирген [213, 10-б.]. Бирок, партиянын Генералдык катчысы жана улуттар эл комиссары И.Сталиндин көрсөтмөсү менен ТКП(б) БКнын Аткаруу бюросу Тоолуу аймакты бөлүүнү убактылуу токтотууну чечкен, областы түзүү жасалма мажбурланган, даярдыксыз чечим деп эсептелип, Кыргыз Тоолу областына бөлүү боюнча маселени ТүркАССРнин райондоштурууну жүргүзүүгө чейин жылдырылган [166, 84-б.]. Түркстандын экономикалык кеңешмесинин мүчөлөрү да улуттук белгилер боюнча

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

административдик-аймактык бөлүнүүгө каршы чыккандар болгон. Кеңешменин чечиминде: «Тоолуу районду өз алдынча областка бөлүү идеясын кескин четке кагуу» [166, 84-85-б.] деп белгиленген. Кийинчерээк К.Нурбеков белгилегендей, Кыргыз улуттук аймагын бөлүп алуу аракети Кыргызстанда Советтик автономияны түзүүдөгү даярдык иштери болгон. З.Кургмановдун оюу боюнча «А.Сыдыков жана анын айланасындагылар (Ж.Абдрахманов, И.Арабаев ж.б.) бийликти багындыруулары старатегиялык мааниге ээ болгон, 1924-ж. Орто Азиядагы улуттук мамлекеттик бөлүштүрүүдөгү Кыргызстандын автономия болуу же болбоо маселеси жок болучу. Анын түштүк-батыш чек аралары боюнча гана маселе талаш болгон» [139, 143-б.]. Бирок, А.Сыдыковдун тобунун бардык жетишкендиктерин эске алганда да автономияга баруу жолу оңой жана татаал болгон жок.

1924-жылдын башында РКП (б) БКнын Уюштуруу бюросу бүткүл Орто Азия боюнча улуттук-мамлекеттик бөлүү боюнча маселесин көтөргөн жана аны практикалык түрдө ишке ашыруунун долбоорун кылдаттык менен иштеп чыгууну партиянын Орто Азия бюросуна тапшырган. Советтердин Бүткүл Түркстандык XII курултайынан кийин (1924-ж. январь) улуттук Орто Азияны улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүүнү жүргүзүү боюнча практикалык иштер башталган [169, 146-б.]. Бул курултайдын кыргыз делегаттары РКП(б) БКнын жана СССР БАКнын Улуттук Советине айтайын кат менен кайрылышат, анда алар социалдык-экономикалык жана саясий иш чараларга, кыргыздар жашаган көптөгөн аймактар камтылбай калганын белгилешкен, анткени «биринчиден областы айтпаганда да, уездик башкаруу апаратына кызматка алууда улуттук аспектилерди эске алышпайт; экинчиден, кара-кыргыз маданиятын жогорулатуу милдети али - партиялык да, советтик бийлик тарабынан да коюла элек; үчүнчүдөн, кара-кыргыз эмгекчи массасынын өкүлдөрү партиялык жана мамлекеттик иштерге тартылган эмес» [137, 226-227-б.].

Кыргыздардын «таанылбагандыгынын» негизги себептери: биринчиден, «тилинин кандайдыр бир окшоштугу, жашоо-тиричилигинин жана башкаруусунун бирдейлиги, ошонун айынан европалыктар кайсак-кыргыз

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

менен кара-кыргызды бир улут деп алышкан. Экинчиден, Түркстандын кээ бир жетекчилеринин кара-кыргызды кайсак-кыргызга кошуп, бирдиктүү эл түзүүгө умтулуусу» [201, 16-б.].

Каттын авторлору төмөнкүдөй талаптарды коюшкан: 1) кара-кыргыз элин башка улуттар (өзбектер, түркмөндөр, кайсак-кыргыздар) менен бирдей негизде өз алдынча эл катары таануу; 2) партиялык жана мамлекеттик бийлик органдарынын курамына кара-кыргыз эмгекчилеринин өкүлдөрү көбүрөөк тартылсын; 3) Кара-кыргыз эмгекчилеринин арасында алардын эне тилиндеги маданий-агартуу иштерине, биринчи кезекте окуу китептерин жана окуу куралдарын басып чыгарууга мамлекеттик каражат бөлүнсүн [137, 227-б.].

Кийинчерээк бөлүштүрүү боюнча маселе БКнын ар кандай пленумдарында, партиялык жана партиялык эмес конференцияларда талкуулана баштаган, мисалы, 10-мартта ТКП БК (б) менен Түркстан Советтеринин БАКында, Орто Азия бюросунун мүчөлөрү менен партиялык-советтик кызматкерлеринин бириктилирген кеңешмесинде каралган [185, 114-б.]. Бул кеңешмеде РСФСРге түздөн-түз баш ийген Фергана автономиясынын долбоору сунуш кылынды. И.Арабаев өз сөзүндө «кара кыргыздар саны көп болсо да, кыргыз-кайсактардан кескин айырмаланып, кызыкчылыктары эң көп тебеленгенин жана өз алдынча республика болуу укугу берилбей жатканына наразычылыгын билдирген» [137, 227-б.]. Ал Кыргыз автономиясы маселесин токтоосуз чечип, Түркстанга, Кыргыз (Казак) Республикасына же РСФСРге кошулуу маселесин кара-кыргыз элинин өзүнө чечүүгө укук берүүнү сунуш кылган. Кеңешме Түркстандын Кайсак-Кыргыз жана Кара-Кыргыз областарын Кыргыз (Казак) Республикасынын курамына кара-кыргыздарга автономия берүү максатка ылайыктуу деген тыянакка келет. 1924-жылы март айында ТКП(б)нын Пленуму автономиялуу республикаларга: Өзбек, Түркмөн республикаларына, Кыргыз (Казак) АССРине бөлүүнү жана ошол эле учурда кара-кыргыздарды жана тажиктерди бир эле убакта өз алдынча автономиялуу областтарга бөлүштүрүү каралат [197, 464-б.]. Бул токтомдо Арал көлүнүн жээгинде жашаган каракалпактар жөнүндө сөз болгон эмес.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

5-апрелде РКП(б)нын Саясий бюросу Орто Азиянын партиялык уюмдарынын демилгесин жактырды жана Орто Азия бюросу бардык зарыл материалдарды даярдап БКга тапшырды. 1924-жылдын 28-апрелинде РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу партиянын Борбордук Комитетинин директиваларынын негизинде бөлүштүрүүгө (бөлүштүрүү боюнча комиссия) тиешелүү бардык маселелерди алдын ала иштеп чыгуу үчүн комиссия түзгөн. Комиссиянын алдында үч кичи: өзбек, түркмөн, кыргыз (казак) комиссия түзүлдү. Кара-кыргыздардын улуттук-аймактык аныктамасы жөнүндөгү маселени даярдоо үчүн акыркысына кара-кыргыздардын өкүлдөрү киргизилген. Кичи комиссиялар дароо практикалык маселелерди: келечектеги республикалардын болжолдуу чектерин аныктоо, жаңы улуттук республикалардын жана областардын экономикалык, партиялык жана маданий борборлорун пландарын түзүүнү иштеп чыгууга киришишти [119, 158-б.]. Орто Азияны бөлүштүрүү боюнча комиссиясынын ишинде суроону өзбекстандын кичи комиссиясынын бир топ эл өкүлдөрүнөн турган өкүлдөрү коюшкан. Мында Орто Азиядагы союздук бийликтин бардык ыйгарым укуктуу органдарынын Ташкентте жайгашкандыгы олуттуу роль ойногон. «Борбордун ыйгарым укуктуу органдарынын (РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу, СТО, СредазЭКОС ж. б.) кызматкерлеринин басымдуу бөлүгү бөлүштүрүүдө элдердин келечектеги тагдырын аныктоочу процесс катары эмес, тескерисинче саясий-экономикалык башкарууну жеңилдетүү максатында бирдиктүү өлкөнүн аймагын административдик-аймактык райондоштуруу процесси катары мамиле кылышкан» [137, 230-б.].

Ошол эле жылдын 11-майында РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу бөлүштүрүүнү аныктоо боюнча борбордук комиссиянын жана анын улуттук кичи комиссияларынын ишинин жыйынтыктарын талкуулап, «мурунку ортоазиялык республикалардын улуттук-аймактык белгилери боюнча бөлүштүрүүнү жүргүзүү зарылчылыгын» тааныды жана «уюштурууну чечти: а) Өзбек жана Түркмөн республикалары СССРге түздөн-түз кирүү менен өз алдынча укуктагы ССР катары; б) Өзбек Республикасынын курамындагы Тажик

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

автономиялуу областы; в) Кара-Кыргыз автономиялуу областы, ал кайсы республикага таандык деген маселени ачык калтырат» [124, 44-б.]. 2-июнда Ортоазбюро РКП(б) БКнын саясий бюросунун Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик бөлүнүүсү боюнча комиссия иштеп чыккан токтомунун долбоорун жактырды, андан кийин бул маселе РКП (б) БКнын кароосуна берилди. 1924-жылдын 12-июнунда РКП (б) БК Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү жөнүндө тарыхый чечим кабыл алган. Кечиктирилгиз иштерди жүргүзүү максатында убактылуу улуттук бюролор түзүлгөн. З.Курманов белгилегендей, «чындыгында булар бөлүштүрүү шартында улуттук кызыкчылыкты коргоо боюнча топтор болгон» [139, 145-б.]. Улуттук бюролордун милдеттерине төмөнкүлөр кирген:

а) саясий чөйрөдө - жаңыдан түзүлгөн улуттук республикалардын конституциясынын жана декларациясынын тексттерин даярдоо, уюштуруу съезддерин чакырууну даярдоо;

б) аймактык областа - жаңы администрациялык бирдиктердин мамлекеттик чек араларын аныктоо жана администрациялык-аймактык бөлүнүштүн долбоорлорун иштеп чыгуу;

в) экономикалык областы - бюджетти жана чарбалык планды түзүү, ортоазиялык банктык капиталдан республикалардын катышуу үлүшүн аныктоо, өнөр жай ишканаларын бөлүштүрүү маселелерин иштеп чыгуу, ошондой эле пахтачылыкты, суу чарбасы, тоо-кен өнөнр жайын ж.б. өнүктүрүү.

Тиешелүү материалдарды жана жыйынтыктоолорду даярдоо үчүн административдик-укуктук, жер маселелери, бюджет, билим берүү жана саламаттыкты сактоо боюнча чакан комиссиялар түзүлдү.

РКП(б) БКнын 1924-жылдын 12-июнундагы токтомунда мындай деп белгиленген: «ТКП, БКП жана ХКП улуттук бөлүштүрүүдө белгилери боюнча төмөнкүлөрдү түзүү жолу менен кайра түзүлсүн: а) Өзбекстан Компартиясы б) В. Туркменстан Компартиясынын жана в) областтык уюмдун укугундагы Кара-кыргыз жана Тажик уюмдары» [169, 150-б.]. Андан кийин улуттук бөлүштүрүү боюнча Борбордук аймактык комиссия түзүлүп, анын курамына жаңыдан

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

түзүлгөн республикалардан жана автономиялуу облустардан үч өкүл кирген. Анын курамында Н.Айтаков, Ж.Абдрахманов, И.Айдарбеков, И.М.Варейкис, Исламов, Манжара, Ф.Ходжаев жана башкалар иштеген [184, 18-б.]. Бөлүштүрүү иштери боюнча Борбордук аймактык комиссияга каракалпак элинин өкүлдөрүнөн автономия берүү талабы келет [12, л.4-5].

Кыргызстандын өкмөтүнүн келечектеги түзүмү 1924-жылдын 28-августунда административдик-укуктук комиссиянын кеңешмесинде аныкталып, анын чечими менен областык аткаруу комитетинин аппаратынын курамы төрагадан, анын эки орун басарынан, катчыдан жана алты мүчөдөн турган. Төраганын орун басарларынын бири административдик бөлүмдүн, экинчиси аймактык пландоо комиссиясынын өкүлү болушу керек эле [30, л.329].

Жер-жерлерде бөлүштүрүү боюнча тууралу чечим кабыл алынды. «Пишпек шаардык партия комитети РКП(б) БКнын Ортоазбюросунун Орто Азияда, башкача айтканда Түркстан АССРинде, Бухара жана Хорезм республикаларында бөлүштүрүү боюнча жана Өзбек, Түркмөн ССР, Өзбек ССРнин курамындагы Тажик, РСФСРдин курамындагы Кара-Кыргыз автономиялуу областын түзүү чечимин колдоп алышты» [182, 25-б.].

Бул убакта Кыргызстандын Өзбекстан менен болгон чек арасынын долбоору даярдалган [28, л.199]. Айрым жерлерге ээлик кылуу маселеси ар кандай деңгээлде талкуулана баштады. Бул маселенин калк арасында ачык талкууланышы чоң кайгылуу кесепеттерге алып келиши мүмкүн эле. Буга жол бербөө үчүн РКП(б) БК Ортоазбюросу 31-августта токтом кабыл алат, анда «бөлүштүрүү комиссиясынын чечимисиз, кошулууну жактаган жана каршы болгон бардык аргументтерди таразалай албай, бүдөмүк гана улуттук курамдын жана экономикалык оорчулуктун идеясына ылайык, жеке аймактарды бириктирүү, тигил же бул республиканын аймагына кандайдыр бир волостту же айылды кошуу маселелерин кеңири масса көтөрө албайт» [13, л.2] деп айтылган. Партиялык жана советтик аппараттын жетекчилигинин тигил же бул аймакты бөлүштүрүү мамлекеттик түзүлүштөргө таандык кылуу үчүн курч күрөштү эске алып, РКП (б) Ортоазбюросу мамлекеттик бөлүштүрүү боюнча комиссиясынын

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

мүчөлөрүнө, коомдук үгүт иштери учурунда айрым жолдоштор боюнча «ар кандай жарылуулардан кармануу» көрсөтмөсүн чыгарат. Анткени мындай аракеттер айрым мүчөлөрүн гана эмес, КП(б)нын бүткүл саясатын жаманатты кылышы мүмкүн [13, л.2].

Жогорку партиялык органдардын мүчөлөрүнүн Орто Азиянын жаңы мамлекеттик түзүлүштөрүнүн чек араларын делимитациялоого карата мамилеси формализм менен мүнөздөлгөн, мында чек араларды делимитациялоого мамиле «элдердин келечектеги тагдырын аныктоочу процесс эмес, бирок саясий-экономикалык башкарууну өркүндөтүү максатында калктын улуттук курамын эске алуу менен бирдиктүү бөлүнгүс өлкөнүн аймактык административдик райондоштуруу катары» [202, 20-21-б.] үстөмдүк кылган.

Сентябрь айынын башына карата РКП(б) БКнын В.В.Куйбышев башчылык кылган жаңы түзүлгөн республикалардын чек араларын аныктоо боюнча комиссиясынын иши аяктады. Бул комиссиядагы кыргыз делегациясынын курамында ички биримдиктин жоктугу аймактын кызыкчылыгын коргоо боюнча натыйжалуу иш алып барууга өбөлгө болгон жок. Делегациянын натыйжасыз ишинин жыйынтыгы коңшу мамлекеттик түзүлүшкө олуттуу аймактык жана мүлктүк макул болуулардан көрүндү [193, 158-б.]. 1924-жылдын 16-сентябрында Түрк АССРнин БАКтын кезексиз сессиясы улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү жана Кара-Кыргыз автономиялуу областын түзүү жөнүндө токтом кабыл алган. ККАОну уюштурууга байланыштуу кайсы республиканын курамына - Россия Федерациясыбы же Казакстанбы деген суроо пайда болду. Р.Худайкулов Кыргызстандын Казак АССРинин курамына киришин жактаган. Бирок, А.Сыдыковдун жана анын тарапташтары (И.Арабаев, Ж.Абдрахманов) күчтүү талаптары менен ККАО РСФСРдин курамына кирген, Кыргыз автономиясы мисалы, Өзбек ССРнин курамына кирүүгө макул болгон Тажик АССРи же автономиялуу Казак ССРне кирген Каракалпактар катары [18, л.4-5] Орто Азиянын башка автономиялуу бирдиктеринин жолуна түшкөн эмес.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Автономиялуу област коңшулаш республикалардын натыйжалуу жардамына ишене алган жок, анткени алардын өздөрү жардамга абдан муктаж эле. Экинчиден, ККАОнун РСФСРге таандык болушу коңшуларынын аймактык доомattарын олуттуу түрдө чектеп койгон, үчүнчүдөн, А.Сыдыковдун тобунун айтымында, Россиядан географиялык жактан алыс жайгашкандыгы ички өнүгүү маселелеринде көбүрөөк көз карандысыздыкка жана эркиндикке ишенимди пайда кылган [193, 115-б.]. 1924-жылдын сентябрь айынын экинчи жарымында РКП (б) БКнын Ортоазбюросу Москвага сапар үчүн убактылуу улуттук бюролордун мүчөлөрүнүн делегацияны түзгөн. Кара-кыргыз бюросунан Ж.Абдрахманов, Д.Зулфибаев, М. Янгулатов бекитилген [120, 129-б.]. Москвадагы кыргыз делегациясынын мүчөлөрү уюштуруу жана чарбалык маселелер менен алектенип, союздук элдик комиссариаттарга географиялык жактан жайгашуу абалы, келечектеги автономиянын мүмкүнчүлүктөрү жана перспективалары менен тааныштырышкан [198, 250-252-б.].

1924-жылы 1-октябрда РКП(б) БКнын Саясий бюросунун кезексиз кеңешмесинде Түркстан, Бухара, Хорезмдин партиялык жана советтик органдарынын жана РКП БКнын Саясий бюросунун Орто Азияны улуттук бөлүштүрүү боюнча комиссиясынын докладдары менен сунуштары талкууланды. Талкуута Ж.Абдрахманов катышкан [184, 349-б.].

1924-жылдын 14-октябрында ББАКтын (ВЦИК) экинчи сессиясында улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү жөнүндөгү ТүркБАКтын токтому каралып, төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилген жана бекитилген [217]: Өзбек жана Түркмөн ССРи түзүлгөн; Өзбек ССРнин курамындагы Тажик автономиялуу областын Тажик АССРи деп кайра түзүү кабыл алынды; Каракалпак Автономиялуу облусу Кыргыз (Казак) АССРинин курамына киргизилген; Кара-Кыргыз автономиялуу областы РСФСРдин курамына кирди; Түркстандагы казактар Кыргыз (Казак) АССРи менен бириккен [97, 14-б.]. ББАКтын (ВЦИК) токтомунда: «Кара-кыргыз элинин жумушчу жана дыйкандар массасынын жалпы эркин аткаруу менен Түркстан АССРнин курамынан чыгуу жана Кара-Кыргыз Автономиялык областын түзүү укугун берүү» [96, 28-б.] айтылган.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

12-ноябрда кайра дайындалган областык революциялык комитеттин биринчи пленардык жыйыны болуп, анда президиум жана президиумдун төрагасы шайланган [29, л.1-3]. Бийликтин туруктуу аткаруучу органы - областтык революциялык комитеттин президиуму 15-ноябрда бир катар мамлекеттик маселелерди карап, өзүнүн ишин баштады. Революциялык комитет 1924-жылдын 22-ноябрында жаңы түзүлгөн областын курамына кирген волосттордун тизмесин жарыялап, «ушул күндөн тартып Кыргыз автономиялуу областынын  убактылуу өкмөтү катары өзүнүн милдеттерин аткарууга киришет» [29, л.10-11] деп коомчулукка жарыялайт.

Улуттук автономияны жарыялоонун кыргыздар үчүн тарыхий зор мааниси болгон. Бул элдин өкүлдөрү автономиялуу областы  башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Кыргыз автономиялуу областынын (КАО) областтык аткаруу комитетинин алдында жергиликтештирүү боюнча комиссия түзүлөт. Кыргыздар мамлекеттик иштерге кеңири тартыла баштаган. Волосттук аткаруу комитеттердин катчылары, финансы (салык) агенттери, почта-телеграф, милиция, медициналык жана башка кызматкерлери үчүн областтык курстар уюштурулган.

Башка жергиликтүү улуттардын өкүлдөрү административдик жана башкаруу аппаратынын ишине активдүү тартыла баштаган. Биринчи жолу улуттук азчылыктардын укуктарын коргоо боюнча областтык аткаруу комитетинин алдында туруктуу комиссия түзүлгөн,  алар  улуттук азчылыктардын укуктарын коргоого жооптуу болуп, КАОнун өкүлдөрүнүн мыйзамдуулукту сакташын ишке ашырууну көзөмөлдөгөн.

Улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү жалпысынан Орто Азия элдеринин, өзгөчө кыргыздардын маданий өнүгүүсүнө шарт түзгөн. Кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгүн түзүү элге билим берүүнү, адабиятты жана искусствону мындан ары өнүктүрүү үчүн маанилүү дем  болду. Кыргыз жаштары борбордук жогорку окуу жайларында билим алууга мүмкүнчүлүк алышты.

Мамлекеттүүлүгүнөн ажырагандан көп жылдар өткөндөн кийин кыргыздар чектелген автономия менен болсо да өз мамлекетине ээ болушкан. Кыргыздар

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

байырлаган аймак өз алдынча мамлекеттик түзүлүштүн алкагында кайрадан бириктирилген. Бирдиктүү, жалпы улуттук адабий тил пайда болгон жана өнүккөн.

### 3.3. Кара-Кыргыз автономияуу областынын административдик-аймактык түзүлүшү

РСФСРдин курамындагы ККАОнун түзүлүшү жаңы мамлекеттин административдик-аймактык түзүлүшүнүн баштапкы чекити болуп калды. Орто Азия элдерин бөлүштүрүүнүн натыйжасында бир катар республикалар жана автономиялуу областтар, анын ичинде Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөн. ККАОго өткөн аймак 195,7 миң км$^2$, ал эми жаңы областын калкы болжол менен 737 миң адамды түзгөн. Калктын басымдуу бөлүгүн кыргыздар – 63,5%, орустар – 16,8%, өзбектер – 15,4%, казактар – 1,3% жана башка улуттар – 3,5% түзгөн [120, 130-б.]. Бардык уезддерде кыргыздар аз гана жерде тыгыз жашаган көпчүлүктү түзгөн. Райондун калкынын дээрлик бардыгы (92,5%) айыл чарбасы менен алектенген.

ККАОго 75 волост, алты шаар, 727 айыл, 721 кыштак жана 5 хутор бириктирилген [160, 20-б.]. Бөлүштүрүү комиссиясынын чечими боюнча ККАОнун курамына төмөнкү волосттор киргизилген: (Тиркеме 6).

1924-жылдын 18-октябрында РКП (б) БКнын Саясий бюросу М.Каменский (биринчи катчы), Ж.Абдрахманов (экинчи катчы), И.Айдарбеков, Э. Арабаев, Д.Бабаханов жана башкалар башында турган убактылуу партиялык уюмдун бюросунун курамын бекитти [187, 11-13-б.]. Биринчи уюштуруу конференциясына чейин ККАОнун бардык партиялык иштерине жетекчилик кылуу уюштуруу партиялык бюросуна тапшырылды [169, 150-б.].

Советтик аппараттын калыптанышы партиялык аппаратты уюштуруу менен бир мезгилде ишке ашырылды. Түрк АССР Советтеринин Борбордук Аткаруу Комитетинин төртүнчү чукул сессиясынын 1924-жылдын 18-ноябрындагы токтомуна ылайык, ККАОнун жумушчу, дыйкан депутаттарынын биринчи курултайы чакырылганга чейин өзгөчө башкаруу органы - революциялык комитет (ревком), Кыргызстандын аймагындагы башкаруу жана мамлекеттик

Wondershare PDFelement

жогорку орган түзүлгөн. Революциялык комитеттин төрагалыгына Иманалы Айдарбеков дайындалды [29, л.3]. Революциялык комитеттин курамына төмөндөгү жолдоштор кирди: «Зулфибаев Д. - төраганын орун басары, Янгулатов М. - төраганын орун басары, мүчөлөрү: Абдрахманов Ж., Малышев С. - катчы, Чоңбашев С., Покровский П., Ботбаев М., Каменский. М., Сарыбаев Б., Квитко, Худайкулов Р., Расулиев Р. ж.б.» [29, л.3]. Андан ары токтомдо: «Ушул күндөн тартып Түркреспубликасынын Экономсовети жана ЭКС, БАК ишмердигин токтотуп, бүт бийлик автономиялуу областтын революциялык комитетине өткөрүлүп берилсин» деп айтылган [10, 7-8-б.]. 21-октябрда Бүткүл союздук Борбордук Аткаруу Комитетинин (ВЦИК) Президиуму ККАОнун Революциялык комитетинин 17 адамдан турган жеке курамын бекитти. Революциялык комитеттин негизги милдеттери мамлекеттик башкарууну ишке ашыруу, мамлекеттик аппаратты калыптандыруу, советтердин уюштуруу курултайын даярдоо жана өткөрүү, революциялык комитет ага мамлекеттик бийликтин жана башкарууну толугу менен өткөрүп берүү болгон. ККАОнун революциялык комитети 1924-жылдын 12-ноябрындагы биринчи пленардык кеңешмесинде облревкомдун президиумунун курамына төрага жана анын эки орун басары, беш мүчөсү жана президиумдун бир катчысынан турган президиумду шайлаган [7, 6-б.]. Ревкомдун президиуму революциялык комитеттин пленумдарынын аралыгында областын аймагына көзөмөл жүргүзгөн. Областын биринчи административдик борбору Революциялык комитеттин 1924-жылдын 12-ноябрындагы токтомуна ылайык, убактылуу Ташкент шаары болуп калган. Бул шаарды тандап алуунун себептери: 1) ККАОдо бардык аймактык мекемелерди дароо батыра ала турган мындай шаардын жоктугу, 2) өзгөчө уюштуруу иштери жүрүп жаткан мезгилде байланышка муктаждык, 3) жалпы эле иштин кызыкчылыгы болгон [29, л.1-2]. Областтык революциялык комитет Жалал-Абадды [7, 7-б.] областын административдик борбору деп таанып, Жалал-Абадда зарыл имараттар курулганга чейин Ташкент областын административдик борбору болуп калууга тийиш болгон [7, 7-б.].

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Административдик бөлүнүү принциби кыргыздардын жаңы мамлекеттик бирикмесинин мамлекеттик түзүмдөрүн курууда маанилүү элемент болгон. Облревком пландоо комиссиясын түзөт, ага административдик бөлүштүрүү боюнча маселесин иштеп чыгуу тапшырылган. Жаңы административдик түзүлүштү долбоорлоодо ар кандай варианттар сунушталган. Мисалы, мурдагы административдик түзүлүш - уездик бөлүү сакталган. Уезддин да, волосттун да калыптанган аппаратынын болушу анын пайдасында калган [82, л.18]. Артыкчылыктары катары жаңы административдик бирдиктерди бузуу жана түзүү зарылчылыгы жоктугу, Жалал-Абадда бир гана уезддик администрацияны түзүү зарылчылыгы жана Олуя-Ата уездинин тоолуу бөлүгү Пишпек уездине кошулушу мүмкүн болгон. Ошол убакта Олуя-Атадан Пишпекке чейин темир жол линиясы бүткөрүлгөн. Уезддик башкаруу бөлүмү азыраак аймакка топтолгон, бир уезддик аткаруу комитети орто эсеп менен 133 000 жан жашаган он эки волостту же эки жыныстагы 10 600 жандан турган бир волостту түзсө, уезддик борбордун эң алыстыгы 150 -180 верст болгон.

Wondershare PDFelement

Административдик түзүлүштүн башка варианты боюнча областы эки округга, аларды өз кезегинде уезддерге бөлүү сунушталган [95, 44-б.]. Биринчи округ – Жалал-Абад эки уездден: Ош жана Жалал-Абаддан, экинчи округ – Пишпек төрт уездден: Пишпек, Каракол, Нарын, Олуя-Ата (Тоолуу) болушу керек эле [82, 23-б.].

Жогорудагы долбоорго альтернатива болуп округдук-райондук волосттук бөлүнүш болгон. Округ катары административдик-экономикалык бирдикти тандоого төмөнкү факторлор себеп болгон:

1) ККАОнун мурдагы уезддердин жана волосттордун айрым бөлүктөрүнөн жаңы улуттук-мамлекеттик бирикме катары калыптанышы. Эки гана уезд – Каракол жана Нарын автономиялуу областтын курамына бөлүнбөй кирген;

2) ББАКтын (ВЦИК) үч мүчөсүнүн административдик-экономикалык бөлүнүшүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө сунуштары: 1) областтык, 2) уездин ордуна округ;

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

3) округдарда - райондук (чоңойтулган) волосттор. Бул сунуштар Түркстандагы административдик бирдиктердин өтө ар түрдүүлүгүнө байланыштуу берилген. Жаңы республикалар жана областтар түзүлгөндө төмөнкү административдик бирдиктер болгон: област, округ, уезд, волост, тумен, вилайет, шуро (район), кент (волост), аксакалдык (айыл) жана административдик айыл [119, 189-б.];

4) Районду эң ылайыктуу административдик бирдик катары тандап алган ТЭСдеги райондоштуруу боюнча комиссиясынын колдо болгон материалдарына жана жумуштарына байланыштуу, административдик бирдик катары эң ылайыктуу округ тандалып алынган. Бирок ККАОнун бардык аймагы ар кандай долбоорлонгон округдардын, атап айтканда № 1, 4, 9, 10, 11 [156, 25-б.] райондордун курамына киргендиктен, Түркстан комиссиясынын райондоштуруу боюнча иштеп чыгууларын толук ишке ашырууга тоскоол болгон бир жагдай болгон. Демек, Түркстанды райондоштуруу боюнча комиссиянын пландалган долбоору жаңы реалдуулукта жарым-жартылай ишке ашпай тургандай болуп чыкты. Округдук бөлүнүү менен округдан волосттук борборго чейинки аралык 400 верстке жеткен. Пишпек округу боюнча калктын жалпы саны эки жыныстуу 345846 жанга, райондук волосттордо орто эсеп менен 26600 жанга жеткен. Жалал-Абад округу боюнча эки жыныстагы калктын саны 391 426 жанды, райондук волосттордо эки жыныстагы 43 500 жанды түзгөн [57, л.4]. Уездге каршы жана округдук бөлүнүүнүн пайдасына 5 уезд жана 75 волосттук жооптуу жана техникалык кызматкерлер кызмат кылган. Волосттук аткаруу комитетинин үч кызматкерден жана бир катчыдан турган кызматкерлери жер-жерлерге барбай, айылда жана кыштакта Совет бийлигин чыңдоо боюнча олуттуу иштерди ойлонбой туруп, кандайдыр бир жол менен азыркы иштерин башкарышкан. Учурдагы майда волосттор, дээрлик баары бир өзгөчөлүгү жок, уруулук белгилер боюнча топтолгон, ал жерде башкарууда бир кыйла даражада манаптардын таасири болгон. Райондук волосттору түзүүдө манаптар менен бийлик органдардын биригишине жол берилген эмес.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Райондук-волосттук жана округдук бөлүү менен, уюштуруу бюросу эсептегендей, бийлик органдарынын ишин жемиштүү уюштуруу мүмкүнчүлүгү болгон. Беш уездик аткаруу комитетин жана 75 волостук аткаруу комитеттинин бардык кызматкерлеринен жер-жерлерде иштөө үчүн эң мыктыларын тандап алууга мүмкүн болду. Шаар тибиндеги райондук волосттун аткаруу комитети техникалык кызматкердин 12 бирдигинен, айылдык типтеги - 9 райондук волосттун 21 аткаруу комитетинен турган [57, л.4]. Райондук аткаруу комитеттерде жоопту кызматкерлер ар биринде үчтөн болушу керек эле. Жыйырма эки райондук анын ичинен: алты шаар тибиндеги, он алты айылдык аткаруу комитеттерин түзүү пландаштырылган. Округдук аткаруу комитеттер жана райондук аткаруу комитеттердин штаттык бирдиктеринин жалпы саны 918ге жеткен [57, л.4].

Шаар тибиндеги бир райондук аткаруу комитетин күтүүгө 11100 рубль, айылдык тибине 6800 рубль керектелген. Бир волосттук аткаруу комитетин кармоого кеткен чыгым 5500 рублди түзгөн. Бир округдук аткаруу комитетин кармоого 38200 рубль, бир уездик аппаратты тейлөөгө 25000 рубль жумшалган [82, л.22]. Алты уездик аппараттын түзүлүшү менен аларды кармоого кеткен чыгым 562 000 рублди, ал эми эки округдук бөлүм менен башкаруу аппаратын тейлөөгө 251 800 рубль талап кылынмак. 75 волосттук аткаруу комитеттерин кармоого 412500 рубль, областтык планда белгиленгендей 22 райондук аткаруу комитеттерин кармоого 175400 рубль жумшалмак. Уездик-волосттук (1203 бирдик) жана округдук-райволосттук бөлүүгө (918 бирдик) штаттык бирдиктеринин санын, ошондой эле финансылык чыгымдарды салыштырып, пландоо комиссиясы акыркысы экономикалык жактан рентабелдүү деген жыйынтыкка келген [18, л.21].

Жаңы бөлүнүнүн оң жактары менен катар терс жактары да болгон. Каракол, Нарын жана башка аткаруу комитеттеринин кызматкерлери Ташкентке же башка областтык борборго барышкан [82, л.16]. Ошентип, ККАО түзүлгөндө областы: Пишпек жана Жалал-Абад округдарына бөлүү чечими кабыл алынган [96, 36-б.]. Пишпек округу азыркы Талас, Чүй, Ысык-Көл, Нарын областарын,

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Жалал-Абад округу азыркы Баткен, Ош жана Жалал-Абад областарын камтыган [220]. Округдун ар бири райондук волостторго бөлүнүшү керек болучу.

Округдардын чек араларын майда-чүйдөсүнө чейин иштелип чыгууга тийиш болгон. Ар бир округду округдук аткаруу комитети башкарган. Округдук аткаруу комитетинин штаттары бөлүштүрүү боюнча комиссиясынын өкүлдөрү тарабынан бул штаттардын долбооруна ылайык, уездик аткаруу комитеттеринин штаттарына карата бир аз кеңейтүү менен иштелип чыккан [83, л.338]. Ар бир округду башкаруу үчүн 702 штаттык бирдик түзүү пландаштырылган [83, л.18]. Округдук аткаруу комитетинин ыйгарым укуктары губерниялык аткаруу комитеттеринин жана алардын бөлүмдөрүнүн абалында болуп, аларга тиешелүү укуктар берилген [83, л.30]. Андан ары ККАОнун ар бир округу «административдик-экономикалык жактан райондорго бөлүнгөн» [96, 36-б.]. Ар бир райондук волост экономикалык жактан өз алдынча бирдик болуп, чарбалык ишинин айкын багытына ээ болуп, бир нече волостторду бириктирип турушу керек эле.

Планга ылайык райондук аткаруу комитеттери райондук волостту башкарууга тийиш эле. Эки районго бөлүнгөн област төмөнкү райондук волосттордон жана округдардан турушу керек болгон. ККАОнун административдик аймактык бөлүнүшү. (Тиркеме 7) Пишпек жана Жалал-Абад округу. Таблица 9 [83, л. 64-65].

1924-жылдын ноябрынан баштап кара-кыргыз элинин автономиялуу областы жөнүндө жобо – кийин эки округка бөлүү жөнүндө Кыргызстандын биринчи Конституциясына киргизилген. Архивдик материалдарды кылдат изилдеп чыгып, бул жобо сентябрь айында даярдалган болушу мүмкүн деген жыйынтыкка келдик. Анткени, биринчиден, Москва үчүн болочок аймактын так толук сүрөттөлүшүн түзүп жатканда уюштуруу бюросунун мүчөлөрү жаңыдан уюшулган Кыргыз областынын административдик түзүлүшү жөнүндөгү маселени козгой алышпайт. 1924-жылы сентябрда Москвага кыргыз комиссиясы жөнөтүлгөндө башка маселелер менен катар ККАОнун административдик-аймактык бөлүнүшү жөнүндө маселе да каралган. Экинчиден, жаңы

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

административдик бөлүнүү долбоорунда ноябрда Тажик АССРнин курамына берилген Памир ККАОнун курамында калуу жагы эсептелинген. Үчүнчүдөн, 1924-жылдын 4-ноябрында облустук пландоо комиссиясынын иштиктүү каттоосунда төрт бөлүмгө бөлүүгө өтүү мүмкүнчүлүгү айтылган.

РКП(б)нын уюштуруу бюросунун 11-ноябрда болгон биринчи пленумунда башка нерселер менен катар автономиялуу областтын административдик түзүлүшү жөнүндөгү маселе дагы каралган. Пленум эски административдик бөлүнүш боюнча иштеп жаткан уезддик партиялык комитеттерди жана аткаруу комитеттерди таркатуу жана эки райкомду жана революциялык комитеттерди уюштуруу жөнүндө токтом кабыл алган [19, л.1].

ККАОнун Революциялык комитети 1924-жылдын 12-ноябрындагы биринчи пленумунда областы Пишпек жана Жалал-Абад округдарына бөлүү жөнүндө чечим кабыл алат [96, 29-б.]. Биринчи округдун борбору болуп Пишпек шаары түзүлүп, округдук мекемелер жайгашкан [29, л.1], Жалал-Абад шаары Жалал-Абад округунун борбору болуп түзүлгөн, бирок анда округдук мекемелерди жайгаштыруу үчүн жайлар жок болгондуктан, Ош шаары округдун убактылуу борбору болуп түзүлгөн [29, л.2]. Мындан бир күн мурда, 1924-жылдын 11-ноябрында РКП(б)нын каракыргыз уюштуруу бюросунун пленуму бул эки округдагы партиянын уюштуруу бюросунун курамын бекиткен. РКП(б)нын Жалал-Абад окрбюросунун курамына төмөндөгү жолдоштор кирген: Туленов - катчы, Венжер - уюштуруу бөлүмүнүн жетекчиси, Ботбаев, Зулфибиев, Расулов ж.б., партиянын Пишпек округдук бюросуна: Гросс - катчы, Умралин, Абуканов, Чоңбашев, Сманов, Орехов кирген [14, л.1]. Бул пленумдун буйругу менен жаңыдан түзүлгөн ККАОнун аймагындагы ТКП(б)нын уездик комитеттери таркатылды. РКП (б)нын Кара-Кыргыз уюштуруу бюросунун президиумуна жаңы эки округдун партиялык комитеттерин таратуунун жана түзүүнүн тартибин көзөмөлдөө тапшырылды.

Округдук партиялык бюрону дайындоо менен бирге эки округдук революциялык комитеттин курамы бекитилди. Пишпек окрревкомунун президиумунун курамына төмөндөгү жолдоштор кирген: Чоңбашев - төрага,

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Суханов - төраганын 1-орун басары, Муратов -төрагынын 2-орун басары, Квитко катчы, Гросс, Сманов ж.б.. Жалал-Абад окрревкомунун президиумунун курамына: Зулфибаев - төрага, Никифоров - төраганын 1- орун басары, Алифбаев - 2-орун басары, Юламанов - катчы.

Эки округдун түзүлүшүнө байланыштуу мурдагы уездер жана уездик башкармалыктар жоюлууга дуушар болгон. Бирок мурдагы уездик органдардын дароо жоюлушу административдик-башкаруу ишинде баш аламандыкка алып келиши мүмкүн эле. Мына ушуга байланыштуу ККАОнун революциялык комитети 15-ноябрда «Ош жана Пишпек шаарларын кошпогондо, ККАОнун аймагында азыркы кездеги волосттук жана уездик аткаруу комитеттеринин зарылчылыгы жөнүндө маселе иштелип чыкканга чейин зарыл деп табууну, райондоштуруу жөнүндөгү маселе иштелип чыкканга чейин, округдук волосттордун революциячыл комитеттерин иш жүзүндө түзүү жана бул жөнүндө атайын буйруктар менен калтырып, алардын ишмердүүлүгүн начарлатпай иштөөгө сунуш кылынган» [79, л.1]. Жаңы бийлик бекемдген сайын мурдагы уездик аткаруу комитеттери жоюлуп, бардык материалдар жана документтер тиешелүү окргдук бөлүмдөр менен башкармалыктарга өткөрүлүп берилген.

Бул документте район деген түшүнүк көрсөтүлгөнү менен ККАОну райондоштуруу боюнча комиссиянын материалдарында ревкомдун жана областтык аткаруу комитетинин фондунда райондук волосттор жөнүндө сөз болгон.

Райондук волост таза административдик принциптен тышкары (башкаруу ыңгайлуулугу), чарбалык-турмуштук, табигый тарыхый жана башка шарттарды эске алуу менен кеңейтилген волост болгон.

Ар бир округду округдук революциялык комитеттер, уюштуруу курултайынан кийин округдук партиялык комитеттин жетекчилиги астында округдук аткаруу комитеттер башкарышы керек эле.

Башкаруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана райондоштуруу боюнча маслени иштеп чыгуу үчүн революциялык комитет 1924-жылдын 15-

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

ноябрында курамында «Т.Т. Янгулатов, Каменский, Тойчинов, Малышев, Дублицкий» турган райондоштуру боюнча комиссиясын түзгөн [142, 190-б.]. Бул комиссияга бир жуманын ичинде өз пикирин билдирүүгө милдеттендирилген. Бирок бир нече күндөн кийин эки округ менен областы башкаруу кыйын экени белгилүү болду. Бул болсо ар кандай себептер менен (округдун борборунан волостторго жөнөтүүлөрдү жана кабарларды жеткирүүнүн ыңгайлуулугу эмес, округдук борборлордун волостторго географиялык жактан алыстыгы, байланыштын жолго коюлбагандыгы ж.б.) шартталган.

Ташкентте ревком менен парткомдун кошмо кеңешмесинде областтын административдик борбору жөнүндөгү маселе коюлган [191, 91-б.]. Башында Ташкент шаары бир жыл бою областтын борбору болуп калышы керек болучу [20, л.56]. ККАОнун борбору наамына талапкерлердин арасында бир нече калктуу конуштар болгон: Жалал-Абад, ийгиликсиз Кыргыз тоолуу облусунун борбору - Кочкор, Пишпек, Беловодск жана Ош [178, 83-б.]. Кеңешмеде областтын борбору маселеси боюнча кызуу талкуу жүрүп, пикирлер экиге бөлүндү: айрымдары Жалал-Абад шаарын, башкалары - Пишпек шаарын шайлоону сунуштады. Узакка созулган талаш-тартыштардын натыйжасында Түрк БАКнын катчысы Ж.Абдрахмановдун талабы боюнча алар Жалал-Абадга токтошкон. Ал Кыргыз улуттук бюросунун мүчөсү болуп туруп, Борбордук Азияны бөлүштүрүү боюнча даярдык көрүү ишинде этникалык жакын элдерден бирдиктүү мамлекеттик түзүлүштү түзүүнү көздөгөн. 20-жылдардагы Кыргызстандын тарыхын изилдеген изилдөөчү А.Тузов «Абдрахманов Ж. кыргыз-каракалпак союзун түзүүнү, бул эки улутту бир мамлекетке бириктирүүнү көздөгөн» деп ырастайт. Тузовдун пикири боюнча, Сыдыков менен Абдрахманов Ысык-Көлдөн Арал деңизине чейин, бирок борбору Жалал-Абад шаарында болгон бирдиктүү Каракыргыз-Каракалпак автономиялуу областтын түзүү идеясын жакташкан.

Ферганадагы бөлүштүрүү процессин изилдеген изилдөөчү А.Койчиев дагы бир вариантты ортого салган, ага ылайык маселе Арал деңизинин

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

каракалпактары жөнүндө эмес, Ферганада көчүп жүргөн каракалпактар жөнүндө болгон. Биздин оюбузча, экинчи вариант алда канча ынандырарлык. Бул чечмелөөнүн себептери төмөнкүдөй. А.Сыдыков менен Ж.Абдрахманов бардык түркстандык масштабдагы алысты көрө билген саясатчылар болгондуктан, бөлүштүрүүнүн маанилүүлүгүн жана Москва берген көрсөтмөлөрдү так түшүнүшкөн, ага ылайык улуттук бөлүштүрүү экономикалык тартылуу принциптерин, административдик башкаруунун жеңилдигин, чарбалык-экономикалык түзүлүштү жана эң башкысы этникалык курамды эске алуу менен жүргүзүлүшү керектигин билишкен. Бул жерде Ысык-Көлдөн Арал деңизине чейин созулуп жаткан кыргыздар менен каракалпактардын мамлекети казактар менен өзбектер жашаган жерлерди камтышы мүмкүн деген пикирге кошулууга болбойт. Абдрахмановдун оюу боюнча каракалпактар кыпчактар менен бирге жашоо-турмуш ишмердиги, руху боюнча (көчмөндөр) жакын - илатия, отрукташкан калк - сарттарга карама-каршы - кыргыз көчмөндөр тарабына өтүшү мүмкүн. Жалал-Абаддын борбор катары пайдасына дагы бир маанилүү жүйөө катары Ташкент темир жолунун тармагы болгон. Өзүнүн ишмердүүлүгүнүн алгачкы айларында ККАОнун революциялык комитети Ташкентте болгон. Революциялык комитеттин чечими менен Жалал-Абад принципиалдуу түрдө жаңы областтын борбору деп таанылган [7, 3-б.].

Кийинчерээк Жалал-Абад ар кандай областык бөлүмдөр үчүн имараттардын жоктугу, аларды куруу үчүн финансы каражаттынын жетишсиздигинен баары бир борборго айланган эмес. Шаарда электр жарыгы, телефон байланышы, көчө жарыктары жок, калкы дыйкандардан жана аз сандагы кустардык кол өнөрчүлөрдөн турган. Бирок, Жалал-Абадды борбор деген маселени эч ким алып салган жок. «Биз мындай чечимге келдик: Жалал-Абадда керектүү жайларды куруудан мурда областтык уюмдар Ош шаарына жайгаштырылышы керек» [191, 92-б.]. Бирок Ош шаары ал кездеги Жалал-Абаддан анча деле айырмаланчу эмес. Революциялык комитет 1924-жылдын 25-ноябрында областык административдик мекемелерди Пишпек шаарына

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

өткөрүп берүү жөнүндө чечим чыгарган [29, л.10-12]. Көчүрүүнүн себеби автономиялуу областы башкарууда белгилүү бир кыйынчылыктардын келип чыгышы болгон. РКП(б) БКнын катчысы Каменский мындай деп билдирген: «Азыр областын борборун Жалал-Абадга өткөрүү тууралуу сөз кылуу мүмкүн эмес. Бизде азыр мындай мүмкүнчүлүк жок, ферганалык жолдоштор маданий борбор, чарбалык турмуштун борбору түзүлмөйүнчө Пишпек шаары ККАОнун борбору болушу керек деген пикирге кошулушу керек» [15, л.152].

Биринчи уюштуруу курултайында революциялык комитеттин төрагасы И.Айдарбеков Жалал-Абад шаары боюнча революциялык комитеттин планын четке кагуунун себептерин түшүндүргөн. Анын айтымында, федерациялык борбор областык аппараттын имараттарын жана курулуштарын курууга жетиштүү каражат бөлгөн эмес. Жалпысынан 3 миллиондун ордуна 40 миң рубль бөлүнгөн жана бөлүнгөн акча округ бийлигинин имаратын курууга гана жеткен [202, 31-б.].

Пишпек З.Курмановдун айтуусу боюнча А.Сыдыковдун позициясы менен борбор болуп калган. Ал Пишпек уездинин Пригородный волостунда өскөн. Анын атасы Сыдык Узбеков Пишкекте турак-жай курулушуна ээ болгон, ошондуктан бала өзүнүн туулган шаарын Кыргызстандын келечектеги борбору катары көргөн [139, 35-б.]. Облревкомдун бардык бөлүмдөрүнө жана кызматчыларына мүмкүн болбосо да, бул шаарда областтык аппарат үчүн жайлар болгон. 1924-жылы Пишпекке Жети-Суу темир жолунун тармагы курулган. Бул областтын борборун тандоодо чечүүчү роль ойногон. Жогоруда айтылгандар менен бирге эң негизги себеп Чүй өрөөнү Кыргызстандын дан кампасы болгон. ККАО обкомунун биринчи катчысы «Пишпек уезди өлкөнүн негизги байлыгы – дан эгиндеринин борбору болгон» [15, л.152-153] деп көрсөткөн.

«Пишпек Ташкенттен Верныйга, Пржевальск жана Борбордук Тянь-Шандын кесилишинде жайгашып, байкалаарлык өскөн» [191, 92-б.]. Маданият жагынан Пишпек шаары Жалал-Абаддан алда канча жогору турган. Шаардын калкы 19 миң болсо, Жалал-Абадда 5880 киши богон, жарым-жартылай

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

электрлештирилген жана телеграф байланышы жакшы жолго коюлган. Пишпекте сабаттуу адамдардын саны Кыргызстандын башка шаарларына караганда алда канча көп болуп, шаардын жалпы калкынын 39,7% түзгөн [191,92-б.].

Ноябрдын башында Ташкентте жайгашкан Областтык революциялык комитет Жалал-Абад шаарына областтык аппаратты жайгаштыруу үчүн имараттарды куруу үчүн борбордон каражат сурайт, ошондой эле областа болгон ресурстардан каражат бөлөт.

РСФСРдин Финансы Эл Комиссариатына жиберилген эсепте облревком чукул чыгымдардын төмөндөгү статьяларын көрсөткөн:

1) облревкомдун жана округдук мекемелердин имараттарын оңдоого 69318 рубль;

2) Жалал-Абадда үй куруу үчүн округдук мекемелерге 150 657 рубль;

3) Жалал-Абад шаарында областтык мекмелерди жайгаштыруу үчүн имараттарды куруга (Советтер үйүнөн башка) 2981484 рубль.

4) областтык жана округдук мекемелердин жабдуулары жана инвентарлары үчүн 245 364 рубль.

5) областтык жана окуругдук мекемелердин кызматкерлерин жана жүктөрдү которуу үчүн - 20 3275 рубль 33 тыйын, бардыгы 3 650 098 рубль [84, л.102]. Бирок тарыхый шарттарга байланыштуу Жалал-Абадда бул эсеп аткарылган эмес.

ККАОнун административдик борбору катары Ташкент шаары декабрдын аягына чейин кала берген, бул жагдай областын жетекчилигине бир катар кыйынчылыктарды жараткан:

1) башка республиканын аймагында жайгашкандыгы;

2) мамлекеттик башкаруу органдарынын калктан алыс болушу;

3) областтын айрым райондоруна жетүүнүн татаалдыгы жана транспорт жана коммуникация системаларынын начар өнүгүшү.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Облревком 1924-жылдын 25-ноябрында областтык администрациялык мекемелерди Пишпек шаарына көчүрүү чечимин кабыл алган жана аларды жаңы жерге көчүрүү боюнча убактылуу комиссия түзгөн [29, л.10-11].

Декабрдын аягында облревком жана партиянын обкому Ташкенттеги убактылуу административдик борборунан Пишпек шаарына көчкөн. Бирок бардык эле областтык органдар жай, ал эми алардын кызматкерлери үй менен камсыз болгон эмес. Кээ бир бөлүмдөр жана мекемелер Ташкентте убактылуу калган (мисалы, Кара-Кыргторг, Кара-Кыргоссырье, суу чарба башкармасы) [7, 7-б.]. Автономиялуу областтын борборун ККАОнун аймагына которуу ревкомдун ишин жеңилдетти, партиялык-советтик, чарбалык-экомикалык иштердин мындан ары өнүгүшүнө көмөк көрсөттү.

Областык ревком эки округдук бөлүнүшүн уюштуруу менен катар, областты административдик бирдиктүү-районго бөлүү долбоору карабаган, анын зарылдыгы 15-ноябрда таанылган. Ревкомдун президиумунун 1924-жылдын 22-ноябрындагы кеңешмесинде Олуя-Ата уездинен чыгып кеткен волосттордун административдик түзүмү жөнүндө маселе каралып, Сыр-Дарыя областтынын Олуя-Ата уездинен чыккан Жайыл, Талкановка, Карабалта волосторун бириктирген Тоолу районду түзүү чечими кабыл алынган. Ушул эле декрет менен Тоолуу районун убактылуу ревком бекитилди. Александровка волостунун Александровка айылы ревкомдун жайгашкан жери жана райондун борбору болуп түзүлгөн. Бул ревком эч бир округдун курамына кирген эмес, областтык ревкомго түздөн-түз баш ийген [142, 190-б.]. Революциялык комитеттин курамына Байсалов - төрага, Майлеулов - төраганын орун басары, Лобнер, Молтоев жана башкалар кирген. Кийинчерээк 1924-жылдын 24-ноябрында областтын революциялык комитети 15-ноябрь жана 22-ноябрдагы токтомдоруна өзгөртүүлөр жана толуктоолорду киргизип, ага ылайык Тоолу район Талас деп аталып, Толканов, Жайыл, Кара-Балта жана Чалдовар волосттору 1924-жылдын Пишпек округунун курамына өткөн [85, л.4]. 26-ноябрда Талас (Тоолуу) району боюнча 27 бирдиктен турган убактылуу штаттар бекитилген.

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Нарын, Каракол, Пишпек жана Ош уезддеринде уездик аткаруу комитеттери өз ишин уланта берген. Партиянын Пишпек уезддик-шаардык аткаруу комитети жана уезддик комитети Ю.Абдрахмановдун 1924-жылы декабрда Жети-Суу крайына иш сапары мезигилнде таркатылган. Областык уюштуру бюросунун кеңешинде сүйлөгөгн сөзүндө аны таркатуунун себептерин көрсөткөн: «Областты жаңы райондоштуруу жөнүндөгү маселенин создуктурулуп жаткандыгы, округук ревком түзүлгөн учурда иштөөгө, кээ бир адамдар тарабынан элдин алдында обкомдун аброюна шек келтирүү үчүн пайдаланылып жатат, бул обкомдун алсыздыгын жана анын чечимдерин аткара албай жаткандыгын көрсөтөт; экинчи жагынан, элдин алдында дайындалган кызматчылардын кадыр баркын жоготот, ошондуктан таркатуу жөнүндө буйрук чыгарып, жаңы түзүлгөн партиянын окрревкомуна жана окрбюрого ишти баштоону сунуштоо зарыл болгон» [14, л.31-32]. Областы эки окрукга бөлүнүшү өзүнүн ыраатсыздыгын көрсөттү: башкаруу женилдетилген жок, эл менен бийликтин жакындашуусу болгон жок. Ал тургай округдук партиялык комитеттер өздөрүнүн ишин баштай элек болгон. Түзүлгөн өзгөчө кырдаалды эске алуу менен, облревком райондоштуруу боюнча жаңы административдик-чарбалык бөлүштүрүү маселесин кароону комиссияга киргизүү үчүн бир жумалык мөөнөттү белгилеген. Чындыгында Пишпек жана Ош шаардык аткаруу комитеттери революциялык комитеттерге айландырылганын эске албаганда, мурдагы административдик бөлүнүш сакталып кала берген. Ревкомдун 1924-жылдын 15-ноябрындагы токтомуна ылайык, Ош жана Пишпектен башка аймакта ошол учурда болгон бардык волосттук жана уездик аткаруу комитеттери райондоштуруу маселеси чечилгенге чейин өз иштерин начарлатпай иштеши керек болучу.

Ошентип, ККАОнун аймагында төмөнкү административдик бирдиктер болгон жана иштеген: административдик айылдар, шаарчалар, көчмөн жана европалык волостор (айылдык отурукташкан), уезддер (Нарын жана Пржевальский), эки округ (Пишпек жана Жалал-Абад) жана бир округ ( Тоолуу).

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Эски административдик бөлүнүштүн сакталышынын себеби, биздин оюбузча, салык салууда башаламандыкка жол бербөө зарылдыгынан, административдик келишпестиктен жана башка себептерден улам келип чыккан.

Облревкомдун бардык буйруктары округдук жана уезддик борборлордон алыс жана обочолонгондуктан телеграф байланышы аркылуу ишке ашырылган. Кадимки почта байланышы аймактар менен байланышка ыңгайсыз болгон, болостордун жана айылдык кеңештердин жооптуу кызматкерлеринин райондун борборуна барышы, өзгөчө кыш мезгилинде кыйын болгон. Жер-жерлерде маселелер топтолуп, аларды чечүүнү талап кылган.

Бул бөлүмдө большевиктердин Орто Азиядагы элдердин өз тагдырын өзү чечүү укгунун негизинде Түрк Республикасын түзүү идеясы жана аны түзүүдөгү топтордун ортосундагы каршылыктар каралды.

Түрк Республикасы Орто Азиянын бардык түпкү тургундарынын бирдиктүү жана бөлүнгүс үйү болуп калышы керек эле.

Бирок Россиянын бардык түрктөрүн бириктирүү идеясын иш жүзүндө ишке ашырууда мындай бирикме реалдуу саясий күчкө ээ болуп, аны менен эсептешүүгө туура келип башкаруу кыйындатарына большевиктердин чочулашкан. ТүркБАКты административдик-аймактык түзүлүштү реформалоодо округдарды уюштуруунун негизги принциби калктын этникалык курамына жараша бөлүштүрүү жүргүзүлгөн.

Түркстан комиссиясынын 1920-жылдын июль айындагы кеңешмесинде Түркстанды бөлүштүрүү жана улуттук республикаларды түзүү сунушталган.

Бирок ар кандай себептерден улам айрым болосттордо эл каттоо жүргүзүлбөй улуттун аныктамасын ар кандай чечмелөөгө жол берилип, Түркстандын улуттук курамы жөнүндөгү маалыматтар атайылап бурмаланган.

Ошондуктан кыргыз элинин жок болуп кетүү коркунучун баамдаган кыргыздын чыгаан уулдары А.Сыдыков, И.Арабаев кыргыз элине Түркстан АССРинин курамында өз алдынча Кара-Кыргыз тоолуу областын түзүү маселеси көтөрүшкөн.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Бул демилгенин натыйжасында административдик түзүлүштүн варианты боюнча облусту эки округга – Жалал-Абад эки уездден: Ош жана Жалал-Абаддан, Пишпек төрт уездден: Пишпек, Каракол, Нарын, Олуя-Ата (Тоолуу) долбоорлонгон.

Wondershare PDFelement

# IV-Бап. 1925-1926-ЖЫЛДАРДАГЫ РАЙОНДОШТУРУУ ЖАНА КАНТОНДУК-ВОЛОСТУК БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫНА ӨТҮҮ

## 4.1. Округдук-волостук бөлүштүрүүнү өзгөртүү

Облревкомдун, эки уезддик округдук ревкомдун иш-аракеттеринин жана ККАОнун мамлекеттик курулушу боюнча уюштуруу иштеринин жүрүшүндө

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

эки округка бөлүштүрүү шартында административдик башкарууну туура уюштуруу жана талаптагыдай башкаруу мүмкүн эместиги белгилүү болду. Областтык революциялык комитет эки округдук бөлүштүрүүдөн баш тартууга аргасыз болгон, анын жүйөсү төмөндөгүлөр болгон: «130 миң кв. верстен ашык аянтты ээлеген Пишпек уездинин калкы абдан сейрек, айрыкча түштүк-батыш бурчунда, байланыш дээрлик толук жок. Бүткүл аймак боюнча эки гана жүк ташуучу жол: биринчиси Пишпектен Караколго /Пржевальскке/, экинчиси Кутмалдыдан Нарынга чейин, калган жолдор жүк ташууга ыңгайсыз болуп, округдук борбордон 350 - 400 верст (дөңгөлөктүү араба эмес, ат менен) алыстыкта болгон» [57, л.4]. Дөңгөлөктүү жолдордун жок болгону жооптуу кызматкерлердин борборго жана кайра жерлерге кайтышы, билдирүүлөрдү жана каттарды жеткирүү өтө кыйынга турган. Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгү түптөлгөн мезгилде жолдордун абалы өтө начар болгон. Областтын аймагындагы жолдорду жана көпүрөлөрдү куруу жана оңдоо иштерин Орто Азиялык округдук жергиликтүү транспорт башкармалыгы жүргүзгөн. Областтын өзүнүн жол-курулуш иштерин башкарган органы болгон эмес [183, 91-б.]. Телеграф-телефон байланышы ККАОнун бардык аймагын камтыган эмес, ошондой эле радио байланыш да жок болгон.

Албетте, мындай шартта округдун аппараты үчүн кеңири аймакты башкаруу кыйын эле. Бардык иштер кагазга жөнөкөй жазуу менен кыскартылып берилген. Мындан тышкары, түпкү калктын сабатсыздыгынан округдук волосттордо жана өтө чоң округдарды башкара ала турган адамдарды табуу кыйын болгон [31, л.1].

Дагы бир жагдай, округдук волостторго кайра куруу: кадрларды топтоо, округдук волосттордун чектерин белгилөө жана башкаруу аппаратын уюштуруу бир топ убакытты талап кылган. Бөлүштүрүү убагы жана областтык аппаратты түзүү мезгили айыл чарба салыгынын алынуу мезгилине туура келген, албетте, бул өз изин калтырган. Мурдагы административдик бөлүнүш сакталган шартта салыктарды өз убагында жана толук чогултуу камсыз кылынмак. Салыкты чогултуу ишин кеч мөөнөткө жылдыруу мүмкүн эмес эле.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Баш тартуунун себеби, облревкомдун отчёттук билдирүүсүндө көрсөтүлгөндөй, округдун айрым бөлүктөрүнүн (мисалы, Талас району менен Пишпек округу) ортосунда соода-экономикалык байланыштын жоктугу да болгон.

Областтык ревкомдун президиуму 1924-жылдын 15-ноябрында райондоштуруу боюнча төмөнкү курамдагы комиссия түзгөн: Каменский - РКП(б)нын Кыргыз уюштуруу бюросунун биринчи катчысы, В.Дублицкий - статистика бөлүмүнүн башчысы, Янгулатова - облревкомдун төрагасы ж.б. Комиссиянын ишинин жыйынтыгын чыгаруунун мөөнөтү бир жумага белгиленген [57, л.1].

1924-жылы ноябрда Каменскийдин төрагалыгы астында областы райондоштуруу боюнча комиссия жаңы административдик-аймактык бөлүнүүнүн зарылдыгын билдирген. Комиссия облревкомго жаңы райондоштурууну сунуш кылат жана Кара-Кыргызстандын үч бирдиктен турган бөлүнүшүнүн максатка ылайыктуулугуна макул болот: 1) областтык, 2) округдук, 3) райондук (ирилештирилген) волост [57, л.30]. Сунушталган райондоштуруу боюнча област төрт округга – Пишпек, Каракол-Нарын, Ош, Жалал-Абад бөлүнүшү керек болучу. Мурдагы Каракол жана Нарын уезддеринин, ошондой эле мурдагы Пишпек уездинин Тоолуу району /Тоолуу волостунун/ бардык волосттору Каракол-Нарын округуна өтүшү керек болгон. Көрсөтүлгөндөй, бул районду Каракол округунун курамына кошууга төмөндөгүлөр себеп болгон: бул райондун Каракол округуна экономикалык жактан тартылышы жана анын райондун географиялык (жанаша) жайгашуусу. Пишпек /Пишпек-Олуя-Ата/ округу Пишпек уездинин бириктирилген волостторунан жана Олуя-Ата уездинин он төрт бириктирилбеген волостунан турушу керек эле. Жалал-Абад округу 19 волосттон турган, кийин алардын саны 10го чейин кыскартылган. Ош округу 20 волосттуктан түзүлгөн, ошондой эле кийинки волостордун ирилештириши менен волосттордун саны 13 гө жетет [57, л.1].

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Революциялык комитеттин Президиуму 1924-жылдын 22-ноябрында ККАОнун областтык, округдук жана райондук мекемелеринин штаттарын өнүктүрүү боюнча штаттык-уюштуруу комиссия түзүүнү чечет. Комиссияга иштелип чыккан штаттарды 27-ноябрдан кечиктирбестен облревкомдун кароосуна киргизүү тапшырылды. Округдук мекемелердин штаттарын түзүүдө комиссия областтагы төрт округдун болушунан чыгууга милдеттүү болгон, алардын ар бири уезден чоңураак жана кадимки округдан бир аз кичине болгон [79, л.5].

Жаңы эки округ үчүн штаттарды иштеп чыгуу областык штаб комиссиясы расмий түзүлгөнгө чейин эле башталган. Областык пландоо комиссиясы 1924-жылдын 4-ноябрындагы корутундусунда областтык статистика башкармалыгына областын эки округдук бөлүнүштөн төрт округду бөлүнүүгө өткөндүгү жөнүндө билдирип, кызматкерлердин штаттын жаңыдан уюшулган райондорго киргизүүнү сунуш кылган [88, л.4].

Топтолгон иштерди тез арада чечүү максатында 1924-жылдын 25-ноябрында облревком материалдарды карап чыгып, административдик бөлүнүүнү жаңыдан өзгөркөн, ага ылайык област төрт округга: Пишпек, Жалал-Абад , Ош, Каракол-Нарын бөлүнгөн жана обревкомдун штаттык комиссиясы тарабынан иштелип чыккан округдардын штаттары бекитилген [29, л.17].

Алгач бардык штаттар жана аларды каржылоо эки округдун талабына ылайык түзүлгөн, бирок жаңы административдик бөлүнүш мамлекеттик аппаратты каржылоодо кыйынчылыктарга дуушар болгон. Ушуга байланыштуу Кыргыз революциялык комитети областтык планга «областтын жаңы административдик бөлүнүшүнө жана штаттык кызматтарга ылайык жергиликтүү бюджеттик каржылоону түзүүгө кам көрүү жөнүндө» [77, л.10] тапшырат. Жаңы округдук органдарды каржылоо маселеси кыйын болуп, аны кыска мөөнөттө чечүүгө мүмкүн эмес эле. Бюджеттик мекемелерди жана жергиликтүү башкаруу органдарынын бюджеттери тез арада жергиликтүү жетекчиликке өткөрүлүп берилген [80, л.12]. Жергиликтүү бюджеттер эки округга бөлүнүүнүн негизинде пландаштырылган. Революциялык комитет эң алгылыктуу чечимди тапкан,

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

«мамлекеттик бюджетке кабыл алынган округдук мекемелер убактылуу коңшу окургдарды тейлөөнү тапшырат, анткени штаттардын борбору 2 округка бекитилген» [80, л.10]. РКП(б) ККАОнун уюштуруу бюросунун президиумунун 1924-жылдын 25-ноябрындагы токтому боюнча жаңы административдик бөлүнүш төмөнкүдөй болгон: Пишпек округу борбору Токмок шаары; Каракол - Нарын округу борбору (убактылуу) Каракол шаары; Ош округу борбору Ош шаары; Жалал-Абад округу борбору Жалал-Абад шаары белгиленген.

Ушул эле токтом менен «Ташкент шаарында жайдын жоктугунан жана анын натыйжасында бөлүмдөрдүн ишин кеңейтүүгө мүмкүн болбогондуктан» Пишпек шаары областын борбору болуп тандалган [14, л.16]. ККАО ревкомунун президиуму 1924-жылдын 8-декабрында төрт округдук бөлүнүүнү бекитет [57, л.18]. Областтык революциялык комитеттин 1924-жылы декабрда болуп өткөн экинчи пленуму областын төрт округдук бөлүнүшүн тастыктайт. Област төрт округка бөлүнгөндөн кийин Тоолуу (Талас) жана Нарын облустары боюнча маселе ачык бойдон калган. «Бул эки район округдук борборлордон обочолонушу жана округдук ревкомдордун убактылуу алсыздыгынан пайда болгон» [7, 6-7-б.]. Бул маселени чечүү жагы райондоштуруу боюнча райондук комиссияга тапшырылды [85, л.50-51]. Мурдагы эки округдук бөлүнүүнүн тушунда Талас райондук ревкому жана Нарын аткаруу комитети түздөн-түз областтык ревкомго баш ийген [7, 7-б].

Райондоштуруу боюнча комиссия Талас райондук ревкомун Пишпек округдук ревкомуна баш ийдирүүнү сунуш кылат. Нарын району Каракол округунун курамына кирген. Каракол округу менен Нарын району бириктирилгенден кийин жаңы округ Каракол-Нарын деп аталып калган. Талас району Пишпек округунун курамына кирген. Талас райревкому Пишпек округдук ревкомуна баш ийдирилген [79, л.49].

Пишпек округунун курамына бир волостко орто эсеп менен 8791 жан туура келген, эки жыныстагы 175828 киши жашаган Талас жана Чүй өрөөнүнөн турган 20 волост кирген.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Убактылуу борбору Каракол шаарында болгон Каракол-Нарын округу 156 667 кишиден турган, он алты волосттуктан турган, волостко орто эсеп менен 9 800 киши туура келген.

220 563 адам жашаган Ош округу айыл чарба салыгы алынгандан кийин он үч райондук волостко бөлүнүшү керек эле, ага чейин мурдагы жыйырмасы калган.

179162 адам жашаган Жалал-Абад округу айыл чарба салыгы алынгандан кийин он райондук волостко бөлүнгөн, ага чейин волосттук көрүнүштү өзгөртпөө жана бар болгон он тогуз волосттун баарын калтыруу чечими кабыл алынган.

Жаңы административдик бөлүштүрүүгө ылайык шаардык партиялык комитеттери жана шаардык аткаруу комитеттери таркатылууга тийиш болгон. Чындыгында шаардык аткаруу комитеттери, РКП(б)нын Каракол, Нарын жана Ош уезддик шаардык комитеттери областтык комитеттин катчысы Каменскийдин сунушу менен 1924-жылдын 16-декабрында таркатылган. Таркатылган шаардык комитеттердин жана округдук партбюронун ордуна РКП(б)нын төрт округдук партиялык бюро дайындалган. РКП(б) областтык уюштуруу бюросунун чечими менен Пишпек округдук партиялык бюросунун курамына тогуз адам киргизилген. Умралин - катчы, Гросс - уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, Токбаев - үгүт иштери бөлүмүнүн башчысы, Жакупбаев - ревкомдун төрагасы, Сманов - «Кошчу» бирикмесинин төрагасы ж.б.; Ош округдук партиялык бюронун курамына он адам кирген: Туленов - катчы, Венжер - уюштуруу бөлүмүнүн катчысы, Касымов (өзбек) - үгүт иштери бөлүмүнүн башчысы, Зулфибаев - ревкомдун төрагасы ж.б.; Жалал-Абад областтык партиялык бюронун курамына тогуз адам кирген: Абуканов - катчы, Сурин - уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, Батбаев - үгүт иштери бөлүмүнүн башчысы, Ашуров - ревкомдун төрагасы, ж.б.; Каракол округдук партиялык бюросуна тогуз адам кирген: Бабаханов - катчы, Менжинский - уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, Исакеев - үгүт иштери бөлүмүнүн башчысы, Чоңбашев - ревкомдун төрагасы ж.б. [18, л.21].

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Бир эле убакта  округдук аткаруу комиететтеринин депуттар совети уюштурулган. Областтын партиялык бюросу областтык революциялык комитетти округдук  аткаруу комитеттердин курамына сунуш кылган. 1924-жылдын 17-декабрында областтык революциялык комитет округдук революциялык комитеттердин курамын бекитет [86, л.5]. Пишпек окрревкомунун курамына  тогуз адам кирген: Жакупбаев - катчы, Муратов - административдик бөлүм боюнча төрага, Квитко катчы,  Сманов (Кошчу союзунун төрагасы), Айтбаев, Байсалов, Умралин (партиялык бюронун катчылары), Михайлов (аскер комиссары). Ош окрревкому төмөндөгүдөй бекитилди: Зулфибаев - төрага, Никифоров - экономика бөлүмү боюнча төраганын орун  басары,  Алифбаев - административдик бөлүм боюнча төраганын орун басары, Булатов - катчы, ж.б. Жалал-Абад окрревкомунун курамына тогуз адам кирди: Ашуров - төрага, Цветков - экомикалык бөлүм боюнча төраганын орун басары, Усманбеков - административдик бөлүм боюнча төраганын орун басары, Юламанов - катчы, Абуканов (партиялык бюронун катчысы) ж.б. Каракол окрревкомуна  тогуз адам кирди: Чоңбашев - төрага, Малогазиев - административдик бөлүм боюнча төраганын орун басары, Асылбеков - катчы, Бабаханов (партиялык бюронун катчысы), Гозен (ГПУнун башчысы), Сарыков («Кошчу» союзунун төрагасы) ж.б. [86, л.5].

Башкаруу ыңгайлуулугу жана башка административдик иш чараларды камсыз кылуу үчүн  областтык жана волосттук, уездик  бирдиктердин аймактык бөлүмдөрүн  түзүү планында райондоштуруу маселеси көтөрүлгөн.

РКП(б)нын Орто Азия бюросу ККАОнун административдик бөлүнүшү жана борбору жөнүндөгү маселени карап, төрт округдук бөлүнүүнү жана Пишпек шаарын убактылуу борбор катары бекиткен [18, л.21]. Ташкентте УПОЛСТО (Эмгекти коргоо боюнча ыйгарым укутуу кеңеш) ККАОнун административдик бөлүнүшү жөнүндөгү маселени карап чыгып, аны округдук жана райондук волостторду  куруу принцибине ылайык кылуу зарылдыгын таанып жана Пишпек уездинин борборун Токмокко которууга макул эместигин билдирет [32, л.1]. 1924-жылдын 23-декабрында УПОЛСТОнун экономикалык

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

бюросу Аксуу (Беловодск) шаарын Пишпек уездинин борбору деп эсептөө жөнүндө чечим чыгарган. Архивден бул чечимдин жүйөсүн таба алган жокпуз. Биздин оюбузча, бул айылда географиялык жайгашуусуна жана темир жол линиясынын жана телеграф байланышынын болушуна байланыштырууга мүмкүн болду. Бирок, бул даярдыксыз жайга которуу өз кесепеттерин алып келди. Революциялык комитеттин отчеттук докладында мындай деп белгиленет: «Беловодскиге (Аксуу) көчүп келүү округдун ишинин өнүгүшүн бир топ жайлатты» [6, 7-б.]. Себеби, Беловодскиде иштөө үчүн кадрларды тандоонун татаалдыгы, анткени мурдагы уездик жана округдук бөлүмдөрдүн кызматкерлери Беловодскиге барбай, Пишпекте калууну артык көрүшкөн [87, л.21].

Жаңы райондоштуруудан кийин ККАОнун административдик картасы төмөнкүдөй болгон. ККАОнун административдик-аймактык бөлүнүшү. (Тикеме 8) Пишпек округу. Таблица 11,12,13,14. [58, л.7].

Жалал-Абад шаары Жалал-Абад округунун борбору болуп аныкталган. Борбор катары тандалганына темир жолдордун болушу себеп болгон. Бирок бул шаарда көптөгөн кемчиликтер кездешкен. Биринчиден, шаар абдан күч кубатсыз, чоң кеңейтүүнү жана ыңгайлуулукту талап кылган. Экинчиден, географиялык жактан шаар округдун эң түштүк бөлүгүндө жайгашкан жана түндүктөгү округдук эң четки конуштардан 150-200 верст алыстыкта болгон. Бирок округда ылайыктуу калктуу конуштар жок болгондуктан ушундай чечим кабыл алынган [58, л.11].

Каракол шаарын убактылуу Каракол округунун борбору кылуу чечими кабыл алынган. Бул шаар округдун эң чыгыш тарабында жайгашып, калктын маданий жана административдик муктаждыктарын натыйжалуу канааттандыра алган эмес. Райондоштуруу боюнча комиссия борбордук пунктту округдун борбору катары белгилөөнү сунуш кылган, мисалы Кочкор айылы. Бирок округдук башкаруу борбору боюнча маселе кийин каралышы керек эле [58, л.9].

Жаңы административдик бөлүнүш Москвадагы ББАКтын (ВЦИК) макулдугун талап кылган. ББАК (ВЦИК) аркылуу төрт бөлүмгө бөлүнүүнү

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

ишке ашыруу үчүн райондоштуруу боюнча областык комиссия документтердин пакетин жөнөткөн. Бардык документтер - 1924-жылдын 8-декабрындагы революциялык комитеттин областы төрт округга бөлүү жөнүндөгү токтомдору, 1924-жылдын 23-декабрындагы ККАОнун административдик бөлүнүшү жөнүндөгү УПОЛСТОнун токтомунун көчүрмөсү, округдук, райондук мындан тышкары эски волостордун чек аралары түшүрүлгөн 10 версттик карта Москвага почта аркылуу жөнөтүлгөн [58, л.62-68]. Областык комиссия жер-жерлерде бийликтин уюштуруу иштери жүрүп жаткандыктан райондук волосттордун чек аралары боюнча кеңири материалдарды алуу мүмкүн болбой калганын белгилеген. Райондук волосттордун чек аралары, эски волосттордун курамы жана бул материалдарды област боюнча иштеп чыгуу боюнча бардык материалдарды алгандан кийин областтык райондоштуруу комиссиясы аларды кошумча почта аркылуу жиберүүнү көздөгөн. Областтык райондоштуруу комиссиясынын мындай шашылуусунун себебин «ББАКта (ВЦИК) областын төрт районго бөлүнүшүн бекитүүнүн кечиктирилиши жер-жерлерде бийлик органдарын уюштурууга жана кийинки жылга (1926) бюджетти даярдоого тоскоолдук кылып жатканы менен түшүндүргөн» [58, л.62]. ККАОнун Москвадагы өкүлчүлүгү ББАК (ВЦИК) аркылуу областтык административдик бөлүнүү жана жаңы округдук штаттар үчүн жаңы долбоорун ишке ашырышы керек болучу [81, л.111-113].

1925-жылдын 25-апрелинде БББАКтын (ВЦИК) президиумунда административдик комиссия, КАОнун административдик бөлүнүшү жөнүндө маселени карап, өзгөртүү киргизген жана бекиткен. Пишпек шаарын ушул эле аталыштагы округдун борбору катары бекитет, Каракол шаары Каракол-Нарын округунун туруктуу борбору болуп калган [58, л.81]. 1925-жылдын 6-июнунда ББАКтын (ВЦИК) президиуму КАОнун административдик-аймактык бөлүнүшү жөнүндөгү маселени карап, төрт округдун административдик комиссиясы менен макулдашылган областы бөлүштүрүүнү өзгөртүүсүз бекитет.

Мурдагы уезддик аткаруу комитеттеринин аппараты кабыл алган округдук ревкомдор: Пишпек, Ош жана Каракол-Нарын канааттандырарлык түрдө

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

түзүлүп, декабрь айынын орто ченинде практикалык ишин баштаган. Жалал-Абад округдук ревкомдору өзгөчө оор жана ыңгайсыз шарттардан (Жалал-Абадда имараттардын жана квалификациялуу кызматкерлердин жоктугунан, ошондой эле бир дагы аппараттын толук жоктугунан) ишин бир топ кечирээк баштаган [7, 7-б.].

Областын жаңы административдик бөлүнүшү жөнүндөгү чечимге байланыштуу РКП(б)нын областык уюштуруу бюросу уюштуруу бөлүмүнүн алдында Буров-Петровдун төрагалыгы алдында штабдык комиссия түзөт. Бул комиссия РКП(б) БКнын финансы бөлүмүнө тезинен тапшыруу максатында жаңыдан түзүлгөн төрт партиянын округдук комитетинин штатын иштеп чыккан [16, л.30].

Советтик башкаруу органдары үчүн жаңы штаттарды иштеп чыгуу боюнча окшош иштер областтык жана округдук ревкомдордо да жүргүзүлгөн. Төрт округка бөлүнгөндөн кийин областтык ревком бюджет боюнча округдук мекемелердин жаңы штаттарын бекитип, аларды тез арада жергиликтүү бийлик органдарына башкарууга жиберип, бекитип берүүнү Москвадан суранат.

Wondershare PDFelement

Областтын иш жүзүндө административдик жактан округдарга, райондорго, волосторго жана айылдык кеңештерге бөлүнүшү менен революциялык комитеттин президиуму 22-декабрда окрукга, районго (ирилештирилген) волостторго жана эч кандай ортолук бийликтери жок ( волост менен округдун ортосундагы) айылдык кеңештерге райондоштурууну (экономикалык, айыл чарба, географиялык өзгөчөлүгүнө жараша) зарылдыгын ырастады. Бирок облревком табигый-географиялык жактан обочолонгон аймактардын (Талас, Нарын, Кетмен-Төбө, Лейлек ж. б.) бар экенин моюнга алып, областтык бөлүмдөргө жана округдук ревкомдорго өз иштерин жана кызматкерлерин райондорду тейлөөгө ылайыкташтырууну сунуш кылат [75, л.26]. Округдук ревкомдорго жардам көрсөтүүнү улантып, облревком аларга алыскы бир нече волостторду бириктирген райондорду түзүүгө укук берген.

Мындай кадамга округдук ревкомдордун убактылуу чабалдыгы, айрым волостторду башкарууну толук кучагына ала албагандыгы себеп болгон.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Мындан тышкары дагы бир себеби – мурдагы Түрк АССРинин ар кайсы областтарынын жана округдарынан бир катар райондордун ККАОго кошулушу болгон [7, 7-б.].

Жогорку органдардын чечимдерин ишке ашырып, Жалал-Абад округдук ревком 1924-жылдын 3-декабрында Жалал-Абад районун уюштуруп, райревкомду дайындайт. Райондун курамына: Жалал-Абад, Көгарт, Чанкент волосттору кирген.

1924-жылдын 7-декабрында Жалал-Абад округдук ревкомунун Ош шаарындагы кеңешмесинде  Кызыл-Жар, Кетмен-Төбө, Араван ройондорун уюштуруу жөнүндө чечим кабыл алат. Кызыл-Жар районунун курамына мурдагы Наманган уездинин Кызыл-Жар, Кыркугул, Саруу, Багыш, Баястан, Кутулук-Саид жана Чаткал волосттору кирген. Успенский айылы райондун борбору деп таанылган. Кетмен-Төбө району Кеңкол-Карагыр, Кетмен-Төбө, Мустурук жана Суусамыр волостторунан турган. Араван району төмөнкү волосттордон: Араван, Ичкилик, Найман, Чимиондун бир бөлүгү, Үчкоргон жана Ноокат кыштагынан туруп,  борбору Качжар кыштагы болгон. Бул токтом менен Жалал-Абад округдук ревкому райондук ревкомдорду дайындаган. Кызыл-Жар райревкомунун курамына: Булатов - төрага, Чангулов (милициянын начальниги - төраганын орун басары, Каракишиев - катчы; Кетмен-Төбө райревкомунун президиумунун курамына: Казатов - төрага, Сабаев (милициянын начальниги) -  төраганын басары, Дарбаев -катчы, Мамбеталиев — партиянын райкомунун жооптуу катчысы, Юлаев - «Кошчу» союзунун жооптуу катчысы кирген; Араван районунун райревкомуна бир гана төрага - Урашбаев болгон, калган мүмүчөлөрдү жеринде дайындоого Важнерге тапшырылган [59, л.7]. Ошондой эле Базар-Коргон районун курамы төмөнкү волосттор уюшулган: Базар-Коргон, Айым, Наукент, Массы, Майлысай [33, л.40]. Эми жаңы Лейлек районун түзүү керек болучу.

Жаңы административдик бөлүнүштүн киргизилишине байланыштуу бул райондордун бир тобу өз ишин токтотту. Облревкомдун 8-декабрдагы чечими боюнча Жалал-Абад округу эки округка: Жалал-Абад жана Ош округдарына

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

бөлүнгөн. Бүтүндөй Араван району жана болжолдонгон Лейлек аймагы жаңы Ош округунун курамына кирди. Ош шаары округдун борборуна жакын жайгашкандыктан жана Пишпектин көрсөтмөсүнө ылайык орто административдик бирдиктерди уюштурууга жол берилбестигинен, Лейлек району түзүлгөн эмес, Араван району жоюлган.

Каракол-Нарын округунда Нарын району болуп, ага: Тоолуу, Үчакин, Онарча, Чачубинск, Нарын, Чоро, Шаркратма, Эсенгул волосттору кирген [34, л.88].

Партиялык, комсомолдук жана чарбалык органдар жаңы административдик-аймактык бөлүнүүгө ылайык жер-жерлердеги өз өкүлдөрүн жана бөлүмдөрүн кайра уюштурууга киришкен. Комсомолдун областтык уюштуруу бюросу 1924-жылдын 18-декабрында Кыргызстандын аймагында төрт округдук комсомол уюмун түзүү жөнүндө чечим кабыл алган.

**4.2. Кыргызстандагы жаңы райондоштуруунун себептери жана өбөлгөлөрү**

Областтык ревкомдун негизги милдети башкалар менен бирге Бүткүл кыргыздардын советтеринин биринчи курултайын уюштуруу жана өткөрүү болгон. Уюштуруу маселелерин иштеп чыгуу максатында облревком президиуму 1924-жылдын 13-декабрында шайлоо өткөрүү жана уюштуруу курултайын даярдоо боюнча комиссия түзөт. 1925-жылдын 15-январында КАОнун жарыяланган күнүн майрамдоого арналган салтанаттуу жыйынында кабыл алынган декларацияда мындай деп айтылган: «Революциялык комитет жумушчулар, дыйкандар жана кызыл армиянын депутаттары, кыргыз эмгекчи элинин туруктуу өкмөтүн шайлашы керек» [29, л.74-75].

Январь айында облревком советтерге шайлоолорду өткөрүүгө даярдык көрүү иштерин жүргүзө баштаган. Айрым участокторго тиркелген шайлоочулардын тизмелери түзүлгөн. Пролетардык тектеги адамдар гана шайлоочу боло алышкан. Алардын арасында жумушчулар, батрактар, чайрикерлер, дыйкандар болгон. Көптөгөн адамдар шайлоо жана шайлануу укугунан ажыратылган. 1925-жылдын февраль айында Советтерге шайлоолор

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

болгон. Изилдөөчү А.Жуманалиев шайлоонун жүрүшүнө токтолуп, «шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү айыгышкан топтук күрөштүн шартында өттү» [120, 137-б.] деп белгилейт. Округдук советтик органдары шайлоо процессине активдүү кийлигишкен. «Партиянын Жалал-Абад округунун президиуму Кетмен-Төбө районундагы айылдык советтерди шайлоо жөнүндөгү маселени талкуулап, бул жерде советтик кызматкерлердин арасында топ түзүлгөнүн белгилеп, ал жака округдук ревкомдун төрагасы башында турган комиссия жөнөтөт» [158, 149-б.]. Кээ бир волосттордо шайлоонун натыйжалары большевиктер тарабынан таанылган эмес жана жокко чыгарылган, бул түзүлгөн советтердин аткаруу комитеттери таркатылып кайра шайлоолор дайындалган. 7-февралда РКП(б)нын Кыргыз областык уюштуруу бюросу Пригородный волостундагы жыйынтыктарды жокко чыгаруу жөнүндө Пишпек округдук бюросунун чечимин бекиткен. Ал эми Токмок волосттунда шайлоону туура эмес өткөргөндүгүнө байланыштуу наразычылыктарды эске алып, областтык партиялык уюм, облревкомго шайлоону жокко чыгарып, волосттук ревкомдорду дайындоону сунуш кылган. Облревкомдун президиуму 12-февралда Токмок волосттук аткаруу комитетин таркаткан жана волосттук ревкомду дайындаган, ага советтердин жаңы шайлоолоруна жетекчиликти камсыз кылуу тапшырылган [158, 150-б.]. Топтун мүчөлөрү башка жерлерге иштөөгө жиберилген. Совет бийлгине каршы кызматкерлер (эл соттору кыржы кызматкерлери ж.б. аркандай мекемелердин кызматкерлери), теги боюнча Совет бийлигине туура келбегендер иштен четтетилген. Кайра шайлоонун жүрүшүндө айылдык советтер жана волосттук аткаруу комитеттерге кедейлерди тартуу жүргүзүлүп, сот жана каржы багыты боюнча кедей жаштары ишке жиберилген [31, л.2].

Бул топтук күрөш, биздин оюбузча, волосттордо болуп өткөн мурдагы, оор партиялык күрөштүн уландысы, ал кеңири жайылгандыктан, ошого жараша ыйгарым укуктар көбөйгөн, албетте, жер-жерлерде бийликке болгон кумарлар күчөгөн. Топтук күрөш Талас, Кетмен-Төбө, Кызыл-Жар жана башка райондор менен волосттордо өзгөчө курч болгон [60, л.9].

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Шайлоонун жыйынтыгында тиешелүү жергиликтүү аткаруу комитеттери түзүлдү. 1925-жылдын март айынын биринчи жарымында Пишпек, Каракол-Нарын, Жалал-Абад жана Ош округдарынын кеңештеринин уюштуруу курултайдары өткөн. Курултайларда саясий, чарбалык маселелер, эле элге билим берүү, ошондой эле улуттук бөлүштүрүү жана автономиялуу областтын Советтеринин уюштуруу курултайына шайланган округдук аткаруу комитеттери жана делегаттары талкууланган. Муну менен өзгөчө бийлик органдарынан - ревкомдордон шайлануучу кеңештерге жана анын аткаруу органдарына өтүү аяктады.

Президиум 1925-жылдын 5-февралында КАОнун биринчи Бүткүл кыргыз уюштуруу курултайын март айында чакыруу жөнүндө чечим кабыл алып, күн тартибин бекитет. 1925-жылдын 27-30-мартында Пишпек шаарында Кыргыз автономиялуу областынын кеңештеринин уюштуруу курултайы өтүп, ага өлкөнүн ар кайсы аймактарынын өкүлдөрү жана аз улуттардын өкүлдөрү кеңири катышкан. Курултайдын катышуучулары калктын саны жана анын этникалык курамы жөнүндөгү маалыматтар менен таанышкан.

КАОнун калкынын саны жана улуттук курамы Таблица1[31, л.24]

| Округдун аталышы | Аял-эркек | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы | Кыргыздар | | Өзбектер | | Орустар | | Башка улуттар | |
| | | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % |
| Пишпек | 211 692 | 93 844 | 45,.3 | 8914 | 4,2 | 88344 | 41,7 | 20590 | 9,4 |
| Каракол-Нарын | 168428 | 120963 | 71,8 | 3859 | 2,2 | 35797 | 21,2 | 7809 | 4,8 |
| Ош | 262882 | 157861 | 60,0 | 93613 | 35,6 | 5717 | 2,1 | 5691 | 2,3 |
| Жалал-Абад | 184412 | 132285 | 71,7 | 39556 | 21.6 | 7790 | 4,2 | 4781 | 2,5 |
| Област боюнча бардыгы | 827414 | 504951 | 61,0 | 145942 | 17,6 | 137648 | 16,5 | 38871 | 4,9 |

Курултайда И.Айдарбеков Областтык ревкомдун иши боюнча доклад жасаган. Докладды угуп, курултай резолюция кабыл алган, анда революциячыл комитеттин ишине оң баа берилген. Курултайды Ж.Абдрахманов партбилети бар колонизатор деп атаган М.Каменский башкарган [109, 111-б.].

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Курултайда Өзбек ССРнин Самарканд областынын Хожент уездинин тургундарынан кайрылуу түшүп, анда «Өзбек Республикасында төмөнкү кара-кыргыз коомдору: 1) Бакса-Сибирген, 2) Исфана, 3) Чапкулук калганы, алар 5000 чарбаны (түтүн) түзөөрү кабарланат. Жогоруда аталган коомдор үч волостко бөлүнгөн. Биринчи волост Бакса-Сибирген деп аталып, ага төмөнкү коомдор кирген: 1) Чайлган, 2) Сумбуя, 3) Ден. Экинчи волост - Исфана: 1) Кара-Булак, 2) Курусун, 3) Сүлүктү, 4) Көмүрташ. Үчүнчү волост - Чапкулук: 1) Искавчы, 2) Маргон, 3) Мадыген, 4) Машкен» [61, л.3]. Мурдагы Хожент уездинин кыргыздарына таандык болгон кыргыздын «ичкилик» уруусу, алар Өзбек ССРнин титулдук улутуна этникалык жактан жат болгондугуна байланыштуу. Бул үч волосттун чек аралары жана жайгашкан жери боюнча төмөндөгүлөр белгиленген: «Батыш бөлүгү тажиктерге таянат, областтын түндүк бөлүгү Өзбек Республикасы менен, түштүк бөлүгү карлуу тоолор жана Алтын-Бешик, чыгыш бөлүгү Ош округунун Лейлек өрөөнү менен чектешет» [61, л.3]. Бул үч волост Лейлек волосту менен тыгыз экономикалык байланышта болгон. Жайкысын малды багуу бир жайыттарда жүргүзүлгөн. Жогоруда белгиленген коомдордун экономикалык абалы өтө оор бойдон калган. Басмачылар менен Кызыл Армия элдин байлыгын жана мүлкүн бирдей тонол кетишкен [61, л.3]. Жумуштун жоктугунан көптөгөн тургундар бул волостторду таштап, алыскы шаарларга жумуш издеп кетишкен. Кыргыздарга карата өзбек кызматкерлери тарабынан этникалык карама-каршылык пайда болгон. Кыргыздардын укугу көп тебеленип турган. Мисалы, үгүт иштери жалаң өзбек тилинде жүргүзүлгөн. Ушундан улам этникалык кыргыздар Совет бийлигинин маңызын түшүнбөй калган. Кайрылууда «эгер мындан ары да ушундай боло берсе, биз 50 жыл бою Совет бийлигинин маңызын түшүнбөйбүз деп ишенимдүү айта алабыз» деп айтылган [61, л.3].

ККАОнун аймагындагы кыргыздардын абалы да оор бойдон калган. Алардын укуктары көп учурда сакталбай жана бузулган. «Кызыл-Кыя» шахтасында иштеген кыргыздар улуттук дискриминацияга дуушар болгон. Ош шаарында областтык аткаруу комитетинин 1925-жылдын 26-ноябрында болуп

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

өткөн 3-көчмө сессиясынын пленумунда «Кызыл-Кыя» таш көмүр кенинин жумушчусу - Мадраимов доклад жасаган. Ал шахтёрлордун турмушу, эмгекке акы төлөөдөгү дискриминация жана шахта администрациясы тарабынан жасалган жумушчу - кыргыздардын укуктарынын бузулушу жана башка фактылары жөнүндө кеңири айтып берген. Ал мындай деп билдирди: «Шахтадагы европалык жумушчулар алда канча жакшы шарттарда. Алар алты саат иштешсе, ал эми кыргыздар күнүнө сегиз саат иштешет, бул жумуш күнүн туура эмес бөлүштүрүлүшү менен түшүндүрүлөт. Кыргыздар жаман жайларда жашашат, алар жакшы жакка жайгашууга мүмкүн эмес» [36, л.4]. Администрация тарабынан толук ээнбаштык менен бирге дарыгерлер дагы кыргыз эмгекчилеринин саламаттыгына кайдыгер мамиле кылышкан. «Дарыгер чындап эле ооруп жаткан адамды соо деп таап, кайра жумушуна жөнөтөт» [36, л.4]. Мындай өтө кайдыгерликтен көптөгөн кыргыз жумушчулары жапа чеккен.

Курултайда ККАОну РСФСРдин курамындагы Кара-Кыргыз Автономиялык ССРне айландыруу маселеси көтөрүлгөн. Курултай ушул жана башка маселелерди талкуулап, областтык аткаруу комитетине ББАКга (ВЦИК) автономиялуу республикага айландыруу жана үч волосту Кыргызстанга өткөрүп берүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылууну тапшырат. Муну менен катар ал кайрылууга облустун аталышынан “кара” деген сөздү алып салуу боюнча пункутту киргизүү сунушталат [21, л.26].

Ошондой эле курултай СССР БАКнын Улуттар Советине жана Советтердин Бүткүл россиялык XII курултайына делегаттарды шайлаган [9, 11-12-б.]. Ошентип, ККАО Советтеринин Бүткүл кыргыздардын биринчи курултайы РСФСРдин курамындагы автономия түрүндөгү кыргыз элинин мамлекеттик түзүлүшүн жарыялап, мыйзамдуу түрдө жол-жоболоштурду, ошондой эле областтын аткаруу комитети - областын жогорку аткаруу комитети түзүлгөн.

Курултай аткаруу комитетине Борбордук Азиядагы УПОЛСТО аркылуу Өзбекстандын курамында калган кыргыз калкы менен чек араларды тактоо жана волостторго кошулуу маселесин эртерээк чечүүгө жетишүүнү тапшырды [31,

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

л.33]. Көптөгөн кыргыз волостторунда туруктуу волосттук борборлор болгон эмес. Туруктуу волосттук борборлорду түзүү маселеси да каралып, бул маселе боюнча иш жүргүзүү областтык аткаруу комитетине тапшырылган.

Кыргыз автономиялуу областынын областтык аткаруу комитети Советтердин Бүткүл кыргыз курултайынын көрсөтмөлөрүн орундатуу менен токтом кабыл алган, анда мындай деп айтылган: «Кыргызстандын улуттарынын тынчтыкта жанаша жашоосу үчүн бекем эрки, анын калкынын эмгекке жана маданиятка умтулуусу  Кыргызстандын Автономиялуу республика болуп катталышы менен камсыз кылынууга тийиш» [35, л.5]. 1925-жылдын 22-апрелинде Областтык Аткаруу комитети ВТ ГИКке автономиялуу областты автономиялуу республикага айландыруу жөнүндө өтүнүчтү демилгелөө жөнүндө токтом кабыл алган [96, 78-79-б.]. Токтомдо мындай деп айтылган: «ККАОнун советтеринин биринчи курултайынын РСФСРдин курамында бир добуштан кабыл алынган чечимин эске алуу менен, ошондой эле Кытай менен чектеш жана Индостанга жакын жерде жайгашкан аймагынын саясий жактан өз тагдырын өзү чечкендигин эске алуу менен, ал кулчулукта  болгон кошуна улуттар үчүн саясий зор мааниге ээ болору шексиз,  РСФСРдин  курамындагы Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикага айландыруу жөнүндө ББАКга (ВЦИК) кайрылат» [142, 205-б.]. Бул ишке ККАОнун ББАКтын (ВЦИК) алдындагы туруктуу өкүлчүлүгү активдүү катышкан. Бирок, аракет күтүлгөн натыйжаларды берген жок. Мунун бирден-бир натыйжасы РСФСРдин ББАКтын (ВЦИК) президиумунун 1925-жылдын 25-майында Кара-Кыргыз автономиялуу областын Кыргыз Автономиялык обласы деп өзгөртүү жөнүндөгү токтому болгон [108, 16-б.].

Бул маселе областтык аткаруу комитетинин ноябрь (1925-жыл) сессиясынын кароосуна коюлган. Областтык аткаруу комитетинин президиуму 1925-жылдын 6-декабрында ББАКтын (ВЦИК) президиумуна Кыргыз Автономиялык областын Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасына айландыруу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган. ББАКтын (ВЦИК) президиуму  уюштуруу курултайында айтылган кыргыз элинин эркин

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

жана турмушта болуп өткөн олуттуу өзгөрүүлөрдү эске алуу менен 1926-жылдын 1-февралында КАОну РСФСРдын курамынданы Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы (КАССР) [260] кылып кайра түзүү жөнүндө токтом кабыл алган [142, 212-б.]. 1926-жылы 18-ноябрда 12-чакырылыштагы ББАК тын (ВЦИК) үчүнчү сессиясы КАОну Автономиялуу республикага айландыруу жөнүндөгү чечимди бекиткен [205, 134-б.].

РСФСРдин ББАКнын (ВЦИК) Президиуму 1925-жылдын 6-июнунда облустун административдик бөлүнүшүн бекиткен жана Кыргыз автономиялуу областынын өкмөтүнө ички административдик райондоштуруунун акыркы долбоорун иштеп чыгууну жана тааныштырууну тапшырган.

Областы жаңы райондоштуруу 1920-жылдардагы кыргыз коомун түз мааниде бөлүп-жарып, уруулук араздашууну, уруулар ортосундагы чыр-чатактын очокторунун бири – жайлоо жерлерин колдонууну жоюуга салым кошушу керек болучу. Жаңы райондоштуруу жайлоолорду, жайыт жерлерди туура пайдалануу жана башка райондордун калкы биргелешип пайдаланууну камсыз кылышы керек болучу [194, 11-б.].

Областтык өкмөттүн милдети эмгекчи калктын кеңири массасын башкаруу маселелерине тартуу, советтик башкаруу органдарына партияда жок жумушчулар менен дыйкандардын массасын тартуу болгон [91, 78-б.]. Ошол жылдардагы Совет бийлигинин декларациясына ылайык, башкаруу органдары калктын ынгайлуулугу үчүн жана аны тейлөө үчүн түзүлгөн органдар болуп саналган. Эмгекчил калктын массасын тартуу үчүн башкарууну көпчүлүккө түшүнүктүү тилде уюштуруу керек эле. Мурунку жылдары иш кагаздарын көпчүлүктүн тилине которуу аракети мамлекеттик кызматтагы чиновниктердин катуу каршылыгына дуушар болгон, анткени иш кагаздары орус тилинде жүргүзүлгөн. Областтык аткаруу комитети мамлекеттик аппаратты түптөө кампаниясын жүргүзүүнү, бул мамлекеттик башкарууга улуттук республикалардын жана региондордун эмгекчи массасын тартууну жана советтик демократияны чыныгы социалдык-таптык мааниде жайылтууну,

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

бардык мамлекеттик аппарат жергиликтүү калктын тилинде тейлөөнү чечти [167, 10-б.].

Областы натыйжалуу башкаруу максатында мамлекеттик аппарат үчүн жергиликтүү улуттардын кадрларын даярдоо зарыл болгон, анткени алар күнүмдүк турмушту жана үрп-адаттарды жакшы билишкен. Улуттук кадрларды даярдоодо областтык аткаруу комитеттинин жергиликтүү калкты тартуу иши артыкчылыгы болуп калды. Бул максатта жергиликтүү улутташтыруу боюнча аймактык комиссия түзүлүп, иш кагаздарын ошол жерде өкүм сүргөн улуттун тилине которуу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Советтик-партиялык аппараттын ар бир кызматкери түпкү улуттун гана эмес, тигил же бул округдун же волосттун аймагында жашаган башка улуттардын да таламдарын эсепке алууга тийиш эле. КАОнун аймагында көптөгөн улуттар жашаган. Кыргыздардан тышкары орустар, украиндер, өзбектер, дунгандар, уйгурлар ж.б. №1 таблицага ылайык, калктын 39%ке жакыны улуттук азчылыктардын өкүлдөрү болгон. Алардын арасында көчмөндөр, жарым көчмөндөр жана отурукташкандар болгон, алар маданий жана билим деңгээли боюнча да айырмаланган. Ар бир элдин күнүмдүк турмушунда, каада-салтында, тилде өзүнүн өзгөчөлүктөрү болгон. Мурдагы административдик бөлүнүштө бул өзгөчөлүктөр эске алынган эмес.

Түштүктө көптөгөн улуттар өзбектер, түндүктө орустар, казактар (орустар), украиндер, немистер болгон. Түпкү улуттан тышкары улуттук азчылыктардын (өзбектер, украиндер ж.б.) дагы өкүлдөрүн советтик мамлекеттик аппараттын ишине тартууну, мамлекеттик мекемелердин иш кагаздарын эне тилинде жүргүзүү белгиленген [167,11-б.]. Бир катар округдарда этникалык азчылыктар жыш жашаган калктуу пункттар болгон, аларды өзүнчө айылдык улуттук советтерге бөлүп берүүгө туура келген.

Фрунзе округунун курамына эки бирдей улуттук топ - кыргыздар жана европалыктар кирген. Биринчи топтун саны: аял-эркек 116 290 жан, экинчи топко Пишпек шаарынын тургундарын кошкондо жалпы 108 170 жан украиндер, орустар, немистер кирген [194, 9-б.]. Пишпек округунда да казактар (орустар) жашаган, алар аймактык жактан жайгаштырууну талап кылган. ББАКтын

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

(ВЦИК) 1926-жылдын 1-февралындагы токтому менен казак-орус калкынын административдик-территориялык түзүлүшү боюнча комиссия түзүлүп, ал 1926-жылдын 28-апрелинде казак-орустарды эмес, бардык орус-украиндерди бөлүү зарылчылыгы жөнүндө чечим чыгарган [78 л.16].

Ош округунда да волост болгон, анда өзбек жана кыргыздар бирдей санда жашаган. Ош шаарында өзбектер кыргыздарга караганда сан жагынан бир аз артыкчылыкка ээ болгон, Ош шаардык кеңеши түзүлгөндөн кийин шаардык жана округдук аткаруу комитеттердин кызматкерлеринин ортосунда пикир келишпестиктер келип чыккан. Шаардык аткаруу комитетинде жумушчулардын көбү өзбектер болуп, округдук аткаруу комитетинен өз алдынча аракеттенүүгө аракет кылышкан. «1926-жылдын 8-июлунда ВКП (Б) Ош округдук комитетинин Аткаруу бюросу Ош шаардык Кеңешинин шаардык кеңеши менен округдук аткаруу комитетинин өз ара мамилеси жөнүндө фракциянын маалыматын угуп, шаардык советтин бөлүмдөрүнүн округдук аткаруу комитетинин бөлүмдөрүнө баш ийген эместигинин фактыларына жол берилбестигин аныктап, округдук аткаруу комитетинин фракциясына шаардык советтин ишине такай жетекчилик кылууну, системалуу түрдө көрсөтмө берүүнү сунуш кылат» [158, 268-б.]. Түштүктөгү чыр-чатактар кээ бир органдардын башка жогорку органдарга баш ийбегендигинен гана эмес, Орто Азиянын эки мамлекеттик түзүлүшүнүн – Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосундагы чек ара маселеси чечилбегендиктен келип чыккан. ВКП (Б)нын Кыргыз обкомунун 1925-жылдын 29-ноябрындагы отчётунда мындай деп белгиленет: «Бизде азыр да түштүк районунда эки улуттун ортосунда ажырагыс талаш-тартыш бар. Ошол эле учурда өзбектер эки топко бөлүнүштү: бири Кыргызстанды көздөй, экинчиси Өзбекстанды көздөй тартылат» [158, 268-б.]. Областтын Фергана бөлүгүндө кыргыздар менен өзбектердин ортосунда тирешүү фактылары катталган. Тойчинов 26-ноябрда КАОнун аткаруу комитетинин пленумунда чыгып сүйлөп, мындай жат көрүнүштөр тез арада жоюлууга тийиш экендигин белгилеген [36, л.12]. Аткаруу комитетинин жыйынында алар Өзбекстандык салык органдары тарабынан Кыргызстанга берилген жерлерде мыйзамсыз салык чогултуу

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

фактылары да белгиленген. Өзбек бийлигинин өзүм билемдигинен Кыргызстандын чек арага жакын аймактарындагы калк Өзбекстанда да, Кыргызстанда да кош салыкка дуушар болгон [36, л.12].

Майда административдик бирдиктердин ичиндеги улуттук тирешүүлөр бүткүл Советтер Союзунда болгон. Көп учурда ар кандай этностордун өкүлдөрүнүн ортосунда түшүнбөстүктөр пайда болуп турган. Расмий басма сөздө «Орто Азияны чоң улуттук райондорго, мамлекеттерге улуттук бөлүштүрүү - революцияга чейинки административдик бөлүнүүнүн эң ири абсурддарына гана чекит койду» деген пикирлер болгон [223]. Улуттук республикалардын жана областтардын ички түзүмү жөнүндөгү маселеге келип, «айрым республикалардын ичинде ал дээрлик кол тийбес бойдон кала берген, ал эми бул калдыктарды жоюу Орто Азия республикалары али да болсо иштеп жаткан милдет» [222] деп белгиленген.

Чакан административдик бирдиктердин ичиндеги улуттар аралык карама-каршылыктарды токтотуу максатында 1925-жылы июнь айында Орто Азияны райондоштуруу комиссиясы Кыргыз обкомуна төмөнкүдөй сунуш берген: «Улуттук азчылыктарды, мүмкүн болсо, өз алдынча райондорго, волостторго, өзгөчө учурларда, эгерде алар саны өтө аз же тилкелерде жайгашкан болсо, алардан иш кагаздарын жүргүзгөн жана улуттук азчылыктын тилинде билим берүүчү өзүнчө айылдык кеңештерди бөлүп берүү зарыл» [158, 266-б.].

Адабияттарда «эски административдик бөлүнүш айрым райондордун эч кандай оорчулугун, соода борборлорун, ирриагациялык система, байланыш жолдорун, пахта заводдорун ж.у.с. эсепке албай түзүлгөнү, мунун баары өнүгүп келе жаткан экономиканын керектөөлөрүнө принципиалдуу карама-каршы келери» [158, 266-б.] белгиленген. Кошумчалай кетсек, жаңыдан түзүлгөн областын ичиндеги райондоштуруу «жарым-жартылай улуттук райондоштуруунун аякташы болгон» [158, 266-б.]. Областтын айрым округдарында улуттар аралык тирешүүлөр болгон. Түндүктө кыргыздар менен орустардын ортосунда тирешүү сакталып турган. Орус кулактары улуттар

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

аралык ишенбөөчүлүктү чеберчилик менен тутандырып жана колдонушуп, кедейлерди кыргыздарга каршы багыттап, аларды душман катары көргөзүшкөн.

Улуттук азчылыктарды өз алдынча административдик бирдиктерге бөлүү фактысы, эң натыйжалуу деп эсептелген районду бөлүштүрүү идеясы - мунун баары райондоштуруу боюнча комиссиянын жетекчилеринин көңүлүн ээлеп келген. Мунун себептеринин бири иш кагаздарынын туруксуздук маселеси болгон, жиберилген областтык аткаруу комитеттин жана округдук аткаруу комитеттердин буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн, волосттук аткаруу комитеттери жана айылдык советтердин бир тилдеги аралаш тилде жүргүзүү чечилбеген маселе болгон.

Областтык аткаруу комитети төмөнкү советтик органдар калкы аралаш калктуу волосттордогу айылдык же айылдык жамааттын алдында орус тилинде маалымат бериши керек болгон тартипти белгилеген [37, л.22]. Областтык аткаруу комитети 1925-жылдын 9-апрелинде волосттордун бардык мамлекеттик мекемелеринде жана уюмдарында иш кагаздарын кыргыз тилинде, ал эми округдук жана областтык мекемелерде параллелдүү түрдө орус жана кыргыз тилдеринде жүргүзүүнү караган токтом кабыл алган [167, 13-б.]. Бирок, кээ бир волосттордо көпчүлүк этникалык азчылыктардын өкүлдөрү болгон. Бирок бардык иш кагаздарын кыргызчага которуу алардын турмушуна, чарбалык иштерине терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Орустардын кыргыз тилин же орус тилин кыргыздар билбеши түшүнбөстүктөрдүн пайда болушу үчүн негиз түздү. Волосттук жана айылдык эмгекчилердин сабаттуулугунун деңгээли төмөн болгон.

Этникалык азчылыктар (өзбектер, дунгандар, украиндер, немистер) жашаган волосттордо иш кагаздарын жүргүзүү орус тилинде жүргүзүлүп, алардын конституциялык укугун чектеген. 1925-жылы май айында болгон РКП(б)нын XII съездинин чечимдерине ылайык, «улуттук азчылыктардын бир кыйла сандагы учурларында бул азчылыктардын тилдерин колдонгон өзүнчө кеңештерди түзүү, мектептерди уюштуруу жана соттордун эне тилинде жүргүзүү» [105, 82-б.] каралган. Жергиликтүү совет бийлигине улуттук

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

азчылыктардын таламдарын жана укуктарын жакшыраак эсепке ала турган мындай волостту жана башка баштапкы административдик бирдиктерди түзүү милдети тапшырылган.

Ошондуктан кыргыз волостторунда жайгашкан аз улуттарга өз тагдырын өзү аныктоо укугун берүү зарыл болгон. Эл депутаттарынын советтери, мамлекеттик башкаруу органдары, коомдук уюмдар улуттук азчылыктардын тилинин, турмуш-тиричилигинин, чарбасынын өзгөчөлүктөрүн дайыма эле эсепке алынбаган, алардын социалдык-этникалык өнүгүшү үчүн атайын иш-чараларды пландаштырууга жетиштүү көңүл бурушкан эмес [134, 352-б.]. Улуттук маселе актуалдуу болгон. 1925-жылы 24-марттагы партиялык конференцияда улуттар аралык мамилелер жөнүндөгү маселе каралган. Докладчы Зелинский партиялык конференцияда «башка улуттун катарына кирген автономиялуу райондор түзүлбөйт. Бирок, мисалы, өзгөчө көрүнүктүү орус калкынын өзүнүн аткаруу комитети, волостунда мектеп болушу жана сот иштерин өз тилинде жүргүзүшү мүмкүн, муну жасоо керек» [17, л.56] деп чыгып сүйлөгөн. Ошентип, кыргыз волостторундагы улуттук азчылыктардын абалында турган европалык калкка өз тагдырын өзү чечүү укугу берилген.

Көптөгөн башка улуттар (уйгурлар, дунгандар, немистер) жашаган жерде этникалык көйгөйлөр курч болгон. Жергиликтүү советтик органдардын жакшы иштеши үчүн бир катар чараларды көрүү керек эле. Аларга төмөнкүлөр кирген: иш кагаздарын басымдуулук кылган этностун тилинде жүргүзүү, улуттук азчылыктарды өз алдынча административдик бирдиктерге (айылдык кеңештерге, улуттук волостторго) бөлүү жана өз алдынча башкарууну камсыз кылуу. Этникалык азчылыктардын маданий муктаждыктары да бар болучу. Ошондуктан 1925-жылдын 2-апрелинде РКП (б) Киробкомунун аткаруу бюросу улуттук азчылыктардын волостторун уюштуруу маселесин изилдөө үчүн атайын комиссия түзгөн [158, 264-б.]. А.Орозбековдун төрагалыгы астында 1925-жылдын 11-июнунда РСФСРдин КАО советтеринин аткаруу комитетинин пленардык кеңешмесинде областты жаңы административдик бөлүштүрүү жөнүндөгү маселе каралды. Областтык аткаруу комитеттин президиумуна жана

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

округдук аткаруу комитеттерге областтын жаңы административдик-аймактык бөлүнүшү жөнүндөгү долбоорду майда-чүйдөсүнө чейин иштеп чыгууну баштоо сунуш кылынды. Областтык аткаруу комитеттин токтомуна ылайык райондоштуруу табигый-тарыхый, демографиялык, жер, турмуш-тиричилик принциптерине негизделиши керек болгон. Ушул эле кеңешмеде областтык аткаруу комитеттин президиумуна Каракол-Нарын округу боюнча бүткүл районду тейлей турган жана чындап эле округдун борборунда жайгаша турган жаңы борборду түзүү жөнүндөгү маселени изилдеп чыгуу тапшырылган [38, л.80].

Июнь айында Борбордук Азиянын райондоштуруу боюнча комиссиясы Кыргызстандын райондоштуру боюнча комиссиясынын ишин карап чыгып, партиянын Кыргыз обкомуна: «Улуттук тирешүүлөр... улуттук азчылыктарды, мүмкүн болсо, өз алдынча райондорго, волостторго бөлүү жолу менен жоюлууга тийиш, өгөчө учурларда, эгерде алардын саны өтө аз же тилкелерде жайгашкан болсо, иш кагаздарын жүргүзүү жана улуттук азчылыктардын тилинде билим берүү менен аларды өзүнчө айылдык кеңештерге бөлүү зарылдыгы» [158, 266-б.] тууралуу сунуш берди. Райондоштуруу процессинин негизги милдети улуттар ортосундагы мамилелердин туура болушу үчүн шарт түзүү болгон.

1925-жылы областын түштүк бөлүгүндөгү 30 волосттун төмөнкү аппаратын тандап изилдөө жүргүзүлүп, анын өтө начар абалын көрсөтүлгөн. Советтик революциялык мыйзамдуулуктун, талаптын жана салык салуунун мүнөздүү өзгөчөлүгү жок болуп, ал эми кээ бир жерлерде төмөнкү советтик аппарат таптакыр болгон эмес [39, л.6]. Жайлоодо - совет бийлиги дээрлик болгон эмес. Тактап айтканда, Буров-Петровдун айтымында, «Суусамырда күчтүүнүн бийлигинен башка эч кандай бийлик болгон эмес» [116, 32-б.].

Ошол кездеги административдик бөлүнүш Москвада бекитилгенге дал келген эмес, анда «Борбор (област) - округ - волосттук» дегенден башка административдик бирдиктерди түзүү каралган эмес. Бирок жаңы административдик бирдик - район түзүлдү. Бир катар райондор областтык жетекчилик тарабынан (Талас, Нарын), кээ бирлери райондук аткаруу комитет

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

тарабынан (Кетмен-Төбө, Кызыл-Жар ж. б.) түзүлгөн. Райондун болушу 1925-жылдын 5-мартындагы райондоштуруу боюнча комиссиянын жыйынында зарыл деп табылган.Бирок областтык райондоштуруу боюнча комиссия Талас, Нарын жана Кетмен-Төбө райондорун гана сактап калууну сунуштайт [40, л.6].

Бир катар округдарда экономикалык көйгөйлөр бар болчу. Пишпек округу бири-бирине байланышпаган эки райондон турган. Биринчиге 60 миң калкы бар, соода-экономикалык жактан, Чүй өрөөнүнө, Пишпек шаарына караганда областтын борборунан 30 верст алыстыкта жайгашкан Олуя-Ата шаарына жакын Талас өрөөнү кирген, ошондой эле Пишпек округунун башка райондору менен жалпы суу пайдалануу жана сугаруу системасы болгон эмес. Талас району түндүк-чыгыштан жана түштүктөн Талас Ала-Тоосунун бийик, татаал кырка тоолору менен курчалган географиялык обочолонгон аймак болгон. Жолсуз шарттарда алыскы волосттордон округдун борборуна чейин 430 верст жол жүрүүгө туура келген [158, 270-б.]. Кошумчалай кетсек, Борбордук Азиянын райондоштуруу боюнча комиссиясынын төрагасынын орун басары Ярослав Дублицкийге (областык региондоштуруу боюнча комиссиянын төрагасы) Талас районун өз алдынча бирдикке бөлүүнү сунуштайт. Экинчи район – Чүй өрөөнүндө жайгашкан волосттор. Алар Пишпек шаарына соода-экономикалык жактан тартылып, бир багыттуу чарбалык иштерди жүргүзүшкөн.

Талас районун жетекчилиги областтын бийлигине Талас районун өз алдынча административдик бирдикке айландыруу жана Пишпек округуна баш ийгендигинен чыгуу жана областтарга түздөн-түз баш ийүү өтүнүчү менен кайрылган, анткени «райондун 60 000ге жакын калкы бар жана областтык жана округдук борбордон обочолонгон» [62, л.4]. Талас району менен Чүй өрөөнүндөгү уруулардын келип чыгышынын айрмачылыгына байланыштуу жалпы пайдалануудагы «жайлоо» жерлери ар бир райондун өз алдынча колдонуусунда болгон [194, 10-б.].

Каракол-Нарын округунда өзүнчө Нарын району болгон [102, 7-б.]. Жакшы өнүккөн дөңгөлөктүү жолдордун жоктугунан бул район менен округдун борбору Каракол шаары менен байланышы оор болуп, кышында кээде байланыш

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

үзүлүп калган. Каракол району негизинен мал чарбасы менен айкалышкан дыйканчылык, ал эми Нарын районунда таза мал чарбасы болгон. Каракол районунда отурукташкан жашоо образын карманган калк басымдуулук кылса, Нарын районунда көчмөн болгон. Мурдагы Каракол уездининин калкынын курамы мурдагы Нарын уездинин калкынан айырмаланып турган. Калктын биринчинде 30% европалыктар болсо, экинчисинде жалаң кыргыздар жашаган [194, 8-б.].

Округдун борбору Каракол шаарынан обочолонгон. Мына ушуга байланыштуу округдун экономикалык жана саясий жетекчилиги Нарын районунда таптакыр жок болгон. Караколдо жайгашкан округдук уюмдардын ишмердүүлүгү негизинен Ысык-Көл менен чектелип, округдун борборунан 300 жана андан ашык верстен алыстыкта турган Нарын районуна дээрлик таасирин тийгизген эмес [134, 352-б.]. Областа волосттор бар болучу, ал жерге жетиш үчүн эки жума убакыт талап кылынган, айрымдарына ашууларды кар баскан убакта жылына бир жолу гана барууга туура келген [148, 6-б.].

Калктын чарбалык иш-аракетинин багыттарынын айырмалуулугуна жана районго жетүү кыйынчылыгына байланыштуу Каракол округунун аткаруу комитетинин жетекчилигинин Нарын районунун чарбалык турмушун башкара албай тургандыгы, айтайын иш чараларга өзгөчө мамилени талап кылары ачык-айкын болуп калды [194, 8-б.]. Нарын районун мекендеген кыргыздар Каракол районун кыргыздарынан айырмаланып, башка уруулардан келип чыккан. Нарын районунун негизги уруктары: саяк, черик, моңолдор, сарыбагыш жана бугу болсо, Каракол районунун негизги уруулар бугу жана саяк болгон.

Нарын районунун өз алдынча административдик бирдик болуп бөлүнүшү менен кыргыздардын Кытайдан кайтып келишине байланыштуу маселени дагы туура чечүүгө тийиш эле. Райондун бөлүнүшү күтүлгөндөй эле 1916-жылы Кытайга качкан кыргыздардын кайтып келишине өбөлгө болмок.

Облустун мурдагы төрт округдук административдик бөлүнүшү убактылуу болгон, келечектеги административдик бөлүнүштүн белгиси гана болгон жана экономикалык, саясий жана башка муктаждыктарга жооп бербеген [194, 11-б.].

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Жаңы райондоштурууга түрткү болгон себептердин арасында кыргыз элинин маданий жана чарбалык курулушун камсыз кылуу да болгон. «Чындыгында, ушул кезге чейин бардык олуттуу экономикалык жана маданий борборлор европалык борборлор менен дал келген, алар кыргыз калкынын арасында маданий-чарбалык курулуш үчүн зарыл шарттарды түзгөн эмес. Ошол эле учурда мектептер, ооруканалар, волосттук борборлор, жада калса айылдык борборлор европалык айылдарда жайгашкан» [194, 12-б.].

Май айында ББАКтын (ВЦИК) президиуму областык администрациялык жактан округдарга жана волостторго бөлүнүшүн бекитип, областтык аткаруу комитетине бир жарым айдын ичинде райондоштуру боюнча округдук ичиндеги областык административдик райондук жана айылдык бөлүнүү долбоорун ББАКтын (ВЦИК) комиссиясына сунуштоону тапшырган [41, л.6].

Автономиялык областтын Советтеринин биринчи Уюштуруу курултайынын чечимине ылайык 1925-жылдын 1-апрелинде областтык аткаруу комитети райондоштуруу боюнча комиссия түзгөн. Областтык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары А И. Фатьянов бул комиссиянын ишине жетекчилик кылган. Жетекчинин жогорку наамы жаңы област үчүн анын административдик түзүмү маселесинин маанилүүлүгүн белгилеген. Комиссияга волостторду ирилештирүү жөнүндөгү маселени иштеп чыгуу тапшырылды. Бул комиссиянын ишин тездетүү максатында областтык аткаруу комитет областтын деңгээлинде да, округдун деңгээлинде да атайын аппарат түзүүнү зарыл деп эсептеп, уюштуруу чыгымдарына борбордон бир кыйла каражат сураган [96, 83-б.].

1925-жылдын 8-майында облусту райондоштуруу боюнча комиссия округдарда райондоштуруу боюнча комиссия түзүү чечимин кабыл алган. Комиссиянын курамына округдук аткаруу комитетинин төрагасы, округдук статистика бюросунун башчысы, жер бөлүмүнүн башчысы, округдук суу чарба башкармасынын өкүлү, «Кошчу» союзунун өкүлү кириши керек эле [63, л.69].

Изилдөөчү Д.Малабаев жаңы райондоштурууга түрткү болгон дагы бир факторду белгилейт: «Өзүнчө волосттордун ичинде өтө бирдей эмес

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

административдик бөлүнүштөр болгон, алардагы айылдык жана кыштактык советтердин саны 4төн 20га чейин болгон». Ошондой эле волосттордун калкы да бир топ өзгөргөн (3 миңден 25 миңге чейин).

Советтердин уюштуруу курултайында көчмөн волосттордо туруктуу борборлорду түзүү зарылчылыгы көрсөтүлгөн. Көчмөн райондордо туруктуу иштеген административдик-экономикалык борборлор болгон эмес, ошондуктан шайлоодон кийин көптөгөн кеңештер таркап кеткен. Кеңселери жок, төмөнкү советтердин өкүлдөрү чарбалык маселелерди жекече чечишкен [158, 269-б.].

Областтык аткаруу комитети бардык волосттордо волосттук бюджетти түзүү жөнүндө чечим кабыл алат. Бирок азыркы административдик бөлүнүштү эске алганда бул чечимди ишке ашыруу кыйынга турган. Жаңы райондоштуруудан кийин волосттук бюджетти уюштурууга шарт түзүш керек болучу. Волосттордун каржылык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу дагы жаңы райондоштуруунун максаты болгон.

Ар кайсы округдардын өкүлдөрүнүн ортосунда жайлоолорду бөлүштүрүүгө байланыштуу соттук териштирүүлөр көп учурда жайында пайда болгон. Мисалы, Пишпек округунун малчылары Жалал-Абад жана Каракол-Нарын округунун жайлоолоруна барышкан. Ушундай эле көйгөйлөр волосттук деңгээлде пайда болгон, айрым жайлоолорду бир нече чектеш волосттордун өкүлдөрү пайдаланышкан. Ушундай эле көйгөйлөр волосттук деңгээлде пайда болгон, айрым жайлоолорду бир нече чектеш волосттордун өкүлдөрү пайдаланышкан. Отурукташуу процесси белгилүү мааниге ээ болгон. Кыргыздардын чарбалык ишинин багыты малчылык-дыйканчылыктан дыйканчылык-малчылыкка өзгөргөн. Туура чечим кабыл алуу үчүн жаңы административдик түзүлүштү талап кылган.

### 4.3.Жаңы волосторду уюштуруу процесси жана административдик түзүлүштүн кантондук системасына өтүү

Областтык революциялык комитеттин кичи президиуму 1925-жылдын 2-февралында райондоштуруу боюнча комиссиянын ишин карап чыгып, комиссиянын аракетсиздигин билдирген. Ревком И.Тойчиновдун ордуна

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

комиссиянын жаңы төрагасы Т.Худайбергеновду дайындоону зарыл деп эсептейт.

Комиссиянын алдына мамлекеттик маанидеги тапшырма коюлган - ал областтын Фергана бөлүгүнө тиешелүү бир катар маселелер эң жогорку мааниге ээ деп табылды. Комиссияга областын түштүк аймагынын бардык билимдүү адамдарын ишке тартуу ыйгарым укуктары берилди. Областтык ревкомдун бардык бөлүмдөрүнө жана областтык планга төрага Т.Худайбергеновдун буйругун кыйшаюусуз аткаруу тапшырыган. Ошону менен бирге ага областын Фергана бөлүгүнө тиешелүү бардык маселелерди иштеп чыгууну сунуш кылышкан [76, л.5]. Түштүктө калкы эң көп волосттор басымдуулук кылып, айрым айылдарда кыргыздар, өзбектер, тажиктер жана башка улуттар басымдуулук кылышкан. Райондоштуруу маселесин толук камтуу жана кылдаттык менен иштеп чыгуу максатында жер-жерлерде округдук комиссиялар түзүлгөн. Областтык аткаруу комитети 1925-жылдын 11-ноябрында райондоштуруу боюнча областтык комиссия жана округдук комиссияларга ишин баштоону сунуш кылат [42, л.4]. Комиссиянын ишинин жыйынтыгында областтын жаңы административдик бөлүнүшүнүн долбоору даяр болгон. Адегенде волосттук бюджетти түзүү максатында азыркы төрт округдук бөлүнүүнү өзгөртпөстөн, бир нече улуттук волосторду уюштуруп, бир улуттуу жана аралаш волосттордуу ирилештирүүнү гана жүргүзүү керек болучу. Комиссия ирилештирүүнү чоң бөлүм деп эсептеген жок, бирок экономикалык жана улуттук райондоштурууну чыгарууга ыктаган. Райондоштуру боюнча комиссиянын 1925-жылдын 30-апрелиндеги кеңешмеси колдо болгон материалдар менен таанышып, Пишпек округу менен Ош округунда өзбек волостторун бөлүү мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү маселе чечилет [64, л.72]. 6-майда Пишпек округунун Аксуу-Карабалта районуна өз алдынча орус волостун түзүүнү чечет. Бирок Кара-Балта, Чалдовар жана Николаевка кыштактарынын ортосунда кыргыз айылдары жана кыштактары бар тилкелер болгондугуна байланыштуу бир орус волостун түзүү идеясынан баш тартууга туура келген. Ошону менен бирге айыл-

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

кыштактарды райондоштуруу боюнча материалдар толук болбогондуктан айылдык советтердин жаңы тармагы пландаштырылган эмес.

Эгерде административдик райондоштуруунун жер-жерлердеги тармагы түзүлгөн болсо анда бул долбоор ийгиликтүү болмок эмес, аны практикалык колдонууда олуттуу каталар пайда болушу мүмкүн эле.

Пишпек округуда жанаша волостторду бириктирүү, бекемдөө процесси болгон: Чүй өрөөнүндөгү үч волост, Талас өрөөнүндөгү беш волост чоңойтулган. 1925-жылдын 13-январында Жайыл, Толканов, Карабалта волосттору Пишпек округунун революциялык комитетинин чечими менен Беловодск волостуна кошулуп, буга чейинки волосттук аткаруу комитеттери жоюлган. Айылдык масштабдагы волосттук аткаруу комитеттери: Жайыл, Толканов сыяктуу айылдык аткаруу комитеттерге айландырылган [64, л.4]. Көп өтпөй административдик картага жаңы өзгөртүү киргизилип, 1925-жылдын 1-февралында ККАОнун Революциялык комитетинин президиумунун чечими менен Толканов, Жайыл, Кара-Балта волосттору бир Калинин волостуна, Баутерек жана Николайпол волосттору Ленинскиге бириктирилген. Күркүрөө, Кара-Буура, Александровка волосттору Абдрахманов волостуна бириктирилет [89, л.7]. Ирилештирүү боюнча бардык материалдар райондоштуруу боюнча областык комиссияда иштелип чыккан. Ирилештирүү менен бирге волостторду бөлүп-жаруу боюнча да райондоштуруу комиссиясы 1925-жылдын 27-майында мурдагы Пишпек уездинин Тоолуу волостун эки волостко бөлүү чечимин кабыл алган. Мындай чечимдин кабыл алынышына төмөндөгүлөр себеп болгон: 1) өзгөчө аймактык кенендик (1 231 030 десятина жер), 2) тоолуу жерлер жана калктын өтө төмөн жыштыгы (23 000 адам), бул бир административдик борбор болгон учурда аны башкарууну өтө кыйындаткан [56, л.90].

Областты райондоштуруу боюнча иштердин башталышында, үч тараптуу бөлүнүү сакталат деп болжолдонгон. Областтык комиссия областтык - уездик - райондук (ирилештирген) волост түзүмүн сактоону алгылыктуу деп тааныган. Алыскы волосттордон округка баш ийген жаңы райондорду түзүү керек эле [65,

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

л.38]. Бирок областтык аткаруу комитетинин улуттук волосторду бөлүп берүү планына байланыштуу, алар областтын жаңы бөлүнүшүн иштеп чыга баштаашат.

Областтык аткаруу комитети 1925-жылы жазында СССРдин Эмгекти коргоо боюнча Орто Азиядагы ыйгарым укуктуу кеңешине (УПОЛСТО) Өзбекстандын, Казакстандын, Тажикстандын жана Кыргызстандын өкүлдөрүнөн турган жаңы мамлекеттик түзүлүштөрдүн ортосундагы так чектерди белгилөө максатында, УПОЛСТОнун алдында паритеттик комиссия түзүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылган. Мына ушуга байланыштуу областтык аткаруу комитети Кыргызстандын курамына Сох, Исфара, Ханабад, Коргон-Төбө волостторун жана кыргыз калкы бар айрым коомдорду: Өзбекстандагы Карасуу волостту, Маргалан уездинин Үчкоргон району, ошондой эле Хожент уездинин  Бокса-Сибирген, Исфана жана Чапкулук волостторун кошуу маселесин караган [96, 85-б.].

Областтык аткаруу комитетинин катчысы С Малышев райондоштуруу комиссиясынын мүчөсү Дивногорскийге (областтык статистика бюросунун башчысы) мындай деп жазат: «жолдоштор, райондоштуруу боюнча дайындалган комиссиянын мүчөлөрү бул маселени бардык жактан олуттуу колго алышкан эмес, кыязы  ККАОнун чектерин тактоону биринчи кезектеги мааниге ээ болбогон маселе деп эсептейбиз» [89, л.93]. Областтык аткаруу комитети бул комиссиянын бардык мүчөлөрүнө областты райондоштуруу боюнча комиссиянын ишине  келбей калган же үзгүлтүк кылган  учурда репрессиялык чаралар колдонулушу мүмкүн экендигин эскертти.

Өз ишин улантып, 1925-жылдын 8-майында комиссия ар бир округдун 10 - версттик масштабдагы  картасын түзүүнү, иш жүзүндө болгон волостторду жана долбоорлонгон волосттордун чектерин чийүү чечимин чыгарат, райондук комиссияларга айына 100 рубль өлчөмүндө каражат бөлүнөт. Жайында комиссия улуттук волостторду бөлүү мүмкүнчүлүгүн таанып, Пишпек уездинде бир нече улуттук (орус) волостторду, Каракол округунда төрт орус волостун бөлүү толук мүмкүн деп эсептейт.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Областтын бардык округдарында волостторду ирилештирүүнүн планынын долбоору райондоштуруу боюнча областтык комиссия 1925-жылдын орто ченинде аяктайт. Бул долбоор алдын ала гана болгон жана жер-жерлерде андан ары кылдат изилдөөнү талап кылган, анткени комиссия кээде текшерилбеген, эскирген же айрым волосттор боюнча такыр маалыматы жок материалдарды пайдаланган [66, л.123]. Округдук чек аралардын чиймеси боюнча так маалымат болгон эмес. Каракол-Нарын округунун чек ара сызыгы тууралуу телеграммага бул округдун жер боюнча өкүлчүлүгү Каракол-Нарын округунун чек арасынын чиймеси жок деп жооп беришкен. Жер боюнча өкүлчүлүк мурдагы Каракол округунун чек арасынын чиймесин бере алган [66, л.105].

Белгилей кетсек, райондоштуруу комиссиясы округдарды ирилештирүү иштерин жүргүзүп, Нарын районун бөлгөн жана областын борборунан түз башкарууну сунуштаган. ВКП (б)нын обкомунун пленуму райондоштуру боюнча комиссиянын мүчөсү Фатьяновдун докладын угуп, Нарын районун Каракол-Нарын округунан түз областка баш ийүү менен бөлүп берүү жагын токтом кылат [66, л.244].

Албетте, областтык комиссия олуттуу катачылыктарды жана кемчиликтерди болтурбай койгон жок. Областын административдик бөлүнүшүндөгү белгилүү өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү калктын өзүнүн пикирин эске алуу керек эле. Толук жана так статистикалык жана экономикалык маалыматтар, ошондой эле волосттордун чек аралары, түпкү калктын уруулук бөлүнүшү жөнүндө маалыматтар жок болгон учурда, райондоштуруу комиссиясы ар бир округка экиден кызматкерди (жетекчи жана техникалык кызматкер) жөнөткөн [66, л.123]. Аларга аймакты райондоштуруу долбоору менен калкты тааныштыруу жана калктын белгилүү бир пикирине, тигил же бул ирилештирилген волостту уюштурууга кызыкдар болушуна жетишүү тапшырылган. УПОЛСТО волосттун жашоого жарамдуулугун камсыз кылуу максатында калкты долбоор менен тааныштырууну сунуштайт жана райондоштуруу боюнча Түркстан комиссиясынын тажрыйбасын, тактап айтканда Түркмөнстан боюнча жарыяланган долбоордун ишке ашпай

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

калгандыгын, айрым урууларлардын жана уруктардын ортосундагы, атап айтканда Жафарбаевчилер менен Атабаевчилердин (Иомудовдун эки бутагы) ортосундагы пикир келишпестиктерди эске алуу зарылчылыгын белгилейт [66, л.88].

Долбоор менен макул болбогон учурда, жиберилген кызматчылар калктын пикирин, ирилештирилген волостто жашоочулар өздөрүн көрүп жатканын, ошондой эле бул үчүн кандай далилдер бар экенин так сандар жана башка маалыматтар менен (рельеф, аянта, географиялык обочолонуу, базарларга соодага тартылышы, жайыттарды пайдалануу, башкаруунун жеңилдиги, сууну пайдалануу жамааты, улуттук жана уруулук курамы ж.б.) аныктоо болгон. Райондоштуруу комиссиясында айылдык кеңештердин тармагы жана алардын курамы, айылдык кеңештердин, волосттордун чек аралары жөнүндө так маалымат болбогондуктан, жөнөтүлгөн кызматкерлер бул маалыматтарды бир эле учурда чогултуп, айылдык кеңештердин жана волосттордун чек араларынын чиймесин картага түшүрүп, алардын сугат системасынын сүрөттөлүшү жана тизмелерин түзгөн.

Алар ошондой эле төмөнкү маалыматтарды чогултууга милдеттендирилген: а) колдо болгон жазма жана адабий (баян) булактардан уруулук бөлүнүшүн, кыргыздардын, сарт-калмактардын, уйгурлардын жана башка түрк элдеринин турмушун изилдөө үчүн керек болуучу материалдарды; б) волосттор, айылдык кеңештер жана айрым айылдар боюнча округдагы калктын саны; в) округдун аймактары боюнча санын жана таралышын жана алардын географиялык жайгашуусунун чектерин белгилөө менен уруулук жана уруктук топтордун тизмеси; г) ар бир уруунун жана ири уруулук топтордун келип чыгышын, карым-катнашын, болушун жана себебин, ошондой эле жашоо-турмушунун өзгөчөлүктөрүн, диалектисин, этнографиялык түрүн көрсөтүү менен жазуу жүзүндөгү мүнөздөмөсү [66, л.124]. Иштин жетекчиси ар кандай булактардан (БАК, айылдык кеңеш, округдук статистика мекемеси) статистикалык маалыматтарды алууга милдеттүү болгон.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Округдар боюнча сурамжылоо күздүн аягы жана кыштын башталышында өткөрүлгөн, мисалы, Жалал-Абад округу боюнча 1-октябрдан 10-декабрга чейин жүргүзүлгөн. Пишпек округунда 2-октябрдан 17-декабрга чейин. План боюнча Каракол шаарында ушул сыяктуу иштер 1926-жылдын 1-январынан кечиктирилбестен бүткөрүлүшү керек болучу, бирок кыйынчылыктан улам иш кечеңдеп калган. Областтык комиссия кечиктирүүгө жол берген эмес, ошондуктан райондоштуруу боюнча комиссиянын төрагасынын орун басары Дивногорский Каракол округунун райондоштуруу боюнча ишинин жетекчиси Соколовго иштин бардык жыйынтыгын 5-январдан кечиктирбестен берүү зарылдыгын эскерткен [67, л.10].

Бардык даярдык иштери карталар менен тыгыз байланышта болгон. Он версттик планшеттин жоктугунан картографиялык иштердин бир топ артка тартылышана дуушар кылган, ошондуктан областтык комиссия Ташкенттен планшеттин 10 комплектисин, ошондой эле мүмкүн болсо аймактын версттик планшеттин картасын түзүү үчүн жөнөтүүнү суранат. Аймактык карталарды түзүү ББАК (ВЦИК) административдик комиссиясынын №301 циркулярында каралган [68, л.134].

Иш сапарга жиберилгендер жер-жерлерге келишип, алдын ала түзүлгөн программа боюнча ишин башташкан. Төрт округдун райондун ар бири үчүн өзгөчө программалар түзүлгөн. Жалал-Абад округуна жөнөтүлгөн кызматкер өз ишин коңшу республика менен чек арадагы талаштуу жерлерди тактоодон баштаган. Ал округдун жети волостунда мындай талаштуу жерлер бар экенин аныктаган. Жалал-Абад округунун облустун чектеш округдары менен чек арасын аныктоо да татаал маселе болгон, анткени округдун чек арасы бир катар жайлоолорду басып өткөн. Округдун чек арасын иш жүзүндө эски адамдардан сурамжылоодон кийин гана аныктоого мүмкүн болгон. Волосттордун чектерин аныктоо да кыйын болгон (карталар жана башка документтер таптакыр жок болгон; билимдүү адамдар да болгон эмес; волосттордун жазылышы, алардын чек араларынын кийинчерээк өзгөрүшү). Кийинки көйгөй округдун калктуу пункттарынын тизмесин түзүү. Көпчүлүк волосттук аткаруу комитеттерде

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

волосттун калктуу аймактарынын тизмелери болгон эмес, ошондуктан алардын саны жана жайгашкан жери боюнча бардык материалдарды чогултуу айылдык кеңештер аркылуу жүргүзүлгөн. Айылдык кеңештин кызматкерлери райондоштуруу боюнча кызматкерлер менен дайыма эле активдүү кызматташып, зарыл болгон маалыматтарды беришкен эмес [70, л.94].

Кыйынчылыктарга карабастан, райондоштуруу боюнча кызматкерлер сугат булактары, калктуу конуштардын саны, пайдалуу кендердин жайгашкан жери тууралуу алда канча ишенимдүү маалыматтарды чогултуп, өзүнчө айылдык кеңештерди түзүү жана тигил же бул волосторду кошуу жөнүндө калктын өзүнүн пикирин аныкташкан. Жалал-Абад округдук аткаруу комитети калктуу пункттардын түзүлгөн тизмелери мурдагыга караганда чындыкка жакын экендигин мойнуна алдган.

Пишпек округунун райондоштуруу боюнча кызматкеринин маалыматында кызыктуу фактылар арбын. Ал «алдын ала иштөөдө – административдик-чарбалык бөлүштүрүүнүн долбоорунда айрым так эместиктер болгондугун, атап айтканда, анда иш жүзүндө бар Жетигенов волосту волост катары камтылган эмес жана Үр-Марал чындыгында 1923-ж. жоюлганын белгилейт» [68, л.134]. Коңшу мамлекеттик түзүлүштөр доомат кылып жаткан үч талаштуу аймактык участоктун бар экенин аныктоого мүмкүн болду. Алардын биринчиси «Көк-Сай өзөнү» деп аталган жер мыйзамдуу түрдө Ташкент уездине тиешелүү болгон, бирок аны Күркүрөө волостунун жарандары иш жүзүндө пайдаланышкан. Экинчи талаштуу жер өзүнүн үлүштөрү менен Ново-Воскресенское айылы болду. Бул айыл Батмайнак-Алмалы волостунун аймагында жайгашкан, бирок 1923-жылыАлмалы (Ашмара) дарыянын сол (батыш) жээгинде жайгашкан Чалдовар айылынын жерлерине өтүп кеткен. Бул жердеги улуттук бөлүштүрүү мамлекеттик чек аранын жеринин чиймесинде чек ара Алмалы дарыянын боюнда көрсөтүлөт. Ново-Воскресенск айылы мыйзамдуу түрдө Казак АССРине карайт, бирок чындыгында Чалдовар айылынын жер үлүштөрүнүн, ал тургай короо жайларынын (эскилери) бир бөлүгү Алмалы дарыясынын батыш жээгинде жайгашкан. Ново-Воскресенск айылы администрациялык жактан жарым-

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

жартылай Беловодск волосттук аткаруу комитетине, жарым-жартылай Меркеге баш ийген. Үчүнчү талаштуу аймак Быстроreченск волостунун аймагындагы Михайловск (Кара-Булак) айылынын жер үлүштөрү айылдын өзү менен бирге, Чу дарыясынын оң жээгинде жайгашкан. Улуттук бөлүштүрүү учурунда Казак АССРи менен чек ара Михайловск айылы КАОнун аймагынан тышкаркы болуп белгиленип, бирок анын Пишпек округу менен сууну пайдалануу жана соода тармагы боюнча байланышы бар экенин калк өзү көрсөтүп турган, демек административдик жактан Быстрореченск волосттук аткаруу комитетине баш ийген. Революцияга чейин Михайловск ошондой эле Быстрореченск волостунун курамына кирген.

Округдун ичиндеги бөлүштүрүү учурунда калк айрым жайыт жерлерин Пишпек округунун курамына кошууну талап кылган. Күркүрөө, Кара-Буура, Баутерек волостторунун калкы Жалал-Абад округунун жайкы жайыттарына ээ болгон жана Пишпек уездинин Чаткал дарыянын боюндагы жерлерди чечкиндүү түрдө талап кылышкан.

Ош округунда басмачылардын кыймылы улангандыктан, бул округду сурамжылоо иштерине терс таасирин тийгизген. Ар кандай себептерден (карталардын жана башка документтердин жоктугунан) райондоштуруу боюнча кызматкерлер кээ бир волосттордун (Акжар, Ичкилик) болжолдуу административдик чектерин дагы белгилей алган эмес. Бул волосттордун конфигурациялары коңшу волосттордун чек аралары аныкталгандан кийин гана такталган. Ал мамлекеттик түзүлүштүн кызыкдар тараптары менен алдын ала атайын келишим түзүлбөгөндүктөн Өзбекстан менен талаштуу аймактардын конкреттүү жайгашкан ордун аныктай алган жок [70, л.106]. Пайдалуу кендердин жайгашкан жерин аныктоодо жергиликтүү калк жардам көрсөтпөй, тескерисинче мындай маалыматтарды жашырып коюшкан. Эмгекке болгон жалпы мамилеге байланыштуу маалыматта калкка ишенбестик менен мамиле жасалгандыгы белгиленген. Көбүнчө адамдар анда-санда гана унчукпоону артык көрүшчү, расмий эмес, жеке баарлашууда алар кандайдыр бир маалымат беришкен. Иш сапарга жиберилген кызматчылар калкты областын жаңы

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

административдик бөлүнүшүнүн планы менен тааныштырган. Бул максатта жашоочулардын чогулуштары чакырылып, алар волосттук жана айылдык администрацияны, коомдук, партиялык жана мамлекеттик уюмдардын өкүлдөрүн («Кошчу», союзунун мүчөлүрү, ВЛКСМ, ВКП(б) ж. б.) чакырышкан. Бул жыйындарда жаңы райондоштуруунун, атап айтканда, волостторду ирилештирүүнүн максаттары жана милдеттери тууралуу докладдарды окулуп, жарандарды аймакты административдик-чарбалык жактан бөлүштүрүү боюнча жаңы долбоор менен тааныштырышкан.

Белгилей кетсек, жер-жерлерге иш сапарга жөнөтүлгөн кызматчыларга тапшырылган областын райондоштуруу долбоорун калк менен макулдашуу боюнча иш планында кыргыздардын санжырасын тактоо керек деген пункт бар болучу. Иштин жүрүшүндө иш сапарына жиберилген кызматчылардын сурамжыланган Ош округундагы кыргыздардын көпчүлүгүнүн келип чыгышы жөнүндө так маалыматы жок экени аныкталды. Округда 2-3 гана адам «кыргыз элинин биринчи ата-бабаларынан тирүү муундарына чейинки бардык негизги уруулук бутактарды терең билгени» көрсөтүлгөн [70, л.107]

Каракол округунда волосттордун экономикалык кубатуулугун изилдөө жана округду райондоштуруу боюнча калктын пикирин аныктоо иштери 1925-жылдын сентябрынын аягында башталган.

Жергиликтүү мекемелерде көмөкчү материал өтө аз болуп чыккан, айдоо аянты жана малдын саны боюнча эң баалуу маалыматтар салык бөлүмүндө сегиз волост боюнча гана алынган. Маалыматтын көбү округдук бөлүмдөрдө (окрстатбюро, себүү комитети, жер бөлүмү, саламаттыкты сактоо бөлүмү ж.б.) негизинен Каракол районуна тиешелүү болгон, Нарын району боюнча округдук бөлүмдөр караңгылыкта калып, кабардар болгон эмес [71, л.7]. Округ боюнча бардык иштер 1926-жылдын январь айынын башында бүткөрүлгөн, бирок иш сапаттуу жүргүзүлгөн эмес. 1926-жылы областтык аткаруу комитети волостторду сурамжылоо жана райондоштуруу долбоорун калк менен макулдашуу үчүн кошумча кызматчыларды жиберген.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

1925-жылы 5-июнда Орто Азияны райондоштуруу боюнча комиссиянын пленумунун кеңешмесинде Дублицкийдин (КАОну райондоштуруу комиссиясынын төрагасы) докладын уккан [220]. Докладдын жыйынтыгы боюнча токтом кабыл алынып, анда: «Кээ бир волостторду ирилештирүү жана улуттук азчылыктарга өз алдынча волостторду бөлүп берүү менен Кыргызстандын административдик-чарбалык бөлүнүшүнүн схемасы учурдагы административдик бөлүнүшкө оңдоолорду гана киргизет, Кыргызстандын административдик-чарбалык түзүлүшүнө негизи жол берилбейт, анткени табигый түрдө областын географиялык шарттары райондорду бири-бири менен округдун борборлорунун ортосунда бөлүнүүчүлүктү жаратат, округдун борборунан бул райондорду (Нарын, Талас, Кызыл-Кыя, Кызы-Жар, Нойгут-Кыпчак) башкаруу чоң кыйынчылыкты жаратаарын белгилеген. Кыргыз райондоштуру боюнча комиссиясына жана Борбордук Азиянын райондоштуру боюнча комиссиясынын президиумуна Кыргызстанды административдик-экономикалык райондоштуруунун принциптери, атап айтканда, башкаруунун кантондук системасына / схема боюнча: айылдык совет, кантон, республика /өтүү мүмкүнчүлүгү максатка ылайыктуулугу жөнүндө маселени иштеп чыгуу сунушталсын» [43, л.5].

Областтык комиссия Борбордук Азиянын райондоштуру боюнча комиссиясынын сунуштарын эске алуу менен областы бөлүүнүн бир нече варианттарын иштеп чыгат. [90, л.21].

Областтык аткаруу комитетинин президиумунун 1926-жылдын 1-мартындагы токтому менен (№114 протокол, 3-пункт) областы райондорго бөлүү менен үч округка бөлүү жана айылдык кеңештерди сактап калуу максатка ылайыктуу деп табылган. Ушул эле токтомдо улуттук райондорду түзүү зарылчылыгы таанылган [90, л.20].

Жаңы сунуштардын бири жогоруда айтылгандар менен катар автономиялуу областы «түндүк» жана «түштүк» деп эки областка (губерния) бөлүү болгон. Ар бир губерния белгилүү сандагы райондорго бөлүнгөн [71, л.96]. Таза географиялык принцип боюнча, айрыкча кыш мезгилинде жакшы өнүккөн

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

кургак жолдордун жоктугунан, бийик тоо ашууларына кардын жааганы жана муз тоңгонунан улам жетүүгө мүмкүн болбогондуктан байланыш кыйынчылык жараткан. Бул факторлордун бардыгы, биздин оюбузча, ар бири белгилүү бир сандагы райондорго бөлүнүшү мүмкүн болгон эки губернияны түзүү идеясына киргизилген. Ошол эле учурда чек ара - учурдагы округдардын конфигурациясы өзгөрүүгө дуушар болгон.

Бул план областтык аткаруу комитети үчүн алгылыктуу болгон эмес, биздин оюбузча, мындай түйшүктүү административдик аппаратты кармап турууга кеткен чыгымдын кымбаттыгынан жана борбордун үч тараптуу бөлүнүүгө өтүү жөнүндөгү көрсөтмөлөрүнө жана райондук администрациянын иштери үчүн кадрлардын жетишсиздигине байланыштуулугу болуп эсептелет.

Областты райондорго бөлүүнүн үчүнчү долбоору (үч даражалык принцип боюнча: борбор - район - айылдык совет) Автономиялуу республика үчүн идеалдуу деп табылган. Бирок мындай бөлүштүрүү төмөнкү себептерден улам мүмкүн болгон эмес: а) райондордун административдик жана чарбалык борбору болууга ылайыктуу калктуу пункттун жоктугу; б) долбоорлонгон райондор менен республиканын борборунун ортосунда почта-телеграф байланышынын жоктугу; в) райондук аппаратты кадрлар менен камсыз кылуудагы кыйынчылыктар; г) райондордун жана айылдык советтердин ортосундагы аралыктын узактыгына байланыштуу байланышты түзүүдөгү кыйынчылыктар (айрым айылдык советтердин райондук борборлорго чейинки аралыктары 200 верстке чейин жеткен) [44, л.13]. Жогорудагы себептерден улам Кыргызстанды райондорго бөлүү долбоору четке кагылды.

Областты райондоштуруу боюнча комиссиясы кантондорго бөлүүгө ыкташкан, себеби: кантондордогу калктын саны адатта 60 миңден 195 миңге чейин (кээде кантондо 12-13 миң адам жайгашкан) жана бул өзгөрүүлөр райондоштуруунун эки даражалуу же үч даражалуу негизинде кабыл алынган формага жараша болгон. Эгерде областтын административдик бирдиктерине кантондордун жана уездердин аттары берилсе, анда райондоштуруунун ар кандай принциптери пайда болмок. Ал аймактар калкынын саны аз

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

болгондуктан округдун аталышына ээ боло алышкан эмес. Округдун калкы 300 - 500 миң адам болушу керек эле, ал эми областын айрым округдарында 195 миң адам болгон. Ошентип, округдук бөлүү ылайыктуу болгон эмес. Уездик бөлүштүрүүнүн каралбаган себеби, райондоштурууда уездин аталышы каралган эмес, ал эми уездик бөлүштүрүү кантондон бир нече айырмачылыктарга ээ болгон. «Кантон» деген аталыш кыргыздарга жаккан. Кантон сыяктуу административдик-аймактык бирдикти СССРдин башка бөлүктөрү (Башкирия, Татария ж. б.) пайдаланышкан [71, л.121]. Автономиялык областтын аймагындагы этникалык ар түрдүүлүккө байланыштуу райондоштуруу боюнча комиссиясы кантондук бөлүнүүнү ылайыктуу деп тапкан. Жаңы райондоштуруунун принциптерине боюнча, этникалык азчылыктар өзүн-өзү башкаруу укугуна ээ болушу керек болучу. Кантондук бөлүнүштө улуттук азчылыктар өздөрүнүн маданий- тилдик автономиясын алышкан. 1926-жылдын 29-мартында УПОЛСТО областтык райондоштуруу боюнча комиссиясына жана Орто Азиялык райондоштуруу боюнча комиссиясына областы кантондук жактан бөлүштүрүү маселесинин административдик ыңгайлуулук жагын иштеп чыгууну тапшырган [45, л.2]. 1926-жылдын 5-июнунда Орто Азиялык райондоштуруу боюнча комиссиясы областын округдук бөлүнүшүнүн долбоорун карап чыгып, «Кээ бир волосторду ирилештирүү жана улуттук азчылыктардын улуттук волосторун бөлүп берүү менен Кыргызстандын административдик-чарбалык бөлүнүшүнүн схемасы Кыргызстандын табигый-географиялык шарттары райондорду өз ара жана округдук борборлордун ортосундагы бөлүнбөстүгүнөн, жарым-жартылай обочолонуудан жапа чеккендиктен, тоолуу райондордун обочолонгон бул бөлүгүндөгү райондорду округдук борборлордон (Талас, Нарын, Нойгут-Кыпчак) башкарууну бир топ кыйындаткан» [71, л.7]. Ошентип, округдук бөлүнүш административдик бирдик катары кабыл алынган жок. Материалдарды кошумча изилдеп чыгып, Кыргызстандын өкмөтү автономиялуу республиканы кантондорго, андан кийин волостторго бөлүүнү белгилөөгө макул болот [96, л.96]. Кантондук-волосттук бөлүүдө жаңы административдик бөлөнүүнүн төмөнкүдөй критерийлери эң так

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

эсепке алынган: уруулук жана улуттук өзгөчөлүктөр, чарбалык түзүлүш, экономикалык байланыштар, табигый-географиялык шарттар. Областагы кантондордун саны 12-13түн тегерегинде болушу керек эле. Кийинчерээк райондошторуу иштеринин жетекчилери экономикалык жана улуттук факторлорду эске алуу менен бул административдик бирдиктердин обочолонгон географиялык абалына жараша жети кантонду түзүүгө токтошкон.

12-13 кантонду түзүү идеясы башкаруунун эки даражалуу системасына өтүүнү сунуштаган Борбордук Азиялык райондоштуруу боюнча комиссиясына таандык болгон. Бул комиссия мындай административдик бөлүнүүнү Кыргызстандын географиялык бөлүнүүсү менен негиздеген. Бийликтин эки баскычтуу системасына өтүү менен ушунча сандагы кантондорду түзүү мүмкүн болгон. Борбордук Азия комиссиясы эки баскычтуу системаны Кыргызстан үчүн туура деп тапкан. Бирок мындай системага өтүү экономиканын келечеги ачылып, областта Совет бийлиги чыңдалып, бардык советтик жана партиялык мекемелердин тармагы пайда боло турган келечектин иши катары таанылган. Дублицкийдин жүйөлүү каршылыгын эске алуу менен үч баскычтуу «борбор-кантон-волосттук» административдик бөлүнүш боюнча жөнгө салуу чечими кабыл алынды. Анын каршы пикири төмөнкүчө чагылдырылган: 1) көптөгөн волосттордо байланыштын (телефон, телеграф, радио) жоктугу, 2) көптөгөн волосттордо туруктуу борборлордун жоктугу, 3) айыл советтердин кантондордон ашыкча алыстыгы, 4) мындай сандагы кантондорду түзүү үчүн эч кандай негиздин жоктугу [71, л.136]. Экспедициялык изилдөөнүн жүрүшүндө райондоштуруу боюнча чогултулган материалдар, так, толук эместиктен жана кээде бурмаланган чындыктан жапа чеккен (бул маалыматтар менен чындыктын ортосунда дал келбестик болгон) ошондой эле областтын статистикалык маалыматтары иштин негизи болгон. Иштин алгачкы этабында мурдагы Түркстан Республикасынын ТЭСинин материалдары жана Жетисуу жана Фергана губерниялары боюнча экономикалык изилдөөлөрдүн материалдары активдүү колдонулган.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Эң ишенимдүү сандар аныкталды. Андан кийин округдарга болгон экспедициялар генеалогия боюнча материалдарды чогултуп, генеалогиялык таблицаны түзүүгө, Кыргызстандын аймагындагы калкты чагылдырууга, алардын ортосундагы байланышты, ар бир уруунун жайлоо жерлерин пайдалануусун аныктоо болгон [71, л.101].

Иштеп чыккан долбоорго ылайык, 52 ирилештирген волостко бөлүнүү менен жети кантон түзүлүшү керек болчу. Фрунзе округунда 13 волост, анын ичинде 7 европалык волост пландаштырылган. Каракол-Нарын уездинде 19 волост түзүү пландаштырылып, мурункуга караганда 3 волостко көп болгон. Бул төмөнкү жагдайлар менен түшүндүрүлгөн: Ысык-Көл ойдуңуна орус волостторун жайгаштыруу турмуштук зарылчылыктан улам келип чыккан, анткени бул волосттордо ар кандай уруулар жашагандыктан, жээкти бойлой жайгашкан волосттордү ирилештирүү мүмкүн эмес болгон; экинчиден, жайлоо аянттарын пайдалануу менен байланыштын жоктугу; үчүнчүдөн волосттордун өтө чоң узундугу, кээ бир айылдык кеңештер бири-биринен 150 версттен ашык аралыкта жайгашкан. Тоолуу  волосту экиге, төрт кыргыз волосту эки волостко бириктирилген жана  төрт европалык волост кыргыз волостторуна бөлүнгөн. Партиянын обкомунун үчүнчү пленумунун чечими менен Нарын району Каракол-Нарын округунан республикалык баш ийүүдөгү өз алдынча кантон болуп бөлүнгөн [4, 91-б.]. Ошентип,  түндүккө 12 орус жана европалык волосту бөлүнгөн. Ош округуна 11 волостту бириктирүү жана түзүү пландаштырылган, анын бирөөсү улуттук волост болгон. Бул округдун орус тилдүү калкын өзүнчө волостко бөлүп кароо өзгөчө тилкелүү жайгашкан жер болгондуктан мүмкүн эмес деп эсептелген [45, л.11].

Жалал-Абад округунда тогуз волост пландаштырылган. Орус-украин калкынын көптүгүнө жана жайгашкан жерине байланыштуу Фрунзе округунун курамынан  Фрунзе европалык  кантону өзгөчөлөнүп турган, округдун башка бөлүгү Фрунзе - Кыргыз кантону деп аталган. Алгач жаңы кантонду Тянь-Шань деп атоо сунушталган [72, л.36]. Кийинчерээк Чүй  кантону деген жаңы аталыш

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

берилген. Кантондордун тармагын курууда улуттук азчылыктар боюнча жалпы калктын санына жараша мүмкүн болушунча бирдей бөлүштүрүлгөн.

Райондоштуруу боюнча областтык комиссия Жалал-Абад округдук аткаруу комитетине Көгарт өрөөнүндө өзүнчө улуттук волост (орус) түзүү мүмкүнчүлүгүн иштеп чыгууну тапшырат, ошондой эле областтык аткаруу комитети Каракол округдук аткаруу комитетине тез арада Нарын райондук аткаруу комитетин жоюуга киришүүнү жана Нарын волостук аткаруу комитетин уюштурууну сунуш кылат [45, л.11].

1926-жылдын 18-декабрында Фрунзе округдук аткаруу комитети райондоштуруу комиссиясынын катын алат, анда жаңы райондоштуруу долбооруна ылайык, айылдык советтердин санын көбөйтүү менен учурдагы баштапкы тармактан толук чыгуу керектиги айтылган. Жалал-Абад округдук райондоштуруу боюнча комиссиясы -төмөнкү тармак - айылдык советтерди долбоорлоодо пайда болгон кыйынчылыктарды белгиледи. Мисалы, айылдык советтин борборунан үч версттик радиуска тиешелүү талапты сактоо. Мындай абалга тоскоол болгон негизги себептер: сейрек кездешүүчү жана чачыранды калк, бийик тоолуу жашоосуз мейкиндиктер. Ар кандай варианттар изилдегенден кийин, бул тоскоолдуктар жоюлган жана алгылыктуу негизги бөлүм түзүлгөн. Кетмен-Төбө районунда - 11, Кызыл-Жар районунда - 11, областын башка волостторунда 66 кыштактык жана айылдык советтер түзүлгөн [73, л.5-7].

Жер-жерлерде Кыргыз Автономиялуу Республикасын жаңы райондоштурууга байланыштуу өзүм билемдик менен уруксатсыз райондоштурууга бөлүү кампаниясы башталат (башка айылдык кеңештерде тизмеленген айрым айылдар жана айылдык жамааттар). Республикалык бийлик менен макулдашылбаган мындай аракеттерди эскертип, областтык аткаруу комитеттин төрагасынын орун басары бардык иштеп жаткан округдук аткаруу комитеттерге кат жиберди, анда «областтык аткаруу комитети тарабынан райондоштуруунун долбоору кабыл алынганга чейин, областтын округдарын ирилештирген волостко айландыруу жана анын ББАКта (ВЦИК)

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

бекитилишинин негизинде, кандайдыр жол менен округдун административдик түзүлүшүн өзгөртүүгө, жаңы волосттордун түзүүгө, иш жүзүндө болгон волосттордун ирилештирген волостко бириктирүүгө, иш жүзүндөгү волосттордун чектерин өзгөртүүгө таптакыр тыюу салынат» [66, 197-б.]. Бирок округдарда уруксатсыз раондоштуру улантылган, тактап айтканда Жалал-Абад округунда Кырк-Угул волостуна караштуу Кавак айылы Арым волостуна өткөрүлүп берилген. Областтык аткаруу комитети бардык өзгөртүүлөрдү чечкиндүү түрдө токтотуп жана Кырк-Угул волостунун мурдагы баш ийген Кавак айылын калтырууну сунуштайт [74, л.10].

1926-жылдын 30-июлунда Орто Азия райондоштуру боюнча комиссиясы Кыргызстандын жаңы административдик бөлүнүшүнүн долбоорун карап, Токмок, Беловодск, Фрунзе - улуттук орус волосторун бөлүүгө; Кара-Балта волостунун айылдарынан орус волостун уюштуруу боюнча бул аймактагы жерге жайгаштыруу иштерине байланыштуу маселени андан ары изилдөө зарылдыгын түшүнүп, Самсоновка жана Новороссийск айылынын калкынын каалоолорун эсепке алып, Быстроречинск волостун бөлүү зарылдыгына макул болгон. Ош округунда бул комиссия орус калкы тилкелүү отурукташкандыктан бөлүү мүмкүн эмес деп эсептеп, улуттук айылдык кеңештерди гана бөлүүнү сунуштап, Көгарт өрөөнүнөн өзүнчө европалык волост бөлүп берүү маселесин Кыргыз бийлигине кароону сунуш кылган [45, л.11].

1926-жылы 2-сентябрда Орто Азияны райондоштуруу боюнча комиссиянын пленумунда автономиялуу областтын административдик-аймактык бөлүнүшү жөнүндө токтом кабыл алынган. Токтомго ылайык Кыргыз Автономиялуу Республикасына төмөндөгүдөй бөлүнүш берилген: (Тиркеме 9) Кыргыз АССРинин административдик-аймактык бөлүнүшү. Таблица 17 [47, л.24].

Кыргызстан райондоштурууда кантондорго жана чоңойтулган волостторго бөлүнгөндөн кийин, улуттук азчылыктардын улуттук айылдык кеңештерге өзүнчө бөлүнүшүнө тыгыз көз каранды болуп, айылдык советтердин азыркы тармагы жарым-жартылай гана өзгөрүүгө дуушар болгон. Кыргызстандын

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

административдик бөлүнүшүндөгү өзгөрүүлөрдүн сүрөттөмөсү төмөнкү таблицада келтирилди. Таблица 18 [158, 274-б.]

| Райондоштурууга чейин | | | | Райондоштуруудан кийин | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Округ | Волос-тордун саны | а/совет-тердин саны | Округдук борборлор | Кантондор | Волос-тордун саны | а/совет-тердин саны | Кантондук борборлор |
| Фрунзе (Пишпек) | 18 | 127 | Фрунзе ш. /Пишпек/ | Фрунзе | 5 | 46 | Фрунзе ш. |
| | | | | Чүй | 3 | 31 | Фрунзе ш. |
| | | | | Талас | 5 | 55 | Алексеевка а. |
| Каракол-Нарын | 16 | 117 | Каракол ш. | Каракол | 10 | 92 | Каракол ш. |
| | | | | Нарын | 9 | 26 | Нарын ш. |
| Ош | 19 | 98 | Ош ш. | Ош | 11 | 105 | Ош ш. |
| Жалал-Абад | 19 | 96 | Жалал-Абад ш. | Жалал-Абад | 9 | 99 | Жалал-Абад ш. |

Райондоштурууну тажрыйбалык ишке ашыруу 1926-жылдын 15-ноябрында бир эле мезгилде советтерге кайра шайлоолорду өткөрүү менен башталат деп таанылган. Орто Азиялык райондоштуруу боюнча комиссиясынын көрсөтмөсүнө ылайык, Н.Узюков менен Саадаев бул шарттарды Москва менен макулдашы керек болучу. 1926-жылдын күзүндө пропаганда жана үгүт иштерин жүргүзүү максатында «Эркин-Тоо» жана «Крестьянский путь» гезиттерине областын жаңы административдик бөлүнүшүнүн себебин жана мазмунун кеңири массанын арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө буйрук берилген.

Wondershare PDFelement

Кыргызстанды райондоштуруу боюнча бардык материалдар ББАКтын (ВЦИК) улуттар бөлүмүнө тапшырылып, 1926-жылы ноябрда ББАКтын (ВЦИК) сессиясында А.Орозбеков улуттук-административдик бирдиктер жөнүндө доклад жасаган. Жаңы түзүмгө ылайык, мурдагы 4 округ жана 72 болуштуктун ордуна 7 контон 52 болуштук 454 айылдык совет уюштурулган. Шаардык советтер Фрунзе, Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад шаарларында уюштурулуп, Өзгөн шаар тибиндеги конушка айландырылган [48, л.23]. контондорго төмөндөгү болуштуктар кирген: 1. Европа (Фрунзе) контону – Быстроречинский; Токмок, Фрунзе, Беловодск, Кара-Балта. 2. Кыргыз (Чүй) –Калинин,

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Аламүдүн,Чүй; 3. Талас – Рыков, Александров, Дмитриев, Талас, Кара-Ой; 4. Каракол – Чолпон-Ата, Түп-Күрмөнтү, Сазановка, Приозерск, Теплоключенко, Түргөн, Жети-Өгүз, Ысык-Көл, Барскоон, Тоң; 5. Нарын –Жоон-Арык, Он-Арча, Нарын, Шаркыратма, Чеч-Төбө, Ат-Башы, Куртка-Терек, Жумгал, Кочкор; Ош – Ош, Ак-Буура, Куршаб, Өзгөн, Капчыгай, Алай-Гүлчө, Ноокат_турук, Ичкилик, Исфайрам, Кулунду, Баткен,-Бумуж, Исфана; 7. Жалал-Абад – Жалал-Абад, Көгарт, Базар-Коргон, Ноокен, Кетмен-Төбө, Кызыл-Жар, Чанач, Чаткал.

Улуттук бөлүштүрүү боюнча жаңы административдик бөлүнүш (кантондор, волосттор жана айылдык советтер) төмөндөгүдөй маалыматтар менен мүнөздөлөт:

Таблица [194, 1-б.]

| Кантон-дор | Бардык калк | Волостордун саны | | | | | Айылдык советтердин саны | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыргыз-дар | Европа-лыктар | Өзбектер | Аралаш | Бардыгы | Кыргыз-дар | Европа-лыктар | Өзбектер | Аралаш | Бардыгы |
| Фрунзе | 132 865 | ... | 5 | ... | ... | 5 | 9 | 36 | | 1 | 46 |
| Чүй | 83 480 | 3 | ... | — | — | 3 | 26 | 5 | — | ... | 31 |
| Талас | 60 550 | 3 | 2 | ... | ... | 5 | 37 | 15 | — | 3 | 55 |
| Каракол | 120 815 | 6 | 4 | ... | ... | 10 | 65 | 21 | ... | 6 | 92 |
| Нарын | 17 975 | 8 | ... | ... | ... | 8 | 24 | ... | ... | 2 | 26 |
| Ош | 220 409 | 6 | ... | 1 | 5 | 12 | 76 | 5 | 13 | II | 105 |
| Жала-Абад | 143 100 | 3 | ... | ... | 6 | 9 | 77 | 12 | 6 | 4 | 99 |
| Бардыгы | 779 194 | | 11 | 1 | 11 | 52 | 314 | 94 | 19 | 27 | 454 |

Бирок, иш жүзүндө бул түзүмдүн мүчүлүштүктөрү байкала баштаган. Мисалы Чүй өрөөнүндө эле жергиликтүү калк үчүн Кыргыз, ал эми европалыктар үчүн Евроопа контонунун түзүлүшү мурдагы экономикалык жана табияты бүтүн аймактын жасалма бөлүнүшүн алып келген. Ар кыл улуттун өкүлдөрү жашаган Кыргызстандын шартында улуттук белиглери боюнча контон сыяктуу административдик бирдиктерге бөлүштүрүү өзүн актай алган эмес. Ошондуктан 1927-ж. ноябрда Кыргыз кантону Кыргыз БАКне баш ийген

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

райондорго алмаштырылып, Ош жана Жалал-Абад кантондору бириктирилип Ош округу түзүлгөн. 1929-жылдын баш ченинде Кыргызстанда 4 кантон(Фрунзе, Талас, Нарын, Каракол), 1 округ, 13 район, 29 болуштук, 441 айылдык, 7 шаардык, жана шаарча советтери болгон.

1929-жылы Бүткүлкыргыздардын Советтеринин II курултайында Кыргыз АССРнин биринчи Конституциясы кабыл алынган. Конституция 7 бөлүмдөн, 16 глава, 97 статьядан турган. I бөлүмдүн I главасынын 20-статьясында Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы Фрунзе шаарынан жана Фрунзе, Талас, Каракол, Нарын кантондорунан жана Ош округу, Аламүдүн, Калинин жана Чүй райондорунан турат [3, 9-б.] деп белгиленген.

Ал эми 1930-жылы республика 24 район 1 шаарга бөлүнгөн. Бул түзүм Кыргыз АССРи союздук республикага айланганга чейин сакталып келген.

Райондоштуруу принциптери жалпысынан алганда адилеттүү жүргүзүлдү деп айтылганы менен карама-каршы учурлар да абдан арбын кездешкен. Анткени улуттук белгилери боюнча чек араларды аныктоодо жалпы кабыл алынган принциптер көчмөндөрдүн жашоо турмушун эске албастан жүргүзүлгөн. Алсак, алар кышкысын отурукташкан элдин арасында көпчүлүктү түзсө, башка убакта аз санда болоору белгилүү. Ал эми чек араларды, жерди пайдалангандыгы боюнча аныктоо принциби болсо, көпчүлүк учурларда бухара-кокон жана орус падышачылык бийликтин кемчиликтери, анын кесепеттери совет мезгилинде укуктук жакта бекемделип калган.

Көчмөндөрдүн, алардын ичинде кыргыздардын аймактык кызыкчылыктары экономикалык бүтүндүк принцибинин сактылышынан жапа чеккен, анткени пахтачылык менен алактенишкен өзбек жана тажик элдерине артыкчылыктар берилген.

Чек араларды ийри сызыктар менен чектөө жана бөтөн аймактарды киргизбөө сыяктуу принциптер, тескерисинче бир жактуу жүргүзүлүп жана Кыргызсандын кызыкчылыктарына чоң зыян келтирген. Орто Азияда Кыргызстандан башка бир дагы республиканын чек аралары ийри-буйру болуп чектелген эмес жана бөтөн анклавдары жок. Башкысы, СССРдин шарттуу ички

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

чек аралары боюнча принцибине ылайык, жерлер негизинен улуттарга жана алардын мамлекеттик бирикмелерине таандык болбостон, ага жалпы союздук саясий, аскердик стратегиялык жана экномикалык кызыкчылыктарга негизделген союздук өкмөт толук укуктуу кожоюн катары эсептелген. Буга карабастан, ошол мезгилде республиканы, улуттук кызыкчылыктарды сактап калууга аракеттерди жүргүзүүгө анача-мынча болсо да мүмкүнчүлүктөр болгон.

## КОРУТУНДУ

Кыргызстандын XX кылымдын ашындагы административдик аймактык түзүлүшүн изилдөөнү жыйынтыктоодо, төмөндөгүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

1. Диссертациялык иште талдоого алган проблемага көңүл бурган, ата мекендик жана чет өлкөлүк авторлордун эмгектери, тарыхый-архивдик булактардын негизинде Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик аймактык түзүлүшүнүн этаптары, волостторду ирилештирүү бекемдөө учурунда уруктук фактор эске алынбай, бардык волосттор "механикалык" бириктирилгени, отурукташкан жана көчмөн волосттор бир административдик бирдикке биригиши, волосттордун так чек арасы болбогондугу, волосттук борборлордун калкты төлөөдө ыңгайсыз абалда жайгашуусу аныкталды.

2. Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин, ошондой эле Борбордук мамлекеттик архивдин саясий документтер фондорунан XX кылымдын башындагы Орто Азия элдерин улуттук мамлекеттерге бөлүштүрүү жана Кыргызстандын административдик түзүлүшүнө арналган документтер аныкталды.

Коюлган максатка ылайык милдеттерди чечүүдө Кыргызстандын административдик аймактык түзүлүшү менен байланышкан архивдик материалдардан сырткары мезгилдүү басылмаларда чагылдырылган материалдар да талданды.

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

3. Түркстандын административдик-аймактык бөлүнүшү биринчи жолу падышачылык империя мезгилинде 1865-1869-жж. жүргүзүлүп, Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүмү жөнүндөгү мыйзамдын негизинде административдик бирдиктер – айыл, волост, уезд, област киргизилген. Кыргыздар Түркстан генерал-губернаторлугунун Жети-Суу, Фергана, Сыр-Дарыя областарынины аймактарында жашаган.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында партиялык күрөштүн натыйжасында волосттордун бөлүнүшү байкалган, айылдарды бир волосттон экинчи волостко өткөрүү жана эски волостторду бөлүп-жаруу аркылуу ишке ашкан. Пишпек уездинде жергиликтүү көчмөн, жергиликтүү отурукташкан волосттор, артыкчылыктуу европалык волосттор болгон.

1916-жылдагы көтөрүлүш, көчмөн волосттордо калктын бир кыйла азайышына алып келген. 1917-жылы Пишпек уездиндеги волосттордун саны 44 бирдик болсо, бириккенден кийин 10го жеткен. Пржевальский уездинде 32 волост болсо, 1920-жылы 20, Нарын уездинде 9 волост калган.

Автономиялуу республикадагы волосттордун так саны да суроолорду жараткан. Волосттордун саны так аныкталбагандыктан, волосттун болушунун формалдуу жагы жөнүндө маселе каралбаганы аныкталды.

ЖЭСке өтүү менен экономиканы комплекстүү өнүктүрүү максатында райондоштуруу боюнча жергиликтүү комиссиялар түзүлүп жаңы административдик башкаруунун долбоорун түзүү иштери жүргүзүүдө төмөнкү факторлор эске алынганы: демографиялык, жер менен камсыз болуу, жер шарты, табигый-тарыхый такталды.

4. 1918-1924-жылдардагы Кыргызстандагы аймактык башкаруунун формалары жана ыкмалары боюнча төмөндөгүлөр аныкталды. Совет бийлиги орногондон кийин кеңештер жергиликтүү бийлик болуп саналып аларга административдик, чарбалык, финансы жана маданий-агартуу иштерин башкаруу жана тейлөө милдеттери жүктөлгөн. Түркстан крайынын Эл комиссарлар кеңешинин ишмердигин жөнгө салуу максатында 1917-жылы «Жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын жергиликтүү кеңештерин

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

уюштуруу жөнүндө жобо» кабыл алынып, анда област, уезд, волост, шаарлардагы жана айылдардагы аткаруу бийлик органдарынын түзүмү да бекитилген.

Улуттар аралык мамилелер жөнүндөгү маселе курч тургандыктан Пишпек уездинде 1918-ж. улуттук комиссариат түзүлүп, анын курамына түрдүү улуттардын өкүлдөрү: кыргыздар, казактар, өзбектер, татарлар ж.б. кирген.

Уездер, волосторду башкарууда төмөнкү класстагы кызматагы катмардан сунуш кылынган талапкерлердин билим талапка жооп бербегендиктен уездик революциялык комитет жана партиялык уюмдар колониялык администрациянын мурдагы кызматкерлерин кызматка тартууга туура келген.

Жергиликтүү калкты курулушка активдүү катышууга тартуу жана аларга иш кагаздарын жүргүзүүгө түздөн-түз катышуу мүмкүнчүлүгүн берүү максатында Түркстан АССРинин Эл Комиссарлар Совети иш кагаздарын бардык түрлөрүн жергиликтүү тилдерде жүргүзүү жөнүндө токтом кабыл алган.

Өзгөчө кырдаалдагы башкаруу органдары – аскердик революциялык комитеттер түзүлгөн. 1920-1922-жылдары Кыргызстандын аймагында башкаруу органы уезддик жана райондук революциялык комитеттер болгон. Уезддик-шаардык революциялык комитеттер адатта бештен жети киши, волосттуктар үчтөн бешке чейин, айылдыктар үч кишиден турган.

Саясий башкаруу менен катар Борбордук Россиядагыдай эле Кыргызстанда да эл чарба советтери түзүлгөн. Алар экономикадагы маанилүү маселелерди чечүүгө ыйгарым укуктарга ээ болгон.

5. 1919-жылы Кыргызстандын аймагында кээ бир участоктор борбордон алыстыгына байланышуу уездерге айландыруу боюнча Жети-Суу областтык аткаруу комитетине маселе кое баштакан (мисалы, Абилда, Жанышев волостунун тургундары Пишпек уездинен бөлүнгөн Токмок уездин түзүү). Орус кыштактарынын жашоочулары менен катар көптөгөн кыргыз айылдарынын калкы бул жердин өз алдынчалыгын колдошкон.

Жаңы түзүлгөн уездди башкаруу үчүн уезддик-шаардык революциялык комитет, коомдук саясий уюмдар түзүлүп, уезддик депутаттар кеңеши эски

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

салттарды жок кылуу максатында жергиликтүү калк менен иш жүргүзгөн. Токмок чиновниктери муну Пишпек шаарындагы бир нече адамдардын аракети деп белгилешкени. Токмок уездинин Пишпектин карамагына киргиси келбегендигининин себептери: борбордун каржылык таасири; Совет бийлигинин элдин өз алдынча өнүгүү принциби; уездин өзүнөөзү башкарууга шарттардын болушу аныкталды;

1916-жылдагы жылдагы кандуу окуядан Чүй өрөөнү жана Ысык-Көл ойдуңунун тегерегиндеги жерлерден түпкүлүктүү калкты сүрүп чыгып Нарын жэ Тоолу уездин түзүү идеясы падышачылык бийликке таандык болгон. Бирок 1917-жылдын февраль революциясынын натыйжасында долбоорду ишке ашырылган эмес.

Бул маселе совет доорунда дагы көтөрүлүп, 1918-жылдын 27-январында Түркстан крайынын Эл комиссарлар кеңеши Нарын уездин өз алдынча административдик бирдик кылып уюштуруу жөнүндө декрет чыгарган.

Жаңы уезди түзүүнүн себептери - бул жердин Каракол шаарынын уезддик борборунан географиялык жактан алыстыгы, транспорттун жана жакшы жолдордун жоктугу, жергиликтүү коммунисттердин даярдыгынын начардыгы, маданий жактан артта калуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көзөмөлдүн начардыгы такталды.

6. Большевиктердин Орто Азиядагы элдердин өз тагдырын өзү чечүү укгунун негизинде Түрк Республикасын түзүү идеясы эң кеңири таралган. Түрк Республикасы Орто Азиянын бардык түпкү тургундарынын бирдиктүү жана бөлүнгүс үйү болуп калышы керек эле.

Бирок Россиянын бардык түрктөрүн бириктирүү идеясын иш жүзүндө ишке ашырууда мындай бирикме реалдуу саясий күчкө ээ болуп, аны менен эсептешүүгө туура келип башкаруу кыйындатарына большевиктердин чочулашынып, Түрк Республикасынын түзүлүшүнө жол бербөө үчүн белгилүү кадамдар жасалып «зыяндуу жана туура эмес» деп табылганы аныкталды.

27-август, 1920-жыл БРБАК «Түркстанды административдик жактан кайра түзүү жөнүндө» токтомунда ТүркБАКты административдик-аймактык

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

түзүлүштү реформалоо милдеттендирилген. Административдик бирдиктерди реформалоонун жана округдарды уюштуруунун негизги принциби калктын этникалык курамына жараша бөлүштүрүү жүргүзүлгөн.

Бирок 1920-жылдагы Түркстандын улуттук курамы жөнүндөгү маалыматтар атайылап бурмалангандыгы, эл каттоонун жүрүшүндө Өзбекстанда “сарт” деген ысымды “өзбек” деп алмаштырууга буйрук берилгени [121] аныкталды.

7. Түркстан комиссиясынын 1920-жылдын июль айындагы кеңешмесинде Түркстанды бөлүштүрүү жана улуттук республикаларды түзүү сунушталган. Ушул эле жылдагы Бүткүл союздук эл каттоодон партиялык жетекчилик экономикалык маалыматтарды, Түркстандын улуттук-этникалык курамы жөнүндө кеңири түшүнүк алган. Ар кандай себептерден улам айрым болосттордо эл каттоо жүргүзүлгөн эмес. Улуттун аныктамасын ар кандай чечмелөөгө жол берилип, Түркстандын улуттук курамы жөнүндөгү маалыматтар атайылап бурмалангандыгы такталды.

Кыргыздын чыгаан уулдары А.Сыдыков, И.Арабаев кыргыз элине Түркстан АССРинин курамында өз алдынча Кара-Кыргыз тоолуу областын түзүү маселеси биринчи жолу 1921-жылдын май айында көтөрүшкөн.

Тоолуу областы түзүү демилгеси идеясы төмөндөгү шарттар: кыргыздардын Түркстандын айрым аймактарына, уезддерине, болостторуна, ал тургай айылдарга жана айыл жамааттарына чачырап кетиши; алар бардык областтарда этникалык азчылыкты түзүп, алардын кызыкчылыктары көп учурда этибарга алынбаганы; элге билим берүү оор шарттарда - Фергана, Самарканд областарында мектептерде окуу өзбек тилинде, Жети-Суу, Сыр-Дарыя областарында казак тилинде жүргүзүлгөндүктөн, кыргыздардын балдары түндүктө казактар менен, түштүктө өзбектер менен ассимиляцияланышы себеп болгону аныкталды.

Улуттук мамлекеттерге бөлүштүрүүнү ишке ашырыруудагы 1920-жылдагы эл каттоо чындыкты толук чагылдырган эмес жана так эмес болгон. К.Нурбеков

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

белгилегендей, көп учурларда кыргыздар менен казактар жаңылыш түрдө бир графага (казакча) киргизилип, кара-кыргыздардын санын бир топ кыскарткан.

8. РСФСРдин курамындагы ККАОнун административдик-аймактык түзүлүшүнө 75 волост, алты шаар, 727 айыл, 721 кыштак жана 5 хутор бириктирилген. ККАОнун курамына Фергана областынан: Анжиян уездинен 10 волост, Наманган уездинен 10 волост, Фергана уездинен 5 волост, Кокон уездинен 2 волост, Ош уездинен 13 волост; Сыр-Дарыя областынан: Олуя-Ата уездинен 14 волост; Жети-Суу областынан: Пишпек уездинен 7 волост, Нарын уездинен 7 волост, Пржевальск уездинен 8 волост киргени такталды.

Административдик түзүлүштүн башка варианты боюнча облусту эки округга – Жалал-Абад эки уездден: Ош жана Жалал-Абаддан, Пишпек төрт уездден: Пишпек, Каракол, Нарын, Олуя-Ата (Тоолуу) долбоорлонгон.

Областын орбору жөнүндөгү маселеде пикирлер экиге: айрымдары Жалал-Абад шаарын, башкалары - Пишпек шаарын шайлоону сунушталган. А. Сыдыков менен Ж. Абдрахманов Ысык-Көлдөн Арал деңизине чейин, бирок борбору Жалал-Абад шаарында болгон бирдиктүү Каракыргыз-Каракалпак автономиялуу областтын түзүү идеясын жакташкан. Бирок кийнчерээк Жалал-Абад ар кандай областык бөлүмдөр үчүн имараттардын жоктугу, аларды куруу үчүн финансы каражаттынын жетишсиздигинен баары бир борборго айланган эмес. Пишпекте областтык аппарат үчүн жайлар, темир жол тармагы, эң негизгиси Чүй өрөөнү Кыргызстандын дан кампасы болгон.

Ошентип, ККАОнун аймагында төмөнкү административдик бирдиктер болгон жана иштеген: административдик айылдар, шаарчалар, көчмөн жана европалык волостор (айылдык отуруктaшкан), уезддер (Нарын жана Пржевальский), эки округ (Пишпек жана Жалал-Абад) жана бир округ ( Тоолуу) аныкталды.

9. ККАОнун эки округка бөлүштүрүү шартында административдик башкарууну талаптагыдай башкаруу мүмкүн эместигинен андан баш тартуунуна жүйөсү төмөндөгүлөр: «130 миң кв. верстен ашык аянтты ээлеген Пишпек уездинин калкы абдан сейрек, айрыкча түштүк-батыш бурчунда, байланыш

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

дээрлик толук жоктугу; бүткүл аймак боюнча эки гана жүк ташуучу жол: Пишпектен Караколго, экинчиси Кутмалдыдан Нарынга чейин; калган жолдор жүк ташууга ыңгайсыз болуп, округдук борбордон 350 - 400 верст (дөңгөлөктүү араба эмес, ат менен) алыстыкта болгону; телеграф-телефон байланыштын жоктугу аныкталды.

1924-жылдын 25-ноябрында облревком област төрт округа: Пишпек, Жалал-Абад, Ош, Каракол-Нарын бөлгөн. Пишпек округу: 20 волост, Каракол-Нарын округу: 16 волост, Жалал-Абада округу: 19 волост, Ош округу: 20 волосттон тургандыгы такталды.

10. Кыргызстандагы жаңы райондоштуруунун себептери:

– Орто Азияны улуттук бөлүштүрүүдөгү этникалык азычылык эске алынбагандыктан келип чыккан карама-каршылыктар, улуттук дискриминациялар;

– Өзбекстандын курамында калган кыргыз калкы менен чек араларды тактоо жана волостторго кошулуу маселесин эртерээк чечүү;

– көптөгөн кыргыз волостторунда туруктуу волосттук борборлордун жоктугу; кыргыз коомун бөлүп-жарып, уруулук араздашууну, уруулар ортосундагы чыр-чатактын очокторунун бири – жайлоо жерлерин биргелешип пайдаланууну камсыз кылуу;

– эски административдик бөлүнүштө соода борборлорун, ирриагациялык система, байланыш жолдорун, пахта заводдорун ж.у.с. эсепке албай түзүлгөнү;

– эл депутаттарынын советтери, мамлекеттик башкаруу органдары, коомдук уюмдар улуттук азчылыктардын тилинин, турмуш-тиричилигинин, чарбасынын өзгөчөлүктөрүн эсепке алынбагандыгы, алардын социалдык-этникалык өнүгүшү үчүн атайын иш-чараларды пландаштырууга жетиштүү көңүл бурулбагандык;

– өзүнчө волосттордун ичинде өтө бирдей эмес административдик бөлүнүштөрдүн болушу аныкталды.

11. 1925-жылдын 11-ноябрында түзүлгөн райондоштуруу боюнча областтык комиссия жана округдук комиссиялар бюджетти түзүү максатында

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

азыркы төрт округдук бөлүнүүнү өзгөртпөстөн, бир нече улуттук волостторду уюштуруп, бир улуттуу жана аралаш волостторду ирилештирүүнү гана жүргүзүүнү долбоорлогон. Бул долбоордогу кемчиликтер: комиссия текшерилбеген, эскирген же айрым волосттор боюнча такыр маалыматы жок материалдарды пайдаланган, округдук чек аралардын чиймеси боюнча так маалымат болгон эмес (Каракол-Нарын округунун чек ара сызыгы тууралуу так маалымат болбогон), областын административдик бөлүнүшүндөгү белгилүү өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү калктын өзүнүн пикирин эске алынбагандыгы такталды.

Областты райондорго бөлүүнүн үч даражалык принцип: борбор - район - айылдык кеңеш долбоору төмөнкү себептерден улам мүмкүн болгон эмес: а) райондордун административдик жана чарбалык борбору болууга ылайыктуу калктуу пункттун жоктугу; б) долбоорлонгон райондор менен республиканын борборунун ортосунда почта-телеграф байланышынын жоктугу; в) райондук аппаратты кадрлар менен камсыз кылуудагы кыйынчылыктар; г) райондордун жана айылдык советтердин ортосундагы аралыктын узактыгына байланыштуу байланышты түзүүдөгү кыйынчылыктар аныкталды.

Областты райондоштуруу боюнча комиссиясы кантондорго бөлүүгө ыкташкан, себептери: кантондордогу калктын санынын өзгөрүүлөрү райондоштуруунун эки даражалуу же үч даражалуу негизинде кабыл алынган формага жараша болгону; Автономиялык областтын аймагындагы этникалык ар түрдүүлүккө байланыштуу кантондук бөлүнүүнү ылайыктуулугу; кантондук системада этникалык азчылыктар өзүн-өзү башкаруу укугуна ээ болушуна, өздөрүнүн маданий-тилдик автономиясын алышы такталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн Улуттук программасында административдик-аймактык түзүлүштү реформалоо милдети коюлган. Диссертациялык изилдөөнүн материалынан көрүнүп тургандай, бул маселе бардык факторлорду эске алуу менен өтө кылдат мамилени талап кылат, алардын ичинен негизгилери төмөнкүлөр:

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

-тарыхый жана географиялык улантуучулук, анын улуттук өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен калктын аймактык эсебин жүргүзүү;

-экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү;

-коомдук пикирди жана дүйнөлүк тажрыйбаны эске алуу принциптери.

Ушуга байланыштуу жүргүзүлүп жаткан реформалардын тууралыгын жана негиздүүлүгүн кылдат текшерүү маселеси өтө маанилүү. Жогоруда айтылган маселелер боюнча адистерди кылдат текшерүү зарыл.

2. Административдик-аймактык түзүлүштү заманбап реформалоо тажрыйбасы, райондордун жана калктуу конуштардын аталыштарын өзгөртүү фактылары көп болуп жатканын көрсөтүп турат.

Калктуу конуштардын жана административдик-аймактык түзүлүштүн маселелерин өзгөртүүнүн негиздеринин так критерийлерин мыйзамдык жактан бекитүүнү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз, анткени бул маселелерди туура эмес же шашылыш чечүү элдин улуттук сезимдерине да таасирин тийгизиши мүмкүн жана жер-жерлерде социалдык чыңалуунун курчушуна шарт түзөт.

3. Айылдардын, айыл өкмөттөрдү жана башка аймактык аталыштарды мыйзамсыз түрдө өзгөртүүгө тыюу салуу, ал үчүн атайын мыйзам кабыл алуу.

4. Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви, Борбордук мамлекеттик архивдин саясий документтер фонддорунан табылган Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик түзүлүшү боюнча материалдары документтер жыйнагы чыгарылды.

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

## Мыйзамдар, укуктук-нормативдик документтер


1. 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн Улуттук программасында" [Текст]: Кыргыз Респ. Президентинин Жарлыгы 2021-ж., 12-окт., ПЖ №435 // Норматив. акты Кырг. Респ. - 2021. - 31-б.

2. Декреты советской власти [Текст] - М., 1957.-С. 8.

3. Конституция Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики. Утверждена Вторым Всекиргизским съездом Советов Киргизской АССР 30 апреля 1929 года [Текст] // Конституция КАССР –Ф.,1929. – С.9.

4. КПСС в резолюциях и решениях съездов, конференций, и пленумов ЦК [Текст] Часть 1. – М., 1953. - С. 558-559.

5. КП Киргизии в резолюциях и решенях съездов конференций и пленумов обкома и ЦК [Текст] Часть 1. - Фрунзе, 1957.- С. 91.

6. КПСС в резолюциях и решениях съездов, конференций и пленумов ЦК [Текст] - Изд. 9-е доп. и испр. Т. II. М., 1983. - С. 366, 709-716.

7. Отчетный доклад Революционного комитета Кара-Киргизской Автономной области РСФСР Первому съезду Советов РК и ДД области (ноябрь 1924 г. –март 1925 г.) [Текст] – Пишпек, 1925. – С.3, 6-7

8. Отчет о деятельности СНК и Экономсовета Туркестанской республики [Текст] / - Ташкент, 1922. - С. 35-36.

9. Резолюции и постановления съездов Советов Киргизии (1925-1937 гг.) [Текст] - Фрунзе, 1973. - С. 11-12.

10. Сборник декретов, постановлений и распоряжений правительства ТАССР за 1924 г. (сентябрь, октябрь, ноябрь) [Текст] -Ташкент, 1924,- С. 7-8.


## Архивдик документтер


11. Проект положения об управлении Турк. областью. [Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 6, оп. 6, д. 14045, л.11.

12. Туркестанская правда. - 1924 г. - 22 август (№ 185/462/). [Текст]. ЦГА ПД Кырг. Респ., ф. 10, оп.1, д. 5, л. 4-5.


Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

Центральный гоусдарственный архив политической документации Кыргызской Республики [Текст]. ЦГА ПД Кырг. Респ.,

13. ф.2, оп.1, д. 200, л.2.
14. ф.10, оп.1, д.2, л.1, 16, 31-32.
15. ф.10, оп.1, д.9, л. 152-153.
16. ф.10, оп.1, д.4, л.30.
17. ф.10, оп.1, д.9, л.56
18. ф. 10, оп.1, д. 5, л. 4-5, 21.
19. ф. 10, оп. 1, д. 1, л. 1-2.
20. ф. 16, оп. 16-1, д. 17, л. 20, 56.
21. ф.20, оп.1, д.47, л.26.

Центральный государственный архив [Текст]. ЦГА Кырг. Респ.,

22. ф. 13, оп. 2, д. 24, л. 42,44.
23. ф.17,оп.1, д.16. л.3, 6, 17, 23.
24. ф. 17, оп. 1, д. 5, л.3, 9 об
25. ф. 17, оп. 1, д. 2, л. 3.
26. ф. 17, оп. 1, д. 12, л. 9.
27. ф. 17, оп. 1, д. 13, л. 90, 91-92.
28. Из протокола заседания президиума ревкома Кара-Киргизской Автономной области. О районировании области на четыре округа[Текст]. ЦГА Кырг. Респ., ф. 20. оп 1 д.11. л. 179, 199.

Из протокола заседания президиума ревкома Кара-Киргизской Автономной области [Текст]. ЦГА Кырг. Респ.,

29. ф.20, оп.1, д.3, л.1-3, 10-12, 17, 74-75.
30. ф.20, оп.1, д.7, л.329.

Комиссии по районированию Киргизской Автономной области.Проткол №14. 17октября 1925 г. [Текст]. ЦГА Кырг. Респ.,

31. ф. 20, оп. 1, д. 19, л. 1, 2,24,33.
32. ф. 20, оп. 1, д. 115, л. 1.
33. ф. 20, оп. 1, д. 188, л. 40 об.

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

34. ф. 20, оп. 1, д 93, л. 88.

35. ф. 20, оп.2, д. 68, л. 5.

Положение о представительстве Киргизской Автономной области при президиуме ВЦИК [Текст]. ЦГА Кырг. Респ.,

36. ф.20, оп.1, д.32, л.4, 12, 12 об.

37. ф. 20, оп. 1, д. 19, л. 22.

38. ф. 20, оп. 1, д. 28, л. 80.

39. ф. 20. оп 1, д.204, л.6.

Заседаниия По комиссии по уточнонению границ Комиссии Районирования Кара-Киргизской Автономной Области [Текст]. ЦГА Кырг. Респ.,

40. ф. 20, оп. 1, д. 117, л. 6.

41. ф. 20, оп.1, д. 113, л. 6.

42. ф. 20, оп. 1, д. 26, л. 4.

43. ф. 20, оп. 1, д. 115, л. 5.

44. ф.20, оп.1, д.340, л.13.

Пленарного заседания облисполкома Кара-Киргизской Автономной области. По организационным вопросам. [Текст]. ЦГА Кырг. Респ.,

45. ф. 20, оп. 1, д. 115, л. 2,11

46. ф.20, оп.1, д.32, л.4.

47. ф.20, оп.1, д.341, л.24.

48. ф. 20, оп. 1, д.39, л. 23.

Очерки истории коммунистической партии [Текст]. ЦГА Кырг. Респ.,

49. ф. 89, оп. 1, д. 150, л. 40.

50. ф. 89, оп. 1, д. 250, л. 117.

51. ф.89, оп.2, д.2, л.6.

52. ф. 89, оп. 1, д. 4. л. 84, 105.

53. ф. 89, оп.1, д. 94, л. 22.

54. ф.89, оп.1, д.43, л.35.

Центральный государственный архив [Текст]. ЦГА Кырг. Респ.,

55. ф. 92, оп. 1, д. 1, л. 45.

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

56. ф.449 оп.1, д.3, л.90.

Письмо Представителя КАО при Президиума ВЦИК в Комиссии по районированию ЦИК СССР о направлении копии протокола №15 от 05.11.1925. заседания Комиссии раонированию КАО по проекту описании границу между Узб.ССР и РСФСР в пределах границ КАО Центральный государственный архив [Текст]. ЦГА Кырг. Респ.,

57. ф. 949, оп.3, д. 59, л. 1, 4, 18, 30

58. ф. 949, оп. 3, д. 59, л. 7, 9, 11, 62-68, 81.

59. ф. 949, оп.2, д. 4, л. 7.

60. ф. 949, оп. 1, д. 10, л. 9.

61. ф. 949, оп. 1, д. 7, л. 3.

62. ф. 949, оп. 1, д. 5, л. 4.

63. ф. 949, оп.2, д.3, л. 69.

64. ф. 949, оп. 1, д.3, л. 72 об., 4 об

Сведение данные о работе Комиссии по районированию [Текст]. ЦГА Кырг. Респ.,

65. 949, оп. 1, д. 3, л. 38.

66. ф. 949, оп. 3, д. 59, л. 88, 123, 105, 123, 124, 197, 244.

67. ф. 949, оп. 2, д.3, л. 10.

68. ф.949, оп. 3, д. 59, л.134.

69. ф. 949, оп. 2, д.3, л. 7, 10.

70. ф. 949, оп.2, д. 2, л. 94,106, 107.

71. ф. 949, оп. 2, д. 11, л.7, 96, 101, 121, 136.

72. ф. 949, оп.3, д. 6, л. 36.

73. ф. 949, оп. 1, д. 10, л. 5- 7.

74. ф. 949, оп. 2, д. 8, л. 10.

Центральный государственный архив [Текст]. ЦГА Кырг. Респ.,

75. ф.126, оп.1, д.687, л.26.

76. ф. 1181, оп.5, д. 192, л. 5.

77. ф. 1241, оп.1, ед.682, л. 10.

Wondershare PDFelement

Удалить Водяной Знак Wondershare PDFelement

78. ф. 1245, оп. 1, д. 6, л. 16.

